# АНАТАЙ



II

Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока

Колич. предыдущ. выдач

30/XI-22/1960

Заказ 2382. Тираж 1.000.000

Ч(Кырг)173
А-99

# АНАТАЙ



А Омуркан

## ТАНДАЛМА

## II

Т.б. В25
Таласская обл.
Инв. № 128480
библиотека

Бийиктик - 2005

УДК 82/821
84 Ки 7-5
Ө — 99

**Өмүрканов Анатай**
Ө – 99 **Тандалма.** – Б.: «Бийиктик». Сүрөтчүсү К. Коёналиев.
2005. – 304 б.

ISBN 5-655-01526-7

Ө 4702300200 / М 451 (11) — 2005 — 2005

ISBN 5-655-01526-7

**УДК 82/821**
**84 Ки 7-5**

© Өмүрканов Анатай, 2005.

# «КҮНДӨГҮ ТАК»
## ырлар жыйнагынан

*Бишкек, «Кыргызстан» басмасы, 1995-жыл*

### КЫРГЫЗ КАЛКЫМ

Бизде бир күн бийлик деген билимсиз топ,
азыркыдай арамзалуу күчүн топтоп,
Акаевди кулатышса…
кыргыз калкым
тайбас, коркпос Орусия элине окшоп
чыгасыңбы ошол топко жаныңды октоп?

Кошоматка коюң союп, башыңды ийип,
же уруулук урушуңду ичке түйүп,
качанкы бир таарынычың бетке кармап
так ушуну кормок болчу деп сүйүнүп
кетесиңби ошолорду беттен сүйүп?

Же болбосо кай бир жактан буйрук күтпөй,
топтолушуп тоо омкорор сыйкыр күчтөй,
«Президентти сактаймын!» деп андан кетпей
танк алдына жатасыңбы
Москвада
Эркиндик деп жанын кыйган үч жигиттей?!

Жалбырактай акыл жыйып күндөн күнгө,
от болгула жол жарытып күйгөн түндө.
Түбүң мыкты – десе коппой,
орустардын
арак ичкен жагын гана үйрөнбөстөн
Эркиндикти сүйгөн жагын үйрөнгүлө!

*26.08. 91.*

## КАРАЧЫ ОРУСТАРДЫН АКЫНДАРЫН

I

Карачы орустардын акындарын
калкына кароол кылып кара жанын,
айталат апаат күндү алдын ала
төңкөрүш же согуштун башталарын.
А кыргыз акындары бөжөңдөшүп,
жүгүнүп чоңго берип колдо барын
билалбай жүрөт кантип жагынарын…
Арманын айткансышат ичиндеги
эң мыкты деген гана бирөө-жарым,
калганы билиш үчүн жаралгандай
кай буфет кайсы убакта ачыларын.

II

Айтканы болбой калса айтканындай
жүрөгүн чагып ташка чагылгандай,
хан эмес Кудайына карабаган
Акын жок казактардын акынындай…

Кыргыздын акындары жетим окшоп
соттошту мындай койгун иштен козгоп
койгондо
колун өөп, бутун жалайт,
Манасы бар, а бирок жүрөгү жок.

Кыргыздын акындары жетим окшоп,
өкүмдар: «Макта» – десе мактайт боздоп,
«өл» десе өлүп берет
көптөрүнүн
наамдары бар, а бирок ырлары жок…

## ОБКОМ ЧАЛДАР

Теледен сүйлөп жатат
обком чалдар:
– Козу өлгөнчө балаң өлсүн! –



деп койчуну каарыгандар,
жүн планы толбой калса
жүн – деп жууркан оодаргандар,
сүт толбосо сүттүү келин
сүт берсин – деп оолуккандар…

Теледен сүйлөп жатат
кепинин жеп калчу чалдар,
обком чалдар.

– Эй, обком чалдар,
ушундай каар төгүптүрбү
бир заманда бир өкүмдар?
Жок, жок, эч ким
элин минтип кордобогон
мындай ташбоор,
мындай залим
кылымдарда болбогон.

Ооздорун куу чөп менен
аарчып алып,
бир кезекте
каректерден кан чыгарып,
кан жыттанган параны алып
өздөрүнөн чоңду багып
эми сөз
айтып жатат карыялык.

– Адепсиз – дейт азыр жаштар,
дагы да арманы бар
куттуу үйгө киргизбөөчү
кууракан обком чалдар,
төшүндөгү орденинде
канчанын көз жашы бар?

Ынтымак – деп коет дагы
«Ынтымакты» ыдыратар
баскан изин кетмен менен
оюп салар
обком чалдар:
–Силер айткан сөздөрдү айтпайт
силердин ордуңарга
келген жаштар…
Элге эмес чоңго жакмай

оорусу бар
обком чалдар:
– Бригадирди башка чаппайт
ордуңарга турган жаштар…
Ыплас ишиң өзүң менен
кошо кетсин
обком чалдар,
ойлосом кускум келген
обком чалдар,
обком чалдар…

*1990-жыл, ноябрь*

## КАЙЫРЧЫНЫН КОЛУ ЭМЕС

Жоолугун жайып таштап кара жолго,
карегинен арманындай агып шору –
солкулдап соoп тилеп турган бу кол
тилемчинин колу эмес – заман колу.

Үмүттө, жалт-жулт карап оңго-солго,
жанын эзип жарым тиштем нандын жогу,–
калчылдап кайыр сурап турган бу кол
кайырчынын колу эмес – коом колу.

Маңдайына коюп алып майыптыгын,
ырдап турган немис ырын, ооган ырын–
кайырчынын, тилемчинин колдору эмес
сенин колуң жыйырманчы таш боор кылым.

*1990-жыл.*

## КОШТОШУУ КОБУРУ

Оомийин…
Жашыргандай жакшы адамды
жашырдык бир Заманды.
Жарандар, айткыла ачык
Заманда карзың барбы?!

Жок болсо анда,
карзың барбы?!
жүрөккө колду басып
айткыла ачык –
өлгөн Заман кандай эле?



«Жакшы эле…
Багы ачылып,
ырыскысы ашып-ташып
башканы кой,
ит нан жебей
нан тепселип жатчу эле».
«Ошол нандын убалы
жетти бизге...»

«Эми көрөм
кыргыз алып Эркиндигин
жыргап жашап кеткенин...»

«Өлгөндү жамандаш болбойт бизде,
Өктөбүр ээк какты чыкпай жүзгө.
чакчелекей будуң-чаң түшүп калды,
чок баскандай чыңырып чочуйм түштө…»

Акылын алмаштырган галстукка
анысы көк эшектин куйругундай
көрксүз, кыска –
кедейгендер кеп улашат:
«Улут болбой урууларга
бөлүнүшкөн кыргыздарга
СССРди көмүп салып
жашап кетиш каякта?..»

«Кыргызбайлар акылын бүт
алмаштырган аракка –
айтчы кимдер арачалайт,
өз ич ара сабашса?..»

«Куп деген – бүт баарына
кул мүнөздөн канетип кутулабыз,
Коконго кор болгондой
кор болот кимге кыргыз?..»

Укпасты угуп турдум.
Жаман сөз ууктурдуң,
ууктурдуң.
Капастан кое берсе
камышка кире качпай

кайсалап капасына кайра келген
боз коендун,
кейпин кийбе, атпай журтум!
Көлөкөм
ач тайгандай оозун ачат.
Далай жолу пайдаланчу спутниктин
космостон келген кезде тетиктерин
карагандай
карайт тарых
өлгөн Заман денесин…

«Жарактуусу барбы
кайра учуугa…»
Эртеңки Күн түшпөйт төлгө,
күзгүгө.
Бата тартыш
керек эл-журт, өлгөнгө:
Мүмкүн атын
атап бир кез
зар какшаарбыз… оо, кийин…
ага чейин…
Оомийин…

*1991-жыл, декбарь.*

## КЫЙКЫРАМЫН КЕЛЕЧЕККЕ, ЭРТЕҢГЕ

Жайдак өтүп кеттиби жыл сандаган?
Табышмактуу тагдырыма таң калам.
Элдин элдик аң-сезими дагы эле
өспөй токтоп турганына арданам…

Минип алып канатыма шамалдын
кайдан болсун, ким болбосун айтамын:
– Кагылайын, ойгонгула уйкудан
карап көрчү кандай өстү жан-жагың…

Өркөнү өсүп бара жаткан элдерден,
айланайын атпай журтум эмнең кем?
Же силерге берди беле жартылап
жаратылыш башкаларга бергенден?



– Андай эмес!
– Анда кана чоң өсүш.
Акыл менен журт атагын көбөйтүш.
Уруу дебей улут дешип ушчудай
ураалаган элдерди не көрбөйбүз?!

Эмне үчүн эстүү болбой тоолордой,
калк кадырын, журт эртеңин ойлонбой –
башты бийик көтөргөндүн ордуна
ийип алып бойпоңдогон бизге оңой?!

Мен ушуга жооп таппай күйөмүн,
эмне үчүн, айткылачы, эмне үчүн?
көкөлөтүп көтөрүүнүн ордуна
кыргызга оңой чукуп туруу бир бирин?!

...«Татыктуу бол тарыхка бай тегиңе,
өрнөк калтыр өзүңө эмес элиңе!»
Минип алып канатына шамалдын
кыйкырамын келечекке, эртеңге…

## АЗЫР ЭМНЕ…

Түбүм баатыр дейсиң, туура курбужан…
Баатырыбыз жоо үрөйүн учурган,
бүт кырылып
арсызы азыр калгандай
колдон шакек, баштан тумак шыпырган…

Өсөр элдин уулу сүйөт өз элин,
жел тийгизбей алпечтешет эркесин.
А кыргыздын жигиттери кыргыздын
кыздарынын жула качат сөйкөсүн.

Жылкы тийип жүргөн эрлер тукуму,
тумак уурдап туйтунууда утуру.
Төрөлүшкөн арак менен чылымдан
башта акылы, бетинде жок кызылы.

Уят кылар улуу кыргыз намысын,
артта туяк калгычакты калбасын.
Кыргыз туруп кыргызга иш кылбаган
кыргыздардын үйүндө от жанбасын…

Элим мырза, билбейт дейсиң жалганды…
Телибайың тепсеп жүрөт карганды.
Элдин эмес өз курсагын ойлогон,
азыр эмне жалаң маңкурт калганбы?!

## АТПАЙ ЖУРТУМ

Атасы арак ичкен атын сатып,
балдары акшыраңдайт ашын сатып.
Апасы үйүн сатып ичкен эле
а кыздары ылжып жүрөт өзүн сатып.

Акыл айтсаң дөөдүрөйт ойду-тону,
итке дагы ыраа көрбөс жаман оору…
Кырылып кетсе кетсин, атпай кыргыз
буларга 50 грамм болсо болду.

…Максаты башка элдердин бир бирин жеп,
арактан сого берип күндөп-түндөп
маңкурттай өзүн ичип бүткөн кезде
бизди малдай айдаш үчүн көчүп келмек…

Аны билбей аңкоо кыргыз тойдо, ашта,
арак ичүү бар сыяктуу ата салтта
аржалаңдап ичип жүрөт
Атпайжуртум,
токтот эми, акыл-эсиң ичип салба!

Ким элдигин түбөлүккө сактайм десе
жолобосун арак менен тамекиге.
Оо, кыргыз, акыл-эсиң барда элсиң
жок болсо керегиң бар, сенин кимге?!

Эсиңе кел, акыл кошкун акылыңа,
алтын болуп калса дагы оозуңа алба,
ушу экөөнүн айынан эл санынан
чыккан эл көп, сен да ошондой болуп калба!
катыгүн, сен да ошондой болуп калба!



## ЭЙ, ЭР КЫРГЫЗ

Кыргыз алган орус айлын, немис айлын,
жыл айланбай барып көрсөң алган жайын.
Аты кирип, ити чыккан кудум сарай
Кудай бетин көрсөтпө, айланайын.

Баягынын бири жок, дубалдары
шыбы түшүп, араң турат, кулаганы –
мончосунда мойтоңдоп жүрөт улак,
а кыргызга, амандыгы – кубанганы.

Телефонун баласы жулуп кеткен,
телевизор өчүрүлбөй күйүп кеткен,
ноолусуна түтүк менен суу барчу эле
азыр суу жок. Эч нерсе жок сепкен, эккен.

Сайрап турат саясатты бүт дүйнөлүк
жаман жашап жатканы үчүн чоңун сөгүп,
кудай үчүн куурай башын сындырбастан
кубаңдашат куттуу күнү урук бөлүп…

Эй, эр кыргыз кайратты ойгот каныңдагы,
канат керген калкты кара жаныңдагы…
Кереметтей үйүң кейиптен кеткен өңдүү
кейиптен кетип калбасын жаның дагы.

## АРДАНУУ

Көптөгөн калктын ичинен,
Көнөктөй көзү шишиген,
Кыргызды көрсөм кыйналып
Кыян сел жүрөт ичимен.

Үйрөндү кыргыз ичкенди,
Ичкендей кылса иштерди
Гүлдөтүп салмак эмгиче
Күнөстүү тоону, бүт жерди.

Алдаткан арын аракка
Байкуш деп башка эл карашса.

Башыма чокмор тийгенсип
Басая түшөм заматта.

Жашаган калктын баарынан,
Арт калып бардык жагынан,
Жампаңдап ичип баратса
Күл болом күйүп арыман...

Санжыраң жанды эргиткен,
Сен элсиң багы кең бүткөн.
Арак деп жүрүп аз күндө
Адашып кетпе элдиктен.

## ЖАН КАШАЙГАНДА

Кечээ саатым чечип кетишкен
бүгүн колум кесип кетеби?
Кол жууганмын мурун айнектен
эртең көзүм олуп эзеби?
Мурда күнү алган киймимди
бүрсүгүнү жаным суурабы?
Кандай күнгө калкым, туш келди
кана жакшы күндүн жыргалы?
Коога күндүн күчөйт уу-чуусу,
бирөө жарым буну ойлойбу?
же алсызын эзип алдуусу
акчалуулар гана тойлойбу?
Чок баскандай жаным кашайып
чоңду карайм, чоңдор тылтыят,
жок болобу ыйман азайып,
жок болбосо буну ким тыят?

*1992-жыл*

## ОО, КУДУРЕТ, ҮЙҮ КҮЙҮП ҮМҮТТҮН

Оо, кудурет, үйү күйүп үмүттүн,
үшүп, тоңуп, бороонунда деңиздин
калагы жок кайык минип калтылдап
караңгыда калгандайбыз биз бүгүн...



Кырк байталга Каратоону бабасы
сатып ийсе
а инисин карачы,
берип салды бүт баарына бүт жерди
ат башындай азыр атуул санаасы.

Бабалардын баары жер деп келди эле,
канчалары канын, жанын берди эле,
кылымдардан жер деп келген жерине
кыргыз ээлик кылбайт, айтчы, эмнеге?!

Ушул жер деп алгач чыккан келмем бар,
жерден артык кимим бар да, эмнем бар?
бергиң эле келип турса башкага
жерди коюп мени кул кыл, мен даяр.

Ушундайда журт башчысы болобу?
бийлейби элди эми элдин коногу?
Жакшы болмок жарандарга жараша
кеменгер бир уул келсе оболу.

Кыйрап калды кыргызымдын жомогу,
жерине ээ болбогон эл оңобу?
Камгак болуп кайда барат калың журт

же кайың саап кайгыргандан тоңобу?!

Кечээгиден бүгүнкү күн эң кыйын,
жер бербелеп келет, келет чыңыргым,
Бирок ага ушунумдун пайдасы
сокур тыйын, кокон тыйын, бир тыйын...

*1993*

## КҮЙГӨН ЖҮРӨК

Үнүмө жин тийген өңдүү туюлат,
Ит улуса – менин үнүм угулат.
Колунда бар коңурукта,
а менин
Уйкум келбейт бүткөн боюм чымырап.

Өрүк чаксам данек чыкпай таш чыгат,
Балды жесем уусу башым айлантат.
Жааган жамгыр жүрөктөгү жараны
Айыктырбай кайра ырбатып оорутат.

Жаагын жанып күндүр-түндүр басылбай,
Жааган жамгыр сезилет көз жашымдай.
Үйдөн түтүн үшкүрүктөй созулат
Үмүт эткен ырым келет жазылбай.

Жүрөк оорум айыгар же айыкпас,
Бир сөз менен аны кыйын аныкташ.
Кайгыңды ойлоп карегимден кан агат
Кайсыл жерге кабылбасын кайыл баш…

Бүгүңкүңдөн жакшы болчу сен эртең…
Кылымдарды жүрөгүмөн элесем
Бооpу бирге табылган жок өзүңдөй
Атпай журтум, азабыңа жан эзем…

Билбей, сезбей жыргалын бу дүйнөнүн,
Күйгөн жүрөк күйүп, күйүп сен үчүн –
Сүзүп өтөт күлгө айланып калса да
Каар, ызанын көз жетпеген деңизин.

## ЭЛ КАЙДА КӨЧӨТ

Суу акканын, иттин үргөнүн
жолдош кылып жалгыз үйдөмүн,
суук укмуш, жууркан жамынып
жакшы ысыбай чыгат сүйлөмүм…

Арбактардын жылган жанындай,
ак барактын кызыл калындай,
былтыр көргөн эл кайда көчөт
жылып келет мага таанышта й.

Олтурганда минтип жан эзип,
кайдан келдиң? таптың канетип?
эмне жейсиң? Эмне ичесиң?
жанбайыс кыл өзүң хан сезип, –
десем токтоп сөзүм билгендей
кулагына аны илгендей,
анан тез-тез какты канатын
кабар менен шашып жүргөндөй.

Көтөрүлдү, анан жылды жай
ыр маңызын мага айтчудай,



жакын келип кайра чуу койду
бир кырсыкты билип туйгандай.

Кош канаты бекем жазылып,
жылып барат ото шашылып, –
кайып жанбы келген космостон
кандай сырды жүрөт жашырып?!

«Элди кырып элдин арагы
эл элдиктен кетти, тарады –
оозуң десе, мурдун көрсөткөн
маңкурт болду бардык жараны.
Мээ ордуна кирип чылымы
бүттү элдин көрөр кылымы...»
дегенди бул эптеп айталбай
учуп-конуп, жылып турубу?!

Эл кайда кочот, «Кочөт эл кайда?»
көчүрбөскө тапчы бир айла…
Жакпагандай элге чоңубуз
биз калдыкпы жакпай Кудайга!

Эл кайда кочот, айтчы нускаңы
барчу жолуң жамандыккабы?
жок болобу арак, чылымдан
шаңдуу элдин шаар, кыштагы?

Күн батканда түнгө айланат,
аска кулап кумга айланат,
эл кайда көчөт, айтчы сөзүңдү
эл не болот? Неге айланат?

Эл кайда көчөт, айтчы чыныңды,
мен токтоттум жазган ырымды,
эмнегедир жашым сыгылды,
кимге айтамын айтпас муңумду?

Кимден келдиң? Кимге барасың?
телефонуң кайда чаласың?
акыл жактан калган ачылбай
ачасыңбы кыргыз сабатын?

Үйүм суук… бирок кетпегин,
эртеңкини кандай сезгениң?..
Мен ооручу болдум кыргыздын
көрсөм ичип, чылым чеккенин…

* * *

Аким, чоңго апкелиптир замананы,
баары байып, болуп алып элдин алды,
дөгүрсүшүп, дөөлөтүнө мас болушуп,
үй жаңыртып, үстү-үстүнө катын алды.

Замананы ойлоп койбой ойношту ойлоп,
кымыз уулап кыргыз чоңу жүрөт тойлоп…
Манас ата тирилип келген болсо
ушуларды бирден кармап, бирден соймок.

Коркпой элдин каргышынан, убалынан,
карышкырдай калкты талайт улам-улам…
алы жогун алы бары жеп баратат
ким токтотот куу заманды Кудай урган?!

## ТОСОЙ АЙЫЛЫН ЭСКЕРҮҮ

Эстегенде көздөрдөн жаш тыйылбас
көп жаздардан кыйын болду быйыл жаз..
Көчкөн тоодой тоодон токсон табылар
көчкү алдында калышкандар табылбас.

Жаратылыш жарандарга багынбас,
кайран айыл кайра бизге кабылбас…
Топураган балдар болуп келсечи
тоо боорунда томсорушуп турган таш.

Күн кабылып каргышы көп, алкышы аз,
жетим-жесир жеп калышты жалаң таш.
Өлгөндөргө суктанышты тирүүлөр
ушунчалык азап белем жан сакташ?!

Ким болду экен жерге кас да, элге кас?!
Соруп барат акыл-эссиз сормо саз,
атпай кыргыз саз алдында калабы
деп ойлонуп дем кысылып катат баш…



Сан суроого салмактуу жооп тапкандай
кар аралаш жамгыр куят шашкандай…
А жер көчөт
көчөт элдин онтогон
кайгысына чыдай албай жаткандай.

Жамгыр үнү – ырлар эмес ыйлардай,
ошол ыйда орду толбос муң бардай…
Тоо элейип тиктеп турат айылды
башка жакка басып кете тургандай.

*04.04.94. Бишкек ш.*

## КЫРГЫЗДЫН БИРИНЧИ ПРЕЗИДЕНТИ АСКАР АКАЕВГЕ

Президенттик жаңы келди кыргызга,
Эми аны башташ керек жаңыча
Иш дегенди – жаштай иштеп,
чече бил
Мааниси чоң маселени карыча.

Билим менен бийиктикке кол булга,
Татаал күндө таасын көрүп жолду ылга.
Сөзгө сөлтүк, кепке кемтик болбойлу,
Өз элиңди, өз жериңди кор кылба.

Ойлогондой эне ар бир баласын,
Ойло элиңди эркиндигин, жарасын.
Эссиз болсоң элге шылдың күлкүсүң
Эстүү болсоң туусу болуп каласың.

Сенде турсун жеңилдик эч сезилбей
Тактыңдын чоң далдасына бекинбей –
Бу дүйнөгө карап үйрөн,
президент
Карары жок катуу ооруган жетимдей.

Сен ошондо бүт баарына адилет,
Боор ооруткан бололасың президент…
Кийинкиңди өмүр болсо көрөрбүз
Азырынча жакты айтканың: – эл, жер – деп

*1990-жыл, ноябрь.*

Таласская областная библиотека Инв. № 125480

## ХАН АЗ КҮЛӨТ ДЕЧҮ ЭЛЕ

Эли ачкада теңселсе
ханы ыйлайт дечү эле...
Сен күлөсүң
күлгөнүң
жооп берет эмнеге?!

Күнгө жетип кол учу
гүлдөй болуп турмушу
турганда да
хан күлбөй
эли күлүп туруучу.

Эли күлбөй хан күлгөн
жаман жышаан эзелтен.
Кыргыз сүйбөйт
хан эмес
күндү күлүп сүйлөгөн.

Акын дайым элим дейт,
эл деп баатыр жеңилбейт.
Каны качкан эл-журттун
ханы эч качан семирбейт.

Эски калтар таптырбайт,
эстүү булбул шакта ырдайт.
Эл-журту ач эл башчы
эч убакта каткырбайт.

Чет жер, жыйын, көчөдө,
көп күлбөй жүр өтө эле.
Хан көп күлсө калкынын
багы азаят дечү эле...

*1992*

## УШУЛ КҮНГӨ КИМ АПКЕЛДИ[1]

*Президент А. Акаевдин 19-январдагы Өкмөттүн кезексиз жыйналышын газеталарга жарыялаган билдирүүсүнөн улам оттой күйгөн ушул ой келди*

Команда түзөм – дедиң! Тизгин бердик,
Түзүктөп түзсө экен деп убай жедик.

[1] Бул ыр «Эркин-Тоо» кезитинин 1993-жылдын март айындагы санында жарыяланган.



Командаң кырылышкан тажиктерден
Кыйла жаман иштегенин кандай дедик?!

Түштөн кийин сураганча элден жардам,
Сурасаң болбойбу аны командаңдан?!
Командаңын не кылганын билбегендей
Сен эмне түштүң беле ай-асмандан?!

Күнөө кимде: керкидеби, кемиктеби?
Кедейленди келберсинген элдин теңи.
Ушунчалык бийлик туруп сен билбесең
Мафияны карапайым эл билеби?!

Аралда жалгыз калган сыяктанып
Турасың туталанып күйүп-жанып...
Кантсе да калп күйгөнүң жолу болсун
Кайран элди калтылдатып жарга апарып.

Жарга барган эл тагдыры эмне болчу?!
Кайран элдин казынасы кантип толчу?!
Бөлөк элдин президенти шундай болсо
Президенттигин ошол замат тыйып койчу...

Падышалар чет өлкөгө сейрек чыкчу,
Акылдуусу кумурсканын ыйын укчу.
Кокус иши кокуй болуп бара жатса
Кой болбойт – деп колдон келген ишин кылчу...

Өзүң тандап алып келип командаңы,
Баштадың баш аламан замананы...
Ушу күнгө ким апкелди? Жооп бергин,
Жооп бергин «жылдын эстүү, мыкты адамы».

*19-январь 1993-жыл.*

## КАНТАЛАМАЙ[1]

*Президент Аскар Акаевге*

Өңүң бар татынакай,
а ишиң тамтыракай...
Туш тарап баш аламан
тартипсиздик жин кургандай,

[1] Бул ыр «Ак Бата» кезитинин 1993-жыл, 28-июлдагы санына жарыяланган.

жашап калдык эшке чыкпай.
Башынан сасып кирген
балыкка окшоп
башталды жогор жактан
канталамай,
канталамай,
канталамай–
бийликке эптеп жетер менен
эки жагын эч карабай
Хемингуэй чоң балыгын бир заматта
талап кеткен үйүр-үйүр акуладай
талашууда казынаны...
канталамай,
канталамай,
таламайды кой деп койбой
компоесуң
таламайда өзүң бардай...
Тойгондоруң
кулар жерин жумшакташып
топ деп түшүп сүлүк курттай
купшуңдашып жүрөт шаңдуу
кутулганга кайра кузбай...
Казынаны уурдаса
амалдуулар
көрүстөндү уурдап кирди
оңчөй жаштар.

...Арты туман, алды туюк,
Күн апкелдиң түрү суук.
Энесин кыз муунтуп...
Келесоону гений дешкен
керооздордун күнү тууп...

Айтканың айтканыңдай
келатат аткарылбай,
киреше сазга баткан
кеме болуп калды жылбай...

Башка элдин башчылары
канталамай оюн курбай
жанталашып тартип кармай
жашоосу агыл-төгүл,
болушту баштагыдай...



...Шайлангандa
куран кармап айттың эле,
элге кызмат кыламын деп
эл айтканын угамын деп
уксаң кана...
Керегелер солк-солк этип
чайпалды чамгарак да,
жакшынын тили катып
жамандын бели катып
тукулжурап турат мына...
Мынчалык элдин беши
кеткен эмес
беш жылдык согушта да.
Күлдү журттун күлкүсү – ыйдай,
атчаны эшек минди
эшекчени жөө калып
мектепте тезек күйдү.
Элдин алды –
чемичке чагып калды.
Тон толду жамаачыга.
Көчө толду кайырчыга.

Эки жылда оңдоймун деп
кууратттың эки жылда,
ким ишенет
эми сенин
жыргатам деп айтканыңа?!
...Нан болбосо анык корбуз...
Командаңды кое туруп
элиң тойгуз!
Эл багар уул ээрде уктайт.
Иш десе
дамбалына чычып алган
баладай жалдыраган,
ала канат заманада
алганга далбастаган
чоңдоруңан, элге деген
майнап чыкпайт...
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
...Ким келип, ким кетпеген
бу жалгандан
сен эмес
сенден мыкты далай бек, хан...

"Кайратсыз хан
кулдан жаман!"
дегенди уктуң беле
ата мурас бизге калган?!
Эгер уксаң
корк элиңдин убалынан;
же оңдо аңтарылган замананы
чоттоп, соттоп,
же кетип кал
сахнадан
убагында кетип калган
артист окшоп.

## УУЛУҢ КАНА?!

Башчың көрбөй аркы жакты – эшик төрдөн,
бактың качып башың бака, көзүң көгөөн.
Кайран элим кырылчудай самопалдан
канча кылым кылычташып өлбөй келген.

Улут дечү уулдарың бычакка сап,
улуңдашып уят дебей казына уурдап,
эл убалын унтуп салып...
жүзү курсун,
жүрөк ооруйт жүргөнүнө жыргап-куунап.

Элим азыр эркечи жок койдой болду.
сому сойгон шойконуна жаным ооруу.
Башка эл менен баталашсак батабыз тең
кан кайнатат ошолордой хандын жогу.

Калкты ойлобой курсагынын камын ойлоп,
калп каткырып кайсалаңдап жүргөн тойлоп,
тое ичип өлгүчөктү карганат да
элин деле кетет берет бир күн сомдоп...

Бай жесирди аңдыгандай ичтен-тыштан,
Америка, бияктан түрк, кытай мындан
аңдып келет...
Атпай журтум, уулуң барбы
ушундайда ар-намыска жарай турган?!

Уулуң барбы эл деп жанын сайып койгон,
борошолоп бороон соксо алдын тоскон?!
же баардыгы ысык ичип, суюк чычкан
куучиренби курсагына курсант болгон?!.



Арбактуу эл абыт болбой замандарда
аман келдиң...
даңкың дайын далайларга...
ушундайда жылдызыңды түшүрбөстөн
ай-асманга алып кетер уулуң кана?!

## КОР БОЛБОЙ ШУМДУК ЗАМАНГА

Кокөйдү кескен көп көйгөй,
Өгөдү жаным өгөөдөй.
Кор болбой шумдук заманга
Же мурун, кийин төрөлбөй...

Көргөнгө барам ишенбей
Кор турмуш кысты кишендей.
Көнөктөп көздөн жаш акты:
«Жашайбыз качан биз элдей?..»

Тоготпой элдик убалды,
Топ түзүп чоңдор чыңалды.
Аткарып салды эки эсе
Казна жеш жактан планды.

Чынынан арбын жалганы,
Кароосуз чарба, балдары.
Алты жыл айтса азайбайт
Азыркы эл-журт арманы.

Бактысы суудай төгүлүп,
Бай-кедей болуп бөлүнүп.
Калк айткан акыр замандын
Карааны калды көрүнүп.

Тууганга тууган карабай
Өрчүдү өнөр таламай...
Айланайын атпай журт
Аз жылда бүтпөс жараң ай...

Көкөйдү кескен көп көйгөй,
Өгөдү жаным өгөөдөй.
Кор болбой шумдук заманга
Же мурун, кийин төрөлбөй...

## КҮНДӨГҮ ТАК

Жүрөктөрдө зил аралаш
капкара так
Күнгө тарап
күчөп барат Күндөгү так..
Азайгандан элге деген
ниети ак
Күчөп барат Күндөгү так..

Күндөгү так,
Күндөгү так
күн санап көбөйбөчү
айыкпас жара сымак,

мүмкүн сен азаярсың
жардамга жан аябас
боорукерлик ырын ырдап,

мүмкүн сен жоголорсуң
наристенин жүрөгүндөй
жүрөктүн күүн тыңшап…

## ШЕРДЕНИП АЙТКАН СӨЗГӨ

Шерденип айткан сөзгө, деген кепке,
тамгадан талааларга буудай өссө, –
биз минтип итке минип олтурбастан
жетмекпиз Америка жеткен чекке.

Толгонуп токсон тогуз ойлогондой
токтомдон токой өссө тоону толой, –
бакмакпыз балабызды адамга окшогп
ар жерде араан ачып ачка болбой.

Мыйзамдан заман өссө каалагандай
чыгарып мыйзамдарды таңдан талбай, –
байпагы кызыбыздын манат болуп
бакжайып жүрбөйт белек марыгандай…



## МУУНДУ ТИТИРЕТЕТ МУЗДАК ШАМАЛ

Муунду титиретет муздак шамал,
шамалда шай оодарчу бир балаа бар…
болбосо эмне үчүн сөөктөн өтүп
ышкырат уун чачкан жылан сымал?!

Муунду титиреткен муздак шамал,
шамалда муңдуу элдин арманы бар,
ал арман жер алдында сууларга окшоп
акыры ташты тээп тышка чыгар.

Муунду титиреткен муздак шамал,
бул шамал шамал эмес келген кабар…
А мүмкүн эртең кайра Эркиндик деп
эл сүйгөн жүрөгүмдүн каны тамар.

Муунду титиреткен муздак шамал,
шамалда шай оодарчу бир балаа бар…
Болбосо эмне үчүн ар күн сайын
кан кайнап калбай барат менде жан, ал?!

## ЭРТЕҢДИ ОЙЛОП

Райкомдой эл мүдөөсүн кана укпай,
өзү жарып, бирок элин жарытпай,
кайыш кийип кычыраган акимдин
кийими эмес мээси дагы кайыштай.

Жабыр тарткан элге – деген дүйнөнү,
жабылышып жардан жарга сүйрөдү.
Ушу беле апаат күндө элине
кайыш тондун жан тартканы, күйгөнү?!

Кайда барба – чакчелекей, будуң чаң,
зөөкүрчүлүк үрөйлөрдү учурган.
Колдо бары колдо жогун кор тутуп
кодулаган заман келди кутурган.

Баа менен эл муунтуп, журт кысмай
башталганы болдук, болдук жырткычтай.

Мөгдөгөн ким?
мээнет кылган, а берки
алып сатар жыргап жүрөт укмуштай.

Кедей дагы кедейленди. Баарыдан
кишилерге жетим-жесир, карыган,
убал болду. Кара жаның кашаят,
ошолордун өтүп калсаң жанынан.

Жулган жулуп жумурткадай семирди,
пара алгандар басып жүрөт көңүлдүү.
Бардарынан кайырчысы көбөйүп
карапайым калк кайгыга чөмүлдү.

Кабагы элдин күндө бүркөө, күндө суз,
улам катуу муунтууда куу турмуш.
«Тар заман» деп, «зар заман» деп жүрчү элек,
жок заманга, бок заманга болдук туш.

Эртеңди ойлоп келет, келет үшкүргүм,
оорулуудай онтоп турат журт бүгүн,
каары – селдей, жүрүп кетчү көчкүдөй,
эмне болуп кетер экен дүйнө күн...

*10. 08. 92.*

## АЙТКЫЛАЧЫ, БУЛ ЭМИНЕ?!

Кеп айтсаң кеп деп койбойт айткан кепти,
башында акылы жок илип алар –
каран күн! Калдалаңдап кайдан келди,
кыргызга кылы күйбөс кыргыз балдар?!

Оо, Кудай, сактай көргүн күндөн коога!
Чеккени чылым, анан ичкени арак –
сүйлөгөн сөзүн уксаң жалаң соода
жүрүшөт кембагалдын малын талап.

Зөөкүрлүк жүзүндө ойнойт,
улуу-кичүү
бар-жогун байкап туруп сөгүнүшөт...
Окубайт, карта ойношот күнү-түнү
кой десең коржолоңдойт кайра күчөп.



Кээ бирде видик көрөт,
китеп десең
секирет көргөн өңдүү үйдөн коңуз.
Көргөнүм түшүм болуп калса экен дейм
капырай, кайда барып, не болобуз?!

Биз эртең кайда барып, не болобуз?!
Буларга сокур тыйын эл эртеңи,
ушуга күнөөлүбү коомубуз,
же башка барбы дагы себептери?!

Ким билет?! Эртеңкини элестетип
көңүлүм көп көйгөйдө канап барат.
Жаш балдар билим дебей соода дешип
базарга чыгып кеткен сыяктанат.

Бул эмне? Эркиндикпи жеткен зорго
же жаңы заманaнын шарданыбы?!
Жыргалга барчу жолбу? Же болбосо
жакындап кыяматтын калганыбы?!

Ойлосом ушуларды жатып-туруп
жан күйөт жакырланып жаткан элге.
Менимче, бул элине – чыккынчылык,
болбосо айткылачы, бул эмине?!

## ӨТӨСҮҢБҮ СЕН МЕНИН ПАРТИЯМА?

– Партияга мүчөсүңбү? – деп сурайсың,
– Ооба, бирок кичине эт берип койсо
алданып ошол этке
ырылдап чыккан четке
партияга мүчө эмесмин,
жана да мүчө болбойм...
Мен деген элимди ойлойм...
Белет эмес жүрөк менен
эл-жерине эч нерсени теңебестен
ушунчалык аруу сүйгөн
«Элиң үчүн бергин» – десе

эч ойлонбой жанын берген
партиянын мүчөсүмүн,
отосуңбу сен менин партияма?

Өтүш үчүн арыздын кереги жок
жүрөгүңдү көрсөт мага.

## АЙЛЫК ЖЕТПЕЙТ...

Айлык жетпейт кийимге эмес оокатка,
Маянама машина алдым десе эгер –
Ал олтуруп очойгон бир кызматта
Эл мүлкүнөн оп тартты деп биле бер.

Айлык жетпейт кийимге эмес оокатка,
Айлыгыма алдым десе үй сатып –
Жегич дей бер, кудук мисал курсакка
Баарын салган калк казанын кууратып...

Элдин көргөн күнүнө калп кейишип
Жетер менен жечү бийлик орунга –
Эл байлыгын энчисиндей жеп ичип
Кеткендер көп кирип жылуу коңулга.

Ушундайды уңгулуу эл убалы
Уктатабы, уктатпайбы, билет ким?!
Элге деген таза сүйүү тил эмес
Турса гана тереңинде жүрөктүн.

## ЭХ, ЭЛИМ АЙ...

Эх, элим ай, азыркыңды карачы,
Жүрөктү өйкөйт бөлүнүүңдүн жарасы.
Сырттансынат кээ бир күйпүл күчүгүң
Сыртка чыгып ичиндеги аласы.

Эх, элим ай, эртеңкиңдин өңү серт,
Балдарыңдын ойлойт көбү башын керт.
Көзкорлондуң көзкор болбойм деп жүрүп
Ошону айтып оозум жалын, ичим өрт.



Ошону айтып оозум жалын, ичим өрт,
Бу дүйнөдө сага мендей ким күйөт?!
Өлсөм дагы сендик сүйүүм чырылдап,
Өлбой сенин суу, абаңда бир жүрөт.

## ЧӨНТӨГҮМДӨ ШАМАЛ УЛУЙТ

Чөнтөгүмдө – шамал улуйт бөрүдөй,
курсагымда – ажыдаар арааны.
Үч уктасам кирген эмес түшүмө
кыргыз мындай кыйын күндө калаары.

Эл эртеңин ойлогон эч жан жоктой,
ким бийликке жетер менен жей турган
жерин таап жеп киришти. Ой, тобо ой,
балык болдук баш жагынан сасыган.

Уят кетти падышадан, баладан,
кедериме кээде келет ыйлагым.
Кайырчыга бермек турсун алардын
алгым келет алаканда турганын.

## КЫРГЫЗ ӨЛКӨ

Олтурган уулуң төрдө:
«Окуудан соода өйдө...»
деп окутуп өз балдарын
башкаларды айдады өргө.
Жилиңдеп соода кууган
жаштар буту малынды –
арак – көргө...
Келечегин «кеменгери» карызгалап
сатып ийген
байкуш өлкө,
кыргыз өлкө!

Мыйзамы ылайыктуу
чоңдорго, өздөрүнө –
бийликке жетер менен
жеп киришет көз көрүнөө.
Салынбай баары жөнгө,
байланды чөнтөктөргө,
тең болалбай бөлөк элге,

шылкыйттык башты жерге...
жеттик нөлгө
эртеңкиси мындан дагы
шордуу өлкө,
кыргыз өлкө!

*1993-жыл*

## БОЛУП КЕЛГЕН

Болуп келген, болот дагы кылымга,
ууру, кески эл ичинен жоголбойт,
бирок элин бийликтеги уурдаса
анда ал эл эч убакта оңолбойт.

Адамзаттын жетпес учкул ойлору
ай, жылдыздын мыйзамы бар бузулгус,
мына ошондой мыйзам, тартип болмоюн
боюн түзөп алга жылбайт бул турмуш.

Ийгиликти – колдо жокту бар кылчу,
бирөө бербейт, же түшүрбөйт асмандан.
Мен билгенден ийгиликтин ачкычы
тартип, мыйзам кара кылды как жарган.

Көбү-азын, алдуулары – алсызын,
улуп-жулса, «байкабаса» чоңдору –
анда эзилген элдин тийип каргышы
өзгөртүүсү өнбөй жексен болгону.

## КАРМАГАНДА КОЛДОРУН

Кылмышкерди кармаганда колдорун
кытайдагы мыйзам менен кессе шарт,
анда биздин эл башкарган чоңдордун
ажо баштап көбү колсуз калышмак.

Элдин мүлкүн жегендерге каргыштан
чекесине мүйүз чыкса... оо, анда
амалдуунун мүйүздөрү найзадан
ашып кетип шылдың болмок калкына...

*1994-жыл*



## ЖАЛБАРУУ

Жан мыжыгат сапырылып миң сан санаа,
жамандыктын аяны келет мага.
Жамандыктын журтума кереги жок,
бирок келсе –
көрүнсүн падышага.

Келчү кырсык, кесепеттин түлөп жонүн,
күндө үч маал Кудайлап купкуу өңүм...
Карапайым күн кечирген калкымды ая,
болбойт десең –
оо, анда ханга көрүн.

Өзүн бийик сезип өзгө жарандардан,
казынага кол салып байып алган
ханга, бекке көрүнгүн –
бирок, бирок
кара таман кедейди кой эсен-аман...

## ЖАН БУЗУЛБАЙ ЖАРАТЫЛЫШ БУЗУЛБАЙТ

Бойрок оюп бөөдө кырсык утурлайт,
Азан-казан атпай дүйнө ызылдайт.
Жаратылыш бузулду деп жар салба,
Жан бузулбай жаратылыш бузулбайт.

Жан эмнеден бузулду айт, чыныңды айт!
Жер баладай жолдо калган чырылдайт.
Кечээгисин бүгүн унтуп кейиште
Кесирленип келе жаткан кылымды айт.

Кесир кайдан кылымданбы, көктөнбү?
Танууданбы бүгүнкүнү, өткөндү?
Өчпү, кекпи? Өтөөсүнө эмненин?
Жамандыкка жоруй турган көп белги.

Алаамат күч муунткансыйт алкымдан...
Таш боор кылым, кайт артыңа, кайт ылдам!
Бомба бардай мезгилдердин боюнда
Акыр бир күн жарылууга калтырган.

Башка болуп баратат деп Күн өңү,
Жердин дүк-дүк согот жапжаш жүрөгү.
Же адамдын адам кылбас ишинен
Дүйнө тарып баратканын билеби?!

## КАЙЫРЧЫЛАР

Көчөдө
кайыр сурап,
балалуу кемпир турат.
Быкбырдай кайнаган эл
кайыр бербей өтөт чубап…

Заман көркү – кайырчылар,
Керемети күндүн
жерде турган сымал
каар чачкан ханда дагы
кайырчыдан бир нерсе бар.
Кайырчыдай
кайгысын эч жашырбай
жайып салган
бу дүйнөдө кай ырчы бар?!

Кайырчылар!
Текеберсип
тыйын бербей
каткырып бараткандар
көп күлбө
эртең эле
ажырап бүт баарынан
мында отуруп калмайың бар.
Адам болсоң сен эгерде –
өзүмө жетпей жатса
кайырчыга каяктан
берем дебе,
өзүңө жетпесе –
жетпей калсын
жаның үрө ушуларга
жеткиргенге…
Мүмкүн булар – пайгамбардыр
жеталбай жетчү жерге
кайырчынын кейпин кийип
сом камдаган – жол кирреге…



Кечээгини оң көз менен
эртеңкини сол көз менен
коро билген –
мүмкүн булар
НЛО чыгар
космостон бизге келген.
Жакшылыкты жаадырып ар кишиге
ийгиликти жаратып ишибизге
коом тамырын кармап турган
сыйкырчылар
кайырчыдай кийинген кара күчкө?!
Мүмкүн булар
укпасты угар
арбак чыгар –
өткөндөргө кылган сыйды
сен таштаган тыйын
менен сынаар…

Не болсо да
булар менен
жолукканда капыс жерден
корүшкөндөй Кыдыр менен
дагдаарып жан эритем,
мага жетпей
такыр жетпей жатса да
жеткиремин буларга…

## МУГАЛИМДЕР ТУУРАЛУ

«Тилдегин,
мейлиң ургун
мугалим болбоймун» – дейт
онунчу бүткөн уулум.

Чыркырайт кызым үйдө:
«Окубайм мугалимге».
Балээден качып жүрүп кутулгандай
качып жүрүп кутулгам
маалимдиктен жаш кезимде…

Кор болуп,
ыза көргөн кишилердей
мугалимдер – айыл жерде

3—1594

шымын айрып ичип жүрөт
шылтоо таап ичкенине.

Парторг, милицейден
айлыгы аз
            кадыры аз,
көр болуп көрбөгөнү
гөйгөйдөн көңүлү пас,
аларга келип тиет
кай жакка ыргытпа таш…

А мугалим калаадагы
жогорку окуу жайындагы –
абитуриенттерди талап тытат
кой талаган карышкырдай.

Жогорку окуу жайдагы
                        мугалимдер
топон суу каптаса эгер
параны кайык кылып
                        кутулам деп
көңүлү ток жүргөн эрлер…

Абитуриент көздөрүнөн
билим эмес – акча көргөн
элинин эртеңкисин
                        ойлонбостон
ун салган кыргыз каптай
                        колкоңдогон
                                    ургандар…
……………………………………………………
тукумуңду жакшыртамын десеңер
аялдын ал жакшысын,
а элинин гүлдөшүн
                        ким каалаcа
мугалимин жакшыртсын.
……………………………………………………

## УУЛУМ КЕЧИККЕНДЕ

«Буканы малым дебе
бойдокту уулум дебе».
Түшүнбөй жүрүптүрмүн
түрү суук ушу кепке…



Мен азыр олтурамын
атарын күтүп таңдын.
Уулум жок ишине
                        кеткен бойдон
кутулбайм жаман ойдон…

…Бүт баары кымбаттады
эң арзаны – адам жаны.
Жан сатылса базарда эгер
төшүңдү жара тартып
четтен чыкмак жаныңды жалмап кетер.

Ай, Кудай ай,
мен коендой элеңдейм
уулум бачым келсе дейм.

Жолдон чечип алса алсын,
тумак, саатын, бүт акчасын –
аман-эсен койсо болду
алтын башын, бир башын.

Өзүнө тың,
            нары ызакор неме эле
караңгыда: – Кийим, акчаң бер – дешсе:
калтырабай карсылдашып, сабашып
кашайгырдан таяк жеп
жатты бекен каны агып?..

Же автобус,
            же такси жок
келатканда бош көчөдө
машинечен көпкөн бирөө
көрүп коюп кеттиби же?..

Жаткан жокпу жардам сурап?..

Көөр тамырым көөп чыгат.

Айлана тынч.
Лифт иштесе жүрөк байкуш
туйлап чыгат: «Ушул уулум»...
Бирок эшик шыңгырабайт
күткөн жүрөк курусун.

Чычаладай көз кызарат
уйку көрбөй бир чымчым,
таң атты деп сайрап кирет
терезeмден бир чымчык.

Капысынан чыга калган
ишин тилдеп
ишке шашып бара жатсаң
шашкан болуп үйгө кирет,
тилдей албай, сабай албай
дулдуясың
жин аралаш күлүмсүрөп.
«Келин жакын жерден го» – деп
жылт этип үмүт күйөт,
анан ошол үмүт мени
ишке чейин барат сүйөп...

## БАСЫЛБАЙ КЕЛГЕН ЭЗЕЛТЕН

Басылбай келген эзелтен
«Бар» менен «Жоктун» согушу.
Баатырдын белин мертинткен
бабаңдан калган «Жок» ушу.

«Жок» деген жоодой боору таш
өлдүмгө бербес тиштем нан.
Ит жыгылыш зор кармаш
келатат атам замандан.

«Бар» дардаңдайт дардаңкүш
уурту ылдый майы агып.
тоюнуп алат «Жок» байкуш
шилекей жутуп, жаланып...

«Бар» жеткен жерге «Волгачан»,
эшекчен жетип барат «Жок».
Жүрүшөт экөө эч качан
келишпес кекчил жан окшоп.

Бөрүнү бүктөп мыкчыган
бүркүттөй «Жоктун» чеңгели.
«Бар» азуулуу арыстан,
экөөнүн жоктой кой дээри..



Келатат бири бирине
ат коюп кайра сынтагып.
Жер шары зуулдайт белине
«Жок» менен «Барды» курчанып...

## ОО, АНДА

Уюлгуп учкан жалбырак,
ушундай кыйын кезеңде –
алтындай болуп шыңгырап
айланып кетсе теңгеге.

Оо, анда...
аным болбос ой,
кур санаа, кыял, бир элес.
Эгерде болсо ошондой
эл-журтум мынча жүдөбөс..

## МЫРЗА ДЕСЕ

Мырза десе мырза болуп калуучудай,
мырзалыкка умтулган көп ушу тапта.
Аты мырза, аңдап билсең заты кулдай,
кумчайнаган куучиренден Кудай сакта.

Ойлоп койбой кечээгини, эл эртеңин
курсагынын камын көргөн ушул «мырза»
ишенип кой, ишенбесең мелдешемин:
«Кыргыз элге кызмат кылбайт кылчалык да...»

Бирок мырза боломун дейт, болгусу бар
элинин кул болгонуна коңүл бурбай –
бу мыркыбай мырзалыкка болду кумар
ушуга окшош «мырзалардан» сакта Кудай!

## ӨСКӨН ЖЕР

Булуту буура болуп көчкөн жерим,
Бет жууп, белим бууп өскөн жерим.
Атамдын теңтушу эле теминген сууң
Тебишип чыккан чөбүң, тентек желиң.

Магдырап мага курдаш болуп турсуң,
Кудайым, курдашы кыл неберемин.

Сайратып ар чымчыгын ар башкача,
Алтынды ар сайына агызса да,
Алмашпайм бөлөк жерге ушул жерди
Ушул жер ата конуш, ыйык мага
Ушундай кандан артык, жандан артык
Ыйыктык – жол улантсын укумдарга.

Өскөн жер кут кетпесин өрүшүңөн,
Өлбөстөй чөбүң өөп ойноп күлөм.
Барыңдан мен бактылуу
туланыңда,
Туйлатып тулпарымды таптап жүрөм.
Күлкүңдү күнгө чейин угузууга
Күү кайрып, ыр агызам жүрөгүмдөн...

## АЛАТОО

Чымын жан чындыгында сен деп чыгат,
Өзүңдү сүйөмүн деп айтыш уят.
Абалтан жаным да сен, каным да сен
Арбагы аталардын сенде турат.

Карааның карап коюш канча кубат,
Өзүңдөн өтсөк болду убап-чубап...
Кай жерде биз жүрбөйлү, кагылайын
Кандайың сен деп каккан жүрөк туят.

Өзүмө сен жалгызсың ай-ааламда,
Сабылып сагынарым өзүң гана.
Кудурет куттуу күнү кубандырып
Кут чачып, кубат берип турсун сага.

Баркыңды көкөлөтүп дагы бийик,
Баламдын баласы өтөт сени сүйүп...
Жол таппай караңгыда калып калсаң
Жоодурап көзүм күндөй турат күйүп.



Тамчыда бакыт чексиз сага тамган,
Жашаган жараныңда болбойт арман.
Жар болсун урпактардан урпактарга
Ушул көл, ушул тооң, ушул талааң.

## БАЛАПАНДАЙ УЯСЫНАН КУЛАГАН

Балапандай уясынан кулаган,
алаканын жайып, кайыр сураган
жаш баланын карай албай жамалын
жан кашайтып заман үчүн уялам.

Селкинчеги турат тепсе күүлөнбөй,
сезими пас, ыйлаганы – күлгөндөй...
көзү ачылбай кор замандын балдары
көрүстөндүн үстүндөгү гүлдөрдөй.

## КОМУЗ, КАЛПАК

Бөлөк жерде, бөтөн элде
достукту чыңдоо үчүн
комузду эстеликке
берген кезде;
кызымды келбес жерге
калтырып кеткен өңдүү
кайгылуу ой калат менде.

Билбесе комуз эмне?
Түнөрүп күнү-түнү
түбөлүк чертилбесе,
капилет кылы желге
бир тийип кыңгыр этсе;
кызым ыйлап
жаткан сымак
жаным күйөр миң бир эсе...

А калпактын жөнү бөлөк,
берген жерде калпак эмес

баш калгансып,
кашаят жүрөк ысып…
– Бериш керек башка белек,
баш кийимди белек кылган
өнөр эмес –
дегениме көнөр эмес.
Калпакта – кут,
комузда – кыргыз билген
жыргал барын алар билбей
белектешет буюмду ыйык…

Комуз, калпак кул болгондой
карайт мени жашын сыгып.

*август, 1990-жыл*
*Түндүк Корея, Пхеньян шаары*

## ЭЛ ЭЛ БОЛУП КАЛГАН БОЛСО

Чоң дайраны канча бөлсөң
так ошончо күчү кетет.
Ажыратам десең элди
элдигинен
бөлүш керек!
Эптеп-септеп бир айла таап
бөлүш керек!
Мезгил токтоп калса калсын
жаш кулундай бир кишенеп.
Бөлүш керек!
Бөлүш керек!

Бирок, бирок сен бөлгөн эл –
Элдигине жетишсе эгер
кырсаң кайра
жайнап чыккан бутак окшоп
түтөп чыгып биригишет
бир заматта.

Сен бөлгөн эл
Эл деген бир – ыйык, таза
биримдикте болушса эгер,



бөлгөн менен – бөлүнүшпөйт,
кескен менен – кесилишпейт,
бөлүнбөгөн,
кесилбеген
сыңары жел.
Эл эл болуп калган болсо
Эч убакта бир-биринен көңүлү суубай
бир бирине кайра бекем
биригишет
улам кессең улам күчөп
кошулушкан агын суудай.

Ошондуктан,
мезгил бөлгөн
немис болбо, корей болбо
деги, деги ким болбо –
биригүүнү
кайра эл болуп биригүүнү
болунөөрүң менен ойло.

*август, 1990-жыл.*
*Түндүк Корея.*

## АССАЛОМУ АЛЕЙКУМ

*Кыргыздын бүткүл дүйнөлүк I курултайына*

Ассалому алейкум, бүт дүйнөгө
тарап кеткен эр кыргыздын кыргыздары, –
төбөм көктө ордобузга келгениңе
кандаш, жандаш, боорлоштор алыстагы.

Желдей кайып жүрсөң да жерим дечү,
жергең мына, жети атаңдын арбагы бар –
ошол арбак өмүр көчү өйдөлөбөй
өбөктөгөн учурунда колдоп турар…

Кайда гана жүрбөйлү, ар убакта –
Күн өтпөсүн башыбыздан кандай гана,
бабаларга багыштайлы дуба, бата,
өркүндөшү үчүн деп Кыргыз Ата.

Унутпастан учуңду, түбүңдү эстеп
урмат кылып улуу Манас ыйыктыгын,
жер түбүнө жетсеңерда кыргызмын деп
кыргыз болуп жүргөнүңө ыраазымын!

* * *

Биздерге ушунчалык керек, зарыл
алмустактан ата мурас алтын аба,
жер менен жексен болгон динозавр
сыяктанып бизден бир күн кетип калба!
Элдердин кыянаттык кылганына
эрегишип
өч алам деп ай-ааламга
бизди таштап туңгуюктан туңгуюкка
тумчуктуруп кетип калба,
алтын аба!

## ОО, КӨР ПЕНДЕ

Баарыбызда жалгыз баш да, эки көз
анан неге ак, карага – жат, өзгө
бөлүнөсүң алдын билбес дөөперес,
оо, көр пенде, шор пенде?!

Баарыбызда жалгыз жүрөк, кош кулак
анан неге бай каткырып кедейге –
Өз богунан өзү үркүп кошкурат,
оо, көр пенде, шор пенде?!

Өз акылың кайра келет болуп кас,
анан неге арсаңдайсың дагы эле –
артын эмес азыркысын туялбас,
оо, көр пенде, шор пенде…

* * *

Кутурган
иттей тилин
салаңдаткан
алдуусу алы жогун канжалаткан
эсти оодарып
жардан чыга калгансыган



эшикте жинди рынок,
акмак заман…
Куюнга куюлушуп, зуу-зуу учуп
кетким келет көз көрбогөн алыс жакка
заман издеп мындан башка,
мындан таза.
Элде эзелки өчү бардай
оп тартат ачарчылык –
ажыдаардай…
колокомду карманып аман калдым
ачкалыктан куларымда
кыйган талдай.

Ыйман-ызат
элим деген…
унут калды,
тазадан асманда учкан булут калды,
эл байкуш эстен танды
багалбай кара жанды,
ыйлагым келет кээде
карап алып
калч-калч эткен
кайырчы кара чалды.

Тоо заманга түктөйтүп турат түрүн.
Баарын саттым
колокомду сатам бүгүн.
Көргүм келбейт
бетинен каны тамган
чоңдордун ит күлкүсүн.

Дайрадай өз нугунан ала салган
оодарылып кетти заман…
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
болсо экен элим аман.

# ТАРЫХЫЙ ЫРЛАР

## ОО, МУХАМБЕТ…

Кудай бирөө, Алла бирөө – а дин арбын, эл арбын,
Адам Ата, Обо Эне балдарынын, балдарын,
Пайгамбарлар жалгап, колдоп, акыл эске үйрөтүп,
Тазалыкка жол көрсөтүп келген, келет ар дайым.

Ошолордун эң бийиги, эң бир улуу, чебери,
Эң калысы, эң аруусу, касиеттүү дегени.
Улуу Алланын пайгамбары Мухамбеттин окуусу
Куран сөзү – Кудай сөзү, тереңдердин тереңи.

Ар сөзүнө Ай, Күн келип, аалам келип сыйгандай,
Ажайыптуу, миң маанилүү, миң сан сырлуу
жылдыздай.
Жердин жети жеберине жетип кетип баратат,
Ар адамга зарыл болуп нандай, суудай, абадай…

Ысмыңды айтсам ынсап түнөп, ыйман келет жаныма,
Ыйыктыгың жаккан калктын карасына, агына.
Ойго тунук окууңа олуялар тартылат
Жандын баары тартылгандай караңгыдан жарыкка.

Көл – сыядай, кагаз кардай жерде жайнап жатса да,
Сөздүн күчү жетпейт, жетпейт кереметиң жазганга.
Оо, Мухамбет, үмөтүңө үмүттөрүң гүлазык
Кудуретиң кулач жайган жерде, ыйык асманда.

Каркырадай канат кагып канча-канча кылымдар,
Касиетиң каркытташып кайра-кайра ырдашаар…
Окууңдан мурда келип, мурда кетип калбастан,
Сени урматтап жашап жүргөн менде тоодой бакыт
бар.

Бар бол, бар бол, бар бол дайым кийинкиге, балдарга,
Ар бир пенде жаралып бу жарык дүйнө, жалганга
Мухамбеттин окуусунан шыпаа алып, кут алып,
Раазы болот дин мусулман болуп жашап калганга.



## КӨЧ

Тоолорго көөдөй кара туман түшүп,
турганда хан каарынан жүрөк үшүп,
даргага төрт баатырын апкелишет
Кыргыздын кыраандарын кырып бүтүп…
Козүнөн коноктогон жашы кулап
көөнө журт көргөнү кор-дымып турат.
Бир досу алып калат калмак хандан
төртөөнүн улуусунун жанын сурап.
Кубанып достук парздан кутулдум деп,
айтканда Азизханга: – Кутулдуң! – деп
Ал болбойт: – Пайгамбарлык жашка келдим
карыдым ичерди ичип, жээрди жеп.
Үйрүнөн ат качырбас боз айгыр бар,
арбагы менден күчтүү, менден көк жал,
жансоога болсо эгерде бирөөбүзгө
Жайылым аман калсын!
а мен чындан
өлүмгө бел байлагам. Берсин ыйман…
Өжөктөп каны чууруп оозунан
Жайыл дейт жаны чыкпай араң турган:
– Атамдын айткан сөзүн сыйлайм, угам –
а бирок эрдигимдей эмес эсим
менден эр, менден эстүү иним Эшим
колдогон ата арбагы, кыргыз куту,
соо калсын…
Тартып тартпай сынган бутун
Эшим дейт: – Анык болсо сөзүң ушул,
артымда «Ата!» – дээр туягым бар.
Инибиз үйлөнбөгөн Итике тур.
Тирүүдөн бирөө кала турган болсо,
октой эр, чоктой баатыр – ошол калсын!
кол курап, бала көрүп, журт башкарып
калмактан аккан кандын өчүн алсын…

Өлүмдөн корккон кыргыз – кыргыз эмес
эл коргоп ээк кагуу ата мурас.
Бир жанды ит да багат.
Эгерде сен
эр болсоң көөнө кыргыз көчүн улаш…
дегенде ыргып турат калмак ханы,
түсүнөн түтөп чыгат каары, заары:

– Баарын кыр, бөрү баласы ит болобу! –
дейин деп эстей калат убаданы.

Эринин кесе тиштейт кан чыкканча
Кыргыздын үч баатырын асат дарга.
Итике аман калат.
Ошол көчтүн
аягы ушул кыргыз азыр – дайра...

## ХАНЗААДА

*(баллада)*

Өргө ыргытып өйдө кулап турган ташын,
Контаажы Кыргыз хандын алып башын.
Кожоюнсуп корккон элди коройүн деп
кол байлатып апкелдирет жаш баласын.

Жагалмайдай жапжаш бала, жакшы бала,
тогуз жашар толгон жашы жаңы гана,
керме кашы кере тартып койгон жаадай,
камыш кирпик карачыгы чоктой кара.

Келберсинет, ата мурас кенен далы,
кырды жапкан жаш туландай муруттары, –
кербез башын саландатпайт, мүңкүробойт
жүзүндө ойнойт кечээ күнкү кубанч, шаңы.

– Атаң сенин, баатыр беле?
– Баатыр эле!
– Баатыр болсо башы алынды айтчы неге?!
.........................................................................
– Энең сенин эстүү беле?
– Эстүү эле!
– Эстүү болсо мага токол болду неге?
.........................................................................
– Элиң кандай – карышкырбы, же коенбу?
Бала барчын бир эчкирди: – Бошот колду!..
Аа кошулуп ата-баба арбагы бүт
кыйкыргандай жаңыртышты ойду, тоону.



Бошотту эле, куюндан тез, шамалдан бат,
турган жасоол канжарын шап сууруп алат.
Хандын көзү чанагынан чыга түшөт:
«Намыстанган ханзаада эми мени саят...»

Арбак менен сүйлөшкөндөй көктү карап,
жаш ханзаада жүрөгүнө канжар малат.
«Коркок жандан туулган бала минтип өлбөйт...»
ошо бойдон ооз ачпай ээк кагат.

Бу дүйнөнүн алган окшоп мурутун жулуп,
ошол замат жамгыр төгөт улуп-уңшуп –
калмак ханы тактан түшүп жүзүн сүйөт
жүрөгүнөн жатканы үчүн жалы чыгып...

## КУРМАНЖАН ДАТКА

Когултүр тоо, коз тойбогон көркөмүңөн бер чымчым,
Коонорбостой корк кошоюн көркомүнө ырымдын.
Ураан болуп урпактардан урпактарга таралган
Уулдан зор улуу иш кылган урматы үчүн датканын.

Кадыр түн бер акылыңан, бер ак булут назыңан,
Бала болуп жаралганы бак кетпестен башынан, –
Казандаган кас душманга каар чачкан энеге
Ыраазылык сөз айтууга жаңы муун атынан.

Кылым күйүп кыргызды эзип турган кезде муунтуп,
Кыраан элдин ар-намысын кыйшайтпаска ант жутуп,
Ач жолборстой ак балдарын азаттыкка алмашып
Атпай журттун эркиндигин, боштондугун туу тутуп.

Кайран энем, Каныкейдей жанын түйүп белине,
Кашыгына кашык салган падышага, бегине.
Жатты жардын жаздыгына жолотпогон сыяктуу
Жакындаткан эмес жаман ойлууларды жерине.

Өкүмдарга мурдун силкип кербендеги сарбандай,
Өлтүрчү ок, өткүр кылыч, найза учунан тайманбай.
Кыргыз десе – келбес жерден минип келип куш үнүн
Албасты алган темир текөөр бүркүт каман алгандай.

Журт күчүгүн жер караттпай, желмогузду тоготпой,
Кызыл, сары дуванaнын өзүн, сөзүн жолотпой,
Алтындан да аруу тутуп ата-баба намысын
Арткыларга берген чымчып чыпчыргасын коротпой.

Аялдарга айкөлдүктүн, баатырдыктын ачкычы,
Тукум үчүн аял жакшы болуш керек башкысы.
Энебиздей жакшылыкты жасай албай кыргызга
Эркекмин деп уктап өткөн кыргыздын коп жакшысы.

Жылдыз өчөт, өчпөйт, өчпөйт баатырлардын аңызы.
Мейли канча кылкылдасын кылымдардын арышы.
Жалаң гана балдарына эне болбой элине
Эне болгон бул энебиз – коңкү кыргыз намысы.

Аял наркы, эне баркы төмөн түшүп бу кезде,
Ат башындай арман жатат айтылбастан тереңде.
Балдар жоош, кыздар чыйрак – чыйрактыгы чыракка
От жандырар кубаты жок! Айтып эмне, айтпай не?!

Таш боор мезгил, күнөө кимде? Же кыздарда, же
менде?

Энебиздин этек жагы узарбады эмнеге?
Элдигинен эл кетерде акыл кетет аялдан.
Азыркыдан анан кыйын! Айтып эмне, айтпай не?!

## ТООАШАР БААТЫРДЫН КЕРЭЭЗИ

Сапырып күлүң асманга,
кас душман калкың чапканда, –
жоо тосуп бирөө чыкпаса
балдарым бар деп мактанба!

Чаначка үйлөп койгон жел
сыяктуу он уул бергенче –
жараткан, жалгыз бала бер
эл четин коргор эрлерче.

Борбуйу катса болчу сөз:
– Калкыңа жоону жолотпос,
карышкыр бол же, бол жолборс –
болбосоң анда – бордой тоз.



Айкырып душман качырса
алдастап таппай айласын –
артымда коркок калганча
калбасын тукум калбасын...

## ЭР ТАБЫЛДЫ АРМАНЫ

Жалганда жандан артык жакшы көргөн,
Жар болдуң... жаратканга ыраазымын.
Жайнаган келиндерге түнөттүрбөй
Жакшы аттай үйгө апкелчү бир кылыгың.

Намыс деп кылыч чапкам, найза сунгам,
Нар кескен кээде тийип очорулгам.
Коз жумсам коюнуңа башка бирөө
Жатарын ойлой калып ойдо тургам.

Арман го өзүңдөйдү көрбөй өткөн,
Барыңдан басып жүрөм жоктой боксөм.
Жеңилген далай-далай хан кыздарын
Картайдым тырмагыңа теңебестен.

Каржалып кылчайнашта чарчап, талсам,
Кан кайнап оюнуңду ойлоп калсам...
Душмандын сансыз колун сагызгандай
Сапырып кайра сага сaруулангам.

Кайран кез кайра артына карабады,
Капкара чачымды ак аралады.
Кудайга кетпес күнөө кылганым жок
Неликтен согончогуң канабады?

Короодон жаш баланын көрүп ойнун,
Үзүлүп кетүүчүдөй болот мойнум.
Жараткан, айтчы менин кай күнөөмдү
Эселеп жалгыз бала бербей койдуң?

Артымда атка минер жалгыз бала,
«Аталап» өлсөм ыйлап көмсө кана?!
Жер тиктеп сенин жүзүң карай албай
Түкүрүп турам көзсүз тагдырыма...

4—1594

Асыл жар, асылдыгың айдан ачык!
Кыйрады турган дүйнөм мелт-калт ташып.
Мен сени бала ордуна жал-жал тиктеп
Маңдайың сылайм келбес бара жатып...

## ЭР САЙЫШ

*Төр Жайлак жайлоосунда өткөн Райымбек болуштун ашындагы эр сайышка Эрназар менен Аксакал чыгат. Үч кайрылып сайышып сайышалбай, төртүнчү жолкуда Аксакалдын найзасы Эрназардын алкымынан кирип желкесинен чыга түшөт. Карс этип найза сынат. Сыныгы Аксакалдын колунда калат. Акыры өлө турган болгон соң өз жаздыгымды өзүм ала жатайын деген кыязда Эрназар Аксакалдын артынан качырып сала берет. Аксакал жарданып карап турган камыштай калың элдин арасына кире качат. Табалбай жандалбастаган Эрназар атынан ыргып түшүп, чөгөлөп отура калып, алкымындагы билектей найзанын сыныгын кош колдоп суурул алат. Оозунан кан кор дей түшөт. Ошондогу Эрназардын жанмузасы...*

Ушул кан акса болмок
душманымдын найзасынан...

Кечиргиле мени тоолор
кыркалекей карап турган.
Кечиргиле...
Намыс колдон
чыкпашы
керек эле,
чыкса да жүрөктөн жан
найзадан
эмес менин
өлүмүм – намысыман!..
Намысыман...
Кандай кылам?!
Алдыңарда акыркы ирет
кулдугумду уруп турам!..
Ушул кан акса болмок
душманымдын найзасынан...



Жаттан мурун өзүнө түз
тийип келген
кыргыздын найзалары
алмустактан.

Күйбөймүн
он гүлүнүн бири ачылбай
жалп өчкөн жаштыгыма,
жаш балама,
күйөмүн колдон учкан
намысыма...
намысыма...

Оздон сөз чыгып кайра
кайра оозго кирбегендей
келбеймин мен жарыкка...
Аман бол, куттуу тоолор,
кумсаң талаа,
балтыр бешик жаш балам,
ыраазы болбо атаңа
намысын алалбаган...
.........................................................
Билинбесин менин жогум...
.........................................................
оо, эр сайыш алтын оюн!

## КҮҮ ТЫҢШАЙМ

Кайрыкта катылган ойду издеп,
кайгылуу күү тыңшайм жер тиктеп.
Каректен каны аккан калкымдын
карааны кайрадан тирилет.

Жан издеп жамгырдай учат жаа.
Же өмүр, же өлүм – таймашта,
ок жеген аюудай өкүрөт
он уулу окко учкан абышка...

Баатырды бүт асып даргага,
жеңген хан окшошуп каргага
таң калат: – Атамды аман кой, –
деп айтпай сурданган балага.

Хан ата, ханзаада уулу
тең сүйүп теңдешсиз сулууну.
Теңирден тескери иш жасап
тең өлот – экөө тең жутуп уу…

Каран күн түшкөндө эл-жерге,
майдандан ал качып келгенде:
– Коркокту төрөгөн эмесмин
баламын башын ал! – дейт эне…

Ар-намыс бек сиңип кан-жанга
анан соң айланып арманга –
жогуңду бар кылып жобурап
акылын айткансыйт балдарга.

Кайрыкта катылган ойду издеп,
кээ күнү күү тыңшайм жер тиктеп.
Угулбас нерселер угулуп
көрүнбөс келгенсийт берилеп.

## ЖОЛБОРС АТА

Өз атына заңгел заты жарашкан,
Көргөн адам келбетине таңкалган,
Сайыш десе көзү күйүп үкүдөй,
Шамал болуп барбас жакка баралган.

Калган окшоп дөө-шаалардан мурдагы
Башкача эле анын найза сунганы…
Болчу төөдөй-жалаң койдун ичинде,
Бал-бал таштай – болчу жалаң кумдагы.

Ууру, кески аны көрсө
жолборсту
Көргөн иттей бекем кысып куйрукту;
Алдырбасы бар экен деп айылдын
Желе жортуп жер издечү «буйруктуу».

Ар башкача аян көрүп түшүндө,
Жыйырма эрди сайды жыйырма жыл ичинде…
Урпактарга улуу Манас жиберген
Жигит окшоп эл четинде жүрчү эле…



Бош чакага таш салгандай колдурап,
Сүйлөгөнүн далай уккам. Бала убак…
Током сынап анын комуз черткенин
Айтты дечү: «Жүгөн өргүн, комуз чап»…

Жүгөн өрдү, комуз чапты, комузу
Бүт комуздан болду көркөм, добуштуу.
Карамолдо черткен комуз Жокемки
Үнү даңктап турат Ата конушту.

Жокемдики черткен комуз Алымкул,
«Найза сунуп, комуз чапкан кол ушул,
Ушул колдун уздугун так тааныган
Көзү ачык жан тура кайран Токтогул…»

Дээр эле.. комуздан күү куюлчу,
Колдураса кылым үнү угулчу…
Манас ата жаткан тоону кайтарган,
Арбагы күч, аяр жандай туюлчу.

# ЖҮРӨК КҮҮСҮ

## ҮЙДӨГҮ КОМУЗ

Чалга тийип ичинде
Чалгырты калган келиндей,
Үйүмдө орүк комузум
Үңкүйүп турат чертилбей.

Кубангам коюп койгонго
Убалын анын ойлобой…
Баёого багы туш келип
Байын чапкан жоргодой,
Тунжурап турат
уялам
Карай албайм бетине,
Сүйүүсүз башы кошулган
Үй-бүлө келет эсиме.

## АТАМ

Бүт турпаты как бутактай какжайып,
кетмен башын калпагындай калдайтып,
ар күн сайын торгой менен тең туруп
сугатына кетчү сырын таңга айтып.

Жерге сиңген суунун угуп шылдырын,
сырлуу сөзүн тыңшагандай Кудайдын,
сууну тиктеп тура берчү тунжурап
оодарылып аккан окшоп миң кылым.

Сугатчы эле. Жандалбастап таң кечке,
кийиздей тээп өзүн ишке жанччу эле.
А кечинде бүткөн боюн тарталбай
чайдан башка даам сызалбай калчу эле…

«Жан кошсун деп жайнаган чөп жанына
кудуреттен жан жараткан Кудай саа,
ошол жанды оюн менен өткөрбой
пайдалан!» – деп айтар эле дайыма.



«Неге кыска көрпенденин өмүрү…»
деп таарынып тамак ичпей кээ күнү,
«Өмүрдөбү, өлүмдөбү, – дей берчү, –
бу жашоонун чыны менен төгүнү?»

Карап алып батар күндүн кызылын,
көп көргөмүн жаш куюлткан учурун.
Улутунчу: «Не адамзат жашоого
жамгыр окшоп келип турбайт утурум?!»

«Кышта тоңуп, жазындасы ырдаган,
адам жанын чымынчалык кылбаган
Кудурет – деп»… кейип-кепчип калчу эле
тили оозуна батпай келип сугаттан.

…Жашоо заңын атам эң кеч түшүндү…
Суунун жайын сурап жатып үзүлдү.
Атам берип жибергендей сезилет
Жерден алып жатканымда түшүмдү.

## ЖҮРӨК

Коп менен көргөн той деп жаткан элге,
Хан жарлыгы бачым жетет учкан желден:
«Энесинин жүрөгүн ким суурун келсе
Айдай сулуу, Күндөй көрктүү кызым берем…»

Жаш жигит ошол кызды көргөндү кой
ойлогондо оттой жанып күйүүчү эле,
алганга айтканындай калың болбой
айласы алты болуп жүрүүчү эле…

Бир нерсеге сүйүүнү ким айтат теңеп?!
Амалы бул сулуунун бир келди деп,
түрсүлдөп жаш жүрөгү элеп-желеп
үңкүйүп үйүнө тез кирип келет.

Элеңдеп эки жакты турбай карап
энесинин жүрөгүн шарт суурун алат,
алат да алдас-уруп кызды самап
жетпеске жеттим го деп далбасалап
келатып кулап кетет…
кулап кетсе

энесинин эт жүрөгү чаңда жаткан
сураган дейт: «таш тийдиби бир жериңе?!
Ай, балам ай, болмок экен абайласаң…»

* * *

Бу дүйнөнүн караңгы, ак, тереңин,
кайдан, кантип келгенинин себебин
билгиң келсе –
козүн тикте,
бакытка
бала эмизип балкып турган эненин…

Итке кушту тагдыр ойноп теңерин,
эртең элдин олорүн же корорүн
туйгуң келсе –
тулкун кара,
уулуна
нан табалбай ыйлап турган эненин…

## КОШ ЖЫЛААН

Ушул кезге чейин билбейм себебин,
жылаан десе кейпке келем кубарган.
Азыр мендей аларга өмүр тилесин
ар бир ырым, ар бир жазган чыгармам…

Эскичилик, мүмкүн жеткен эссиздик
макулуктун ыйыктыгын билбестен:
«Жолдон чыкса кеткин уруп өлтүрүп
жолуң болот ошондо» – деп үйрөткөн.

Айыл чети. Чаар жылаан чагылган
чарт эткендей өтө берди соймоңдоп,
коркконумдан жан калган жок жанымдан,
ташка алдым олтурбастан ой ойлоп.

Ал оролуп түпкүч болуп түйүлдү,
антеннадай ача тилин созду анан,
ким бирөөгө өлгөндүгүн билдирди,
жатып калды калыбында жанчылган.



Качып кеттим таманымдан чаң чыгып,
эртесинде барсам ошол шагылга,
да бир жылаан өлүп жатат суналып
мен өлтүргөн чаар жылаан жанында.

Жанындагы кай кыйбасы болду экен
энесиби, инисиби, жарыбы?
Көрдүм дагы тандым акыл-эсимден
бирөө сууруп бараткандай жанымды.

Ар кимге ыйык Кудай берген өмүрү
алда менин айбандыгым, иттигим…
Улам эстеп ошондогу күнөөмдү,
өгөлүүдө өкүнүчкө бүт күнүм.

Кеч да болсо кечиргиле, кош жылаан,
каныңарга забым болгом бир кезде.
Ата, иниме оомийин деп кол жайган
кезегимде турасыңар эсимде…

## САЯБАН ТАЛДАН ЖАЛБЫРАК

Саябан талдан жалбырак
Саргарып учса шамалга,
Сабалап кеткен булуттай
Сан ойлор келет санаама.

Агарган сайын чачтарым,
Ажалдын туюп капшабын, –
Селт этем элик сезгендей
Мергенчи келе жатканын.

Ким билет жакын, ыраакпы
Күн келээр бир күн кыр ашчу…
Жаралсак кайра
жаз сайын
Көгөргөн көк чөп сыяктуу.

* * *

Мына кара, балбалактап кар жаады,
бул кар эмес, ата-баба арбагы
арууланып аппак карга айланып
бизге ырыскы тилеп келип калганы.

Таңдан тынбай тамчылардын тамганы
тамырлатып касиетти кандагы,
татынакай бу жашоого тамшанып
өтүп кеткен өмүрлөрдүн жанганы.

* * *

Адам болуп жаралгандан өмүргө
Жакшылык иш кетпей оюң, санааңдан,
Жардам бергиң келип турса бирөөгө
Чыгар кушту капастарда камалган.

Жибергендей күндөн жерге жарыкты,
Жаштайыңдан жакшылыкка аракет, –
Болсо кумда туйлап жаткан балыкты
Ала коюп агын сууга сала кет.

Бир ооз сөздөн үйөр жүрөт каныңда,
Тамчы сууда тоо томкорор кубат бар.
Бирөөлөрдү кубарткандын ордуна
Колдон келсе кубантып жүр, бурадар.

## БУЛУТ КӨЧҮП ТУРАТ УЛАМ

Булут көчүп турат улам токтобой,
Саат сайын жамгыр төгөт шолоктой.
Ушундайда балалыктан башкасын
Унтуп салып уктоо сонун ойгонбой...

Карагайга кайың колун карматпай
Каткырышып качып барат дардактай.
Айдап жаткан алакандай айдоого
Конот жем деп чурулдашкан чардак жай.



Жашы өсөт, карт дарагы жыгылат,
Булутунан буулуккан сөз угулат.
Бир-биринен жем талашкан чардактар
Бирин бири жеп ийчүдөй чыңырат.

Жан жыттанат жалбырагы чөптөрдүн,
Көкүрөгүң өйкөйт ар бир өткөн күн.
Келет кээде ушул жашыл токойдой
Жапжаш болуп, бийик болуп өзгөргүң.

Түш тарабым күрөң, жашыл, жапжашыл
Жашыл болуп калчудай көз таптакыр.
Кайра дагы келеминби, келбеймби
Кана карап калайын сен аста жыл.

Жаш кулундай жаңы гана бошонгон,
Жашыл обон жылжып агат токойдон.
Кайың куду Есениндин ырындай
Бир кезекте өзүм сүйүп которгон.

*Выборг шаары*
*1991, июнь.*

## ТҮШ КӨРСӨМ

Түш көрсөм, түшүмдө өлүп калыптырмын,
ойгонсом жатам жатчу төшөгүмдө.
Оо, Кудай ооматыңа кулдук урдум,
кубандым кайра күндү көргөнүмө.

Кудукка чөккөн таштай дайыны жок,
көктө из калбагандай учкан куштан –
асманга тарайм, тарайм түтүн окшоп
тарабай ким калыптыр бу жалгандан?!

Чыккан сөз оозго кайра кирбейт шондой
кайрадан кайда бизге конок болмой?!
Дайынсыз жорткон желдей жоголомун
далайлар ат-жыты жок жоголгондой.

Дарактан сайрайт чымчык күндөгү ырын.
Калкылдап өтүп дагы канча кылым,
кай жакка барып кандай иш бүтүрөт,
ким айтат табияттын татаал сырын?!

* * *

Карышкырды бүркүт мыкчып тургансып,
Өсөт арча аска ылдый таш мыкчып!
Ташка асылган тагдырына ыраазы
Жаш агызбайт жайык жерди сагынып.

Мен да ошондой – арчага окшош жаралгам,
Мүнөтүмдү ыр деп каным кайнаткан, –
Акча курсун асмандагы айга да
Алмашпаймын эч убакта эч качан.

## БАЛАЛЫКТЫН – КЫЗЫКТАРЫ ӨТӨ КӨП

Балалыктын – кызыктары өтө көп,
адыр менен жылга менен төтөлөп, –
мени өзүнөн адаштырып кетиптир
адаштырган оңдуу бир кез көполок.

Айлар агып, күндөр учуп куюндай
жаштык күндөр кайра артына бурулбай,
шуу-шуу этип өтүп кетти жанымдан
жарганаттан жалт деп үркөн кулундай.

Кечээ жүргөн кереметтей жалтылдап,
бырыш болду бет гана эмес алкым жак...
баар күтүп, баамдуураак жүз күтүп
байке болдук бак түбүндө салкындап.

Биз Кудайдын мунусуна шүгүр – деп
олтурабыз ой оболоп күлүңдөп...
Жан жагымдан жамырашат жаш балдар
уясынан учкан куштай дүрүлдөп.

## УЙКУДАН УЛАМ

Үрөндө уктайт – урук
канча кылым өтпөсүн ал
кез келгенде
өнүп чыгат
үн кубултуп.



Кычыраган кышта уктайт
жылаңач жаз
жалбыракка жалынын
катып алып.

Сүйүүндө – уктап жатат
чоктой ысык чопулдактын,
жан эриткен жалынычтын
ар жагында
каракчыдай – жүзү кара жек көрүү.

Кулдукта уктайт – азаттык
күлкүсүнөн каары чыгып.
Тынчтыкта – согуш уктайт
уурутунан кан сызылтып.

Күндө – түн,
барда – жок
укташат кучакташып...
Мен – сенде уктаймын,
а сен – менде
эх дүйнө, кандай кызык...

## АЛА-БУЛА ИТ

...Ала шалбырт, суу турганда күкүктөп,
ала була кандек салды күчүктөп;
«Акылдуу иттен кандек кантип туулсун»...
эстен танды ээси үйүндө ичип көп.

Ит күчүгүн жалап жатты жан эзип,
«Элдин бетин кантип карайм, канетип?
асыл итке кандек күчүк жарашпайт,
өлтүрөлү!» – деп чечишти кеңешип.

Кудай бөлбөйт пендесин ак, карага,
Эне бөлбөйт уулун жакшы, жаманга.
Ала-була күчүгүнө жаныңды
бергин десе берчүдөй шол саатта, –
жалап жаткан теңдеш таппай дүйнөдөн,
жамандыкты сезди ээсинин көзүнөн.

Каяшадай жыттагылап кайра бир
күчүктөрүн томолотту төшүнөн.

Көөмп салууга койгон болчу жер казып,
Эне эмчегин ээмп жатышкан талашып...
күчүгүнө сунган колду кычкачтай
тиштеп калды иттин иттей жаны ачып.

Кан түтүктөй атып кетти. Кожоюн:
«Өлтүрбөсөм мен Майнеке болоюн»...
Чуркап барып кош оозун апкелип
атып салды укпай элдин ой-боюн.

Ала-була калды канга чыланып,
күчүктөрү кыңшылап үн чыгарып –
эмчек ээмп жатты эч нерсе элебей
энесинин ак төшүнөн куланып.

## КҮЗ

Торко тонун чечкендей
Жамырап бүт жалбырак, –
Конок үйдөн кеткендей,
Калды токой аңгырап.

Жел жеңилдеп каткырат,
Канаттарын кайрыбай.
Үшкүрүнөт жалбырак
Жер үстүндө кайгыдай.

Чымчык үнү үзүлөт,
Унутуп жол жомогун.
Токой билет, түшүнөт
Эртең эмне болорун...

Булут ээрчийт булутту,
Жолдор тааныйт бир-бирин, –
Аюу беттеп чыгышты
Барат тырмап киндигин.

Суур башы тартылат,
Артка тарткан поршендей.
«Өңгө жалган өлүм ак...»
Мага башка ой келбей, –



Тиктейм тоонун ак карын,
Ал узаткан далайды.
Анан дуба тартамын
Көрүп туулган жаңы айды.

Бассам улам шуудурайт,
Сансыз сары жалбырак.
Маа боор ооруп унчукпайт
Дүйнө тилсиз жалдырап.

## ЖЕЛ БАДАЛДЫН КӨЛӨКӨСҮН

Жел бадалдын көлөкөсүн
ээсине эркелеген күчүк окшоп
ырылдап жулкулдатат,
а көлөкө аны сезбей
бырылдап уктап атат.

Булактан булут өзүн көрөт дагы
булайып жылат нары...
Кызуу кандуу кишилердей бурк-бурк этет
жаш кымыз чаначтагы.

Чимелилер соолжанды
жабалактап жабышып жыккан өңдүү
жалгыз аяк жолду муунтуп баратышат
тебишкен тектир чөбү.

Азыркыдан ананкысы
абдан оор заманды ойлоп
келатам
кашат бойлоп...

## КӨЛӨКӨ

Толгон токой түркүн үнгө, түркүн гүлгө,
толосунан бөксөсү арбын аруу дүйнө!
Мен дарактын калтылдаган көлөкөсүн
неберемдей ээрчитип кетем үйгө.
Жан киргизип, тил киргизип
шамалдан мен

ойго келбес оюнчукту жасай берем…
Бир ууч суунун жүз жыл айтар жомогу бар
ал жомокту ага түндө айтып берем.
Демин ичке дирт-дирт тарткан колоконун
кантти экен деп карай калсам купкуу оңун –
суудан чыккан балык сымал оозун ачып
туйлап жатат
айтчудай өз аты-жонун…

# АРНООЛОР

## БАРПЫ

Айтышынан уу акса
Арзуусунан бал аккан.
Аккуунун өтү андагы
Атпай журт черин тараткан.

Жылдыздан кабар угуучу,
Ырдаарда жыргап кубулчу.
Көкүрөгү менен ал
Көрбөстү көрүп туруучу.

Азуусун айга жануучу,
Айтышты издеп баруучу.
Терекмин деген тебишсе
Куурайдай болуп калуучу.

Ырында Күндүн табы бар
Жаштыктын бүтпөс шаңы бар.
Кылымды аң-таң калтырчу
Кыргыздын каны, жаны бар.

Көз ачып ырды көргөнү,
Акындын Барпы мөлмөлү.
Ырынан ушул дүйнө эмес,
Ааламдын келет жөн-жөнү.



## КОРГОЛ

Пир колдогон жоргонун,
Бири ушул Корголум.
Башыңды кесем десе да
Болгондой айткан болгонун.

Тартынбай ырын шар айткан,
Тамгадай тактап так айткан.
Айтылуу ак Бакайы
Атпай журт көзүн алайткан.

Куржалак калып билимден,
Өнөрү менен билинген.
Өкмөткө ырчы болбойм деп
Өлгөндөн кийин тирилген.

Көп мыктыга камчы урар,
Көөнөрбөй ыры жаркырар.
Аты Коргол болсо да
Таланты жактан Шамшыкал.

Порумдап айтып ыр нуска,
Боздоп ырдап турмушта –
Кудуреттен мурун ал
Кул болуп өткөн Чындыкка.

Ай асман жакта арышы,
Ыр, күүнүн накта намысы.
Коробос, сынбас улуу мүлк
Корголдун, кыргызда болуп калышы.

## АЛЫМКУЛ ҮСӨНБАЕВДЕН УЛАМ ЗАМИРБЕК ҮСӨНБАЕВГЕ

Ар дайым колдоп бир жүргөн,
Ааламдан келген аруу ыр.
Үнүнө үркөр үйрүлгөн,
Үсөнбай уулу Алымкул.

Таңшыган булбул, бал таңдай,
Таберик эле бир келген.

5—1594

Жыргалга жанды малгандай
Комузу колдо күүлөнгөн.

«Олжобай менен Кишимжан»,
«Саринжи-Бокой», «Кожожаш».
Эртеңки күнгө калтырган
Элдерде мындай мурас аз.

Төгөрөк дүйнө төрт бурчун,
Топ келтирип кечке озү.
Тошолто токкон соз курчун,
Токмонун болчу токмосү.

Сүйүнүп калам Замирбек,
Атасын тартты дегенде, –
Анын чын болсо жан үрөп
Атаңдай эмгек бер элге.

Атаңдын колдоп арбагы,
Булбул куш болуп таңдагы,–
Бурулуп сайрап
көктөгү
Жылдыздай күйүп жан дагы.

Тулпардан калган туяксың
Капталга камчы салдырба.
Эркелей бербей кечке эле
Элүүдөн кийин жакшы ырда.

## МИДИКЕМ

Жалганда жашаган айтышат,
Айтышат дүйнөнүн бири кем...
Мен үчүн дүйнөнүн бири кем
Жок үчүн дүйнөдө Мидикем.

Акындын гүлү эле аңкыган,
Ойлору океан чалкыган.
Сүйүүнү билбеген макулук
Сүйүүгө ырынан балкыган.

Ай болуп төбөдөн жанууучу,
Ааламдын жүрөгү, каруусу.



Дүңгүрөп дүң салган дайыма
Дүйнөнүн кошуусу, алуусу.

Тоолордун тоолордой айдыңы,
Тилинде торгойдун кайрыгы.
Ырлары кыргыздын гана эмес
Кылымдын кыярбас байлыгы.

Чоңдоруң чагымды чагышты,
«Досторуң» боткодой жабышты.
Өзүңдү «өлтүрүп» оздөрү
Сабыңа татыбай калышты.

...Мен үчүн дүйнөнүн бир кем,
Жок үчүн дүйнөдө Мидикем...
Ырларын өпкүлөйм төрөлгөн
Таптаза наристе сүйүүдөн.

## БАЙДЫЛДА ДЕСЕМ

*Байдылда деген байкем бар,*
*Байкеме окшош кай кен бар?!*

*(Ырдан)*

Байдылда десем жүрөккө
Куюлат ырлар ою ага, –
А Сарногоев дегенде
Элестейт көзгө поэма.

Окшошуп учкан аккууга,
Ааламга ай, күн, жылдар сыз.
Төрөлчү бардык акында
Байдылда байке, Сиз барсыз!

Өзүнөн мурун элди ойлоп,
Ырга ыр болгон Байдыкем, –
Турмуштун тузу кем болмок
Тулпардай туйлап келбесең...

Кысталыш кезде кыргыз деп
Кыйкырып ырдап тургансыз...
Кылымдан кылым эркелеп
Кыргыз бар жерде Сиз барсыз!

## РАМИС

Рыскул уулу Рамис
Ыр боюнча чоң адис.
Жүгүрүп кетет космоско
Жүрөгү экөө, кулагы үч.

Кышты коюп карытып,
Жаз менен чуркайт жарышып.
Каар чачат заманга
Капкан менен кабышып.

Жалбырακты жүрөк деп
Жаным анда жүрөт деп.
Койколоңдойт космос бүт
Космос ырым билет деп.

Генийлерге кумсарып,
Кембагалга жумшарып.
Келе жатат кыргыздын
Ырларына чуу салып…

Космос жакка түз барат,
Түз барганда жүз барат.
Жылдыз кызын жактырбай
Кыргыз кызга суктанат…

Досу тоонун куюну,
Чачы ырдын уюгу.
Баарыбыздан башкача
Көрүү жана туюму.

Жеңил окшоп көрүнөт
Бирок ыры салмактуу –
Сыйкырындай космостун
Миң бир эки тармактуу…

Көбүбүздөн билимдүү
Ыры жанга күйүмдүү,
Туткасындай турмуштун
Миң бир эки түйүндүү…



Тажайт кээде өзүнөн,
Танат кээде сөзүнөн…
Ыракемди көргөндө
Мен ырларга кезигем.

## АЙТАЛИЕВ АШЫРААЛЫ

Ар кимдин ырдап өтөт жаш убагы,
Акындын бирок жакшы азыраагы.
Атпай журт мыкты деген акындардын
Мыктысы Айталиев Ашыраалы.

Жалган атак алгандардан кимдер калды?
Ойлобо ордендерди, наамдарды.
Орден менен Токмокко да жеталбайсың,
А ырларың аралатат кылымдарды.

Обонуң оттон бүткөн, чоктон бүткөн,
Ырларың кыздар окуп сүйүү күткөн.
Күкүктөй үнүң безеп
күжүлдөйсүң
Күлүктөй чоң жарышка жаңы түшкөн.

Алтындын кайда жерге катылмагы,
Жаман деп эл жакшыны жашырабы?
Жашырбайт,
ал андыктан картаюуга
Акың жок Айталиев Ашыраалы.

Арактын жакшы дейсиз азыраагы,
Ал туура! А эл үчүн чачың агы
Бир тыйын
ошондуктан ой эргитип
Обон соз Айталиев Ашыраалы.

## ЭСТЕКЕМ, ЫРДЫН НӨШӨРҮ

Казак менен кыргыздын
Кара жаак ырчысы.
Кандай жыйын, топ болсо
Кайкалап ырдап турчусу.
Азайгандан азайган
Азыркынын курчу ушу.

Өнөрүң көктөн табылган,
Өлөңүң казак сагынган.
Алтымыш жаштан ашсаң да
Айныбай жүрсүң табыңдан.
Кыйкырган ырың, Эстеке
Кылымдан кылым жаңырган.

Көгөргөн эки эл өзөнү,
Эстекем, ырдын нөшөрү.
Жаңшанган үнү жан эмес
Жашарткан үйдү, көчөнү.
Таанышат аны эки элдин
Күчүгү, жууркан, төшөгү.

Тулпардан калган туягым,
Туптунук аккан булагым.
Алымкул, Калык, Осмонкул,
Алптардын жолун уладың.
Маарадан чыгып келесиң,
Максаттын көздөп ыраагын.

Жаманың укса күйүнгөн,
Жакшыңды укса сүйүнгөн,
Акындык нуска изиңди
Илгиртпей илип жүгүргөн,
Жаштыкты дайым каалаган
Жатындаштай иниң мен...

Колдогон тоосу, талаасы
Эки элдин эрке баласы.
Каадалуу ырга карк болсун
Катарлаш эки эл арасы.
Наамыңды актап ыр менен
Намыска дагы жарачы...

## УРКАШ МАМБЕТАЛИЕВ

Азыркынын Уркашы,
Алп «Манастын» уйкашы.
Тажаалданып калганда
Тайторудай чуркашы.



Эч-эч кимди туурабай,
Бурк-бурк этет буурадай.
Эки көзү кылымды
Көрүп турган турнабай.

Айдан акыл тапкандай
Аалам сырын ачкандай,
Уркаш эмес «Манасты»
Арбак айтып жаткандай,
Чагылган от чаккандай,
Чалкып Талас аккандай,
Түбөлүккө кеткендер
Түгөл келе жаткандай...

Жан дүйнөң бүт жай алып,
Улуу дух канга таралып,
Көз алдыңан көп тарых
Өтүп турат саналып...

## АМАНТУР АКМАТАЛИЕВГЕ

Амантур жоош киши, момун киши,
Өнөрлүүнү таап жазган сонун киши.
Кылымдардан кылымдарга кыйшайбаган
Кыргызына күлазыктай берген иши.

Камчы өргөн, ээр чапкан, шырдак ойгон,
Куттуу өнөр унутулуп болордо ойрон,
«Эл өнөрү эртеңкинин энчиси» – деп
Эргип иштеп орду-ордуна сенсиң койгон.

Айланып Алатоону учкан куштай,
Уздарды издеп жайды жайлай, кышты кыштай.
Эмнеден эмне жасайт, кантип жасайт?
Изилдедиң ийне менен таш казгандай.

Ишиң аппак болгон менен өңүң кара,
Атпай журттун намысына дагы жара.
Журналистмин деп жулунган жүнүн жешет
А бирок да сендей болуш каякта аба?!.

… Абаке, сени мышка барды дейби,
Мышты урматтап дагы токол алды дейби?!
Жаш токолду ким көрүнгөн алып жатат
Сендей эстүү адам алса мага мейли.

«Байдыкын байкуш аяйт…» эмне кейийм?!
А көрөк эстүү бала калсын дейин…
Зоболоңду бийиктеткен токол эмес
Изги иштерди иликтеген эмгектериң.

## ТОКМОК БАЗАРЫ

Тоңбой карга, жаанга
Опур-топур заарда
Олтургандан турган көп,
Орустардан дунган көп.
Кыргыздардан казак көп,
Кызыгынан чатак көп.
Баары жулмай, алдамай
Балдар чуркайт каргадай…
Алгыла – дейт, келелейт,
Бирин-бири тебелейт.

Киши коркот өңүнөн,
Кисебир көп жөнүнөн.
Коргон адам ооруган,
Мунжусу көп соунан.
Кулак укса казакча,
Көздөр көрөт дунганча.
Капчык болот таптаза
Кайра колуң сунганча.
Маарайт койлор кыргызча,
Ат цыганча кишенейт.
Койбой бербес оюңа
Кайырчылар кичилейт.
Бака-шака баарысы,
Базар-аары уюктай,
Жашы менен карысы
Жарым мүнөт тынышпай, –
Түркүн тилде түркүн үн
Көкөлөткөн товарын,
Алмак турсун курусун
Келбейт деги карагың.



Ишеничи калбаган
Көзгө жүрөк эзгенче –
Башаламан базардан
Шашыласың кеткенче…

## БАРЫП КАЛСАМ КАНТОР ЖАККА

Ашым, Бакир, Абжей жана Оңолбектер,
Алар барда коркүн ашчу ар кыл кептер.
Ушулардын сөзү үчүн мында келчү
Иштегенди мындай койгун иштебестер.

Кантор жактан каткырыктар чыгар эле,
Барып калсаң бакылдашкан ошол кезде.
Элди артисттер күлдүргөндөй күлдүрүшүп
Көздөрүнөн жаш куюлтуп турар эле.

Бетке айтышчу, какшыкташчу, шылдыңдашчу,
Шылдыңында жууса кетпес көө так жатчу.
Куурагырлар дагы кимди куйкалайт – деп
Парторг эмес башкармалар жалтаңдашчу.

Октон дагы коркпойм деген коркот сөздөн,
Ок жетпеген жерге жетет чын сөз деген.
Айылга алар алымдуу эле акыйкатта
Айткан сөзү, ажат ачкан эси менен.

Кечээ күнү барып калсам кантор жакка
Каткырык жок, кабылдым бир кайбар маска.
Кайсы жерге колуң жетсе жулган, жуткан,
Кайран айыл кабылыптыр ит адатка.

Касиети качкан кантор көрүстөн окшоп
Анткени Бакир, Оңол, Абжейлер жок.
Аржакта алма бактын арасында
Бир бирин алдайт мастар болуп топ-топ…

## АЯЛ

Миң назик, миң бир эсе аруу, аяр –
аты, заты маа таберик алтын аял,
өңүндө ай-ааламды таң калтырган
табияттай табышмактуу керемет бар!

Түшүнөм деген сени алдайт өзүн,
кереметтин керемети аппак төшүң –
серп салып дүрүлдөгөн кылымдарга
дүйнөнү дүңгүрөтүп турат көзүң.

Түрлөнтүп табиятын ар бир кечте,
жашарат картаң дүйнө аял десе.
Алоосу өзүңөргө чыккан ырдын
албырып тийип турган Күнгө тете.

Жашоонун жыргалысың, азабысың,
тирүүлүктүн бакылдаган базарысың.
Бир жолу балың таткан эки дүйнө
өзүңө раазы болуп жашары чын.

Оо, аял, сен деп күйдүм, эстен тандым,
жеткирбей желдей учтуң, арууландың.
Көңүлүм миң бир эсе калса дагы
өзүңө келе берет күйүп-жангым...

* * *

Ажырашып кетишиптир дегенде
азайбаган бир от күйүп денемде, –
ал аялдын ойлоп койбой кандайын
эптеп жетип алып алгым келчү эле...

Көз кыскандан көчөдөгү эркекке
көк ала койдой туш болуптур келтекке, –
дегенди угуп урганы үчүн күйөөсүн
жеп ийчүдөй жек көрчүмүн эң эле...

Аял десе акылыман адашып,
арзууна арзышка жол талашып, –



аска ташка миң бир эки чыкканмын
кол, бут эмес жүрөгүмдү канатып.

Балбылдаган каректерин көргөндө,
бактым толуп батпай кетчүм мен жерге, –
акча эмес, алтын эмес жаныңды
бергин десе даяр болуп бергенге...

Аванымды аста-секин чыгарып,
сулуу көрсөм калар элем кубанып...
Азыр жүрөм өзүмө өзүм окшошпой
ошондогу ойлоруму уялып

Албуут кыял, эссиз эңсөө заматта
алып жүрүп кетчү аял тарапка...
Азыр бетим анар болуп албырат
айдай кыздар «агай» дешип карашса.

Кайран жүрөк кажарынан танганбы?!
Жоодураган жоогазындай жалжалды
ойлобосом өлүп калам дечү элем
же ошентер кез жакындап калганбы?!

Алар кирбей акча кирет оюма,
бир оорлук орноголдой боюма,
кан кайнатып, жанымды эзген жалын жок,
кудуңдаймын курсагымдын тогуна.

Жүрөк байкуш жүрүшүнөн тангандай,
басканым да, жазганым да абдан жай,
сыртым ошо, а ичимди бирөөлөр
бүт аңтарып алмаштырып салгандай...

Бутактары кууроо салган терektей,
азыр өзүм өзүмө өзүм эместей
бир чекитти тиктей берем...
а дүйнө
мага күлүп бараткансыйт жөн өтпөй...

## КҮЙӨӨ

Дайым ысык арзууларга арга барбы
ошол арзуу адам кылган адамдарды…
Жары үйүнөн: «Келбеймин» – деп чыгып кетсе
жаны чыгып кеткен өңдүү турбай калды.

Күн күрпүлдөп, адыраңдап айлар акты,
кайра келсе куулуп «эрден» куудай жары
кудуңдаган жаш баладай кучак жайып
көзүн карап көпөлөктөй чарк айланды.

Кеткен жары келген өңдүү айылчылап,
күлүң-күлүң күйөөсүнүн чачын сылап
көзүнө тик карай албай турган кезде
байкуш күйөө ыйлап ийди балбалактап…

Балбалактап кое берди берки дагы:
«Жүрөгүмө сенсиң даба, сенсиң дары»…
бир бирине кучактары куп жарашып
кулап кетсе ырдап ийди төшөк жаңы.

## БИР КЫЗДЫН КАТЫНА ЖООП

Буркурабайт бардык элге гүлдөн жыт,
бардык эле кыздарга ыр жазылбайт.
Бөлөк болот ыр жаздырчу кызда кут,
андай кыздар «Мага ыр жаз» – деп качырбайт.

Тарбиялуу, тастаңдабайт, а чыны,
аруу кыздар уяң болот, наз болот.
Кытыгылап калган кезде кылыгы
козголбогон дүйнөң анан козголот.

Зымырык куш миң канатын жайгандай,
сулуулукка суктанат да бир кумар –
бал бергенин аары билбей калгандай,
ыр жазганын билбей калат акындар.

Жүзүндөгү эч кимде жок аруу нур
жүрөгүмдү жүз мыжыгып эзгенче,



жан укпаган ырың кайра угулуп
жыргал чачып жылдызга учуп жеткенче, –
шаштырбагын, кызга өзгөчө жарашат
ызаат күткөн, ыймандуу бир тартынуу…
Ошондо ыр ушунча тез жазылат
тилсиз баарын түшүнгөн көз аркылуу.

## КОШТОШОЛУ

Аа дегенде алыс жакты мелжедим,
аракты мен «Сиз» дебестен «Сен» дедим.
Жети атамдын өчү бардай ичишип
ичкен сайын ичким келип дегдедим.

Жылаан менен боз торгойдой арбашып,
мен өзүңө, а сен мага жармашып…
Калч-калч этип каным каткан кездерде
алдым сени алмашпаска алмашып.

Таткан сайын таткым келип тамшанып,
көлөкөдөй сени ээрчидим канча арып…
Жатындаштан жакыныраак деп жүрсөм
кете бердиң көр оозуна алпарып.

Кожожаштын эчкисиндей арыктап,
бассам башым тегеренип, чалыштап,
бүт баарынан куру жалак каларда
билдим сенин иттигиңди аныктап…

Көрөт ар ким туш келгенин багына.
жаман айтат жаман кеткен жарына.
А мен антип жамандабайм өзүңдү
кайда жүрсөң аман бол деймин дайыма.

Туура сөздү эч акым жок бурушка,
сенден баткам далай бакыт, ырыска.
Учурунда учугуңду узартып
ууланса да ичкен досуң унутпа!

Өмүрүмдүн масы арбын соунан,
эми адашпайм алган аруу жолуман.
Ташка чыгып таштагым бар өзүңдү
көрүп калсам көчөдө эл колунан.

Минткениме капа болбо, муңайба,
ачууңду ичкендерден чыгарба,
ансыз деле акылынан адашып
акмактар көп, оонап жаткан ылайда.

Аман болгун, кайран арак, кайран дос,
бу дүйнөдө сенден жакын дос болбос.
Эси барда эстүү жабат этегин
жаптым этек, жылмаңдаба,
кайыр кош.

Көөнүм сенден көчкөн журттай калганын,
мен айтпайын, а сен укпа «балбаным»...
Өсчү уулуңа көрсөтпө дейт шаарды
сени көрбөй өссө болду балдарым.

## НЕБЕРЕМ АЙДАРГА

I

Сындырасың оюнчукту, кыякты
Сен келгенде бака-шака үй – кырман.
Жарымынан кесип салган сыяктуу
Мурунуңдун айланайын быйтыйган.

Баары бир тең, сен бир теңсиң садагам,
Өкөөбүздүн жаныбыз бир өңдөнөт.
Келбес сапар кетеримде ааламдан
Сен гана алып калчудайсың өлбөлөп...

Кужураган добушуңду таңды-кеч
Уккан сайын уккум келип эзилем.
Мотураңдап ойноп жатсаң, сен эмес
Өзүм ойноп жаткан өңдүү сезилем.

Мен өзүмдү көргөнсүймүн өзүңөн,
Басканыңан, күлгөнүңөн, ыйыңан.
Эчак эле өтүп кетип дүйнөдөн
Кайра сен болуп жаралгандай туюлам.



Кандай жыргал карегиңди караган,
Өзүмдү өзүм көргөн окшоп күзгүдөн.
Табиятка таң калгандан таң калам,
Анан аста жүз үшкүрүп, жүз күлөм...

II

Билбей калдым кай жеринен жаңылды,
Неберемдин «кемчилиги» табылды.
Энекеси эмдеп кирсе эрке ыйлап
Чогоолдонуп чок баскандай чаңырды.
Отко түшө калуучудай октолдум
Сабап жаткан сыяктанып жанымды...

III

Сабап койсом саат өтпөй эркелеп,
Сакалымды сылап келет «Ата» деп.
Мен төпөштөп койгонума уялып
Кейийм сени урган колум сынса – деп...

Кубанычтуу кужурап да, кобурап
Кайра мага мурдагыдай бой урат.
Бака-шака боло түшөт үйүбүз
Тамашасын баштап кирген той сымак.

## КЫРГЫЗЧА ЫР ЖАЗГАН ЧЕЧЕН АБУБАКАР АЧАКАНОВГО

Кекиртектеп келген кезде муң, кайгы
кепке дарман келбей калат турбайбы...
Кан түкүрүп кайгырганым: «Чечендин
башындагы кара булут жылбайбы?!»

Эркиндикти ыйык көрүп баарынан
баатырдыкка барган элге багынам, –
жактыргандан кайратыңды канжардай
жардамга да кан беремин каныман.

Кимдигиңди билсе дагы тааныбай,
карматканда мурдагыдай каарын жай –
сен селт этип чоочубастан чоктонуп
чоңсунганды чагып алдың аарыдай.

Аз болсоң да чогоолдонуп Чеченим,
накта бүркүт тукумунан экениң
да бир жолу далилдедиң...
Мен билем
сен багынат деген сөздүн бекерин.

Далай кордук көрсоң дагы орустан
кол көтөрүп, баш ийбедиң эч качан.
Эгер башка эл силердей тараса
өз жерине келмек эмес кайрадан.

Чок бассаң да чогуу басып бөлүнбөй
ынтымактын ырыс нанын бөлүп жей –
жаманы аз, жакшы күнүң көп болуп
жаша Чечен кылымдарга жеңилбей...

Кекиртектеп келген кезде муң, кайгы
кепке дарман келбей калат турбайбы...
Дуба кылам Чечен менен Ингушка
экинчи ирет көрсөтпө деп мындайды.

## ЖАКШЫ ЫРЛАРДЫ ОКУГАНДА...

*Акын Токтосун Самудиновго*

Жакшы акынды дайым жаш деп эл билет,
Туйбай калдым чыкканыңды элүүгө,
Жакшы акынды убагында жакшы деп
Айтпаганга көөнүм түтөп кейүүдө.

Күлүк атка камчы шыбап чү деген
Тездик менен тилегимди жиберем;
Жакшы ырларды жамыраткын –
жакшы акын
Жазган сайын арылат дейт күнөөдөн.

Жыпар жыттуу алма алгандай апаман,
Жакшы ырларды окуганда жашарам.
Сенин ырың серпилиши таланттын
Бүткөн өңдүү даарып өткөн батадан.



Оңурайган поэзия капшытын,
Толтур ойлуу ырлар менен акыным.
Атпай журтуң арасында мен жүрөм
Амандыгын тилеп алтын башыңын.

Кашаңыраак болсо дагы басканың,
Кайып куштай бийик учуп жазганың,
Окугандын жанына от тамызып
Алкыш болсун ар түнкү азап тартканың.

## Досум, Республиканын эл артисти АСАНКАЛЫЙ КЕРИМБАЕВГЕ

Асанкалый ырларынын ыргагы
Кызыл гүлдөй кызыктырып кырдагы.
Уккан сайын ойкой берет жүрөктү
Эске салып муң, арманды мурдагы.

Кимдин өтүп азап менен ай, жылы,
Ташка тийип талкаланса тагдыры,
Уксун ушул Асанкалый ырларын
Угар замат унуткарат кайгыңы.

Шаңдуу күндөр шаaниси көп созулбай,
Калып калсам катарыма кошулбай,
Сенин ойлуу обондоруң келет да,
Маңдайымдан сылап турат досумдай...

Жан жыргаткан жамгыр окшоп жаздагы,
Улам уксам улам ырың жапжаңы.
Обонуң соз! Эрип кетсин эт жүрөк,
Эрип кетсин эшиктеги таш дагы.

Элге жакпайт обондордун тузу азы,
Обонуңда бар жашчылык кусасы.
Сенсиң бүгүн – азыркынын Атайы,
Сенсиң бүгүн – бүгүнкүнүн Мусасы.

Ойлон, иште мүнөттү тек кетирбей,
Өмүр желдей өтөт экен сезилбей.
Өткүчөктү жаратып кал жолборс жон,
Жоон-жолпу обондорду өзүңдөй...

## Республиканын эмгек сиңирген артисти КАНЫКЕЙ ЭРАЛИЕВАГА

Үнүңдү уксам убайымды унутам,
Ууз сүйүү нуруна жан жылытам.
Өкүнүчкө өгөгөнсүп өмүрдү
Өргө чуркар өнөрүмдү суутам.

Күлкүсүндөй балтыр бешик баланын,
Күмүштөнүп бир башкача абаның.
Уккан сайын ааламга абай салгансып
Сагынычтан сар жылдыздай жанамын.

Кереметтен келип калган окшойсуң,
Кемегеде кемибеген оттойсуң.
Кол жетпеске үн жетет дейт, сен ушу
Үнүң менен козголбосту козгойсуң.

Талантыңа билим болуп өбөлгө,
Бийиктей бер, тереңдей бер, тереңде.
Кедеймин – деп айтпай жүрсүн Атайбек,
Кедейлигиң көп хандыктан көп өйдө…

Үнүң тунук махабаттын дабышы эй,
Айыкпаган оорулардын дарысы эй…
Каныкей бар – эрдик, эстин үлгүсү
Сен таланттын үлгүсү бол, Каныкей!

## НАМЫСКӨЙ БОЛ!

*кызым Айсалкынга*

Намыскөй бол, тырышчак бол, өжөр бол,
Сулуулукта бул касиет болбосо –
Жакшылыктан жамандыктын күчү зор
Аксап калууң мүмкүн ушул жашоодо.

Киргил тартып калбаса дейм көңүлүң,
Ыйманы аз, ыпласы арбын бу күндө.
Төбөм көккө жете түшөт көчөнү
Сен как жарып гүлдөй жайнап күлгөндө.



Кудай айтсын боло турган теңиңден,
Алпечтедим он баланын ордуна.
Кымбат кыз бол, кыргызына берилген,
Бакыт консун баса турган жолуңа.

Өмүрлүү бол! Өкүнүчүң аз болсун,
Талчыбыгым, таңкы гүлүм, татынам.
Кудурети колдоп ушул тоолордун
Ылайымга кут кетпесин башыңан.

Сыноолор көп абдан татаал көрүнгөн,
Сыноолордон сыр алдырбай өтүп жүр.
Ар-намыска жарасын деп берилген
Аталардан бизге мурас бул өмүр.

*Советск шаары*
*1991-жыл, май.*

**II**

Бойго жеттиң туш болосуң кандайга
Тагдыр күнүң кандай болот, не болот?..
Ойлой берем эртеңкиңди ааламда
Сенден башка ойлонорум жок окшоп.

Чарчаганда уктап калат чыккан Ай,
Сени ойлосом кирпик какпайм эчен түн.
Коргүм келбейт, көрсөтпөсүн Кудай ай,
Кайгы-муңга айланганын күлкүңүн.

Чарчайт дешет суу да кээде аккандан,
Сен жөнүндө ойлонгондон чарчабайм.
Болсо болор маңдайыңа жазылган,
Кандай болбо канат болуп калкалайм.

Жамандыгың уккум келбейт, угузба,
Окууңа тызылдайсың таң азан.
Менин даана билгеним бул турмушта
Бактылуулук келбейт жалаң базардан.

Бир топ, бир топ акылың бар дээриңде
Акылыңа акыл кошсун Кудайым…
Өзүмө өзүм ишенбеймин кээ бирде
Бирок сага ишенемин ар дайым.

Билем журтуң биздер менен бирге эмес,
Кабагыңдын бүркөлбөшүн каалаймын.
Айсалкыным, эң башкысы дүйнө эмес,
Мээнет менен бийик болсун таалайың.

*Бишкек шаары,*
*1994-жыл, октябрь.*

## ТАЛАНТЫ ОПОЛ ТОО ЭЛЕ...

*Ашым Жакыпбековдун эстелигине*

Таланты опол тоо эле,
Тоо эмес аска зоо эле.
Калтыратып арагы
Калмактан катуу жоо эле…

Кабарсыз келип алды чым,
Кантемин жүрөк кайгысын?!
Берешен улуу таланттын
Бералбай кетти жармысын.

Аракты көрсө качканда,
Ай-жылдап китеп жазганда,
Айтматов менен жарышып
Асманда жүрмөк асманда…

Канатын малып жалынга,
Бир шумкар учту табында.
Сүйлөмү жүрөт эл менен
Сүйлөгөн кыргыз барында.

## ОҢОЛБЕКТИН ЭСТЕЛИГИНЕ

Сени менен бир ай бирге болом деп,
таң атырган тамашаңа тоем деп,
отурганда очорултту шум кабар
олдо кайран, Оңолбегим, Оңолбек…

Кулун-тайдай куракгагы курдашым,
кубанганда, кубарганда сырдашым…
Эми барсам кимдер менен аралайм
«Кайыңдынын» ак кайыңдуу жылгасын?



Бирге окудук, бирге жүрдүк каткырып,
бирге өттү билинбеген жашчылык…
Эми барсам алып кетет ким мени
барбаландап баспас жакка бастырып?..

Сен айткандай кудай жолум колдоду,
туурум болду туулуу кыргыз борбору.
Жолдош күттүм, дос да күттүм, а бирок
сендей мага күйүмдүүсү болбоду.

Сырларды айтып аялдардан жашырчу,
түндөр болбос сүйлөшүп таң атырчу…
Демейдеги басылбаган баш оорум
сени менен көрүшкөндө басылчу.

Селт этчүмүн сендей көрсөм көчөдөн,
адам элең ичи таза, пейли кең…
Алда канча ысык элек экөөбүз
төш тийгизип: «доспуз, доспуз» – дешкенден.

Барып калсам азил-чындан эркелеп,
жылдап эмес айлап, күндөп келсең деп...
кээде үшкүрүп калар элең: – Карганда
үйдү салсаң маа жанаша салсаң – деп…

…Кечээ уктум «Кетти» деген кабарды,
угуп көөнүм ушунчалык карарды...
анан сөктүм жарабаган кабарга
жарым акыл жарың жана агаңды.

Ачуу менен айтканды алар кечирер…
Адам бир күн бекинерин бекинер
бекингендер билбес, бирок оо, кийин
бекингенге зор жетимдик сезилер.

«Кош» дегенге ооз барбайт кайгы улам
эс тандырып эзип барат жанды улам…
Айыл барсам мурдагыңдай жарк этип
күлүп-жайнап чыкчудайсың алдыман.

Сени менен бир ай бирге болом деп,
таң атырган тамашаңа тоем деп,
отурганда очорултту шум кабар
олдо кайран, Оңолбегим, Оңолбек…

## БИР АЗГА ТОКТОЙ КАЛСА

Бир азга токтой калса
бычыратып
ат бутун басып кетчү доңголоктой –
кор турмуш кайгы деген камчыны алып
сабоодой сабайт мени күн жөн өтпөй.

Доңголок кууп келет. Жаным чыгып
тызылдайм, тер куюлат таманыман.
Ансайын азыр жетип күм-жам кылып
кетчүдөй өмгөктөнтөт араба улам.

* * *

Жашообуз жаман өзгөрдү,
Сураба көңүл чөккөндү.
Ириңдейт жүрөк уруштан
Ит болуп тентип кетсемби?!

Кайталап айтып не кылам
Кайгыдан чылым чеккенди.
Кылымдай –
үйдө отурган
Ишемби менен жекшемби...



# АРЗУУ ЫРЛАРЫ

## СЕНИ КӨРГӨН ТҮШТӨРҮМДҮ ЧОГУЛТУП

Сени көргөн түштөрүмдү чогултуп
Жашыл гүлдөй өстүрөмүн бөлмөмө.
Жалын чачкан жамалыңды өпкөнсүйм
Жайнап турган ошол гүлдү көргөндө.

Сен жөнүндө ойлорумду чогултуп
Жаш булбулдай сайратамын бутакка.
Сагынычтан сары оорудай саргайып
Сарууланып жүрбөй калган убакта.

Сага арнаган ырларымды чогултуп
Сендей сулуу поэмага айлантам.
Ырдан өзүн көрүп алып сүйүнөт,
Махабаттын даамын таткан ар адам.

## КӨҢҮЛ КӨКТӨ КӨЗДӨРҮҢДҮ КӨРГӨНДӨ

Көңүл көктө көздөрүңдү көргөндө,
көрбөй калсам көпкө убай жеп...
Жашап келем ушул жарык дүйнөгө
жалгыз сени таарынтпайын деп.

Сактайм сөздү сага гана айтууга
келе берет күндө сүйлөшкүм.
Жыргал жетпейт так өзүңдөй жыргалга
сен бар үчүн жыргал өмүрүм.

Уккан сайын уксам деген – күүсүң сен
кайрыгыңдан кагылайын ай.
Өңгүрөгөн өмүр өтмөк дүйнөдөн
өткөн болсом сага кабылбай...

Сурабаймын мурдагыңдын кандайын,
суусаганда ичсем – балдайым.
Так ушундай болгун, болгун ар дайым,
өзүм гана колуң кармайын...

## АТЫР ЖЫТТУУ

Атыр жыттуу, аруу дагы, ак дагы,
жайнап турган жашыл гүлсүң жаздагы.
Тазалыгың даңктап ырдап тургансыйт
таңдан тынбай суунун шылдыр акканы.

Көрдүм дагы сени жаттан кызгандым,
сүйүп калган кызганат деп укканмын.
Сени гана сергитүүгө шилтенет
канаттары кайкып учкан куштардын.

Ак тайлактай ак булуттун кырдагы
үлп-үлп этип үн чыгарбай жылганы,
татынакай келбетиңе жетинбей
табияттын сага арнаган ырлары...

## ЫРЛАРЫМДА КАРЕГИҢДИН НУРУ БАР

Окуган жан окуур замат жылынар,
Ырларымда карегиңдин нуру бар.
Сени кандай сүйөрлүгүм тууралу
Жаңшап берер жанга айтпаган чындыкты ал.

Шынаарласам шылтоо айтып алыстай,
Басып кеттиң чала-була тааныштай.
Кала бердим шамалга айтып арманын
Ындыны өчүп ыйлап калган камыштай.

Төрт тарабың төп келишкен санаттай,
Сен тарапты карай берем таң атпай.
Какшып калган арыктан суу үмтөтүп
Улам соолуп бара жаткан дарактай...

Мен кайгылуу кубанамын сүйүүмдө
Куурай окшоп курган жүрөк күйүүдө.
Кандай уктап, кандай турду экен деп
Сени ойлоймун ойгонгондо күнүгө.

А сен болсо саламга жооп бербестен,
Бой качырып болдуң далай көрмөксөн.



Шылдыңыңды шыңгыратып алтындай
Какшыгыңды наристедей терметем.

Ойлой калсам от боломун дүрүлдөй,
Жүрөгүмдө гүлүм турат күбүлбөй.
Мени издеп келбесиң ак, а бирок
Түшүмө бир кирип кетчи билинбей...

Жолукканда кантер айла табалбай,
Эсим чыгат эки көзүм алаңдай.
Муздак тиктеп үнсүз өтө бергенде
Мындан көрө калсамчы дейм жаралбай.

Аны унутам алда кайдан көрүнсөң,
Ак булуттан чыккан айдай бөлүнсөң...
Эриниңди тиктей берем кызганбай
Бүлдүркөндөй кызарганча өбүлгөн.

## СЕНИ СУЛУУ ДЕГЕНИМДЕ ЖАҢЫЛАМ

Сени сулуу дегенимде жаңылам,
бирок сени жакшы көрөм баарынан,
чымын жанын аман кой деп чыркырап
таңдан кечке Жаратканга жалынам.

Аман кой дейм, аман жүрсө болду эле,
кымындай да залалы жок бирөөгө,
гүлдөй күлгөн күлкүсүнөн нур агып
бир сулуулук берип турчу дүйнөгө.

Бир башкача жакшы көрчү өзүмдү,
ойлогонум билчү тиктеп көзүмдү.
Кээ бир кезде кол кармашып калганда
өмүр такыр өтпөчүдөй сезилчү.

Жаны жанга жамгыр болуп төгүлчү,
өрүм болуп өмүрүмө өрүлчү.
Ташка тийип талкаланса тагдырым
таянар тоом сыяктанып көрүнчү...

Жаным бөлүп берүүчүдөй жаныман,
аман кой деп Жаратканга жалынам.
Жалынам да жалынчыма ишенбей
жааган кардай убайымга малынам.

## СЕН ЖӨНҮНДӨ ЖАЗЫП ЖАТКАН ЫРЫМДАЙ

Сен жөнүндө жазып жаткан ырымдай,
басылбастан балбалактайт кар тынбай,
анын дагы жерге айтчу арманы
калып калып жатат окшойт айтылбай...

Менин дагы калып жатат айтарым
саны канча болсо жааган бу кардын
сага деген ырларым да ошончо
ошончо ырды угасыңбы алтыным?!

Уксаң анда уузданып уюп тур,
көлдөй тынчып көздөрүңдү жумуп тур,
бир жолу уксаң унутпайсың ал ырды
канча учпасын арадан ай, жылып жыл...

Ал анткени сагынычым ошончо
сагынчымды салмакка эгер которсо
тонналаган томкорулбас тоо болмок...
анан дайра болуп кетмек бошонсо.

Сагынчымды дайра мисал агызбай,
талаа-түзгө тамчысын да тамызбай, –
сага гана арнап турам, алтыным
сүзүп келчи мага алтын балыктай...

* * *

Атыңды айтып ырдап, ыйлап, жалдырап,
алма бакта канча болсо жалбырак –
так ошончо таңдын кечке тажабай
өзүңдү өпкүм келе берет жанга ынак.

Өпкөн сайын өпкүм келет өзгөчө,
өпкөн ар бир өрттөй мүнөт өтпөсө.



сени гана эстегенде эс алат
кооно коңүл бир нерсени көксөсө.

Тирүүлүктүн тийген окшоп жанына,
колуң колго тийип турсун дайыма, –
бул турмуштун телегейи тегиздей,
эгиз жандай сен экөөбүз тең барда.

Жөн билишип жөндөмөдөй жөндөлүп
катаал турмуш кайыгында термелип,
картаярбыз
оозу менен суу эмес
бир бирине жан берчү куш өңдөнүп...

Канаттарды каалаганча кагарбыз,
жетсе ажал жер алдында каларбыз –
ошондо да оттой күйүп алыстан
өбүштү эңсеп жылдыз болуп жанарбыз.

## АК БАРАККА

Ак баракка
кыз сүрөтүн тартып анан
окшоштуруп көздөрүн жалгыз сага
анан аны жадабай тиктей берем,
телмирип тиктей берем...

Сылагым келип чачын
шыбырап кайталаймын
канга сиңип калган атын, –
күбүрөп атын улам айта берип
айта берип жүрөгүмдөн
сүрөткө жан киргизем...
Анан ал көзүн ачып:
– Каяктасың? Кандайсың? – деп сурайт шашып,
...күйүтү көп күңгүрөнгөн күүнү коштоп
ботодой дүйнөм боздоп
сүрөттү тиктей берем
дудуктай үн, сөзү жок...

Анан кайра калем алам,
анан кайра ак баракка

көздөрүн ага окшотуп бир кыз тартам,
тартам да атын улам айта берип
тирилтип
тилсиз, үнсүз
тирмийип тиктей берем,
карай берем,
жолугууну самай берем…

## ЖОЛУГАБЫЗ

Жолугабыз – жоодурашып
таарынычты көңүлгө албай…
бирибизге бирибиздин
жаныбыз бир жаралгандай,
кучакка кучак канбай
өбүшкө өбүш канбай –
жолугабыз миң жылда бир
жолугушкан жылдыздардай…
Көздөрүм көздөрүңдүн коөнүн сурап
саамайым саамайыңдын талын сылап –
жүрөгүм жүрөгүңдүн жүз жыл бою
мага деген сагынычын ырдап угат.

…Кайрадан көз жумулат, эринде эрин
көлкүлдөгөн кучагыңда чыкпайт демим.
Кайрадан унутабыз дүйнө барын,
Оо, сенин жалынганың, жалынганым,
тагдырыма
табылган бир
табериктей таалай-багым…
Экинчи ирет таптакыр көрүшпөстөй
жолугабыз
жолугууну көксөй-көксөй,
асман менен жолугууну эңсеп-эңсеп
ташты тешип чыккан чөптөй, –
тоготпой тоскоолдукту
күтөбүз жолугууну –
ким өйдө агыза алат
ылдыйга аккан сууну?!



## МЕН ЖИБЕРГЕН САЛАМ ДЕ

Мүнүшкөрдүн ачка болгон кушунча,
мен өзүңдү сагындым бир ушунча,
убайымда улутунбай
зыпылдап
учуп барат элем эгер учурса.

Тумчуккандай турам түтүн булатып,
жыргал тура жүргөн ал-жай сурашып.
Азыр бүтүп азыр кайра санаймын
ар бир күндү азап менен кулатып.

Арманымды айтам, айтам желге өзүм
сары ооруга сагынычты бербесин.
Канча жолу карегимди ирмесем
так ошончо келе калат келбетиң.

Кусалыкка куйкаландым, суусадым,
ыкшоо тартып араң жылат ыр сабым.
Желпип өткөн желден сезем жытыңды
жана аруу ак жүзүңдүн жумшагын.

Сен да үшүнтүп сагындыңбы, жалжалым?
мен жыттанып калган болсо жан жагың,
Өзүңө арнап мен жиберген салам де
терезеңден куштун сайрай калганын.

*Түндүк Корея*
*1992-жыл, август*

## ЖЫРГАЛ, ЖЫРГАЛ

Айтканыңа багынбайм деп багынам,
Сагынбайм деп кайра сени сагынам.
Жыргал, жыргал сенин гана элесиң,
Дүйнөдөгү бар жыргалдын баарынан.

Эми билдим жаныбыз бир экенин,
Эстеп-эстеп эт жүрөгүм эземин.
Тирүүлүктүн ырахаты өңдөнөт
Тил сорушуп титиреген кезегим.

Кайран жүрөк кусалыкка таланып,
Сагынычым барат канга таралып.
Күндүр-түндүр көз алдымда келбетиң
Көлдө сүзгөн ак куу мисал агарып.

Эмне кылам? Эмне дейин? Айт, жаным?!
Бакыт белем бак аралап басканым.
Кусалыктан карекке жаш кылгырат
Карай калсам күздө куштун кайтканын.

Саргыч тартып жалбырактын түшкөнү,
Күчөткөнсүйт кусалыкты ичтеги.
Сагынышып турган бойдон жоодурап
Жолгушпай калабызбы биз деги?

Жок, жолотпо андай ойду санааңа,
Туйлатпагын туз сепкенсип жарама.
Эңсегенде өзүңдү издеп тентиреп
Мажнун болуп кетким келет талаага...

Айтканыңа багынбайм деп багынам,
Сагынбайм деп кайра сени сагынам.
Жыргал, жыргал сенин гана элесиң
Дүйнөдөгү бүт жыргалдын баарынан.

## ЖОЛУККАНДА СУРА КАЛГАНЫН

Билсем дагы иште жогуңду,
Чала берем телефонуңду.
Тажаганда калем кармаймын,
Кармагандай сенин колуңду.

Чар учкундай оюм чачылды,
Чабыттаган сезим чакырды.
Жазганымдын сылайм саптарын
Сылагандай сенин чачыңды.

Кайра угуп ошол сөзүңдү,
Мен унутуп кайра өзүмдү.
Тиктей берем көпкөк асманды
Тиктегендей сенин көзүңдү.



Жытына окшоп аппак алманын
Жытың келди анан ардагым...
Жоодур көзүм жомок айттырбай
Жолукканда сура калганын.

* * *

Канчалык жүрсөң дагы жаным, ыраак
Ошончо кусалыгым жалын курап –
Куйкалап жүрөгүмдү сагынычка
Саргайтып улам кайра сагындырат.

Элесиң маңдайымда күлүп турат.
Эмнени ойлогонуң жаным туят.
Эркетай, жолугууну эстей калсам
Жүрөгүм таң атканча туйлап чыгат.

## ЖАМГЫР КАРЛАП

Жамгыр карлап айланып ак бороонго,
Айлам куруп алдан тайып тоңоордо,
Көрөр көзүм саа телефон чаламын
Көөдөй кара көңүлүмдү оңоорго.

Кыйган талдай кырчынымда солоордо,
Тагдыр ташым талкан кылып коердо,
Кайталаймын канга сиңген атыңды
Какпай калган каным кайра оңоорго.

## МЕН СЕН ҮЧҮН

Арзуум менин абай билбес албуут дайра
ар күн сайын көргүм келет сени кайра.
Асман эмес эгер менден жааса кар
жердин бети жайнап калмак сары карга.

Билинбеген бычактан мен көрүнбөгөн
жараат алдым. Кылчайнашам өлүм менен.
Кокус жаздым болуп калсам тирилтип ал
жан укпаган жакшынакай кебиң менен.

Түнгө айланат көлөкөлөр бириге да,
шуудурумдөр айланышат жылдыздарга.
Мен сен үчүн булбул кушка айланамын
сени даңктап сайрап турар таң атканча.

## САЙМАЛАП ЖАЗЫП КАНЧА ЫРДЫ

Билдирбей көпкө дайныңды,
Көбөйттүң ичте кайгымды.
Өкүнүч менен өгөтүп,
Өткөрүп келем ай-жылды.

Улам бир сылап чачыңдан,
Уйкусуз таңды атырган,
Укмуштай учур умсунтуп
Куш болду колдон качырган…

Эстеген сайын ич күйүп,
Ич эмес жүрөк бүт күйүп.
Кубантпай кайра кубартып
Куйкалап барат үшкүрүк.

Саймалап жазып канча ырды,
Сагынычка жүрөк жанчылды.
Саатты карап саргайткан
Санаалаш эсен барсыңбы?!

## СЕН БИЛЕСИҢ

Жолукканда жоодураган ардагым,
кайнаалыдай карегиңдин жанганын –
карай берип
жадаганда каш кагам
сен билесиң анда кандай сөз барын.

Кайсы жерден кабылбайын ар дайым,
келе берет колдоруңду кармагым, –
каалоомду кайра тыйып
жылмаям
сен билесиң анда кандай сөз барын.



Шынаарлашсам шаңга толот жан жагым,
бирок сага кыйын антип барганым…
Көрбөгөндөй көңүл бурсаң
унчукпайм
сен билесиң анда канча сөз барын…

## КУСАЛЫКТА КУСАЛЫКТАЙ БАР КУБАТ

Кусалыкта кусалыктай бар кубат,
Элесиңди эстеш суусун кандырат.
Кээ бир кезде сүрөтүңдү жиндидей
Тиктеп эле тургум келет жалдырап.

Жаштан дагы бекем сүйөт улгайган,
Карааныңды түштө көрүү зор майрам.
Өрткө салып өчүрбөсөң өчүрбө
Тилейм сага жакшылыкты Кудайдан.

Сагынычтын саамайынан сылаймын,
Жолугам деп чыдабаска чыдаймын.
Мен сүйүүдөн болсом мейли бактысыз
Сен бактылуу боло көргүн ылайым.

Кусалыкта кусалыктай бар кубат,
Элесиңди эстеш суусун кандырат.
Менин муңдуу ырдаганым бир тыйын
Сен жаркылдап жүрсөң болду жанга ынак.

* * *

Кандай жыргал карап туруу көзүңдү,
үнүңдү угуу андан укмуш ырахат,
Кудайым ай, азайбаса эч качан
экөөбүздү элжиреткен махабат.

Күлүңдөшүң күлүп турган гүл сыңар,
кереметим сенсиң, сенсиң туу тутар,
ушунчалык узак-узак болсо дейм,
улам, улам умсундурган бул кумар.

Жазбы, кышпы – жагалданып ар дайым
жарык нурду чачып турат маңдайың.
бу жалгандан өтсөк кана жарашып
айдай тунук маңдайыңа маңдайым…

Батып, батып бактылуу бир ойлорго
сени менен чыккым келет тоолорго.
Тагдырыма ыраазымын өзүмдү
Күндү ээрчиген Айга окшотуп койгонго.

* * *

Ушул мүнөт так ушундай калыпта,
Кайрылбасын бил жаным.
Таберикке табылбаган зор бакыт
Сени менен турганым!

Түрс-түрс соккон жүз жыл эмес миң жылга
Жүрөгүмсүң сен менин.
Салтанаттын салтанатын – сагынып
Саамай чачың көргөнүм…

## КЕЛБЕСИҢДИ БИЛЕМ, БИЛЕМ

Келбесиңди билем, билем бирок да
сен жеңдирип жел кайыктай жаштыкка,
келип калган сыяктана бересиң
көлөкөңдү ээрчитип жаныңа.

Жогуң билип карайм үйдү, шкафты,
анан келип ызалык ич сыздатчу.
Аңкилдетип агызгандай ташты сел
ырга апкелчү миң өчүрүп, миң жазчу…

Ар көргөндө ар башкача кубулган,
аруу жүзүң көрүп жазган ырымдан,
жыргай түшөм чөлдө аңкаган жолоочу
көп кыйналып суу жуткандай бир ууртам…



## КӨЛӨКӨМ СЕНИ КӨЗДӨЙ КЕТИП БАРАТ

Айгырдай атырылып өзүн кууган,
өзөндө өкүрөңдөп аккан суудан –
өзгөчөм, өзүңө бир ыр жиберем
өрт болуп жүрөгүмдө туйлап турган.

Саамайың сылаганды самап-самап,
баратсам сайдын самын ташын карап,
сагынычка чыдай албай көбүк минип
көлөкөм сени көздөй кетип барат.

Эришкен мүнөттөрдү эңсейм жаным.
Колума тийгенсисе алаканың,
алкынып сага деген сагынычым,
сен болуп жарк дей түшөт туш тарабым…

## КАРАҢГЫ ЭШИК, КҮН ТУМАН

Караңгы эшик, күн туман,
Кар жаап кайра басылды.
Ойгонор замат уйкуман,
Ойлоном сенин назыңды.

Атыңды аста кайталап
Шыбырайм улам уламга,
Жебедей учуп жан сабап
Жетсем дейм сага бу карда.

Жиберип желден саламды
Желбиреп турам желектей.
Өзүңсүз дүйнө караңгы,
Өмүрүм өмүр эместей.

Алысын жолдун кантейин,
Дем жетпей барат демиме.
Жанымда назик, алпейим,
Сен болуп калсаң эмине!

* * *

Желп-желп эткен желге тулаң термелсе,
Демин ичке ката калган мергенче –
Ар шыбыштан сени күтүп, ардагым
Азаямын айткан жерге келгенче.

Экообүздө дагы экиден жан барча,
Кайгы билбей каткырабыз карганча…
Жол карап тур жоогазындай жоодурап
Жолум болуп жорго минип барганча.

Арзышкандын бар бактысы күткөндө,
Жанын унтуп жарын күтөт бүт пенде.
Эки кылым эстеп жүрөр ыр калат
Экообүздүн басып өткөн издерде.

Ал-күчүмдүн жетишинче андыктан,
Ырдайм сени үнүм менен кардыккан.
Тагдырына раазы болбой таймашып
Ылаачындай таалайына таңда учкан.

## КӨРГӨН САЙЫН

Көргөн сайын көргүм келген ар дайым,
көрөр көзүм, сүйлөөр сөзүм, жандайым.
караса көз, кыйкырса үн жетпеген
жерден сенин билгим келет кандайың…

Мында салкын, бир биринен бөлүнбөй
булут көчөт кучакташып өмүрдөй.
Сагынычтан тунжурасам көздөрүң
мени тиктеп тургансышат көрүнбөй.

Жайбаракат мелт-калт аккан дайрадай,
өмүр мында өтөт экен жайма-жай.
Үшүп турам – үшкүрүгүм таш жарып
сенин жумшак колдоруңду кармабай.

Жалбыракка тийген күндүн сүртүмү,
эркетайым элестетти күлкүңү.
Эргип кетти эңөө жаткан кусалык
Оо Кудурет, кантип уктайм бул түнү?!



Мындагы түн агарып таң аткандай,
аруу аял ажайыбын ачкандай.
Алдастатат көчөдөгү жаш күлкү
сени ойлонуп мен олтурам шаттанбай.

Билгим келет, көргүм келет кандайын,
көзүм жумсам көз алдымда маңдайың.
Сага жакын боло берет окшодум
мен алыстап кайсыл жакка барбайын.

*Выборг шаары,*
*1991-жыл. Июнь*

* * *

Мен сени ушунчалык
көргүм келди,
көргүм келди ушунчалык…
Олтуруп калгым келет маңдайыңда
ойлор замат учуп барып.

Дүйнөнү жаңы көргөн сыяктанып
алоолонуп күйүп-жанып, –
карегиң карап эле тургум келет
таңдан кечке кумарланып.

Калтаарып дем чыгарбай, үн чыгарбай,
кайра карап, кайра канбай, –
ырыңды миң бир эсе уккум келет
акылынан танган жандай…

## АЛДЫ ЖАКТА ДАГЫ КАНЧА АЙ, ЖЫЛ БАР

Алды жакта дагы канча ай, жыл бар,
дагы канча жаайт жамгыр, жаайт кар?!
Буйурганы турган чыгар
а көрөк
кетсин эстен кер-мур айткан учурлар…

Кетсин эрип таарыныч жаз карындай,
көп-көп болуп көздөн учмай, сагынмай.

көкөлөтө берсин кебиң көңүлдү
кереметтүү Кетментөбө балындай.

Карааныңды көрбөй калсам толгонуп,
кабарыңды уккан күнүм той болуп...
Сен оорусаң мен шапайып арыктайм
сенин ооруң өзүңдөн көп ойлонуп.

Элең этип элик окшоп турганың
эстегенде келет эргип ырдагым.
Азабы көп, арманы көп дүйнөнүн
сенден көрдүм жан сергиткен жыргалын.

Бул өмүргө келбеген соң экинчи,
мүнөт болоор өткөндү эстеп өкүнчү,
менин болчу өкүнүчүм о дүйнө
кеткенимде көрбөгөнүм көзүңдү...

Ага чейин дагы канча ай, жыл бар,
дагы канча жамгыр, жаайт кар?!
Өчпөс сүрөт болуп көктө турсачы,
экөөбүздүн элжирешкен учурлар...

## БАР БОЛОЛУ

Мен сени сүйгөн өңдүү
эч качан эч убакта
эч бир жан бирин бири
сүйүшпөгөн сыяктанат...
Карегим күйүп жанат.
Кан тамыр алсыз кагат.
Көз илинсе таң атканча
таң атканча сени көрбөй
көздөрүм сарууланат.
Түштөрүм сен жыттанат,
түшүмдө сени көрүп
сүйлөшсөм балбалактап
жан дүйнөм арууланат...

Уктабай карап тургум келет сени
карап тургум келет сени
кирпик какпай –



керилген кермаралдай
келбетиңе теңдеш таппай
дудуктанам, эстен танам...
Сүрөттөөгө тилим алсыз,
болууда боек жансыз,
кубулжуган сөздөрүңдү
угуп, угуп кумар кангыс,
дүйнөдө бир жыргал болсо
ошол сенсиң, сенсиң жалгыз...

Мен сени сүйгөн өңдүү
эч качан эч убакта
эч бир жан бирин бири
сүйүшпөгөн сыяктанып,
бирибизге бирибиз
Айдай жанып, Күндөй жанып
бирибизди бирибиз
кут көрүп, кумарланып,
бар бололу,
бар бололу...
............................................
Сүйүүсү жок бу жашоонун
бардан жогу.

## ЖАЛГЫЗДЫКТА

Жалгыздыкта жабыкканда
кечке мен,
жалбырттаган жалын болуп өчпөгөн –
жамалыңды, жанга кубат сөзүңдү
жатып-туруп эстегеним эстеген.
Өмүрүмдө мындайга туш болбогом...
Эске келбей далай тойлор тойлогон
«Мен үшүнтүп турганымда ал нени –
ойлоду» – деп сени гана ойлоном.

Кайда жүрбө,
кимдин колун кармаба,
кимге карек, кимге эрин арнаба,
баары бир сен эстен, ойдон чыкпастан
кан кайнатып кан кошосуң кайра маа.

* * *

Шарт түзүп экөөбүздүн жолугууга,
Шаңкайып күлүп бүгүн бүркөк күн да,
Акетай, айтпаганды айтып ырдап
Айланам толду кызыл, жашыл нурга.

Калышка жүрөгүмө кысып-кысып,
Мен баспай баратамын саган учуп...
Шампандан ичиргендей бокал менен
Ичиргим келет сага ырдан сузуп.

Жетерге аз-аз калды, мына-мына,
Кулаймын кут даарыган кучагыңа...
Оо, Кудай, ага чейин алдастатып
Башмалдак аттырбагын агын суугa.

* * *

Күчүктөй ээси таштап кеткен жолго
Олтурам сени күтүп телефондо,
Чалбайсың чаалыкканым айтпа жаным
Чачымды сылагылайм араң зорго.

Бир зарыл иши чыгып калдыбы же?!
Мынчалык күттүрчү эмес эле,
Же жеңил кийип чыгып желге урунуп,
Үшкүрүп үйдө жалгыз жатабы эмне?!

Буулуга тиктеп-тиктеп терезеге,
«Бул ырды бүтмөйүнчө келбе, келбе...»
Деймин да кайра ага чыдай албай
Келтир деп канкакшаймын кайра желге.

Олтурам, оюм күйүп алоолонот,
Телефон кээде чочуп «чырр» – деп коет.
Чоюлбай чогоолонуп ала койсом
Адашып чалып калган бирөө болот...

Унутуп калдыңбы же келчү жолду,
Же чал деп сага берген телефонду?!
Мынчалык зарыктырчу эмес элең
Болбосо айтчы сага эмне болду?!



* * *

Күн көрсөтпөйт тоо шамалы,
а мен сени күтүп турам,
анан тынчып жамгыр жаады
а мен сени күтүп турам,
жамгыр күчөп карга айланды
а мен сени күтүп турам...
күтө берип көкмөк муздай
тоңуп калдым кандай кылам?!
Эритем деп болбо убара
кабарыңды келе турган
табыштап кой,
болду мага
муздан гүлдөй күлүп чыгам!

## КУСАМА ТАППАЙ АЙЛА

Кусама таппай айла,
Кумсарып туруп таңда, –
Жылдызды карай берем
Мен сени сагынганда.

Эркеп теребелге,
Элесиң ырдайм желге.
Жыттагым келет гүлдү
Жыргалың эңсегенде.

* * *

Экөөбүздүн элжирешүү жоголду,
анан кантип, кайдан эргүү оңолду?!
Эркетайым, эч кимге айтпай угуп жүр
ууз жыттуу ушул жыргал обонду.

Жаш күлкүңө жат бирөөлөр жылынды,
кайгы тартып кайран жүрөк чыңырды.
Ошентсе да, жаман көрбөй окуп кой
жашка жуунуп жарк деп чыккан ырымды.

* * *

Бүт кыдырып булуң-бурчун дүйнөнүн,
далай кыздын көрдүң көркүн, күлгөнүн,
сүйгөнүмдөй бир сулуусу бар бекен,
бар болсо айт, оо улуу Күн, сүйлөгүн...

Сүйлө, сүйлө…
Бирок көрдүм дебечи,
уютулган алтынга окшош денеси
бу дүйнөдө бирөө болсо – ушу де
укмуш, укмуш сулуулукка чен өзү.

Тамшандырган тармал чачы, басканы,
ай-ааламдан көралбадым башканы –
сага кандай жаккан болсо мага да
так ошондой болду дечи жакканы…

## КАПИЛЕТ УГУП АТЫҢДЫ

Капилет угуп атыңды,
Кайгылуу көңүл ачылды.
Жанымда өзүң тургансып
Лакылдап жүрөк басылды.

Күлкүгө толуп жан жагым,
Күкүктөп ташып арманым.
Керемет, сыйкыр колуңду
Келип бир кетти кармагым.

Бөлүнбөй турган жарсынып
Колуңа колум артылып.
Бир жүргөн кезек бүт бойдон
Көзүмдө турду тартылып…

Жарк этип анан кабагым,
Ичимден жылды санадым.
Түшүндүм жүз жыл өтсө да
Жүрөгүм сен деп кагарын.

Карабай такыр карганга,
Каалооң таппай жанга арга,
Сен дагы селт дей түшөрсүң
Атымды уга калганда.



## ЭЧЕН ЖЫЛ КӨРБӨЙ

Эликке окшоп басканың,
Элестеп көзгө жаш чагың.
Эчен жыл көрбөй көрүшүп
Эрип бир кала жаздадым.

Каректи карек карашып,
Сүйлөшүп жаттык талашып.
Жүзүңө түшкөн бырышка
Жүрөгүм күйдү, жан ачып…

Сааттар мүнөт сезилбей,
Сагыныч сөзү кетирбей.
Сезимди козгоп сен турдуң,
Сеңселип ошол кезиңдей.

Коштошуп кетип баратып,
Кыялбай кылчак карашып,
Бетиңе түшкөн бырышка
Жүрөгүм күйдү жан ачып…

* * *

Боз адыр боенду жашылга,
Кубулжуйт куш үнү чачымда.
Тумчуккан көңүлүм көтөрүп
Турналар келишет жакында.

Шамал мас – гүл чачкан атырга,
Кан толкуп караймын закымга.
Жабыккан жанымды жашартчу
Жаңы обон угулат жакында.

Жаш жүрөк лакылда, лакылда
Жактырган жалжалың жашырба.
Жаш тамчы жалбырак өпкөндөй
Жамалын өбөсүң жакында.

* * *

Периге боюң окшотуп,
Жалбарган жанды боздотуп.
Келемин, коем деп койбой
Кетип бир калдың коштошуп.

Алоолоп оттой арманым,
Аңгырап калды жан жагым.
Сүйлөчү жандай тиктедим
Чачыңдын менде калганын.

Жаздыктын жаткан тушунда,
Жылгансып кетти жытың да.
Тең келээр жыргал бар бекен
Ушундай укмуш учурга?!

Карааның кеткен закымдап
Артынан кууп бачым, бат
Бараткан сындуу жүрөгүм
Лакылдап чыкты лакылдап...

* * *

Күндөгүдөй бербей турат жарыгын,
Ким сындырып алган айдын жарымын?!
Кечээгидей эмес күлкүң
                                бирөөнү
Жакшы көрүп калдыңбы же жарыгым?

Дайра – сүйүүң турган тунук, таптаза
Кулагынан бөлүнгөндөй бир жакка.
Сүйлөгөнүң – жалаң эле керкакшык
Караганың – такыр бөлөк, башкача.

Колуңдагы аппорт кызыл алмаңын,
Тең жарымын мага сундуң жалжалым...
Сүйүүңдүн калганыбы жарымдап?..
Антип өчпөс өрттү ичиме салбагын!

Антип өчпөс өрттү ичиме салбагын!
Даамын билгим келбейт жарты алмаңын.
Сен биреөнү жакшы көрүп калдыңбы?
Антпе жаным, антпе, антпе ардагым...

* * *

Тагдырдан таалайым талашып,
таймашып, калганда жан ачып –
ай тариз, ак жүзүң тиктеймин
айрылган жанымды жаматып.



Тиктеймин
                тумчуккан жан-алы
калбастан алсырап, маа – дагы
бир ирет берчилеп, берчи – деп
тургандай бир жутум абаны...

Тиктеймин
                жардам кыл, бир сөзүң
өзүндөй өлбөчү өмүрдүн,
аны айтсаң Күн көздөп күүлөнөт
тыбыттай тытылган көңүлүм.

Жардам кыл,
                аяба жардамды,
түгөтүп турамын аргамды –
сууга аккан билбеген сыяктуу
саманды канетип кармарды.

## КАЙГЫГА ТЕРЕҢ ТУМЧУГУП

Кайгыга терең тумчугуп,
жүргөндө араң унчугуп.
жүзүмө кызыл жүгүртүп
жүрөктү кайра бүлүнтүп –
жалынды салып ичиме
жалжалым кирдиң түшүмө!
Шаркырап дайра аккандай
шаңында ырдап жаткандай,
ачылып көңүл чайыттай,
туйладым сууда балыктай.
Унутуп өзүм өзүмдү
өпкүлөп жаттым «Сүйөм» деп
түшүңдө айткан сөзүңдү.

* * *

Негедир эске түштүң күйүп-жандым,
Лепилдеп желдей учуп жетип бардым.
«Айылдан абам келип калды эле» – деп
калтаарып каалганды жаап алдың.

Кейидим беймаал барып алганыма
Кейпиңде ызааланган жаш баланын...
Салбырап үйгө келип
чечинбестен
салынган төшөгүмө жатып алдым.

* * *

Канат кагып каалагандай учалбай,
капчыгайда каалгыган булуттай,
кайып учкан periштеден калгансып
калып калды лифтте жытың жыпардай.

Ошол жытың жыттаар экен ким келип?
Жаман ойлуу жыттайбы деп жинденип
олтурамын
отту басып кыңшылап
журтта калган жулук күчүк үндөнүп...

* * *

Камыштай кирпигиңе апаппак кар,
илинип жымыңдаса жылдыз сыңар –
каралдым, кардай эрип калбыр жүрөк
кайрадан караганга болом кумар.

Койберген козулардай
көктөн ак кар
жамырайт
бул кар эмес – учкан жылдар,
жылдардын жылгасында жагоочонбуз
жылоолойт бизди эргүү жана жыргал.

Дагы бир кар жааганча ким жок, ким бар?
Басылса кар жаанындай каткырыктар,
калжайып каран күндө каламынбы
карайган айлуу түндө моло мисал?!



## ТААРЫНДЫМ

Таарындым...
көчөдө келе жатсаң
кормоксон болуп басам,
шынаарлашсаң:
«таарынып калдыңбы?» – деп
көздөрүңдөн көздөрүмдү ала качам.
Унчукпайм.
Эгер үнүм чыкчу болсо
чыкчудай көз жаш болуп,
андыктан тултуямын
дудуктай жерди ое тиктеп коюп...

Таарындым...
Телефон чалбайм сага
муунтуп алкымымды кечээги ыза
жаш баладай жашылданып
сен чалсаң
жооп берем мукактана...

Таарындым...
түшүмө кирчү болсоң
селт этип чочуйм бачым,
кабылып калбайын деп катууласам
канымдан кыйкырасың.
Өзүмдөн ыргыталбай
ызанын заңгел ташын
ылдамдайм өзүң жакка...
Билгенде минтеримди
таарынып эмне азап...
Ушуну ойлой берип
ушунча башым катат.

* * *

Мен өзүңө ушунчалык таарындым,
«бир сөз айтпайт жүрөгүмдү жылытып»...
Кездешкенде: – Жүргүн, дедиң – чуркадым
кечээ күнкү таарынганым унутуп.

Балбалактап бара жаттык, бараттык
кубангандан кулун, тайдай куушуп...
Бирибизге бирибиз куп жараштык
жан жагыман жатты, жатты ыр учуп.

## ӨКҮНҮҮ

Көйнөгүңдүн кийип алып агынан,
сулуу болуп кыз-келиндин баарынан
суйкайып сен жолукпадың эмнеге
жыйырманын жыргал жыттуу багынан?!

Жүрөгүңө жүрөгүмдүн оту учсун
жүз кылымдап ага обон кошо учсун...
Сен эмнеге жолукпадың жоодурап
ооматы күч ордосунда отуздун?!

Көңүлүмдү көп көтөрүп чынында
буйруганын ырдадым мен ырымда,
ыйманы ысык ымыркайдай жаш ыргал
кабылбадың неге кырктын кырында?!

Эми минтип эңкейгенде элүүдөн
гүлкайырдай түштөн кийин көрүнгөн
күлүңдөйсүң...
кукуктөнгөн сен – дайра
мен агынды жээк жакка тебилген.

Асман жердей экөөбүздүн айырма,
жагалданып жаштык кезди кайырба.
Кабылбадың каным кайнап турганда
эми элүүдөн эңкейгенде кабылба...

## КАЙРА ОКУСАМ ЫРДЫ

Экөөбүздүн эргип соккон жүрөккө,
Эң бир таза, эң бир аруу ыр күбө.
Эртеңкиге эч нерсени эскиртпей
Жаңшайт биздин жаштыгыбыз жөнүндө.

Жерде жатып канча кылым, канча ай,
Чыпчыргасы чирибеген алтындай, –
Ушул ырлар укмуштай бир сүйүүнүн
Айтып берет ар мүнөтүн калтырбай.

Жүрөгүмө нур төгүлүп кеткенсип,
Боюм балкыйт жетпегенге жеткенсип.
Ал анткени – кайра окусам ал ырды
Кан дүр этет кайра сени өпкөнсүп...



## МЕН ЭРТЕҢ ЖОЛГО ЧЫГАМ

Мен эртең жолго чыгам.
Алдыртан мен карадым,
сен карадың,
абайында жактыргандын –
буйругу азыр белем
дак болуп таанышкандын.

Эмнеге мен мурдараак таанышпагам?
өмүр бою тинтип издеп
мен таппаган жашыл канат
жан садагам, ушул беле?!
Таанышпагам мурдараак не?

Эртең эрте жолго чыгам.
Жүрөктү жаралаган,
жүзүмдөй жүзүн буруп
муңайым карап калган
жан садагам,
ушул күндө
кымкуут шарактаган
көрөмүнбү, көрбоймүнбү,
..............................................
кайда жүрбө
болгун аман!
Мен эртең жолго чыгам.

Оо, көр турмуш
дайыма бир нерсеси
жетпей калган.
Гүл менен жаңы ачылган
мурдараак не таанышпагам?!
Мен кетсем кайра ордума бирөө келет.
Бүгүнкүсүн эртеңкиси жаратпаган
күндөр өтөт шарактаган.
Мен дагы
өз күнүмдү көрөйүн ээ
көздөрүңдөн болоюн
жан садагам!

Мен эртең жолго чыгам.

## АК МАКТЫМ

*(Поэма)*

Көк асман, аппак чоку, анан ылдый
Жашыл тоо, жашыл майсаң, жашыл чылгый.
Куюндай куюлгуган таранчыны
Жел болуп жете тээп барат кыргый.
Ордодо чачыраган чүкө мисал
Жадырайт жай оттогон төрт түлүк мал.
Кашатта калтылдаган камчы сымак
Ак жылаан карала уйду ээмп турат.
Ач бүркүт арстанды жыга тепсе
Арыстан бөрү, аюуну тыйпыл кылат.
Бөрү, аюу майкандашат уйду, койду,
Ушундай кудуреттин курган ойну.

Олжону апкелишти – дегенди угуп,
Музообаш желесине жем түшкөнүн
Сезип бат гүдүрөңдөп чуркагандай,
Хан шашып келе калса
көлдүн куусу
Канатын кайра шилтеп, кайра учалбай
Жайылып жаткан сындуу жатат сулуу.
Ордуна билериктин колдо зоолу.
Кош бойрок бүлк-бүлк этет, олоң чачы
Төгүлгөн мажүрүмдөй эки ийинге.
Бычактын сабындай бел, кош этеги
Армандуу дир-дир этет соккон желге.
Кыпкызыл чыптамасы күн нуруна
Чагылат – уютулган алтын куду.
Чапчаң хан аткый кармап желке чачтан
Өзүнө олжо кыздын жүзүн бурду.
Бурду да
болгондой жер астын-үстү
Карт жүрөк бир булкунуп болк дей түштү.
Олжонун каухар кара карегинен
Каардуу кайнап турган көрдү күчтү.
Сүйүүбү? Же көрүүбү? Кыпкызыл чок!
Кыңкыстап кыйналып кыз онтогон жок.



Булактан суу ичем деп айлуу түндө
Булайып түшүп калган булут окшоп,
Апаппак
Айдан бүткөн аруу ырай –
Алкынтып арбап алды хан жүрөгүн
Жаштыктын жан эритчү жакшы ырындай.
Эч качан көрбөгөндөй мындай кызды,
Бир алоо көкүрөгүн тээп чыкты.
Мен эмне болуп турам – деген тейде
Тыңшаса көөдөнүнөн түрсүл укту.
Чагыр көз, канжа мурун, чап жаагынан
Жыландай чолок сойлоп жылмаюусу
Жыйрылып кайра бачым өзүн жутту.
– Кыргыздар кызга кароо, бул ушундай
Жаннаттын жашыл канат нур кызындай
Жакшына жемиш тура, жыргайсың ээ…
Жалжайтты жаян оозун аскер башчы.
Контаажы каар менен карады эле,
Кирерге ийин таппай таштай катты.
Мизбакпай тиктегени чочутса да
Эзилди эбедейи кайра кызга:
– Атың ким?
– Ак Мактыммын!
– Чеч зоолусун!
Көрсөтүп көркүн көңкү калмактарга
Той берип анан алам! Той даярда!

Ким болсун, жекеме жек кылычташып,
Жаа тартып намыс үчүн жанталашып,
Жеңилсе күмүш курун чечип берип[1]
Артынан шерт боюнча кетсе басып –
Калыстык болбойт беле, ошол кана?!
Эмнени чийсе көрдүм маңдайыма –
Деп күлүп көөнү менен ага бармак
Кор болбой баш басынткан бу зордукка…
Калмактын жигиттери кыргыздардын
Айылын ай-асманга чыгара чаап,
Атасын башы жаздык, бели оттукта
Барар жер, басар тоосу жок сыяктуу
Баш, көзүн канжалатып балжа-балжа,
Уйпалап ууз кызды жетим кыздай

[1] Кыз сайыштан же жаа атуудан жеңилип калса, белинен күмүш курун чечип берген. Бу сага жеңилдим, жарың болгонго макулмун деген белги.

Ханына ушул гана туура, чуктай
Апкелген.
Апкелгенден Мактым муңдуу
Жесирин жерге салып кыл да кыркпай,
Томсоруп мүнөт сайын муздайт муздай.
Дүйнөгө, дүйүм ашка сээр салбай,
Кайгыдан кароолонот өчөр шамдай.
Кырчылып туш-тушунан туйгун жаны,
Түлкүсү түшүндө улуп турган чагы.

Жылтырайт жан жолдоштой жалгыз гана
Айлында бир жигиттин жылмайганы.
Кыргызга арка, белдей жигит эле
Жылкычы болуп тоодо жүрүүчү эле.
Ичинен ичи эзилип, сырттан сыйдай
Ой багып, а оюнда жатка кыйбай...
Жайлоого эл көчкөндө көрүп калса
Узун түн кирпик какпай таң атканча
Балыктай туйлап чыкчу. Кудай Таала
Тилегим кабыл кылып баш коштурса,
Күйүттүн кучаласын тартып муңдуу,
Топоңдой сапырылып турган чакта,
Атпай журт ажатын бир ача турган
Кылычты кармап түшөр төрөйм бала
Дечү эле. Ошол ою отко күйүп
Ичинде Ак Мактымдын бүтпос күйүт...

«Ак наары кетип бетимдин
Ак болот саптай кетилдим.
Кеменгер элем калкымда
Калмакка, кенизек сындуу сезилдим.

Кушум бир түшөр киши эмес,
Кудурет кылган иш эмес.
Кубарып турам зордукка
Көргөнүм чындык түш эмес.

Жүлүндө жүрсө бир сезим,
Күйөөгө кай кыз тийбесин.
Кыйналган ушул күнүмдү
Кыргыздан бир кыз билбесин.

Ээледим жат эл өргөөсүн,
Элинен кызды бөлбөсүн,



Мээримсиз калмак туш кылган
А кыздар, мен көргөн күндү көрбөсүн.

Сөздөргө сөлтүк, кепке кем
Болбогон кыргыз эзелтен
Кемсинткен ушул кордукка
Кезеги келээр кезертем...»

Жылдызы кайра жанып, айы батпай
Аккуунун эң аппагын кармагандай...
Ашыглык алоосунан асман жылыйт
Ашыглык үнүң кандай, сүрүң кандай?!
Арыптап койгон өңдүү көрсөмбүлөйт
Көрүшсө көз алактап тилден калмай.
Үшкүргөн үшкүрүгү үй күйгүзөт,
Дендароо, дем кыстыгат оору жандай...
Контаажы баягыдан бери башка,
Келгени бала болуп ушул жашка
Ал мындай болгон эмес. Өзү да аң-таң,
Ак Мактым көз алдында басса-турса.
Гаремде толуп жаткан кыз-келинге
Ошондон бир барбады. Бул эмине?!
Сустайып сурап кетет Ак Мактымдын
Абалын Ай нур төккөн ар бир кечте.
Туруучу туталанып чаары чыгып,
А азыр тамашөкөй сөзгө келет.
Уудай Ак Мактымды эстей калса
Ууртунан шилекейи агып кетет.
– Той эмне кечикти? – деп заар чачып
Той камын көргөндөрдү каарып өтөт.

Махабат назың кандай, атың кандай,
Ак жебе жерден көккө атылгандай.
Каректер кайнаалыдай кайнап турган
Ааламды бир өзүнө батыргандай.
Качанкы болсо дагы картайбайт ал
Жылдызы жылдыздарга чачылгандай.
Адамзат жымырылып жыла берет
Сүйүүнүн кумарына такыр канбай.
Мынакей Контаажы да дал ошондой
Он ойлойт, он ойлосо ойго тойбой
Кайыктай калкылдатып Ак Мактымга

Ал ойлор алып жөнөйт койго болбой.
Жалтанбас же кылычтан же бир октон,
Бир элге бетке кармар баатыр болсом.
Анан мен мындай сулуу көрбөгөнсүп
Уят го элди ойлобой аны ойлосом, –
Дейт дагы делбеленет дене бою,
Кайрадан канат керет жанагы ою,
Санаалар санат жеткис санаа төрөп,
Сагыныч жан күйгүзүп, чокко бөлөп,
Жаныңды алып бара жатса дагы
Бирөөнү сүйүп калуу шаң өңдөнөт.
Сөөгүнө тамга салып, төбөсүнө
Көп элдин кылыч шилтеп, камчы ойноттум.
Алтынды самансынтып сапырдым да
Калмактын кадырына кадыр коштум.
Теңирсип текөөр жандым, мыктымын – деп
Мыкчыйган мыкчыгерин корголоттум.
Суйкайган сулуу өптүм, бирок, бирок
Мактымды тиктегендей болгон жокмун.
Куу мезгил куюн болуп учтуң, тоздуң,
Жетпеске жеттиң дагы кайра оздуң.
Дүйнөгө устун болгон ким бар экен
Туз суугa эригендей жок болорум.
Накүстө кыял менен найза кармап
Ашыглык сенден дайым болдум окчун.
Көңүлү барбы, жокпу сурап койбой
Көптөгөн көрөр көздү өптүм, соктум.
Эмне үчүн мен алардан ырахатты
Сен менен карашкандай алган жокмун?!
Ак Мактым – жаратылган жалгыз мага,
Ааламга гүлүн ачкан жаңы гана –
Упасыз ууздай ак, ушул жүзүн
Умачтай уйкумду ачып өөп таңда,
Убайлуу өмүрүмдүн калган күнүн
Узатам канбай Мактым лаззатына…
Селт этти, бая күнкү каректи эстеп
Кокустан Контаажыга тийбеймин деп
Айтсачы…
анда аны күм-жам кылып
Артынан күйүт тартпай өлүш керек!
Жок антпейм. Көйнөгүмдү отко салбайм,
Катынга эрегишип акка барбайм.



Жырткычты урган сайын колуң жалайт,
Аның чын алдаш керек, алдайм, алдайм.
Күндүз үй, а түндөсү коюнуман
Чыгарбай чопулдатам моюнунан.
Көл-сууга, от-жыгачка, катын-эрге
Тойбогон, тойгузам деп улам-улам…
Үнүнөн жыргалдуу жыт уруп турган
Улар тил уул төрөп берет анан.
Кыргыздын төбөсүнөн куш учурбай
Аны кой дүңгүрөтүп дүйнө чабам.
Кылымды кылыч менен кыңгыратам,
Кыяндай киши канын шылдыратам.
Көйкашкам менден ашкан көк жал болот
Атагын калмак эмес аалам уккан…

Жайыкта камыштай эл баары уу-дуу,
Аарынын уюгундай кымкууттуу.
«Кол берет Контаажыга Мактым сулуу,
Кыргыздан келген кыз – дейт
бир укмуштуу».
Ит ээсин тааныбаган, кыз жоголгон
Укмуш той! Ушундай той кайдан болгон?!
Кемшеңдеп кемпир жүрөт, ычкырына
Чалынып чалдар күлүп турат кайра.
Жаштары мурут коюп тууган айдай
Аттарын алчактатып көңүлү жай,
Добулбас, керней үнү кошул-ташыл
Кыз-келин кылакташат, кызыл-тазыл.
Колукту үкүсүндөй коюу түтүн
Корк таштап көтөрүлөт көк асманга.
Уй мүйүз отурган эл магдырашат
Ырчынын кулак төшөп ырларына.
Очокто от соймоңдойт, казанда эт
Булоолоп жаш сорпонун жыты келет.
Шиберди куйкалоочу кызыл чоктой
Бүркөлүп тиктегени тийген октой,
Усулу ушул тойдо унут калып
Контаажы бийлегенсип дүйнө жүзүн
Чыгарып канжасынан эңгел түтүн
Мардемсийт, төрт тарабы кыбыладай, –
Төшөнүп киш ичигин, түлкү ичигин
Жамынып, жанжөөкөрлөр жан жагында

«Эй» – десе «лаппай» дешип куштай учуп
Карк кылып мартабасын турган чакта,
Карады катары кыз Мактым жакка.
Токойдун арасында ак кайыңдай,
Толукшуп тамашаны тиктеп муңбай,
Чатырайт, чайпалгансыйт, чакыргансыйт
Көйкөлгөн көк деңиздин кайыгындай.
Коржойбой Контаажы хан ийилгендей,
Көзүнөн көксөгөнү билингендей,
«Сен үчүн мунун баары» – деген ойду
Ак Мактым илгиртпестен сезип койду.
Таажыга бардык кыз тең – Мактым бир тең,
Караса каны кайнап, жаны эриген.
Буралат колдо жүзүк, дарай көйнөк
Сөз чыкпайт, бирок алоо эрининен.
Абайда адеп менен дем чыгарса
Термелет үлп-үлп этип төшүндө алма,
Ансайын Контаажыдан айла кетет
Алмасы алаканга турса кана.
Белинен бекем кысып талчыбыктай
Уктаса чопулдатып эчтеме укпай…
Контаажы тойду унутуп кечти эстеди.
Мактымдын шоодурады этек-жеңи…
Жар чыкты: – Жамбыны атып алалбадык
Ким атат, ата турган чыксын эми!

Айлана дем чыгарбай, тыноо какпай
Тунжурайт чымын учса угулчудай.
Бир-бирин тиктешип эл турган кезде
«Мен!» – деди,
эл үн чыккан жакты карап
Куюлуп тосмодон суу кеткен сымак
Дуулдайт: – Бул ким экен, кайсыл тарап?..

Ак Мактым шашылган жок, сынын бузбай
Мис бакпай мисирейип уу-дууңу укпай,
Башынан ала койсо шөкүлөсүн
Кырк кулач капкара чач кырк бир өрүм
Жалтылдап нурдай жайнап тиет жерге.
Эл оозун аңырайтып шыпшынышат:
– Аялбы? Же периби? Бул эмине?
Ушундай чыгат бекен узун чачтан
Кулпурган куралай көз, жаа тарткан?..



Ак Мактым жааны керип тартарында
Карады каар чачып Контаажыга.
Баягы заардуу караш,
эстей коюп
Дүр этти тула бою: «Жааны кайра
Шарт буруп кадабасын тас маңдайга».
Калдастап шаша түштү. А дегенче
Болгон жок шуулдаган, жаанын огу
Жипти үзүп токтолбостон беттеп тоону
Жоголду. Кайнагандай казганак эл
Кайыптай Ак Мактымды жатты мактап…
Контаажы ар-намысын алдыргандай
Көздөрү көздөрдү оюп ала чакмак,
Копчулук маскарапоз шекилденген
Ырчыны кубатташып, жалжакташат…

«Кыздар кымыз жыттанат,
Келиндер кермек жыттанат.
Кемпирлер чалма жыттанат.
Абышка тартар буттанат.
Ырдап турган акынын
Айперидей Мактымды
Контаажыдан кызганат.

Буну көргөн дагы арманда
Көрбөгөн дагы арманда.
Жар периште жар болуп
Жаралган экен жалганга.
Жаман иш түшсө башына,
Жараткан келсин жардамга.
Контаажы колуң жууп ал
Мактымдын колун кармарда.

Буну өпкөн дагы арманда
Өппөгөн дагы арманда
Өрдөктөй учуп мен барсам
Өзү бир жалгыз калганда.
Бойтумардай Ак Мактым
Бозоюң менен күлүп кал
Боюңда кубат ал барда.
Берениң берки карабайт
Бетиңе бырыш тамганда.

Уздай болгон уларым,
Угалбай үнүң турамын.
Ободо гүлдөй жадырап
Ойноп бир күлөр убагың.
Күн артынан күн өтсө
Анык го өйдө чыгарың.
Өйдөлөсөң өң кетет
Өң кетсе өппөйт тынарың.
Солкулдаган убагың,
Сенин соолбосун булагың.
Чык десең Айга Ак Мактым
Шатысы жок чыгамын.
Баары жокту жарытып
Балбылдаган чырагым.
Таңкы гүлдөй курагың
Таркайбы сенден кумарым?!

Элинен келген сен гарып,
Эзилип турган мен гарып.
Ай чапчып аккан дайраңан
Айгырым өтсөм сугарып…»

Контаажы оң бармагын көтөрдү бат
Ырчыга жигит жетип ошол замат –
Ырына ыраазылык берди белек.
Теңирсип теңирде жок аялына
Контаажы короздонуп мойнун керет.
Өмүрдө өөнөп алар кайгы жоктой
Өрөпкүп таңдан кечке тээп оромпой
Эт тоодой, арак суудай,
ойлогондой
Ойноштү. Той болбостур ушул тойдой.
Тамаша тамам болуп, тамак желип,
«Таалайың тайыбасын»… бата берип,
Эл тарайт, көккө түтүн каалгып жай
Канатын жайып-жайып тарагандай.
Шааниге апкелгенди шарт-шурт жыйнап
Башкарган бак-бак этет – ат кишенеп,
Атасын таппай калган балдар ыйлап,
Ит улуп, уйлар мөөрөп, койлор маарап
Ыңкытып байгеге алган малын айдап,



Иңирлеп көз байланат ал аңгыча
Кемеге олураят сокур көздөй
Чычала жылдызданып күйөт өчпөй,
Илмеңдеп иттер жүрөт сөөк талашып
Алсызы алдуусуна таштай качып.
Жар жактан ширеңке жарк чагылгансып
Түлкүлөр булактайт да кетет качып.
Ак Мактым жөнүндөгү аңыз гана
Жаңырат жаңыргандай тоодо дайра.
Сүйрөшүп бирин бири кудуктан жай,
Үңкүйүп үнсүз жылган желмогуздай
Түн келет түрү суук, тиши сасык
Жеткенин кекиртектеп муунтчудай…

«Талкалап үйдү, казанды,
Жакалап уруп атамды,
Эрксиз мында апкелген
Эссизге этек ачамбы?!

Гүлдөй бир көөнүм каш болду,
Гүлүстөн өмүр жаш болду.
Катынга кыргыз кыз алып
Калмакка кайдан бак конду?!

Өз тинтем болсо билекте,
Өлмөкмүн малып жүрөккө.
Жашагым келбейт үшүнтүп
Жарганат болуп түнөктө.

Жарым жар, жарым күң болуп,
Жарааттан чыккан үн болуп.
Күн көрбөй келбес кетсем дейм
Келүүгө кайра сүр болуп.

Каратпайм жаштай жан эзип,
Канетип жашайм, канетип?
Бар бекен журтта жулунуп
Калмакка чыгар тирешип?!.»

Эликте ал, күч барбы? Барбы арга?
Каяша кыла турган арыстанга?
Уңшуду ууз Мактым ууну жутуп
Улаарып атпай турган ушул таңда…

…Корулдап кокту жарат чыккан үнү,
Контаажы күткөн, күткөн бүгүнкүнү.
Көз жарды Мактым сулуу уул төрөп
Той болду кылымдарга жетер дүңү.
Төгүлдү арак суудай. Добулбас жай
Урулуп, дап дапылдап, чоор, сурнай,
Токтолбой бий артынан бий уланып
Келиндер келберсинип, кыз кылактай.
Хан уулу хандан ашкан хан болсун – деп
Топ жарып токтолгондо ырчы жаңы,
Уй мүйүз күрөөн тартып отурган эл
Карады акыл экчээр аксакалды:
– Контаажы, маки болсоң кылыч – уулуң,
Үйүрлүү айгыр болсун ушул кулун.
Байкасаң балдарыңдын сакасы ушу
Балбылдап маңдайында турат куту.
Чап жаак, чабалай ээк атасынан
Эңкердей баатыр болсун сенден чыгаан.
Элине эмгек этсин сенден да көп,
Хан болсун каары күч калмакка төп.
Балабыз атасынан ашкан болсун
Алкынтып ай-ааламды чапкан болсун.
Кут кылсын кураманы баарыбызга,
Жуп кылсын жалгыз уулун Ак Мактым да.
Эмесе, атпай журтум айткан келсин,
Калмакка каалаганды Теңир берсин…

Кол жайып бата кылып, арбакка арнап,
Шыңгытып арак-шарап ичип чардап,
Ырымын алмустактын келе жаткан
Жасашты наристеге. Алтын жапкан
Бешикте куйрук соруп жатат бала.
Элди чаап ымыркайдын урматына,
Кул кылып апкелгенди жаңы гана
Тай чабым жерден койдой чубатышып
Жеткенче бир тургузуп, бир жаткызып
Жүгүнтүп, а бешикке жеткен кезде:
«Өмүрү узун болсун бала хандын,
Күч эмес, керек десе тартуу жаным…»
Дегизип жүзүн жууйт топуракка.
Ак Мактым көрүп калды ушул чакта
Баягы жылкычыны. Өзү, өзү
Күйүттөн онтоп ийди көлөкөсү.



Кыйкырып жибергенге аз-аз калып
Оозунан күйүп түштү айтчу сөзү.
Турганда башы айланып, укпай үндү –
Түтүндүн арасынан жылт-жулт эткен
Жалындай шоолаланып намыс күйдү…
Сайрандап тоо титиреп, сарай күлдү,
Аздан соң жанагинтти сансыз күндү…
Контаажы минтип эч бир сүйүнбөгөн
Кыл болуп ырдап турду миң үн менен.
Калтылдап калбаат дене, кол, бут, ийин,
Контаажы бийлеп кирди аскер бийин.
Балактап баардыгына арак кыйнап
Барылдап өзгө менен өзү да ырдап,
Балтадай мурутунан арак агып
Бир кезде жатып калды тууралanып…

Эл тарап, үй таппаган мастар үнү
Ар жерден авалатып ит үргүздү.
Ай гана көз алайтат улуу тоодо,
Азыткы уйкуга эл магдыроодо.
«Ойлогон максатымдын келди оңүтү,
Качамын, качам, качам бүгүн түнү».
Өпкөнү карматып хан колдоруна
Белине бээ куйругун ороп аста,
Асынып жоо жарагын бир заматта
Алкынган аргымакка камчы шыбап
Ак Мактым зымырады тоо тарапка.

Билген соң Контаажынын мас экенин,
Койнуна кирейин деп Ак Мактымдын
Түн катып аскер башчы ачса эшигин
Эч ким жок! Контаажынын колунда өпкө
Белинде бээ куйругу. Турбай көпкө
Кыйкырды: – Качты! Качты! Мактым качты!
Жеткиле! Кармагыла! Мингиле атты!..

Чоң дайра толкуп агат тоону чапчып,
Толкуну кетүүчүдөй Айдан ашып
Өйүзгө жан өткөрбөй албууттанат
Сүрүнөн жан титиреп, баш айланат.
Жаа кармап аркы өйүздө Мактым сулуу,
Куугунду кубартып жүз карап турду.
Контаажы муруттарын шалбыратып
Жээкке аттан түшүп келди басып.

К о н т а а ж ы

Ыңырчак ханга барган үч күн туйлайт –
Дегенби бул кылганың?

А к М а к т ы м

Жаным кыйнайт
Сүйбөгөн киши менен жашаганым.

К о н т а а ж ы

Мен сүйөм! Сени ушунча сүйгөн үчүн
Алдыңда алтын шейшеп, күмүш жаздык.

А к М а к т ы м

Сүйүүнү дүйнө менен эсептебейт,
Сүйүүгө алтын, күмүш кылат аздык.
Жылдызды карап жүрдүм сагынганда,
Менин да сүйгөнүм бар.

К о н т а а ж ы

А караба!
От болуп ортобузда турат бала.
Алтындан үй курдурам арнап сага!

А к М а к т ы м

Сүйгөнүм элим менин! Ал ыйласа
Мен күлүп жүралбаймын!

К о н т а а ж ы

А бу бала?!

А к М а к т ы м

Акыл бар алмустактан бизге келген:
Аялдын жаманынын эң жаманы



Сүйбөгөн кишисинен төрөп берген!
Контаажы бул күнөөмдү кечиргин сен.

К о н т а а ж ы

Түкүрдүм бүт баарына!
Кайткын кайра!
Кайт мага? Карарыма бу дүйнөнү
Карексиң!

А к М а к т ы м

Сүйгөнүмө барам созсүз!
Барамын кубанчыма өмүрдөгү.

К о н т а а ж ы

Кайтпасаң бу балаңды таштайм сууга!..
Алтын нур чачыратып айланага
Ымыркай чыр-чыр этет алаканда.
Контаажы Ак Мактымдын карегинен
Баягы заарды көрдү. Кетти өңдөн...
Аңгыча Мактым жааны тартып ийди,
Жаа огу наристеге келип тийди.
Бала үнү тып басылды. Оозуна
Эмчекти сала койгон шекилденди.
Шарт минди тыбырчылап турган атка.

А к М а к т ы м

Ким актылуу – болбосун сүйүүн тапса!
Ак Мактым төрөй турган бала башка...

Капастан койбергендей кыраан кушту,
Жебедей атырылып аргымагы
Жел менен тең жарышып кыргызга учту.
Бaратат бактылуу кыз жерге батпай
Тамчылайт ат даңканы көз жашындай...

*«Арашан» чыгармачылык үйү.*
*Февраль, 1991-жыл.*

# ТӨРТ САПТАР

* * *

Жаш улгайды, өмүр сайын өрдөдүм,
Көп кулпундум, көп куурадым чөлдөдүм.
Жаман жарды көп көрсөм да бала үчүн
Жаман апа, жаман эне көрбөдүм.

* * *

Тандабайт, кийип алат табылганын,
Бак дебей балдарынын көрөт камын.
Кээ бала энесине сомун бербейт
А эне баласына берет жанын.

* * *

Келгенге, бу жарыкка жаралганга,
Ким болбосун кутулбас карз Эне-Атага.
Ар жанга алар кымбат, алар ыйык,
Асманда Күн, Жерде суу, аба барда.

* * *

Тоолордун томук мисал дөңсө-дөңү,
Биздерге эч белгисиз аты-жөнү
Кайсы бир кармаштарда шейит болгон
Шер жүрөк аталардын көрүстөнү.

* * *

Мөмөлөрүн көтөралбай ийилип,
Карс деп сынып
кулап түшкөн шабдалы –
Эске салат өлө-тала жүгүрүп
Балдарым деп жүрүп кеткен апаны.

* * *

Өлө сыйлап өткөн кыргыз арбагын,
Каткыргандан кайгысы көп бир жанмын.
Өмүрүңдү тилеп турам калайык,
Өмүр күнүн тилегендей баламдын.

* * *

Бала менен ойнодум,
Оюнуна тойбодум.
Ай, Кудай ай, эмнеге
Бала бойдон койбодуң?!



* * *

Былтыркы куурап калган чөптү жазда
Жаш чөптөр тик көтөрүп өсүп турса,
Окшошот дүйнө салган карыяны
Көтөрүп көрүстөнгө баратканга.

* * *

Көрүнбөгөн ийнесин
Кайра сайбай жүрөккө –
Кайгы деген кашайгыр
Көз жаш менен бүтсө не?!

* * *

Тамчы сууга жашырынган океан,
А мышыкта айбаты зор арыстан.
Жылаан дагы ыйлап иет солкулдап,
Акмакта да генийлик бар таңгалткан.

* * *

Шыпыргы окшоп шилтенип,
Жылдызды шамал өчүрдү.
Өмүрдөн бир күн ушинтип
Өтөрдөй сездим өзүмдү.

* * *

Балалык кезим самасам,
Ыйлагым келет таң азан.
Канчалык аны ойлосом
Ошончо карып баратам.

* * *

Ырыскымды уурдаткандай далбастайм,
Ырды сүйүп, кадырлаймын, ардактайм.
Нан убалы – ыр убалы бипбирдей
Эки ыйыкты эч ыйыкка алмашпайм.

* * *

Берилип ойлобоюн эмнелерди,
Бел сыздап, башым ооруп эңги-деңги.
Күнүнө он ыр жазган убак кетип
Он күндө бир ыр жазар убак келди.

* * *

Кандай кыйын, кандай оор, кандай азап,
Белди ашуу, арсайышкан асканы ашуу.

Андан кыйын, андан оор, андан азап,
Тоого тоодой ойлору бар ырлар жазуу.

* * *
Ырлардын оттуу оюн унтуп анан,
Кеп кылуу керемет деп уйкаштыгын, –
Адамдын акыл-эсин аңдабастан,
Айткандай жалгыз гана сулуулугун.

* * *
Карагайлар, зым көтөргөн карагайлар,
Канча катуу бороондорго омкорулбай
Турушат… бу турмуштун түйшүкторүн,
Милдетим деп көтөрүшкөн досторумдай.

* * *
Томкором деп, омкором деп, албан-албан,
Убаданы бериш оңой аткаргандан.
Аткарылбай бети күйгөн убадалар
Досуңа окшош келемин – деп, келбей калган.

* * *
Үмүтү бар туш болбосун мүшкүлгө,
Мүшкүл түшсө кетет үйдөн жарака.
Жалбырактын саргайышы бир күндө
Кара чачтын агарышы заматта.

* * *
Жан Фрунзе, мени аязга үшүтпөй,
Жол көрсөтүп, билим бердиң мүчүтпөй.
Көп жыл келбей көрүшкөндө тим эле
Күлүп ийдим ээсин көргөн күчүктөй.

* * *
Мен дүйнөгө келгениме сүйүнөм,
Оопа күтпөйм акча, килем, кийимден.
Кеткенимде калса болду бир сап ыр
Ак жылдыздай түн жарыта чийилген.

* * *
Сөз канча нуска болсо
Ошончо бийик конот.



Түн канча кыска болсо
Түш шончо кызык болот.

* * *
Жаагын жанып ыйлап жатса жаш бала
Эл тим койчу: «Көзү болот капкара…»
Ыйлагандан элдин көзү карарып
Жетти азыр соолуй турган абалга.

* * *
Жыргап-куунап жатпаса да жан жагым,
Жаратканга ыраазымын ар дайым.
Эл-журт аман, ошолордун ичинде
Биз аманбыз, аман көргөн балдарым.

* * *
Окудуңбу? – дейсиң дайым ырымды,
Окуп бүтүп айтсам эгер чынымды:
«Черткен эмес бураганды билбеген
Комуз чертем деп жаткандай туюлду».

* * *
Уяты жок убадасын бекитпейт,
Айтып алып алты жылы кезикпейт.
Чөптүн куурап баратканын көрбөгөн
Жардамгалап кыйкырганды эшитпейт.

* * *
Бүгүн эмес, эртең эмес, дайыма
Унтуп таштап, үйдүн күйпүл чатагын,
Тажаал аял кадыры эмес, татына
Балдарыңдын кадыры үчүн жашагын.

* * *
Басканы да, турганы да укмуш деп,
Сен уулуңду мактап ийдиң көбүрөөк.
Чоңойгондо эл бааласын, жашында
Кодик дагы көзгө сүйкүм көрүнөт.

* * *
Калаа үстүндө каргалар,
Ушактай учуп жүрүшөт.
Ушак калпты сүйгөндөй
Алар карды сүйүшөт.

* * *
Жел сатылып калбаганга Кудай де,
Жел сатылып калган болсо эгерде.
Жеп ичкенди мындай койгун күн көрүш
Кыйын болмок биздей жоош пендеге.

* * *
Отпускада – «Иш» деп көңүл камыкты ай,
Ишке кирдим таңдан кечке талыкпай.
Сүйүнүчүм, суудан суuруп алпчыгып
Кайра сууга кое берген балыктай.

* * *
Жамгыр үнүн тыңшап жаткан кандай жакшы!
Кошунамдын урушун уктум таң атканча.
Өмүр бою сен дешип бир урушпагандай
Эртеси ишке колтукташып бара жатса.

* * *
Кудуңдашкан менин эским кийинип,
Балам азыр үй-жай күткөн жайланып…
Анын эски кийимдерин сүйүнүп
Кийип жүрөм жаш баладай шаңданып.

* * *
Таш жатат көл түбүндө жылт-жулт этип
Толкундун урганына такыр жылбай, –
Көрүнөт көзгө кайра дааналанып
Дайыма менде жүргөн балалыктай.

* * *
Өнөрбү?! Кээ бир жигит жазып алат
Туш менен кыздын атын билегине –
Сыздатып билегиме атың жазбай
Өчүрбөй жазып алгам жүрөгүмө.

* * *
Тамылжыйсың татынакай таңкы нурдай,
Көргүм келет көргөнүмө алымсынбай.
Шаарымдагы жапа жалгыз сулуу сенсиң
Бир баракты ээлеп турган төрт сап ырдай.



* * *
Айтылат келин келгенде:
«Алганың менен тең кары».
Үйлөнгөн жашты көргөндө
Үйлөнгүм келет мен дагы.

* * *
Мен сени кандай гана жакшы көрөм,
Көрүнсөң көңүл эргип көктө төбөм.
Бир түйүн ортобузда турган өңдүү
Эч качан, эч убакта бөлүнбөгөн.

* * *
Өтсө да эчен кылымдар,
Жылдыздай күлүп жымыңдар –
Секетиң болуп кетейин
Сен жөнүндө бир ыр бар.

* * *
Махабат мелт-калт төгүлбөй,
Магдырайт тоонун колүндөй.
Маңкайып кайда жүргөнсүң
Мага сен мурда көрүнбөй?!

* * *
Бат күйгөн от тез өчөт, –
Дегендин сырын ким чечет?!
Бат күйүп, анан тез өчпөй
Балбылдап дайым тур секет.

* * *
...Он гүлүнүн бир гүлү ачыла элек,
Олоң чачы ийнине жазыла элек.
Жаркылдаган жан эркем, сага деген
Жакшы ырларым алиге жазыла элек.

* * *
Билсем дагы айткан жерде жогуңду,
Барып алып карап-карап жолуңду.
Жадаганда жолдош кылып кайтамын,
Сен жөнүндө жакшынакай оюмду.

* * *
Келбетиң эстеп куурчактай,
Төгүлөт жашым буурчактай.
Башканы койчу күлгөнүң
Түшүмө кирип суусатты ай.

* * *
Үңкүйүп жалгыз олтурам,
Үшкүрүк менен демди ала.
Жаштык бар, жанбас өмүр бар
Жанымда жоксуң Сен гана.

* * *
Мен издеп күлазык күлкүңдү,
Чөнтөктөй аңтарам күн-түндү.
Сагындым, ушунча сагындым,
Сагынчым, саламат жүрсүңбү?!

* * *
Кайда сезим азаймак да, түгөнмөк,
Ал сезимди алат кимдер жүгөндөп?!
Он өлтүрүп, он тирилтип сураса,
Айтам: «Жалгыз, сени гана сүйөм» – деп.

* * *
Көңүлгө жагып көп сулуу
Жүрөккө жактың жалгыз сен.
Жыпарың чачып сыйкырлуу
Жыргатып койчу жан эркем.

* * *
Эч нерсе жетпейт, албетте,
Экөөбүз күлгөн ал кезге…
Каухарга түшкөн оюмдай
Карегиң күйүп калды эсте.

* * *
Оң сөз айтсам жооп берип тескери,
Ойкуштайсың ойду үркүтүп мендеги.
Сүйлөшөбүз келгин – дейсиң, экөөбүз
Сүйлөшкөндө сүйлөшөбүз эмнени?!



* * *
Жакшы дешет жеткенден да жетпеген,
Сени кокус ойлой калган кезде мен,
Жетпегендин жакшылыгы курусун
Чилдедеги кудук мисал бөксөрөм.

* * *
Кейийм кээде азды жасап, көптү ойлой…
Бирок көптөй келип ушул жарыкка –
Мен ыраазы болуп кетем көз тойбой,
Сени сүйүп, сен деп калган тагдырга.

* * *
Көз карашың өмүр кошуп өмүргө,
Ойлондурат өзүң гана жөнүндө.
Ушунуңдан жазба жаным, анткени
Сүйүүнүн бат өтүшү жек көрүүгө.

* * *
Күн келет, келгенде да укмуш келет,
Жан дүйнөң бир шумдуктай жеңилденет.
Азабың ак моңгудой алыс кетип
Кубанчың тегирмендей тегеренет.

* * *
Көк тиреп өскөн чынарга
Жанашып жанын чөп багат.
«Өстүргөн буну бизбиз» – деп
Өлөлбай жатып мактанат.

* * *
Күрүлдөп дайра төмөндө,
Толгон ай турган төбөмдө.
Уялып бетин баскан ал
Уудай сени өбөрдө…

* * *
Келберсиген келиндер көп, чачын айт,
Кептерин айт, көздөрүн айт чачырайт,
Кермаралдай келбетин айт…
баардыгы
Сенин жалгыз тырмагыңа татыбайт.

* * *

Көздөрүңдү көксөп жүрөк лакылдайт,
Сени эстебей ыр жакшысы жазылбайт.
Жааган жамгыр жаап-жаап басылар,
Бирок сендик оюм такыр басылбайт.

* * *

Жалгызсың көктө сен Күн сындуу,
Күн болуп батпа деп какшаймын…
Жолукса жолугар көп сулуу,
Бирок да сендейди таппаймын.

* * *

Жыргал ай ошол күндөрдүн
Жылдызы мага төгүлөт.
Сүйүнүч толгон ал күндө
Сүйүүм калган көрүнөт.

* * *

Өңү бирдей күйүттө аккан жаштын
Даамы бирдей сүйүнүчтө аккан жаштын.
Көздүн жашы жамгырдын тамчысы эмес,
Көздүн жашы бир мүчөсү адамзаттын.

* * *

Жүрөгүм тыз-тыз этип сайгылашып,
Капалуу олтурамын кайгы басып.
Уядан түшүп калган балапанмын
Жардам деп жалдыраган оозун ачып.

* * *

Ким айтат сүйүү жайын, тоонун жайын,
Тоо канча бийик болсо ошончо суук.
Сен канча мага жакын болгон сайын
Көңүлүм калып барат ошончолук.

* * *

Көрүшпөгөн алты айдын,
Ичинде укмуш картайдым.
Картайтып мени койгудай
Кара көз, айтчы, кайсы айбым?!

* * *

Сен кырдагы кызыл гүлдөй жайначы,
Моюнумдан ак билегиң албачы.
Картаюуга камдангандай көрүнгөн
Жүрөгүмдү сүйүү менен кайрачы.



# «АСМАНСЫЗ ЖЫЛДАР»

## ырлар жыйнагынан

*Бишкек, «Кыргызстан» басма үйү, 2001-жыл.*

*Ырларымды сүйүп жаздым*
*сүйбөгөн жан аны ачпа, –*
*татынам деп тамган жашым*
*тамга болуп баракта.*

*Ырларымды ыйлап жаздым*
*ыр билбеген окуба, –*
*анткени сен күйалбайсың*
*мен күйгөн муң отуна.*

# ЭНЕ, ТУУГАН ЖЕР ЫР ТҮРМӨГҮ

## АПАМ АЙ

Билемин тилегиңди «өс, өн» деген
бир жаның мен деп канча көзөлбөгөн…
Апам ай, каруусунда уктап калсам
ойготуп аламбы деп жөтөлбөгөн!

Апам ай, «Апа» десем ыргып турган
көзүмдөн кандайымды көрүп, туйган.
Нандын күйүп калган жерин өзүнө алып
даана бышкан даамдуусун мага сунган.

Айттырган учкан желден саламдува...
башкага балбалактап барганымда,
Кийимдин эң жакшысын өзүмө арнап,
тамактын майлуураагын берген мага.

Өзүңсүң өмүрдөгү таалай-багым,
оорусам түштө көрүп айыгамын.
Ортобуз абдан алыс болгон менен
оюмда таңдан кечке жаныңдамын.

Муштумдай болгон менен күчүң тоодой,
өмүрүң өлбостүккө кеткен жолдой.
Мен алыс жүргөн менен үйүңдөмүн
мүнөтүм өтпөйт Апа, сени ойлобой.

Эч эч ким мени сендей көтөрбөгөн,
бир жаның мен деп канча көзөлбөгөн…
Апам ай, каруусунда уктап калсам
ойготуп аламбы деп жөтөлбөгөн!

## КАРЫБА АПА

Айлана тоо… күз асманы күүгүмдөп,
айталаада аппак болуп Айдан да
алка-шалка миң бир сууп, миң тердеп
орок оруп жүргөн күнүң майданда,
бүгүн дагы түшкө кирди, Апаке,
дагы сага ачманы алып жилбиңдеп,
баратынмын. Өзүң батпай өзүңө
мени утурлап
кучак жайып күлүңдөп
келатыпсың. Бир жыгылып, бир туруп
көз алактап көздөрүңдөн көз албай
калтылдатып колумдагы суусунду
куюн болом кучагыңа жеталбай…
Мына-мына, аз-аз калды, аз калды,
бир жүткүнүп жетеримде мойнуңа
түш үзүлөт. Түтөтүп жаш жанымды
чуркап барам чаң ызгыган жолумда.

…Ушул түштү көрө берем түн сайын,
айталаада аппак болуп айдан да
орок оруп сен жүрөсүң. Ылайым
карыба Апа, эч убакта карыба.

## БИР ЖАШАРТЫП ТУРСАҢ КАНА

Апам – Күндөй, а мен Күндөн түшкөн нурмун,
алдас уруп арасында ар кыл ырдын,
арып келип кучагыңа кулач жайсам
ай-ааламды бир кучактап алгансыймын…



Апакебай! Атыңды улам кайталасам
арылбаган аруу жыргал, шаңга батам.
Өзүңдү элдей, элди сендей ыйык көрүп,
экөөңөрдү уят кылбай келе жатам.

Айылыңа айлап эмес жылдап барбай,
жеңилиңди жерден, ооруң колдон албай,
карегиңди карагандан жалтанамын
чачыңдагы ак бубакта күнөөм бардай…

Кулдук урам, кудуреттүү Кудай Таала,
боор оорутуп боору оорулуу бир балаңа
Айды ай сайын жашарткандай Апакемди
ар жыл сайын бир жашартып турсаң кана…

Кайып күнгө – канча жолу жаралсам да
ошончо ирет «апа» деймин сени гана…
Апа үчүн баладан чоң бакыт болбойт,
а балага Ападай жок ай-ааламда.

…Барып калсам базар болуп чачыласың,
тез таарынып, анан да тез жазыласың.
Билем, билем сага арнаган бардык ырым
жарым күндүк түйшүгүңө татыбасын.

## МЕН АЛЫСТАН САГЫНГАНДА АПАМДЫ

Алыңды айтып алыс жактан жел келет,
Көптөн берки көңүл бугун жазамбы?
Бүт энени өпкүм келет эркелеп
Мен алыстан сагынганда апамды.

… Көз алдымда кайтканыңда талаадан,
Батар күндөй балбылдаган кетмениң.
Сен базарлап келаткандай базардан,
Алдың тосуп чымылдаган кездерим.

Чыныктасам чуркап бүбү кемпирге:
«Чырагыма таба көр деп бир айла», –
Чарк айланып жалынганың эсимде:
«Чымын жанын аман кой», – деп Кудайга…

Балдарыңдын жаш курагын эстебей,
Ар бирине миң бөлүнүп бир жаның.
Качан болсо биз деп тоё нан жебей
Биз деп бизге эмне гана кылбадың...

Болду тоону которгондой кыйналууң,
Коштуң минтип турмуш деген чоң жолго.
Өзүңө арнап жаза турган ырларым
Кокто жылдыз канча болсо ошончо.

Алыңды айтып алыс жактан жел келет,
Коптон берки көңүл бугун жазамбы?
Бүт энени өпкүм келет эркелеп,
Мен алыстан сагынганда апамды.

## АПАКЕМЕ УГУЗБА АНЫ

Кекен иним, уурдап кеткен жалгыз атка
кайгырып жан кашайтып каргыш айтпа,
төрт аяктуу карышкырдан эки аяктуу
карышкырдын күнү күчтүү болуп атса –
кантмек элең...
Андай атты эски убакта
ата-бабаң берип ийчү садагага.
Атымды ууру атышып алкетти деп
шегим бар деп шелпилдебе милицияга.
Мен десең шегим бар деп бироого айтпа,
толгочү, козу ачыкка басып барба.
Башка айылдан бирөө келип алмак беле
өз айлыңдан бирөө жарым албаганда?!

Алса алсын... Аман болсун калгандары,
үйдө ийгилик боло берсин улам жаңы...
укса кейип калбасын,
Апакеме
тилимди алып Кекеним, угузба аны.

## АЙЫЛЫМ

Айылыма барарымда аптыгып,
Апамды ойлоп көздөрүмдөн жаш чыгып,
балбалактайм бар-жогумду унутуп
балалыгым келүүчүдөй бастырып.



Башыңдан Күн, аягыңдан Ай тууп,
турсаң керек тукабадай кулпуруп...
Жерге бутум жетпей учуп баратам
аска чапчып аккан суудай жулкунуп.

Бактан булбул, кырдан таңшып улары,
баягыдай күнүң батып, чыгабы?
Карегинин каруу-күчүн алдырган
карааны тоо Апам күүлүү турабы?!

Карылардын караандары бириндеп
калды деген кепке көңүл ириңдеп...
Кайриет деп кайра кайраттанармын
аларга окшош балдар чыкса күлүңдөп.

Кандырып бүт какшып жаткан талааны,
сууларың да мурункудай агабы?
Табаламбы Оңолбектей курбуну
Абжалбектей аруу көңүл аганы?

Көңүл түтөп, көздөрүмө жаш ала,
куран окуйм барар менен атама,
Кудай Таала, шыр кыла гөр жолумду
мага жана мен багыштаар батага.

Улам-улам уул-кызымды «турба лап»
кан жол деген кара жолду бир карап –
катууласам апам турган айылым
Ай түнөгөн алтын тоодой нурданат.

Кылым кырккан кызыл аска, адырың,
кайталашаар бабалардын бал ырын...
Ата-энемдей дайым мага ыйыксың
Ата-энемдин жыты калган айылым.

## КАРА ИТ

Бала кезде бир кара итим бар эле,
Күйгөн шамдай кош кулагы ак эле.
Жалгызыма жакшы жолдош болсун деп,
Атам таап келген күчүк кезинде.

Ал чоңоюп ак тилекти актады,
Жөн жүргөндү жөөлөп үрүп каппады.
Көз алдымда, таң атканча сагынып
Кол, бутумду жалагылап жатканы.

Сынагандай сабактагы сөзүмдү,
Терезеден тиктеп жатчу көзүмдү.
Досум бардай кара жанын аябас
Мен бактылуу сезээр элем өзүмдү.

Каалаганын карек менен билдирип,
Караңгыда карегинен от күйүп.
Сүйлөр сөздү билбейт гана дебесең
Көп адамдан эстүү болчу кара ит.

Согуш бүтүп... этке турсун нанга жок
Наар татпай балдар шишип, чоң онтоп...
Уурдап келчү ферме үйүнөн эт, сүзмө
Биз сүйүнүп жеп алчубуз торсоңдоп.

Кээ бир кезде айды, күндү санатып,
Бир жактарга кетип калчу каратып.
Өлөйүн деп келер эле келгенде
Таланбаган денесин бүт талатып.

Анан жатчу үн чыгарбай кыңшылап,
Анда мен да, атакем да аз уктап.
Оозуна оокат куюп турчу элек
Жаагы ачылбай калган кезде кашыктап.

Жатчу кара ит кыңшылабай күн-түндөп,
Жараатынан акчу каны шүүшүндөп.
Кээ бир жери курттап кетчү, курттарын
Бирден терип олтурчубуз: «Байкуш», – деп...

Жума, айлап жугунду ичпей, бир үрбөй
Бирок болчу өч алуудан түңүлбөй.
Мурдагыдан күчтүү болуп эки эсе
Айга жетпей ал айыгып кетчү эле.

...Ошол иттей он жеримден таланып
Он жеримден кызыл шүүшүн кан агып,



Жан чыдатпай ооруса да онтобой
Кайраттанып кара жаным карарып –
Келдим апа...
айыктырган кара итти
Атам да жок, жоктугу жан кейитти.
Ак сүтүңдү эмизгендей бир кезде
Мээримиңден бүгүн апа эмизчи.

Ак деп неге айтпайсың деп караны
Жайнаган ит жан жагыман талады.
Талап эле тим болбостон тымызын
Капыс өлүп калышымды самады...

Кабак түйүп, кайгырба апа, байыс кыл,
Кан агызып жараланууу тааныштыр.
Бир кезекте кара итимди атакем
Айыктыргандай уулуңду эми айыктыр!

## ЖАМАНЖАРДА

Жолду курдай белибизге курчанып,
биз каткырып дөңдөн ылдый чуркадык,
күлкүбүздү булбул үндүү булак да
тыноо какпай тыңшап турду тынч алып.

Купкуу чөптү курдаштыкка санабай,
куурлантып «кой, ай-буйга» карабай,
доңдун белин жеңдей булак жеп барат
дөңгөч белин аралаган арадай.

Жаш бала эмес, чоңдор көрсө алаңдаар
абалтадан айбаттуу жер Жаманжар.
Жаманжарда жарганаттай сербеңдеп,
Даниярды ээрчип чуркайт Бактияр.

Көп тараган көкүлүндөй Айдардын,
Жорго ылдый жортот жумшак айдарым.
Жымыңдайбыз бизге келген белги деп
жылдыздардын өчүп, кайра жанганын.

Бул тоо көрдү көзүн, жүзүн канчанын,
канча жолу өзгөрүлдү салт агым?!

Тентектенип терезени ургулап,
айнегине шамал бүлөйт шамшарын.

Отто күйүп бүтүп барат жыгач жай…
Өмүр шүнтүп бүтөөр бир күн… Умачтай
көз ачылат…
Бүткөн боюм титиреп
туруп кетким келет оюм улантпай…

Нурларынын сырын катып жашырын,
Ай шооласы үйгө кирип акырын,
үн чыгарбай өөп жүрөт Апамдын
ар бир талын эрте агарган чачынын…

Үргөн иттин үнү калат угулбай,
балдар жыргап жомок тыңшайт кудуңдай.
Төбөбүздөн төгүлчүдөй көп жылдыз
бизди тиктеп турат тирүү кылымдай…

## ЭЧКИ

Карышкыр капыс тийди, бачым тийди,
улакты жеп, эки эчкини тартып ийди.
Жайылып жаткан койдун жанын суурул
суурулду да суу ылдыйга куйрук түйдү.

Будуң чаң түшүп калды бардык тарап,
кейкелеңдеп Кекен жүрөт коюн карап.
Карышкыр жарды деген ак эчкинин
сол үрпү жок, кан шүүшүндөп кетип барат.

Агып барат… аңгыча жан байыстанып
эчки улагын, кой козусун араң таанып,
эмизип жаткан кезде ак эчкинин
көк улагы маарап келди «күйүп-жанып».

Эне деген ким болбосун кандай ыйык!
Эчки алдастап улагына маарап чыгып,
сыңар үрпүн тосо берсе жок үрпүнөн
жошодой кан тып-тып тамды улам сынып.



* * *

Эчкилиде элик булут элеңдеп
дагы кулап кетпейин деп чебердеп
калт-калт этип таштан-ташка бут коюп
өрдөп барат
кайда жетип өңөрмөк?!
Ушул булут ушул жерде жок эле,
кайып учуп келгенинде максат не?
Шамал кууган шашма булут жазмышын
тагдыр буйруп койгон жокпу пендеге?

Күнөө болот өмүрдү айткан: – Аз, кыска…
талаадагы чөп бол – жазса жазмышка,
көркүн ачып көөнөрт болгон жашооңу
таарынбай жат – тагдыр таштай жаткызса.

Мейли таш, чөп, мейли аккан дайра бол,
адам, куш бол, анан кайра пайда бол.
Коктө күндү көрүп өтүү – зор бакыт
жолугалы кайра келчү жолдо ошол.

* * *

«Кошунанын кызын качыр, Жамалды
калыңына берем малды жыйнаган»…
Үй толо эл. Атам күлөт. «Аялды
мен эч качан албаймын» – деп ыйлагам.

Баскандан да жакшы көргөн учканды
убак эле күлкү түштө уланган.
Айылдагы сулуу, сулуу кыздарды
аперем деп айткан сайын кубанган.

Ала турган колуктумдун көбүнөн
желек болуп желбиреөчү көңүлүм.
Ак шам күйүп турчу кээ кыз өңүнөн
чочуп кетчүм түштө өөп кээ бирин.

Ошол күндөр, эмне деген күн эле
укмуш обон ойноп турчу денемде.
Бул жашоодо, ушул жарык дүйнөдө
бактылуудан мендей бирөө жок эле.

10—1594

Чагылгандай бир жарк этип кайыды
кайран бир кез какшаганга кайрылгыс.
Тып баскандай болду жааган айыңды
мага тийип башка айылдык башка кыз.

## КАЙРАН АТАМ

Кайран атам кара тоого барабар,
таш кармаса таш кишидей чыңырган.
Калч-калч этип кышта үшүгөн карт шамал
сакалына кире качып жылынган.

Кайран атам жылкыларын жуушатып
жылгаларда жылдыз санап жыргаган.
Балдары үчүн эрте туруп, кеч жатып
жел тынса да жер тырмалап тынбаган.

Токтоп калса токтоп калчу суу сайда,
чаалыгуудан кубат алып бир башка –
Жалынычын миң кайталап Кудайга
өлөмүн деп коркутчу эле ар жазда.

Бироо менен маектешкен оңдонүп
сүйлөп коюп жүрө берчү өзүнчө...
Бирок бир жан билбеген күч дем берип
чечен болуп кетер эле чечилсе.

Атам кел деп чакырды – деп түшүмдө
айтты дагы, бир аз ооруп жөнөдү.
Аңгырадым ушул жарык дүйнөдө
жүрөгүмдүн жок калгансып жөлөгү.

## ЭЧКИЛИ ТОО

Мезгилдин окшоп өткүнү
Кылымдын өттү көп күнү.
Көп күнгө кылча көөнөрбөй
Көк челет көк зоо Эчкили.

Кабыландын каары, майданы,
Каадасы, салты, сайраны...
Угулуп турат дүңгүрөп
Тыңшасаң Талас дайраны.



Бак кетпей элдин башынан,
Бироосу миңге татыган.
Ынтымак
урсаң бөлүнбөй
Билинип турат ташынан.

Атадан калган өмүрдөй
Суулары агып бөлүнбөй,
Ошондон ушул убакка
Келебиз жоодон жеңилбей...

Теңдеше албай эч кими,
Теңирдин өттү мезгили.
Бешиги болсо Алатоо,
Табыты болдуң Эчкили.

Ааламга кеткен атагы,
Ардактап Манас атаны,
Арбагы колдоп жүрсүн деп
Багыштайм күндө батаны.

Ааламга батпас хан атам,
Төбөңдө
түбүң жан атам...
Эрдиктин сүрү эргитет
Эчкили сени карасам.

## ТОКОЙДО

Чычкандын мурду өталгыс
чытырман калың токойдо –
чымчыктын үнүн жапжалгыз
тыңшайм да батам көп ойго.

Күү кайнайт мында куш эмес
жалбырак сайрап жаткандай,
айланып үнгө бүт элес
канатын жапырт каккандай.

Арылайм, сыйкыр күүлөрдүн
түшүнсөм бирин түшүнбөй, –
жашоого ушул келгеним
чын эмес эле түшүмдөй...

Мелтирейт токой миң көздөй,
мезгилдин мээрин мен сезип,
менменсийм жарык дүйнөгө
мурда бир келип кеткенсип.

Асманга эсеп бергенсип
сайрашат таңдан бир тынбай, –
кеткендер кайра келберсип
дарак, чөп болуп чыккандай…

Тиктешет мени ойлогон
оюмду билип тургансып, –
касиет мисал колдогон
көздөрдө күйөт күү калкып.

Жаңырып кайра басылбай
кайрылат күүлөр кандагы, –
агарып калган чачымдай
бутактын куурап калганы.

Карт дарак сынган бутагын
кучактайт жерге жибербей, –
бооруна кысып баласын
бойбоздоп турган энедей.

Жүргөнсүйм шаар аралап
жериңде сыйкыр, укмуштун, –
күү канга жандай таралат
билгенсийм тилин чөп, куштун…

## ТУУГАН ЖЕР

### I

Кан болуп боюма таралган,
Кагылам атырдай абаңдан.
Жүрөгүм туйлатчу элесиң,
Жүргөндө алыста араң жан.

Сур булут айланып асманда,
Сумсайып жапжалгыз жатканда.
Караанын кайратты бүлөчү,
Канатты даа бийик какканга.



Кайгыга кабырга кайышкан,
Күнүмдө аязга кайыккан.
Күн-түнү сени эстеп тууган жер,
Күйгүзгөн күйүттөн айыккам.

Өзүңсүң, күдүргө чаппаган,
Күлүктү күүлөнтүп таптаган.
Онтогон оорудан жана да,
Келүүчү ажалдан сактаган.

Өчүргөн өзөктө ыйымы,
Өзүңсүң ыйыктын ыйыгы.
Өмүрдөн өткүчө күн сайын,
Өзүңө арнаймын ырымы.

### II

Бейишинен жат жердин,
Тозогу артык Мекеним.
От болот жүрөк ордоңон,
Ойлосом узап кетерим.

Күздө суу күчү азаят
Азайбай сендик зор арзуу –
Балбылдап турат дайыма
Батпаган күнүң сыяктуу.

Үкүдөй көрүп түнүңдү,
Түшүмдө туям эртеңиң.
Өзүңсүз көргөн жыргалды
Чуңкуру көрсүн желкемин.

Өтөрмүн бир күн жылт этип
Өзгөгө дайным угулбай.
Шылдырап агып баратып
Жылгаңа сиңген сууңдай…

Жүрөктүн ыры сунулган
Балаңмын сага сыйынган.
Өзгөгө ташың алдырбай
Өзүң деп чыгат чымын жан.

**III**

Тескейи тескей жашыл төр,
Тебишип өскөн көк шибер.
Теңтушу болуп атамдын
Теңирден бизге калган жер.

Ай нуру сүйүп бетимен
Таманым өпкөн тулаңы…
Бабамдын жана өзүмдүн,
Баламдын сенсиң турагы.

Аскага түнөп мунары
Булуту көчкөн сай бойлоп…
Тууган жер – жүрөк тумары
Жыргалга батам сени ойлоп.

Айтышып ата арбагын,
Аркырап аккан дайраңын.
Кайрыгын улам укканда
Кайратка толот кан-жаным.

Турнасы тунук тууган жер,
Тулпары туйлап жазат чер…
Келмекмин сага… өмүрдү
Өткөн соң кайра берсе эгер.

**IV**

Атпай журт, сен жалгызсың ай-ааламда,
Сабылып сагынарым өзүң гана.
Кудурет куттуу күнү кубандырып,
Кут чачып, кубат берип турсун сага.

Тамчыда бакыт чексиз сага тамган,
Тарыхты таң калтырып ата-бабаң.
Кайышып карыш жерин жатка бербей,
Намысты алдырганча жан алдырган.

Мекен деп мерт болгондун өмүрү үлгү,
Кучактап жатат алар көктө Күндү.
Эрдиги кылымдарга унутулбай,
Ушул тоо, ушул суудай түбөлүктүү.

Урпактар улуу элдин учун ула,
Кийинки муундардын күчүн чыңа…
Кыйкырып турсун ушул тоолор, суулар,
Кыргыз – деп кылымдардан кылымдарга.



# СОҢКӨЛ КАЙРЫКТАРЫ

## 1. МОЛДОНУН АШУУСУНДА

*Курбум Райымбек Шакировго*

Астымда турат ай чырай,
Көк челген көпкөк капчыгай.
Төбөмдөн тамчы тамды жай
Соңкөл жыт солдон аңкыды ай.

Капталда кашка суу мөңкүп,
Карагай келет берилеп.
Тоолорго тоолор жөлөнүп,
Нарылап улам керилет.

Ак чоку ылдый ак шагыл,
Анан соң гүлдөр башайы.
Ак булут жылсаң аста жыл,
Азоодой азыр жаз айы.

Далайга тоону жаңырткан
Дайранын тыңшап дабышын.
Жаңылбас жанды жаңылткан
Жашоонун туйдум маңызын.

Шашылчаак курбум, аскага
Шамшардай бүлөп эркке эркти.
Шаңшыган бойдон асманга
Шаңданып учуп кетсекпи?!

Убайды курбум унуткар
Чекеңди тийгиз жылдызга.
Агылган аппак булуттар
Өмүргө болсун бир нуска.

## 2. СОҢКӨЛ

Тагдырга сени багынтып
Жаратса кандай Теңирим –
Так ошондой чагылтып
Турупсуң кыргыз пейилин.

Сулуулук көрбөй суусаган,
Сук көңүл көрүп дүр эткен…
Ааламдын сырын тыңшаган
Тынчы жок сыйкыр жүрөк сен.

Сан тоодон түшкөн көлөкө
Санжыра айтып жаткандай.
Закымдап учкан өмүргө
Зарурат дары тапкандай…

Мекеге ажы болом деп,
Барышат, ал жол бузулгус.
Соңкөлгө адам болом деп
Сыйынып келип тур, кыргыз…

Кепкенен жайлоо, кең адыр,
Келберсип жаткан кези экен.
«Каяктан?» десең сен азыр
Демекмин: «Чыктым бейиштен»…

Арзуумду сага калтырдым,
Жашарды кайра жан эми…
Аман бол, бар бол калкымдын
Кок тиктеп турган кареги!

## 3. «ТУЛГА ТАШ»

Коюлган тогуз жерге, сегизден таш,
Кандай койсо так ошондой жатат мында.
Бир кезде өргүп өткөн дешет Манас
Ишенет көптөр мунун чындыгына.

«Таш тулга» таңдан кечке Соңкөлдү эмген,
Суроого жооп берчи жүрөктү эзген…
Же биздерге жылдыздардан жиберилген
Жер билбес сырды каткан катсыңбы сен?

Саныңда кандай сыр бар? Эмне сыр бар?
Бул жерге качан келдиң? Ким апкелди?
Кулжалардай качып кетти миң кылымдар
Неге тиктейм таанышымдай мен силерди?



Неге тиктейм? Өзүм билбейм? Укта үнсүз
Учса мезгил улам бекем сыр каткыла.
Тамырлары таралбаган тарых түпсүз,
Түндө ойгонуп түнөрбөстөн күү каккыла.

Сылап өтүп турсун булут маңдайыңдан,
Шүүдүрүмдөн көрүп сүйүн сүрөтүңдү.
Жүзүңдү өпкүлөсүн таң жайылган
Жата бергин тыңшагансып зор дүбүрттү.

## 4. ТУЛПАР ТАШ

«Тулпар таш» туйлап турган тулпар белең?
Ташка айланып калдың кандай себеп менен?
Ырым менен камчыдай чаап, кишенетип,
Кандайсың жүгөн салып, тушооң чечсем?..

Арстандын азуусундай арсак-арсак
Чокулардан чоктой күйүп уруп таскак.
Алоолонсок – ак булуттан сергүү алып
Чаалыкканда чагылганды камчылансак.

Кандайсың… күнүмдүктөн уча качсак,
Түгөнбөгөн түбөлүктүү жыргал тапсак,
Ал жыргалдын күчү менен күүгө келип,
Көздөн учкан жылдыздарга аралашсак…

Жанымда жайнап жүргөн жазмакейден,
Таш болсоң да жүрөгүмө жакынсың сен.
Бир жылдыздын мыкты акыны болуп жүрбө,
Ханга каршы ыр жазам деп куулуп келген?

«Тулпар таш» тунжураба көлдү тиктеп,
Эч качан бирөө келбейт өзүңдү издеп.
Эзелтеден элине даңк апкелүүчү
Эң мыктынын тагдырлары ушинтилмек…

«Тулпар таш» жаныбарым туйлап турган,
Көл сага боор оорутуп ыйлап турган…
Таш болсоң да чобурларга караандатпай
Чуркайсың куштан ыкчам, желден ылдам.

«Тулпар таш» туйлап турган тулпар белең?
Ташка айланып калдың кандай себеп менен?
Ырым менен камчыдай чаап, кишенетип
Кандайсың жүгөн салып, тушооң чечсем?..

## 5. ТАЙЛАК БААТЫРДЫН КҮМБӨЗҮНДӨ

Мөлтүрөгөн кыздардын колун байлап,
Баратканда сарбаздар Коконго айдап.
Ал кыздарды алдырбай, атпай журтту
Кас душмандан коргоп, сактап найза кармап.
Намыс-арды нандай ыйык койгон үчүн
Болгонсуң баарыбызга баатыр Тайлак.

Эр Тайлак, баатыр Тайлак, көсөм Тайлак,
Мен келдим күмбөзүңө жылдап-айлап.
Салт экен кара башын калкы үчүн
Байлап койгон баатыр үчүн колду жаймак…
Эртең дагы эл деп эрдик жасай турган
Жарандарга сенсиң бүлөө, сенсиң кайрак!

Калкым деп касам ичип баратканда
Кайраным ай, кайылмын деп кара жанга.
Кылкылдаган колуң менен кошо кеткен
Кыйышпаган курбуң болуп калсам кана…
Кудайым кут түшүрүп, кубат берсин
Кулдук уруп жайып турган алаканга.

…Элди жатка кошулушуп жеген толо
Калаадагы эстеликтин жармы моло.
Турушат муздак, жылма, дулдуюшуп
Тунжураган турагынын түбү оро.
Алар минтип жек көрүнчү болмок эмес,
Элге ойлору сеникиндей ак болгондо…

Айбатыңа бу тургандар теңдешпеген
Сен Нарынга окшош элең, достош элең,



Баатырлардын баатырысың баскынчыга
Кошулуп эл жешпеген, жер жешпеген.
Ай астында сен жашайсың мәңгиликке
Чын болсо: «Эл деп өлгөн – өлбөс деген!»

Баштагансың баатырдыктын улуу көчүн,
Өзүң үчүн алгым келет кастан өчүң…
Муздак, жазма эстеликтин жанында эмес
Билем сага келбей эрдик жетилбесин.
Кетилсе да күмбөзүңдүн тулку, чети
Баатырдыгың эч убакта кетилбесин!

*Август, 1999-жыл.*

## ЖАЛАЛАБАТ ЫР ТҮРМӨГҮ

### 1. КУРОРТТО

Түн бою сайрайт түркүн куш…
Жыргалга батып улам жай.
Элжиреп жатсаң бир укмуш
Этиңди суудан чыгарбай.

Арбагы ата-бабанын
Келгендей суугa айланып –
Кеселдеп келген жарандын
Кеселин кууйт шаңданып.

Асманынын көгүн ай,
Булутуун агын ай.
Көк жашыл болгон чөбүн ай,
Көз жоосун алган таңын ай.

Желинде сан гүл жыты аңкып,
Жергеси миң түс, өзгөчө оң…
Өмүрдү кыска узартып
Өтолү келчи, өзгөчөм!

Жалбырак жашыл бутактан
Жалынган булбул тыңша үнүн.
Жаңшанып ук дейт эчактан
Жалганын ушул дүйнөнүн.

Жалганды жаным, чын кылып
Чын кылып ушул жарыкты.
Жалжылдап аста кылгырып
Каректен сүйүүң тамызчы...

### 2. АРСЛАНБАП

Ак булут
        анан аска,
                анан токой,
Кол менен кооздуктуорноткондой.
Ааламга Арсланбап жаралбаса
Ааламдын бир сүрөтү кем болгондой.



Керме тоо жашыл кымкап жакасындай,
Жайкалышы Жараткандын батасындай.
Дүркүрөп дүңгүрөй бер кылымдарга
Дүйнөдөгү тазанын эң тазасындай.

Жемиши жерге батпас Арсланбап,
Жердеген желдей элим сени тандап.
Жергеңди жер үстүнө таңсык этсем
Желектей желбиретип колго кармап…

Келбети кербезкана бүт дүйнөлүк,
Керилет кең жылгаңда өспөс өнүп.
Өмүрү атың билбес өлкөлөргө
Өзүңдү көргөзсөм дейм атка өңөрүп…

Аскадагы аппак мөңгү-куюшкандай,
Мээримине атпай журтун жылыткандай…
Ата арбагы жалбыракка айланышып
Жапырт бизди тилсиз тиктеп турушкандай.

Табият кандай уста, кандай чебер,
Берем десе берешендеп бештен берер.
Арсланбапты ким бир жолу көрбөсө эгер
Аруулукту көрбөй, билбей кеткен дей бер…

Ааламды алтынына алмаштыргыс,
Бул байлык болсун десең бизден жылгыз.
Көзүңдүн карегиндей сактап анан
Чырпыгын чынар кылып өстүр кыргыз!

### 3. КУРМАНБЕК

Курманбек! Эх Курманбек! Курманбегим!
Коргогон сендей болсо жоодон жерин.
Кыргыздар жерин мынча кичирейтип,
Ушунчалык азайтышмак эмес элин.

Сенден кийин сендей уул болуп кем-кем,
Айрылдык ата конуш далай жерден.
Анткени кийин баатыр атанышты
Кылыч чаппай баскынчыга алтын берген.

Чымын жанын аяп чыкпай жекме жекке,
Сенден кийин теке болуп мыктысы элге –
Канчалык көп иш бүтүрсө калкка зыян
Ошончо көп айланышты «кеменгерге».

… Сен чоңойгон кыпкызыл жар, жашыл доңго,
Суктандым да суроо салдым өлбос желге:
Элдин баркын, элдин даңкын көкөлотчү
Көөнө эрдик шу менен бир өлгөнбү же?

Атасы баласына кара мүртөз,
Жоого ийилип, а элине күлбөс, күйбөс.
Кайдан келди калк намысын унутуп салып
Бир бирине көр казышкан сезим күндөш?

Ушу менен бүттүбү эл намыс, ары
Ушундайбы кайран журттун карыганы?
Жыйырма алты жашында эл деп жанын кыйган
Курманбектер жаралбайбы кайра дагы?

… Эрдикке үндөп сендей кайрат бербейт эч жан.
Күңгүрөнүп күмбөзүңө ыйлап барам…
Күйөм, күйөм тагдырыма сени менен
Бир жаралып калмакка бет бир барбаган…

Жанынан артык көрүп туулган жерин
Коргогон сендей болсо жоодоч элин.
Өмүрүмө кылдай арман кылбас элем…
Эх, Курманбек! Курманбектай! Курманбегим!

*Калмак-Кырчын айылы.*
*Май. 200-жыл.*

## 4. КОМУЗЧУ БОЛУШ МАДАЗИМОВго

Күүлөргө эритип жанын жай
эсепсиз кайрыктан жаңылбай,
бу, Бокем кыргыздын күүсүнүн
жаңыдан шайланган ханындай
олтурат. Жарашат өзүнө
жашынан жан бирге комузу –
аста бир шыңгырап күү төксө
Ааламга агылат ой учу.



Кылына кылымды чыйраткан
кыялкеч кайрыктын үзүмү –
кыргыздын ыр каткан, ый каткан
жашоодо жашаган Үмүтү.
Өткөндү өчүрбөй угалчу
эртеңди жакшыга буралчу,
кудурет даарыган дүйнөнүн
бир ирет кубанткан Кубанчы.
Кылымга күү чертип күүлөнткөн
күүлөрдүн күчүнөн дайыма –
күү алып, күч алып сүйүнткөн
күүлөрдөй күүлүү бол, карыя!

*Май. 2000-жыл.*

## ДҮЙНӨ – ӨМҮР ЫР ТҮРМӨГҮ

* * *

Өмүрдүн жаз, жайы өтүп күзү калды,
Өңүмдүн нуру кетип түсү калды.
Калтардай жалтылдаган капкара чач,
Кардагы бетегедей уйпаланды.

Үнүмдүн мукамы өчүп доошу калды,
Сөзүмдүн курчу кетип бошу калды.
Үлүңдөп күйүп турган үмүт байкуш
Таңдагы жылдыз өңдүү үл-бүл жанды.

Эй, өмүр бөксөсү көп толосунан
Өкүнчү көп болгондон да боло турган.
Мен эмне калың элдин арасынан
Калдайган досторумду көрбөй турам?!

Жашоонун жаманы көп жакшысынан,
Ар ар ким көрөт аны бактысынан.
Мен бүгүн тоодо адашкан бала мисал,
Кейип ыйлап кечээгимди таппай турам?!

Шамал болуп шашылам деп шамалдарга,
Жолго чыккам жоодур көздүү тармал таңда.
Каяктан кара басып келип калдым
Кан жолго асты кемер, артым дайра?

Бороон болуп чабылам деп бороондорго,
Чындык көксөп чымырканып чыккам жолго.
Чычырканак бутту тилип чыңырамын:
Эмне үчүн артым аска, алдым оро?

Тагдыр сен, кайда апарып тоголоттуң?!
Табына жылынсам да өчкөн оттун.
Бирөөлөрдүн бактысына көзүм артып
Жаман ойду ойлоп дагы койгон жокмун.

Жазмыш сен, кайдан алып, кайда апардың?!
Жашоондо ууңдан тандым, балыңдан тандым.
Бирок да бирөөлөргө жакшылыкты
Жасагандан жакшы иш жогун билип алдым.







Акын Анатай Өмүркановдун үй бүлөсү: аялы Бурул, уулдары Нурлан, Руслан жана кызы Айсалкын - жетимишинчи жылдардын аягы.



Акын Анатай Өмүрканов сексенинчи жылдарда.



Эл жазуучусу Түгөлбай Сыдыкбеков жана акын Анатай Өмүрканов.



Сүрөттө: (солдон оңго). Т.Кожомбердиев, А.Токтогулов, А.Өмүрканов. 1979-ж.



Эл акыны Омор Султанов жана акын Анатай Өмүрканов.



Өткөн кылымдын 80 - жылдары - өнөр ажайыпканасында; солдо жазуучу Ашым Жакыпбеков, ортодо акын Анатай Өмүрканов,оңдо драматург Бексултан Жакиев.

Эй, журтум, араңар эч суюлбасын,
Бир баскан кылым соңун, кылым башын.
Кылкылдап келе жаткан кылымдарга
Кылыңдын кыйшайганы угулбасын.

Атпай журт, аккан сууң азайбасын,
Ар дайым өргө кулап турсун ташың.
Азыркыдан алда канча акыл-эстүү,
Ар-намыстуу болсо экен дейм келчү жашың…

## КАЙДАН КЕЛДИМ?..

Бу Жараткан берген жанын кайра алып,
Адамзаат айланбаска айланып, –
Жаны улам жаралганга жармашып
Жашай берген жазмышына таң калып,
Турам ойлуу… оюм мухит, тоо оюм,
Оо, Жараткан! Мен садагаң болоюн
Сансыз суроо салааланды ажат ач,
Аз күлкүңө көп күлгөндөй тоёюн…

Кайдан келдим? Кайда барам? Не болом?
Тагдыр бөксө болуп келет толодон.
Максаты не? Маңызы не жашоонун?
Ким кутулат өлүм деген ородон?
Кара аскадай, кара тоодой салмагы
Ким кутулат кайгы-муңдан кандагы?
Кай жаңылык жашообузга апкелет
Кайра айланып келе турган жан жаңы?
Чын болгондой Күндүн чыгып батары
Чындык болуп бүткөндө өмүр базары,
Эмне үчүн ээлик кылбайт ажалга
Ар ар кимдин жыйган алтын, атагы?
Ай, жыл деген бир акпастан миң акты,
Кайда барат Мезгил, мерез Убакты?
Жаман-жакшы иш бүтүргөн жан байкуш
Кантип табат түбөлүктүү туракты?


… Шеригиби уйку келчү өлүмдүн?
Санаа тартып сан суроого чөмүлдүм…
Канткен менен кагылайын калың журт
Катарыңдан келбейт, келбейт бөлүнгүм.



11—1594



Эл акыны Омор Султанов жана акын Анатай Өмүрканов.



Өткөн кылымдын 80 - жылдары - өнөр ажайыпканасында; солдо жазуучу Ашым Жакыпбеков, ортодо акын Анатай Өмүрканов,оңдо драматург Бексултан Жакиев.

Эй, журтум, араңар эч суюлбасын,
Бир баскан кылым соңун, кылым башын.
Кылкылдап келе жаткан кылымдарга
Кылыңдын кыйшайганы угулбасын.

Атпай журт, аккан сууң азайбасын,
Ар дайым өргө кулап турсун ташың.
Азыркыдан алда канча акыл-эстүү,
Ар-намыстуу болсо экен дейм келчү жашың...

## КАЙДАН КЕЛДИМ?..

Бу Жараткан берген жанын кайра алып,
Адамзаат айланбаска айланып, –
Жаны улам жаралганга жармашып
Жашай берген жазмышына таң калып,
Турам ойлуу... оюм мухит, тоо оюм,
Оо, Жараткан! Мен садагаң болоюн
Сансыз суроо салааланды ажат ач,
Аз күлкүңө көп күлгөндөй тоёюн...

Кайдан келдим? Кайда барам? Не болом?
Тагдыр бөксө болуп келет толодон.
Максаты не? Маңызы не жашоонун?
Ким кутулат өлүм деген ородон?
Кара аскадай, кара тоодой салмагы
Ким кутулат кайгы-муңдан кандагы?
Кай жаңылык жашообузга апкелет
Кайра айланып келе турган жан жаңы?
Чын болгондой Күндүн чыгып батары
Чындык болуп бүткөндө өмүр базары,
Эмне үчүн ээлик кылбайт ажалга
Ар ар кимдин жыйган алтын, атагы?
Ай, жыл деген бир акпастан миң акты,
Кайда барат Мезгил, мерез Убакты?
Жаман-жакшы иш бүтүргөн жан байкуш
Кантип табат түбөлүктүү туракты?

... Шеригиби уйку келчү өлүмдүн?
Санаа тартып сан суроого чөмүлдүм...
Канткен менен кагылайын калың журт
Катарыңдан келбейт, келбейт бөлүнгүм.

## КАНДАЙ БАКЫТ, КАНДАЙ ЫРАХАТ

Мен жайлоого атчан бараткам,
Көл үстүндө жарк-журк сан балык, –
Суу периси аны ар жактан
Кытыгылап улам жаткансып.

Каткыргандай чулп-чулп чыгат да
Чулп деп сүңгүйт сууга кайра тез, –
Керемет күү келет кулакка
Эч убакта эч ким эшитпес.

Мүмкүн келди күткөн сүйгөнү,
Мүмкүн айты, мүмкүн майрамы?
Же көргөнгө башка дүйнөнү
Жетине албай курган сайраны…

Ыргып чыгып ушул дүйнөдөн
Башка дүйнө көрбөйм булардай.
Күлдөй болот жерим күйбөгөн
Алар уккан ырды угалбай.

Кандай бакыт, кандай ырахат,
Ушундай бир сырдуу өмүрдө –
Ойлоп коюу – ойдон ойду саап
Башка жашоо, дүйнө жөнүндө.

* * *

Же жазында, же күз, кышта, жайында,
Мен асманды карай берем дайыма.
Караганда канааттанам өзүмчө
Бир керемет турган өңдүү жанымда.

Асман-асман – тиктеп турган көздөйсүң,
Турганыңдан өзгөрбөйсүң, чөкпөйсүң.
Кетпейм деген кеменгерлер кетишти
Сен келбестик эмне экенин сезбейсиң.

Качан болсо мелтиреп бир калыпта,
Сырдуу көзүң сыйгаланат жарыкка.
Кимдер кандай аракетти кылбады
Бирок сендей калбады эч тарыхта.



Асман, асман аалам сыры төгүлгөн,
Айланамын акыл жетпес көгүңдөн…
Арманым жок чети оюлбас чегинде
Жылдыз болуп өтүп кетсем өмүрдөн.

* * *

Билип, сезип баарын алдыртан
жай алдырар жанын бардык жан, –
жайга барар болсоң конокко
бараткандай жакшы даярдан.

Мүмкүн анда бөлөк жашоо бар
миң бир эсе мындан көркү укмуш,
биз билбеген не бир сыйкырлар
болуп турар болбос кубулуш…

Айтат кыргыз, айтат байыртан,
өлөт баары, бирок өлбөйт жан.
Мүмкүн анда кайра жаралып
биз жашаарбыз күлүп кайрадан.
Жагалданып жашоо мындан да
жан жашарткан жагым ырларга
туш болорбуз…
                    Тукулжураган
тукумубуз билбес жыргалга…

билип, сезип баарын алдыртан
жай алдырар жанын бардык жан, –
жайга барсаң сыйлуу конокко
бараткандай жакшы даярдан.

* * *

Мупмуздак төшөгүмө жатарымда
Калчылдап ушунча бир ичиркенем.
Мүрзөмө мындан муздак, мындан суук
Үшүбөй кантип жалгыз жатар экем?..

Өзүң жок, сүйлөп берер сөзүң да жок,
Колуң жок коомай кармап турчу колду, –
Жыттабай жыпар жытың,
                    жылуу демиң
Жылас күн, көргөн күнүм кандай болду?..

Ким билет? Же бир дагы сыйкыр даарып
Ата-бабам алмустактан жаткан жерде –
Мүрзөнү таштай каткан, муздай каткан
Киреерде маа жылуулап ко бу же?..

Каякта… камгак ойлор калдалаңдап
Топурап тоскоол болуп жазчу ырыма,
Жөн эле жөө тумандай жөөлөйт мени
Титиреп үшүп-тоңуп турганымда.

* * *
Жаралган белең багыма,
Жан досум, жокту бар кылган.
Акырын келип жаныма
Арылтчы мени кайгыдан.

Жан коёр жер табалбай
Жабыгып турам жалжалгыз.
Ар сөзүң мага абадай,
Азыр мен жылдыз – асмансыз.

Сазында убай, санаанын
Көзүңдү көөнүм самап тур.
Калдайган тоодой караанын
Эки эсе керек мага азыр.

## КӨКСЕҢИР

Асманда ай алакандай жаркырап,
анда сайдын суусу жатчу шаркырап…
Мүрзө аралап мектеп жакка кетүүчү
жолдон араң өтөр элем калтырап.

Үрөйдү алып үйдөн уккан ар кыл кеп,
калч-калч баскан ар кадамым эсептеп
коркор элем… чыга калып мүрзөдөн
бирөө мени калуучудай этектеп.

Үн угулуп ың-жың жаткан күдүрдөн,
ушунчалык сүрдүү болчу ушул дөң.
Кыяматтын көпүрөсү сыяктуу
кыйналчумун өтөрүмдө мүрзөдөн…



… Атам, иним жатат ушул мүрзөдө
мүрзөдөн мен коркпойм түндө же кечте,
кайра мага жакынымдай сезилет
конуп кет деп жүрчү колуң бош кезде.

Топук кылып топурагын ушалап
көрүстөнгө барып калсам ар убак –
мүрзө мага туулгандан жаны бир
туу тутушкан тууганымдай туюлат…

Акыр келчү үйүм сенсиң Көксеңир,
сенден коркуп жүргөн кезим эстедир…
Эмнегедир азыр коркпойм, а бирок
кетер күндү кечинен бер Көктеңир.

* * *
Бул аткан таң – балалыгың супсулуу,
шашке өспүрүм кезиң толкун сыяктуу, –
а чак түшүң – жер көтөрбөс майышып
жигиттигиң туш-тарабың алоолуу.

Ай-ааламды алаканга салгандай,
күлүмсүрөп күндү кармап алгандай –
кайкалайсың,
ортосунда көк жердин
падышасы, ханы болуп калгандай…

Бешим келип бел чечилип накта анык,
анан аста кайтат хандык, патшалык…
Ооруң тыңшап олтурасың элеңдеп
элик сымал октон калган сактанып.

Анан зуу деп иңир кирет, түн кирет,
өмүрүңдүн өткөндүгүн билдирет.
Көп катары көз жумасың
дүйнөгө
келбегениң, келгениңди ким билет?

Ыйлап келип, ыйлап кетчү бу жалган,
алмустактан арман, зардан уланган…
Оо, бурадар кол сунгансып кишиге
кол жайып өт мүрзө көрсөң кубарган.

* * *

Асканын арасынан
ак булут алат сапар,
а мүмкүн арбактардан
айтылган бизге бата ал?!
Жаралдың: «Сен эмнеден?»
Сууларга берем суроо.
«Келгенмин кудуреттен,
тагдырым миң сан сыноо…»

Асмандан сансыз көздөй
жылдыздар тиктейт бизди.
Кудайдан келген сөздөй
кубулжуп ак кар түштү.

Жанымдын изи окшоп
жазылган турат ырым.
Коргондой айлампа тоо
моорүндөй кылымдардын.

Кандагы эски кайрык
күү күчөп угулат да,
заматта жүрөктү айрып,
жыргатат жанды кайра…

* * *

Жел жыңайлак таманын,
жер бетине тийгизбей.
Жараткандын айтканын,
айтып жүрөт билгизбей.
Таң аткандан сайраган,
сүтак үнү – шүүдүрүм.
Татаалына таң калам,
татынакай дүйнөнүн…
Түшүнгөндөй кебине,
башын желге иет чөп.
Башка болуп өмүргө,
адам келет өңдөнөт.
Эмне болот дүйнө күн…
Көктү карап жатканда,
ойлор келет ар түркүн,
үлгүрбөймүн жазганга.
Алда нени ойлонуп,



кеч титирейт жээкте.
Келем айтчы ким болуп,
кайра өмүргө келгенде?!

* * *

Бийлигим да, байлыгым да болбоду,
бирок Теңир чын пейлинен колдоду:
Жасатпады бирөөлөргө жамандык
тепсетпеди кумурсканы жолдогу.

Колдоочум да, жандоочум да болбоду,
бирок тагдыр, көңүлү менен колдоду:
Уул үйлөп, кыз узатып пенделик
максат ишке ашып барат ойдогу.

Сүйөнөрүм, же сүйөрүм болбоду,
бирок жазмыш жаны менен колдоду:
Алты саным аман атпай журтума
жазар ырым жазып калсам болгону…

* * *

Кудайдын куттуу күнү таңдан кечке,
жалынып чакырсаң да кайра келбес,
куштан тез, куландан бат, желден ылдам,
куушуп өтүп кетти балалык кез.

Өспүрүм убак өттү андан бачым,
кезинде жигиттикти суудай чачтым.
Шуулдап жете келдим алтымышка
мышыңдан айт, шум дүйнө, эмне таптым?!

Мингендей аккан суугa, учкан желге,
билинбей кетем кетчү мезгил келсе…
бирок мен бактылуумун, Жаратканды н
жарыгын көрүп, заңын билгениме.

Калгандай ширеңкенин чийи күйбөй
бул күндү өткөн канча көрбөй, билбей?!
Мен болсо сулуу сүйүп, бала жыттап,
кайгыны, кубанычты көрдүм бирдей.

Көк чөптү, суу шылдырын, күн жарыгын,
көз ачып көрбөй укпай канча кылым

жатсам да...
оо, Жараткан бу дүйнөнү
көргөзүп койгонуна ыраазымын.

* * *

Ким болбосун «эх» деген,
бул өмүрдөн өтөрдө.
Эмне калат биздерден
Ата мурас эл, жерге?

Тоодой үйгөн алтынбы
же үйлөрбү эсепсиз –
арбын аргын балдарбы
туулушкан никесиз?

Кубанчым деп чоңойткон
купшуңдаган курсакпы
же намысты ойлогон
оттой ысык ыр саппы?
Беделине эл, жердин
бедел кошпой бир эли
калк казнасын жегендин
таштай катсын тилеги.
Уккан душман сезгенчү
кыргыздык зор тарыхка
жаманатты апкелчү
жаралбаса жарыкка!
Тууган жер деп баш сайып
турчу уулдар төрөлсө
Өзүм деген азайып
өлкөм деген көбөйсө...

Не кылат деп ойлонбой
ата мурас эл, жерге –
өмүргө раазы болгондой
кетер элем кеткенде...

# МИҢ КАЙРЫК ЫР ТҮРМӨГҮ

## ЫРЛАРЫМА

Кызымдан кызык көрдүм,
уулумдан ыйык көрдүм.
Мен кетсем айланып уч
төрт бурчун төгөрөктүн.

Жашоонун ар кыл жагын
чагылтып калкылдагын.
Уул, кыз эчтеке эмес
сен уятка калтырбагын.

Жүрөгүң жаш болсун деп
жүрөгүм эзип бердим, –
өмүр кош өмүрүнө
жолуңдан кезиккендин.

Закымдын закымында
айтып тур: – Аты мында...
Жүзүм бар эл караган
жер тиктеп басырынба.

Дүйнөнү мен тиктеген
көз менен көрөсүң сен,
окуса бирөө-жарым
сүйүнүп турар жаным...

Бүтпөсүн саа барчу жол...
Чөптөй бол, суулардай бол.
Жаксаңар мүмкүн бирөө
мүрзөмө бир гүл коёр.

## ЖОРГО

Суу акпай, шамал желбей, чымчык учпай,
айлана ааламда жок күү укчудай
көлкүлдөп
көзүн жумуп тунуп турат

бир сырды күткөн өңдүү бир укмуштай.
Уюган сүттөй булут уюйт зоодо
ак мөңгү жалт-жулт этет араң зорго –
эмне эле баары эстен танат десем,
жорголоп баратыптыр жолдо жорго.
Жаныбар баратыптыр суу чайпалтпай,
салдырган жоргосуна өзү канбай –
теминсе тер куюлат омуроодон,
такым жак аппак көбүк кар жаагандай…
Өрөпкүп, өжөрлөнүп, ашып-ташып,
бактыдан кур калчудай жан талашып
өкүнүчкө өзүн өзү өгөп-бүлөп
от болуп ооздуктан көбүгү атып, –
жамгырдай шукшурултуп кара жанын
намысы кубатына кубат кошуп, –
окшошуп кулактары күйгөн шамга
жайылып жал, куйругу ай асманга
тозоңу тоо бузчудай жаал менен
жан үрөп жете турган максатына
баратат…
таш учурган туякты аяп
төтө жол «төшөкмүн! – деп төшүн жаят…
Ак мөңгү,
анан ылдый жапжашыл тоо
ак булут,
анан ылдый айдың талаа
алайып бул укмушту турат карап.
Балбылдап башка ааламдан келген нурдай
бир гана жорго козу жалт-жулт жанат, –
Эх, чиркин эки келбес бул өмүрдө
бир жолу так үшүнтүп жорго салсам
арманым болбос эле атаганат.

## УКТАП АТЫП ЫЙЛАГАН НАРИСТЕГЕ

Берди бизге сени Теңирим,
суудай аруу. Сүттөй тазасың…
анан неге, айтчы эмне үчүн
уктап атып ыйлап жатасың?



Табалбаган эч ким дүйнөдө
жаңылыкты мүмкүн ачасың…
айтчы бөпөм, ушул өмүргө
келбей жатып неге капасың?

Таштай каткан тагдыр татаалы
тумчуктурган турмуш азабы,
туш-тарабың тукулжуратып
туш кылабы муңдуу жазаны?

Көдөй болуп көкмөк асманың,
көрбөгөндү көрүп жаш жаның
өз жериңде өзүң кул болуп
өтөрүңдү билип жатпагын?

Баарын туюп кереметиңде
өз жүрөгүң ооруп өзүңө
ошон үчүн ыйладыңбы сен
билдиралбай аны эч кимге?

Же болбосо кайра келүүгө
мүмкүн эмес өмүр жөнүндө,
уктап атып билип жаныңды
салдыңбы сен бүтпөс кейүүгө.

Ууз уйкуда улутунасың
көйнөгүңдү сенин уй жегир…
Дүйнө жыргал, күлүп жашагын
эч убакта кайгы билбегин.

Уктап атып бөпөм, ыйлабай
күлкүсүнөн күйүт көп күндө
аракет кыл жаның кыйнабай
түшүңдө да күлүп жүргөнгө.

Кудай кошуп Теңир бак берсин
тандабагын жолдун оңоюн.
Өз жериңе болгун кожоюн.
Оо, уйкуңдан сенин болоюн.

## АВТОБУСТА

Автобуста далбастап
сүрүлүп кирип карадым.
Илинип турат бир байпак
Байпагы жапжаш баланын.

Боёктун кошуп беш түрүн
болпойто тытып майдалап,
тыбытынан эчкинин
түйүптүр четин саймалап.

Кир кол менен кармагыс
апакай, назик үлбүрөк.
Байкасаң аны ой, укмуш,
бакжая күлүп Күн жүрөт!

Элеңдейт эки жагына
ээсинин атын билчүдөй
эгерде аны таппаса
эчкирип ыйлап ийчүдөй, –
жаткандай бала бешикте,
айланат байпак илгичте.
Капилет жерден ээсине
кабылып калса эмине?!

Быйтыйып бала бутундай,
көргөндү барат кубантып…
Автобус тоонун кушундай
алыстайт сапар улантып.

Кадала карап киргенге
капасы ичтен тарабай, –
алаңдайт байпак ар кимге
адашып калган баладай…



## КОМУЗ

*Обончу Роза АМАНОВАга*

Кан болуп менде жүгүргөн,
кагылайын үнүңдөн.
Байыркы ата-бабама
баргансып калам күүңдөн.

Барганды мындай коёюн,
кайрыгы мукам обонуң,
укканда бабам менен мен
сүйлөшкөн өңдүү боломун.

Чертилсең тирүү жандайсың,
керемет менен арбайсың
кылычтай болуп келатып
кызыл гүл болуп жайнайсың.

Жетпеген жерге жетесиң,
жалынтып жанды ээсиң.
Тоо болуп туруп заматта
көл болуп толкуп кетесиң.

Үнүңдөн жыргал тамызып,
келе бер кылым карытып, –
укумдан ушул тукумга
уккандын турсун каны ысып…

**II**

Мезгил жүгүн жүрөгүнө бекем түйүп,
ыйласа ыйлап, күйүчү жерде түтөп, күйүп,
кылым кырккан бул комуздун кылдарынын
бири Кубанч, бири Кайгы, бири Үмүт.

Кайгың жана Кубанчыңа, Үмүтүңө,
түгөнбөгөн азык болсун ушул дүйнө.
Кыргыз жанын угузам деп кыйырларга
кылымдарды кылдарындай бура, күүлө.

## КЕМПИР

Баласынын жуурканын кымтылап
жүргөн өңдүү көрүстөнгө бир убак
келет дагы ташын терет,
анан соң
Куран окуйт моло таштай нымтырап.

Куран окуйт
жаш кезеги жаркырап
жаш баласы, жары көзгө тартылат…
Башы айланып бетиндеги бырыштын
үнү чыкпай туруп калат калтырап.

Куран окуйт
киргил дайра тунгандай,
тоо жылгандай, арбак сайран кургандай
улутунган ушул куран кыраатын
Кудай өзү угуп ыйлап тургандай.

Куран окуйт
кыйрайт кылым бул үндөн.
Кемпир күндө түйүнчөктөй түйүлгөн
ажал тилейт; көз жумса эле уулуна
жолукчудай сүйүнгөнү сүйүнгөн.

## КҮМБӨЗ

Эзилген дубалындай дымып муңу,
өстөндө өткөн күнүн өксүп жоктоп –
төбөсү оюлган бир күмбөз туру
тарыхтын окшурайган көзүнө окшоп.

Өткөндөр окуйт куран түшүп, токтоп.
Ким курган? Качан курган? Кимге курган?
Жан билбейт. Шамал гана муңдуу боздоп
күн сайын күүсүн кайрыйт улутунган.

Кыйкырып кылымдардан кылымдарга,
Асмандын тумарындай учат турна…
Э, турна, турнажаным билесиңби,
бул күмбөз качантадан турат мында?



Ың-жынсыз. Жышаан берип накыл-нуска
жел токтоп желе жортот өтө кыска…
Сен күмбөз эмнени эстеп тунжурадың
мен сени ойлуу тиктеп турганымда?

Айланып дөңгөлөктө таңы-кечке,
жамгырдай жааган жылдар эчен-эчен.
Күмбөзгө айланган да бир кезекте
өзүмдөй өлбөс болуп турду бекен?

Бай бекен, баатыр бекен же хан бекен?
Эссизге эстеликти билем курбайт.
Тыңшаса күңгүрөнгөн бу күмбөздөн
замандар сапырылып жаңырыктайт.

Ал чындык мезгил таш боор, мезгил мерез,
бул күмбөз колтамгасы байыркынын…
Бир кезде бу жок болот бул гана эмес
жок болот ушуга арнап жазган ырым.

## ТАБЫШМАК ДҮЙНӨ

Аялы кесел эле, куник эле,
анысы аз келгенсип арык эле.
Кыжынып эри күйчү: «Сооп таап
бейишке чыкмак бирөө сени жарып кетсе»…

Сонун атыр жыттанып эр кеч келүүчү,
сонун-сонун тамактардан жеп келүүчү.
Сыртта сыйкор сыяктанып
үй эшигин
ачар замат чочко сымал өзгөрүүчү.

Байкуш жары айыкпаган кесел эле,
эрте өлөрүн эси менен сезер эле.
– Эстеликти кандай таштан коёюн? – деп
мас күйөөсү маселесин чечер эле.

Үлбүрөчү: – Бир жашадык, сенсиң бактым,
эркексиң да кетсем жарсыз туралбассың,

алсаң ал, бирок аның уул, кызыма
өгөй болбой өзүмө окшоп каралашсын.

Күйөөсү күрс жөтөлүп күңгүрөнчү
дегендей: «Адегенде өлүп көрчү…»
Анан оюн оңдор эле: – Аштан кийин
ойлонсок ойлонорбуз азыр, жончу…

– Колдорумду кармап берчи? – десе селт деп
чокту басып алгандай чоочуп, эптеп
кан-сөөлү жок какшып бара жаткан колун
кармалачы… а оюнда ойношту эстеп…
Анысы тийгендигин эчен эрге
унтуп салган укуруктай узун неме,
балакетин алабы махабаттын
майлуу жерге баш батыруу максаты эле.

Кексе чал келем дебей калса келип
көзүнүн агы менен тегеренип
жалдыраса жан көлкүлдөп,
куруп кетсин
жүрөгү эмес сөөгү дагы кетчү эрип.

– Дүйнөдө эркек болбойт Сизден артык,
баратат күндөн күнгө сүйүүм артып…
деп ыйласа кексе чалды турар эле
жарынын тирүүлүгү жанын жанчып…

Бүгүн, эртең деген ажал бербей белги,
кара ашына соём деген ат семирди.
– Айкелине жазар сөзүм жагабы? – деп
айт күнү жазгандарын окуп берди.

Түшүнсөң түшүнөрсүң деген сымал
буладай жыбылжытып чыгарды үн ал.
– Таш койдурсаң ак таштардан койдур бирди
ак бетине сөз чектирбе, болот убал…

Чал ойнойт, ойношунан күндө тоёт,
«Жайралдыбы?» – жарын бир маал карап коёт…
Түңүлбөй эртеңкиден түзөлүп ал
небересине байпак түйүп жаткан болот.



Жаш ойношу жаш эт берип кечте, түндө
– Жашайлычы ачык жетип жакшы күнгө,
дарысына дары кошуп берчи буну
ал каскак болбой калсын экөөбүзгө…

Каткырышып тоого барып, тоодон келип,
далай тамак, далай арак ичип желип, –
Кыш эле, кызуу эле, уруп уу газ
машинеде экөөсү тең болду жылас…

… Аялына соём деген атын союп
калк тарады кара ашына кана тоюп.
Күйөө жазган сөздү жазды ошол ташка
кыркы күнү эстелигин жары коюп.

Ай айланбай ошол аял чыкты өңүнө,
күлүңдөп кут сыяктуу конуп төргө
ар күн сайын куран окуйт күйөөсүнө:
«Андай адам бир жаралат бу дүйнөгө»…

Бир кайрыктан эки үндү аял уга берет,
түндө эки үн терезеге жакын келет
келип аны
муунтарда куран окуйт
курандан эки үн кайра качып кетет.

Эртеси жыт чыгарат аял үйдөн,
оозунан лам деп чыкпай жалгыз сүйлөм.
«Арбагында колдоп жатсын балдарын! – деп
такыясын жыттап коёт катып жүргөн.

Суу агат мурункудай шылдыр-шулдур,
мурункудай үнүн безейт чымчык, булбул.
Ойлосом оюм жетпейт ой түбүнө
табышмактуу беле шунча дүйнөң кургур…

## КОШУНА

Көп сөзү азил, мурч эле,
көздөрү жайнап турчу эле.
Келин деп жүрүп кез-кезде
кеч келип жарын урчу эле.

Кийинчү таза жаркылдап,
жолуксаң күлчү карсылдап.
Кызганып өлчү... көздөрүн
жарына бирөө калса ымдап.

Иш эмес болчу ишемби,
ал кетчү. «Иш көп, иш өлдү»...
Базарда үйгө баталбай
тумчукчу туткун киши өңдүү.

Отпуска алса жинигип,
жүрөгү кат-кат тилинип,
балыктай суута кой берген,
иш десе кетчү жүгүрүп.

Аялы абдан жаш эме,
жибектей назик таза эле,
эшикке кээде чыккандан,
киргени үйгө бат эле.

Базарга эч бир барчу эмес,
дүкөндөн дүйнө алчу эмес.
Жалаяк болуп үй ичи
төрөттөн жылда калчу эмес.

Кудуктун терең түбүнөн
чыккандай жумшак үнүнөн,
билинип турчу бир арман:
– Курусун ушул дүнүйөң.

Күйөөсү кээде: – Күн – дечү,
күнгө окшоп дайым күл – дечү.
Ичкенде элди башкарган
чоңдорду сөгүп тилдечү.

Жашоого ушул тойгондой,
убада берип койгондой,
улардай учту кошуна
уктаган бойдон ойгонбой...

Ишинен – деди боздошкон,
көп аял келди коштошкон.
Опол тоо адам кеткенин,
ошолор болду жоктоткон.



Чыңырган үндөр чыкканы,
чуу койсок ал үн сыздады.
Бар экен тогуз токолдон
элүүдөй уул-кыздары.

Кайгы, муң тийип камчыдай,
көтөрүп үйдү. Алсырай
өкүрдү, ыйлап ошону
ойготуп кайра алчудай...

Басайган кезде чуру-чуу
көп коңшу четке турушту.
– Бир аял менен жүрөбүз
бул окшойт абдан угуттуу.

Сөздөргө кулак элейткен
кудайы коңшу Төлөйкөн:
– Азамат тура чыныгы,
атпай журт санын көбөйткөн.

Баатыр деш керек ушуну,
ар кимдин жаштык учуру.
Жөн эле өтүп жатпайбы
көр оокат менен утуру

Үйлөнбөй Үмөт, Абыткан
Байгамбар жашка барышкан,
экөө тең кетип калса не,
бу кетпей элди байыткан...

Азамат эрден айрылып,
биз турдук үнсүз кайгырып.
Жалындык... Кудай койсо деп
жоголгон жанды бар кылып...

## БУРУЛГА

### I

Көгүчкөнүм, баш кошкондон көңүл тою
өзүң менен өтүп келет өмүр бою,
тойду дагы уланталы ажарлантып
бул жашоого келбеген соң да бир жолу.

Өмүр сая өттү дебе, өмүр мында,
өтпөй эле айланышты аккуу ырга, –
ишен жаным, ал өмүрдүн мүнөтүнүн
ырахаты татып турат миң кылымга.

Ар кыймылың, ар урушуң жазып турган
Мажнунуңмун кара жанын казык кылган...
Экообуздүн кедейлик бир кереметтей,
башкалардын бүт байлыгын басып турган.

Сүйлөшөлү сөздүн каймак, майын калпып,
кейитпегин кежирленип таңдан «шаңшып».
Экообуздүн сен-мен дешкен кер-мурубуз
өзгөлөрдүн өбүшүнөн миң эсе артык.

Маралдайым мага кылган мээнетиң зор,
бала көрдүм, кызды көрдүм колума кол...
Жаман-жакшы жашасак да жашадык биз
ал жашаган күндөргө сен ыраазы бол.

## II

Сөзүңдөн да напназик алган демиң,
Андан назик элжиреп айткан кебиң.
Боор толгоп бошошкон күндөрүмдө
Бороондордо коргогон тоом, чебим.

Жамандыктан көп болду жакшылыгың,
Бир өзүңө арналды жакшы ырым.
Отуз ашык жыл жашап оттой күйүп
Жашаганга окшодум отуз кылым.

Өттү, кетти өрт жылдар көз ирмемде,
Максат менен: «Мага эмес, элге, жерге»...
Өлүп кайра тирилип жолугушсак
Чыгат белең чынын айт, өзүмө эрге?

## III

Кучагыма толо турган жалгыз сенсиң,
Таалайыма тагдыр кошкон энчим сенсиң.
Өмүрүмдү тазартуучу аруу желсиң
Канча казса ошончолук бүтпөс кенсиң.
Сенден ашкан бу дүйнөдө бир сулуу жок
Ушунумду калп дегендер мага келсин.



## IV

Ыр жаздырган талант болбой кошоматка,
кол куушуруп коюн сойчу талант болсо –
эл кийбести кийгизмекмин эркем сага
эмдигиче аким болуп районго.

Бирге бирди кошуп төрткө жеткирүүчү
талант болсо ташты сатып пайда тапкан, –
анда жаным,
аң-таң калар дүйнө жүзү
машинеге мингизмекмин алда качан.

Мансап үчүн кол куушурбас, соодага жок,
баёо жанмын, бар өнөрүм эртеңди ойлой –
ыр жазамын, бүгүнкүгө ыйлап, боздоп,
а сен ага каткырасың көңүл койбой...

«Тамак болуп, кийим болуп, же болбосо
«Волга» болуп берсе кана ошол ырың»...
Оюңду ырга мейлиң оңдо, мейли оңдобо,
тилейм сенин бу дүйнөдө амандыгың...

## V

Антпе жаным, октон жаман уудай тил,
Ачуу эмне, таттуу эмне ылгай бил...
Акындыгым сыйлабасаң сыйлаба
Алгач тийген эр катары сыйлай жүр.

## ЫРААЗЫМЫН

Экөөбүздү бир мезгилде Жараткан
ушунчалык ыраазымын Кудайга, –
тартылбасак бирибизге бирибиз
тартылышпай калмак көктө Күн, Ай да.

Агып барам, мени туурап агат суу
мени туурап куштар сайрайт гүл бакта.
Өз огунда жер айланган сыяктуу
сени айланып турам жаным дайыма.

Жолгушпай өтүп кетсем өмүрдөн
сен да мени бу дүйнөдөн көрбосоң
сени билбейм, менин күнүм чөлдөгү
суудай болмок бир чайпалып төгүлгөн...

Ыраазымын, жандай көрдүм жактырдым,
бир бололу уйкашындай жакшы ырдын –
Таңкы шоолам, тармал чачым, татынам
таберигим, табылбасым, тагдырым.

# ТАБИЯТ ЫРЛАРЫ

## ЖАЗ

Шыбырап жалынч, наз кепти,
асканын киймин жаз чечти.
Буулугуп турган булуттан
булактай туйлап жаш кетти.

Жакадан жаш чөп жамырап,
жагым жыт менен жан улап
ырдаса аалам обону
жүрөктөн аста жаңырат.

Катканы сыртка угулбай
тоо жатат токтоо кылымдай.
Кашаттан жарк дейт кашка суу
кишенеп чыккан кулундай.

Уч-түпсүз асман астында
учкусу келет таштын да.
Магдырап барат жаш сулуу
мас болгон өңдүү жакшы ырга.

Миң келип мендей миң кетет,
мезгилге учкан кайда эсеп?!
Жоодурап жолдон жоогазын
жолуккан сайын жанды эзет.

Торгойдун үнү тоо жарат,
жылдыздан жыргал нур тамат.
Көгүчкөн болуп кетсем дейм
көктөгү Айды бир карап...

## ТАҢ АТАРДА

Нотасынын алган өңдүү жаңысын
дайра бачым басаңдатты дабышын.
Тармал чачтуу таң шашылган ыргакта
ылдамдатты канатынын кагышын.

Сансыз жылдыз аз-аз калды саналып…
Улуу тоонун учу үрүл-бүрүлдөп
улам-улам дааналанып, агарып
анан ууз чоку чоктой күлүңдөп –
жалт-жулт этти…
кубулжуган куш үнү
жер бетине нур аралаш күү төктү.
Бу дүйнөдө бир сүрөтчү тартпаган
карап турдум жан сүрдөгөн сүрөттү.

Эне бала жолугушпай канча убак
азыр гана жолугушкан сыяктуу –
жер ал нурга бир башкача жалдырап,
бир башкача өөп жатты кучактап.

* * *
Көк карап күчүк көпкө үрдү.
А шамал жанын жанга уруп
жарым мүнөт тынчыбай,
табасын даана кандырып –
дүпүрөтүп жылкыдай
айдап келди өткүндү.

Күркүрөп анан Күн кетти…
А өткүн мөңкүйт азоодой,
андан-мындан бир тийип
ак булут жылды аз оообой,
шүүдүрүм турган тирсийип
тамганда көк чөп дүр этти.

* * *
Мөңкүп-мөңкүп секирип
Мөндүр түштү тулаңга.
Гүлдөрдө ал жок, кыйраган
Жамбашын өйдө кыларга.

Чагылган шилтеп кылычын
Чайпалтты көлдү, талааны.
Кумурска жемин түшүрбөй
Куюндайт калбай жан-алы.



Боз чаңгыл булут удургуйт
Боюна жыйып кубатты.
Колунда жок байлыгы
Кор болгон талант сыяктуу.

Анан жай жамгыр дыбырайт
Күңгүрөй кайрып күүнү зор.
Жеталбай калган ийинге
Жыландай дөңдө кашка жол.

## ЖААНДАН КИЙИН

Жаандан кийин, ысык жай
салкындай түштү бир кыйла.
Аскага анча кызыкпай
кар мойнун созду ылдыйга.

Талатып жанын жамгырга
жалбырак желге ыргалбай, –
каяша кылып тагдырга
тоо турду миң жыл тургандай.

Булакка булут чайып жүз
булая күлүп жылды ары.
Жыргалын жыйбай жайык, түз
жымыйып тиктейт жылганы.

Таасирлүү сөзүн дагы улап
таризде үнсүз тайынган,
суктанат таза табият
сулуудай сууга чайынган.

* * *
Көрүнду үй, тоо аз-аздан
ачылган өңдүү көшөгө.
Ээсин атчан бараткан
ит ээрчип чуркайт өзү эле.

Короздун үнү заңкылдайт
каккандай алтын коңгуроо.
Кары чал калптан камчы ыргайт
кайырып коюн бир короо.

Кишенейт айгыр бээлерге
жапырып шамдай кулагын.
Жакындайт келин желеге
адырдын кечип тулаңын.

## ТАҢКЫ ТООЛОР

Көгөрүп асман аз-аздан,
Аскага ай нур себелеп –
Тамылжып барып таңы аткан
Таңкы тоо укмуш, керемет.

Кез болбос үрүл-бүрүлдөй,
Үргүлөп тоолор термелип –
Периште куштун үнүндөй
Үн келет сыйкыр өңөрүп.

Апаппак болуп асманга
Акшумкар конуп калгандай...
Тирүүлөр үчүн бир башка
Кудурет курган сайрандай.

Шаң чачып тоолор шаңкаят
Каймактан калпып алгандай –
Аруу нур канды кайнатат
Кол эмес көзгө кармалбай.

Кайратты бүлөп кандагы
Кан болуп канда жарышкан –
Керемет тоолор таңдагы
Келгендей учуп кайыптан.

Таңкы тоо аппак, апаппак
Асманда тилим булут жок –
Жатсам дейм аны кучактап
Жахандан келген нур окшоп...



## ЖАЙЛООДОГУ КЕЧ

Чагылган ороп алып койнуна
булут келет мышык мисал жай басып,
сагызгандай селт этип сак секирип
жаңырыктар жүрөт жарда адашып.

Бир нерсени чөп туйгандай тунжурап
тыноо какпай тыңшай калат суу шарын.
Түштөн чыга калган өңдүү эликтер
элең-элең билбейт кайда чуркаарын.

Жайлоо кечи – жаш келиндей жайдары
жай каалгып этек-жеңин кымтылайт.
Көздөй болуп көктөн түшкөн жаш тамчы
жерге сиңип кетпей көпкө жылтырайт.

Жел желбегей жамынып көк чепкенин
желмаяндай желе жортот ой-тоого,
Аска үнсүз эстейт жаштык кездерин
падышадай баарын алган байкоого.

Чагылгандын көрчү камчы чапканын
асман бетин айра тилди күркүрөп...
Эй, эрке жаз айрылганын асмандын
айла таап жамгыр менен жамай кет.

## КҮЗ

Сан түскө бөлөп бүт жерди,
токтолгон адам түспөлдүү
толукшуп тоодон талаага
токмаарек, коңур күз келди.

Жайнаган тал,чөп түбүнө
кеткендей ар кыл шам жагып...
жалбырак күздүн күүнө
бий бийлейт. Турам тамшанып.

Саймалап сайган килемдей
сай бойлоп кеткен жаш токой...
Буулуккан бука килеңдейт
булкканга муюп токтобой.

Талаанын деми куйуттуу
көркүнөн кеткен жашыл түс.
Эртеңди карайм үмүттүү,
а бирок жүрөк көңүлсүз.

Сан чымчык сайрайт сан үндө
саргарып булут чубалып,
чарчаңкы тартып дүнүйө
туйлабай тунуп суу агып, –
баш ийип башка тагдырга
бакжайбай баары муңайым,
билишет, бирок жазында
жашарып бийлеп чыгарын…

* * *

Кар үстүндө изи тайтаң-туйтаң
ак баракка бала чийген тамгалардай,
жалын куйрук жаш түлкү этип бултаң
издин жытын искеп күлөт таң калгандай.

Таш арманын суу алыс алып кетип
муз ичинен миң кайталап бир обонду
бүтпөйт ырын. Бутакка каак-каак этип
коңгуроосун каккан окшоп карга конду.

Күтүп гана тургандай бу белгини
ошол замат айга болбой, койго болбой –
балбалактап бала кар жаап кирди
короосунан жамыраган ак койлордой.

Мемиреди бир жыргал канат жайган
маңгиликтин зор күүсүнө маашырланып –
тоо булутту тиктеди,
сампарлаган
кар тозоңуун санап жаткан сыяктанып…

## ЭРТЕҢ МЕНЕН

Чубалып үзүлүп үзүлбөй
арманын айткансып кайдагы,
түшкөнгө түшүнүп түшүнбөй
түн бою бир тынбай кар жаады…



Ак төгүп койгонсуп талаага
адыр, дөң сыпсыйдым – ах, кандай…
кара бак чыбырчык, ак ала
сагызган той берип жаткандай.

Шылдыңдуу шыңкылдайт жел аргы
өзөнгө өзүнчө өпкөлөй, –
бутактын булайган ак кары
суйкаят сулууда сөйкөдөй.

Чалкаят чайыттай көк асман,
тоо ойлуу ак чепкен кийинип.
Буу сайдан кайыйт жай. Мен турам
ушуну көргөнгө сүйүнүп…

* * *

Калкылдап учуп талыган
канатын сермеп аз гана –
тыптыйпыл болуп жөө туман
тытылып калды аскага.

Үшкүрүк чыкпай тумандан
жылдыздай жылт деп таңдагы,
көйкөлүп белден буралган
көк чөпкө тамды арманы.

* * *

Жөөлөшүп, бир бирине койдой ыктап,
жөө туман жылат ылдый жерди жыттап.
Таберик сыяктанган тамчы күтүп
таңдайы каткан тулаң турган суусап.

«Кап, аттиң, шамал айдап кетти жаанды»…
жанараак ушул сөздү уккан белем,
кыйраткандай талаадагы кызгалдакты
кыйкыртты кыз-келинди мөндүр деген.

Чарт-чурт деп чабылгандай чакага сүт,
улам күчөп албуутталып айбар дүбүрт,
өрүктү кана кагып, кызылчанын
жалаяктай жалбырагын айрыды бүт.

Жүн сабаган өңдөнүп дабыратты,
кыян жүрүп кетчүдөй тирүү шашты.

Уктап аткан уузга мас жапжаш козу
чок баскандай так секирип тура качты.

Анан мөндүр адашкандай адрестен
же октой ташка тийип кайып кеткен,
заматта дымый түштү, ай-ааламда
бир жан жоктой сезилди кыбыр эткен.

## ТӨӨ АШУУДА

Бурулуш сайын «Ниванын»
угулат үнү жин чачкан.
Өчүр деп өңүн туландын
чакчайтып турат Күндү асман.

Адамдай баскан жүрөгүн
ашуунун жетип белине
токтоду «Нива»: «Жүдөдүм,
жел жетпей барат демиме...»

А «Нива» жолго алагды
жөтөлүп илкийт жайма жай, –
туннелдин ичи караңгы
түн үркүп токтоп калгандай.

Жарышат суу, жол төмөндө
токойдо сансыз жалбырак,–
жылтылдайт тийип өңү өңгө
жылдыздай калган чачырап.

Теңирге өзүм теңмин – дейт
тебишип өскөн чөп ичке.
Жүрөгүң аттай түрсүлдөйт
жүргөндөй сүзүп деңизде.

## ТОРГОЙ

Күүн ылдый күрөдү,
күн өңдөндү гүл өңү.
Себилгендей өрөөнгө,
өлбөстүктүн үрөнү.



Ушунча зор асмандын,
кипкичине жүрөгү, –
Парендениn, жарандын,
бак-таалайын тиледи.

Көрүнүп да көрүнбөй
көр пендеден шектенип,–
Болуп асман көгүндөй,
анан аста кетти эрип.

## БУЛБУЛГА

Күү менен аппак атты таң
Дагы ырда, ырың угайын.
Кайгымды каным кайнаткан
Кайрыгың менен жубайын.

Үнүңдөн сенин болоюн
Үргүлжү кылган алысты.
Ойлобой жолдун оңоюн
Оштонтуп алдым намысты.

Мен эстеп жандан түңүлгөм
Калаксыз калган кайыкты...
Ааламдан келген үнүңдөн
Айыкпас жарам айыкты.

Үнүңдү угуу салтанат!
Сайрачы дагы жанга ынак.
Кайрыгың калсын кайталап
Аккан суу, анан жалбырак.

### II

Күн батып, куштар үргүлөп,
Булбулдун келди кезеги.
Туйбасты туят бул жүрөк
Туйтунтуп үнгө эз эми.

Асмандан жылдыз санайын,
Ай чачын аста тарайын.
Жахандан келген сыйкырга
Жашарган бойдон калайын.

Жалындай жайнап жанайын,
Жалганын күндүн танайын.
Жыргалың үчүн жылмайып
Жылдызга канат кагайын.

Сөз жетпес жерге үн жетет,
Сөздөн да улук үн дешет.
Үнүңдөн турсун көрүнүп
Сүйүшүп жүргөн бир кезек.

Эз эми жанды, жүрөктү эз,
Өпкөндөй болсун жүрөктөш.
Өлүмдү унтуп, өлбөстөй
Көңүлдө калсын күү өчпөс.

* * *

Чымчыктардын сайраганы таңдагы,
тирүүлүктүн салтанаты, сайраны,
ар кайрыгы аалам сырын аяндап
алоолонтот арзуу отун кандагы.

Чымчыктардын сайраганы таңдагы,
арбактардын аманаты, арманы,
бүгүнкүдөн эртеңкиси эң кызык
бу дүйнөнүн чыны менен жалганы.

Чымчыктардын сайраганы таңдагы,
кош айтышкан космостун көп балдары –
арууланып айланбаска айланып
кайра бизге аралашып калганы.

* * *

Куш үнүнө жүрөгүмдү чайкадым,
Кудуреттин бар экенин байкадым.
Кан кайнаткан канча жылдык кайгыма
Торгой үнү болду тоодой кайтарым.

Куш үнүнө өмүрүмдү чайкадым,
Тарых жыттуу таштай катып ар сабым –
Таштай ойлуу, таштай сырдуу бир башка
Таш музыка чыгарганын байкадым.

Куш үнүнө өмүрүмдү чайкадым,
Чайкадым да күндөрүмө чаңкадым.
Асыл курбум, куш үнүнө чайкайлы
Өмүрлөрдүн ата турган ар таңын.



# АРНООЛОР

## КЕТТИ ТҮКӨМ...

*Түгөлбай СЫДЫКБЕКОВдун арбагына*

Жазганы бүт дүйнөлүк калкка дары,
Алп Түкөм, атпай журттун аксакалы,
Коштошуп сапар алды өлбөстүккө
Кошулуп жылдыздарга асмандагы.

Улаама ыйыктардын ыйыгы эле,
Уяттай элге пейли тунук эле.
Тоо жүрөк тоолуктарга жылбас, муңбас
Тоо болуп, дайра болуп туруучу эле.

Кыраакы... кылым оюн билгич эле,
Жанында турсаң түнүң – күндүз эле.
Тил менен тирүүлүгү бирге бүткөн
Айныбас атуулдуктун үлгүсү эле.

Байыркы бабалардан бизге келген,
Элчидей эң бир оор мөрөй жеңген.
Мухиттей сөздү калпып, алтынын таап
Кыргыз деп кылымдарга кеткен кербен...

Ай, жылдыз өмүр менен тегеренет,
Адамзат бу дүйнөгө келет, кетет.
Кай талант кай мезгилде жаралбасын
Кайыптай бу карыга салам берет.

Кайрадан мындай адам жаралбастай,
Эч, эч ким андай болуп калалбастай.
Ар ар кимдин көздөрү алаңдады
Атасынан адашкан бала каздай.

## ЗЫРКЫРАДЫК[1]

*Топчубек ТУРГУНАЛИЕВге,*
*Жумагазы УСУПОВго*

Түнгө айланып баратат тийген Күнүң,
кембагалдай кемшейди кыргыз түрүң.
Чын сөздү туура айткандар камалууда
кайдыгердей карап туруу болбойт бүгүн.

«Бир уйдун мүйүзү сынса миң уй мүйүзү
зыркырайт» – деген ак соз. Зыркырадык!
Түбү түшүп, капшырылды эл үмүтү,
түрмөдө кош жылдыздай тургун жанып...

Беш жыл мурда «кичинекей Чыңгыз ханды»,
апкелгенсиң Топчубек, Жумагазы...
Коён болуп кол куушуруп жашаганча,
бүркүт болуп түрмөдө жаткан жакшы.

Ийилген, бирок Чындык жеңилбеген,
Топчубек, Жумагазы – жүрөктөшүм
экөөңөр тең өзүм эмес элим деген,
жерим деген миң бир эки жүрөктөсүң!

Эл байкуш кайдан, кантип нанга жетти?
Өкүмдар, буларды атсаң мени да атчы,
элимдин кул болгонун көргүчөктү
Эркиндиктен ажырабай өлгөн жакшы!

*1995-жыл, январь*

## БЕКМАМАТ

Укканымда уу жуткандай теңселип
Кабыргамды кайыштырды муң, кайгы.
Эл дегендер ажалынан эрте өлүп,
Эл жегендер көпкө жашайт турбайбы.

Элге алынган эр көкүрөк, шер мүнөз,
Эргип турган элчиси эле Чындыктын.

[1] Түшүндүрмөнү караңыз.



Эл намысын эч убакта жибербес
Бир мыктысы өтүп кетти кыргыздын.

Кайран кыргыз тирүүсүндө көралбай
Көрүнгөнү көрүнгөндөй ушактап,
Көмгөндөн соң айтып: «Болбос, эми андай»...
Калптан эле көз жаш кылат бышактап.

Бу дүйнөдө устун болуп ким калган?
Мындан мыкты унутулган күн өтсө...
Бирок өлбөй өмүр сүрөт Бекмамат
Кыргыз деген намысы бар жүрөктө.

## Сүйүнбай ЭРАЛИЕВге

Бактылуу төрдө отурган карысы бар!
тагдырын ырга сайып
кун-түн тынбай
ыр жазган
ушул Сүкөм – чүкөдөй чал
кыргыздын ырларынын атасындай...

Ыр издеп шашкан шамал, соккон желден,
шумкардай шукшурулуп канат керген –
согушка колун берип
атпай журттун
ырларын жүрөк менен жазып келген.

Оо, Сүкө таңдайынан балы тамган,
ырларга суу чайпалтпай жорго салган,
ырыңыз кыргыз эмес дүйнө элине
кетпес кенч, түгөнбөс мүлк, кубанч, арман.

Түшкөн кар, жааган жамгыр, аккан суулар,
турмушта тунуп жаткан тунук ырлар
ал ырды Сиз кайрыган кайрык менен
жаңыртып угуп туруу кандай жыргал!

Ырларыңыз боёк сүртүп ар бир таңга,
жан берет төрөлүшкөн ар бир жанга...
Өзүңүз баткан менен алаканга
ырларыңыз батпай турат ай-ааламга!

Мен дагы өзүмө өзүм батпай турам,
көл, тоодой көпчүлүктөн алкыш угам,
анткени Сүкөбүздүн килеми бар
кылымдан кылымдарга калкый турган.

Бактым бар төрдө отурган карыя бар!
карыяга тие берсин бата тынбай –
эх, Сүкөм,
алтын Сүкөм – чүкөдөй чал
кыргыздын ырларынын атасындай…

## Байдылда САРНОГОЕВ
## Токтогул сыйлыгын алганда

Жыйнагың жанды жыргаткан,
Эл-жериң ырың ырдашкан.
Байлыктын баасы жеталбас
Барктуу сен бардык кымбаттан.

Ак сөздү кантип жашырдым
Арактан бир топ басындың.
Алкаш деп кээлер айтса да
Акыны сенсиң акындын.

Өзүңө окшоп замандын
Жамбашы сынып турганда, –
Калыстан калыс иш болду
Бурганы көңүл ырларга.

Жакшыны жакшы деп айтса
Жакшынын жаны жашарат.
Күдүргө чапса арыбас
Күлүктү кой бер такалап.

Берген март эмес алган март,
Көкөлөп учсун көңүл карт.
Көз жоосун алган жоргонун
Көкүлүн түйүп, белин тарт.

Көркү укмуш, ою терең деп
Көп ырлар жаздың чебердеп.
Соорго тийген камчы ээ
«Сонунсуң Баке!» деген кеп.



Күнмүн деп айтпайт Күн өзүн,
Гүлмүн деп айтпайт гүл өзүн.
Талантка берчү ат болсо
Бул сыйлык тапты чын ээсин.

Атагың кетсин ай, жылга
Асмандан Ай нур төккөнсүп, –
Сыймыктуу акын Байдылда
Сыйлыкты жүрөт көрктөнүп.

## Мурза ГАПАР

Арамы жок жан адамга жарым кылча,
Кыргыздарга колго түшкөн Жаңыл Мырза,
сыяктанып, сырын катып, сыпаа жүргөн
сыйкыр талант, сыймыктуу жан Гапар Мурза.

Өзүнө куп жарашкандай ак муруту,
жараштырып жаамы журтка сарай курду.
Кейипкерлери кыргызымдын кыз-уулуна
кылымдарга кыйышпаган болду курбу.

Болсо экен деп шилтегени жанга дары,
Кудай колдоп берген окшойт калкка атайы,
окугандын эт жүрөгүн элжиреткен
Гапар Мурза кара сөздүн «Ак Бакайы!».

Оң жана терс образдарын жайгаштырган,
ой кубалап опкоолжубай жанды ач кылган.
Жанрды бат алмашкандай жанрларга
жакпады деп жарын жылда алмаштырган.

Көп көрдүк го төш каккандын самапалын,
эй, көрпенде, айтканыма таң калбагын.
Бу кыргызда генерал көп, жазуучу көп,
бирок, бирок Гапаровдой бирөө, жарым.

Атына заты төп келгендин бири ушу,
кыргызымдын кыраан чыккан эр нойгуту.
Кылым жүгүн кылтылдатпай көтөргөнгө,
көп болсо экен.көрөр күнү, ичер суусу.

## Профессор Шергазы МАМБЕТОВго

Эки жерде экинин төртүн танган,
Чоң жылмайса калп каткырып күйүп-жанган,
Илимге илип алар илим кошпой
Кошоматтан академик болуп алган,
Калтарбектер жүрүшөт калтаңдашып
Бут бол десе бут болуп жалтаңдашып,
Өздөрүнөн мыктыларды өстүрбөстөн
Өздөрүндөй бечел кылып аркандашып…

Жыргап жүрөт бу күндө жегич-ичкич…
Генералдын самопалы болду чексиз,
Самопал докторго сан жетпей барат
Илимпоздун самопалы эмессиз Сиз!

Казна жеген карышкырды уяткарып,
Атуулдук ар-намысты миң аткарып.
Кыйкырып трибунада тургансыз Сиз
Кыргыздын Сахарову сыяктанып.

«Ит күлүгүн түлкү сүйбөйт» деген чындыр,
түлкүнүн түлкүлүгү элге муңдур.
Ат жакшысы кермеде – деп, эр жакшысы
Түрмөдө – деп өтө берет кыргыз кургур…

Сиздей атуул атпай журтка күндө келбес,
Эл деп күйгөн эр жигитти эссиз эңбес…
Ишти Сизге бербей койсо бербей койсун
Иштеп салган иштериңиз тоого теңдеш.

## КАРАБУУРА

Калдайган кең Таласта Карабуура,
атыңды ким койсо да койгон туура.
Өрнөктү хан Бакайдай көрсөттүңөр
калк мүдөөсүн калыстыкка ойготууда.

Калдайган кең Таласта Карабуура,
эркиң окшош ээ-жаа бербей аккан сууга.
Эрдикти көрсөттүңөр Чолпонбайдай
элди алдаган шайлоо деген ызы-чууда.



Калдайган кең Таласта Карабуура,
пикет кармап эркиндигин талашууда.
атан болбой буура болуп буркулдадың
буркулдадың биз гана эмес бүт ааламга.

Калдайган кең Таласта Карабуура,
Манас атам көкөлөткөн асабага
окшошуп турасыңар
ысымына
заты окшошпой өң кумсарткан аймак канча?

Калдайган кең Таласта Карабуура,
алдатпай алдайм деген кээ бир кууга,
катыгын кайра берип катырдыңар
кайран гана Карабуура, Карабуура!

*10.08.2000.*

## Депутат Адахан МАДУМАРОВго

Калыстыктай кайнап турган түрүңөн,
Кажыбаган кайратыңан, сүрүңөн.
Сени көрсөм болоттой бек, шамдай курч,
Раззаковду көргөн өңдүү сүйүнөм.

Бийликке да, байлыкка алданбай,
Кылыч кармап турса дагы тайманбай.
Кырчылдайсың, кыргыз үчүн жан кыйган
Эр Курманбек кайра келип калгандай…

Сендей болсо кыргыздын ар жигити,
Күндүзгүдөй жарык болмок түн ичи.
Түбү жакшы, түрү жакшы бул элдин
Сендейлерде келечекки үмүтү.

Эстүү сөзүң эленгенсийт тереңден,
Эл ишине эрте дебей беленден.
Эл намысын эгиздетчү эрден деп
Эл катары үмүт этип келем мен…

## КҮЛКҮ

Оттой күйүп жолду таап караңгыдан,
Жашыл ыраң жазды айланткан ызгаар кышка.
Алмустактан алдууну алсыз шылдыңдаган
Кайгы, ызанын кайраты бар каткырыкта.

Ысытса – буу, музга айланып муздатканда
Качан болсун жанын сактап келген суудай –
Жанын сактап келет Күлкү кылымдарда
Өлтүрөмүн – дегендерге көңүл бурбай.

Кара өзгөйдүн кылычынан ыргыган баш,
Ый чыгарбай ыза бүркөн күлкү аралаш.
Өлбөйт Күлкү өлүп жатса дагы
Максат менен жашай берет майтарылбас.

Эгер Күлкү болбой калса
адам жаны
Чор, дат басып түнгө айланмак дүйнө жүзү –
Камчысынан кан агызган эссиз ханды
Өмүр бою тургуз кылып жеңген Күлкү.

## НЕБЕРЕМ АЙДАРга

Барабар жанды кысканга
Басылбай кайнайт бук канда,
Баркырап кечке ыйлаган
Баланын үнүн укканда.

Ажарын Айга теңеген,
Алтындан артык сен элең.
Обонум менен уктатып
Ойготчу элем күү менен…

Күл болуп жерим күйбөгөн,
Сагындым үнүң сүйлөгөн…
Байкабай үйдө калтырган
Байпагың жыттайм түндө мен.



Жашыма бетим жуулду,
Азайтыш үчүн муңумду.
Кармалап коём кээ бирде
Калтырган оюнчугуңду.

Баракка жазган тамгаңы
Көргөндө атаң арманы –
Көп күнгө чейин өйдөлөйт
Басымы күчөп кандагы.

Сени эстеп Айдар көп күйгөм,
Кезинде кийин эс кирген.
Папаңдын баркын билерсиң
Таянең жаман деп жүргөн.

Көрөрсүң акты, караны
Көзү жок көпкөн мамаңы…
Өзүң деп жүрүп алтыным
Өмүрдүн өтөр аягы.

Такмаза сүйлөп күнүгө,
Так салып таза дилиңе.
Тилдесе сени тим жерден
Тибиртке чыксын тилине.

Күнүнө токсон толгонуп,
Күйүттөн энең калды ооруп.
Кор тутуп сени ургандын
Колдору калсын шал болуп…

Бузулган күндө бузулбай
Бойго жет тоонун кушундай, –
Ойлосом сени
тамагым
Алкымда турат жутулбай…

# ЖАШАРТКАН СЕНСИҢ, МАХАБАТ

* * *

Эй, кыргыздын кылактаган кыздары,
сыйлай билген жашы менен карысын –
сен элиңдин жалаң гана көркү эмес
нандай ыйык – намысысың, арысың.

Дайыныңдан дааналансын жүз элес,
даанышмандай даңк апкелгин эл, жерге –
сен журтуңдун жалаң гана жүзү эмес –
жүрөгүсүң кагып турган Эртеңге.

Силерсиңер соккон каны Сүйүүнүн,
көзүң көрүп көөнө дүйнө шаттанат.
Ак таң менен башталгандай чыгар Күн
үмүт дагы силер менен башталат.

* * *

Ырларымды мен чырактай жандырып
коюп коём жаздыгыңдын жанына.
Ай караңгы түндө аруу жүзүңдү
шоолалантып турсун үчүн дайыма.

Жалгыз сен деп жан бөлүшкөн жанынан
жүрөк табы келип чырак табынан,
түнү бою ырдап берет түбөлүк
түгөнбөгөн жапжаш сүйүү ырынан.

Ырдап берет, ошол ырды тыңша тынч,
житип кеткен болуп такыр кайрылгыс
мүнөттөрдү кайра баштан тирилтип
кан кайнатып, алоолонтот жанды укмуш…

Ырдап берет, аста тыңша ал ырды,
ырга айлантып чачып ийгем жанымды,
карап алып мага айтпаган сөзүңдү айт
чырак болуп күйүп турган жалынды.



* * *

Жайында чыккан чокуга
кышында чыгыш каякта? –
деп жүрсөм болбой заматта
кабылдым сүйүү отуна.
Кайрат, күч кана сүйлөөгө –
жан жагым гүлдөй жайнаган,
кош айтып жарык дүйнөгө
жаралган өңдүү кайрадан,
сыйкырын сезип сүйүүңдүн,
шыбышынөөп үнүңдүн
тулпардай туйлап сүйүндүм,
сел алган сындуу булундум…

* * *

Билбей калдым тааныштарды ким бизди?!
Күлгөн күлкүң жалгыздыгым күйгүздү.
Атыңды айтып ырдай берип күн сайын
Үндүү кылып жибердим бүт үнсүздү.

Арзуубуздун багында куш тил безеп
Ак тилегин арналгандай дилди ээт.
Ошол тилек ишке ашып экөөбүз
Ажырашуу эмне экенин билбесек…

* * *

Көзүм көрөт көп сулууну
А жүрөгүм жалгыз сени –
карап турат каректериң
карабайын эмнелерди.

Көңүлгө төп көп сулуулар
жүрөккө төп сенсиң жалгыз,
өпкөн сайын өрттөп турар
өчпөс сүйүү отун тамыз
отун тамыз өрттөнөйүн…
Сени сүйгөн жүрөк гана
өрткө күйбөй жыргал күүн
чертип турсун ай-ааламга.

* * *

Жан жагым бүт жыпар мончок жыттанып,
жалт көрүнсөң жанымды үрөп, кан үрөп –

басканыңа баш айланта суктанып
карап туруу кандай гана каниет.

«Эми кантип таанышамын» – деп жүдөй
туруп калсам туталанган ошо ойдо.
Дүйүм гүлдөр аны ээрчип кетчүдөй
кармап турган тамыры эле болбосо…

Обон менен миң бир кайрык, бир укмуш,
сулууну ырдайт дүйнөдөгү бардык куш.
Ошол ырды бир жолу уккан унуткус,
жана жүрөк жарасынан айыккыз.

* * *
Бетиңе күлкү жарашып,
Бешенең сыйкыр таратып.
Жашара түшөм кыйлага
Жалт карап өтсөң баратып.

Көркүңө эстен тангансыйм,
Көпөлөк болуп калгансыйм.
Жылмайсаң жыргап тим эле
Жылдызды кармап алгансыйм.

Жүрөккө карган дем берип,
Жолуңан чыгып сен келип,
Жолуксаң көзүм жоодурайт
Жоогазын көргөн өңдөнүп.

Көрбөсөм көңүл бук болуп,
Көргөндө жанга кут конуп,
Калдаңдап чуркайм өзүңө
Канатын жайган куш болуп…

* * *
Алдымдан чыксаң балбылдап
Абдырай түшөм жан жыргап.
Чырмалып калган сүйүүнүн
Чылбырын кайда жандырмак?!

Көркүңө сенин таңдана,
Көңүлүм жипсиз байлана,



Көргөн бир сайын көзүңдү
Көлкүлдөп эрийт жан гана.

Арзуунун жазын туйгандан,
Албырып турат курган жан.
Булая карап букту жаз
Бурулуп келбейт бул жалган.

* * *
Шынаарлайм сага күндө эчен,
Шыңгырайт үнүң сүйлөсөң.
Балапан кезден эңсеген
Бакытым болуп жүрбө сен?!

Өткөнүн күндүн унутуп,
Өрдөк, каз өңдүү куушуп,
Өтөлсө деймин өмүрүм
Өзүңө гана ыр учуп.

Күндүзү, түндө ар дайым
Кай жакка гана барбайын
Оюмда жалгыз өзүңсүң
Оюма кимди албайын…

Караган сайын калыңды,
Кайгыга салып жанымды.
Көргөнсүй берем көзүңдөн
Өмүрдө атчу таңымды.

* * *
Тарбияң сенин таптаза,
Тамылжыйт жүзүң башкача.
Өрттөнгөн ырды не кылам
Өзүң деп жүрөк какпаса.

Карекке карек кадалып,
Каныма сыйкыр таралып.
Келгенсийм ушул дүйнөгө
Сен үчүн гана жаралып.

Жаш кезден ойлоп, дегдеген,
Жароокер жарым сен белең?!
Өмүрдүн ушул калганын
Өткөргүм келет сен менен.

Жаш жаным бирге дешейин,
Жанымды сен деп эзейин.
Серпилип турган кашыңдын
Секети болуп кетейин.

Сагынып саат санайын,
Салаалап чачың тарайын.
Балбылдап турган көзүңдүн
Балакет, дартын алайын.

* * *
Жаныңан жаным садага,
Жалының чачып агаңа,
Жоогазын окшоп жондогу
Жоодурап минтип караба.

Махабат сыйкыр күч беле?
Коргошун болду бүт дене.
Колоттон чыккан айга окшоп
Коймолжуп күлүп тиктебе.

Эзбечи жанды эзилген…
Эч жери кетпес эсимден.
Жоголгон сүйүүм көрүндү
Жоодурап турган көзүңдөн.

Карегиң менен жайнаган
Кайгыга салба кайрадан…
Кайыктай болуп калбайын
Калаксыз көлдө айдаган.

* * *
Кыйнала ойлоп мен сенин
Кылыгың абдан эңседим.
Сенби деп карай беремин
Сеңселе басып келсе ким…

Кеттиңби жаным ыраакка?
Күткөнүм болду бир апта.
Сыр кылып айткан шыбышың
Шыңгырап турат кулакта.

Суктана тиктеп суу шарын,
Суусадым сен деп суусадым.



Өмүргө даба болгонсуйт
Өзүң деп чыккан ыр сабым.

Сагынычка жүрөк жанчылды,
Санаалаш деги барсыңбы?
Бар болсоң бачым келип кет,
Келип кет сүйгөн жан сындуу.

* * *
Өзүңдү эстей калганда,
Өрттөнөт жүрөк арманга.
Тамгасы менен сагынчтын
Атыңды жазам ар таңга.

Обонун ырдап кусанын,
Оболоп сага учамын.
Ойлогон сайын өзүңдү,
От болуп күйөт кучагым.

Сааттар – кылым сезилет,
Саамайың желге бекинет.
Эркелеп турган кездерди,
Эстесем ичим эзилет.

Ким басат эңсөө дегенди?
Каптады жалын денемди.
Бар бекен деги дүйнөдө,
Өзүң деп күйгөн мен өңдүү?!

* * *
Эч нерсе кирбей сезимге,
эстесем эрте, кечинде,
эт жүрөк болк деп кантейин
көздөрүң жайнайт көзүмдө.

Жатталуу жанда бүт кебиң,
карегиң карап «Сиз» дегим,
келгенде дүйнө кессем дейм
үнүңдүн издеп издерин.

Кабылып капыс жолуңдан,
кармасам аппак колуңдан,
сүрдөнтүп, тилден калтырып
сүйүүнүн сыйкыр тогу урган.

Арылбай ар кыл санаадан,
сагынат жарын ар адам.
Кызыга берем сенби деп
кызыл гүл көрсөм талаадан…

* * *

Эңсеткен сүйүү азгырып,
Эгерде калсаң жактырып –
Эркетай эркке баш ийбей
Ээнбаш өскөн жашты унут.

Жашты унут жаным, жашты унут,
Сүйүүдөн алган бакты улук.
Өмүрлөр өтөт өлбөстөй
Өстөндө гүлдөй кулпуруп.

Жүрөктү сүйүү жаралайт,
Жаш карап сүйгөн жарабайт.
Караса дагы төр жашка
Сүйүүлөр жашка карабайт.

Аруу нур чачып тагдырга
Асмандан жылдыз жылтырайт.
Махабат окшош жалынга
Жалындын жашын ким сурайт?!

* * *

Жашоодо мурда көрбөгөн
Жыргалды искеп дембе дем –
Жытыңа улам мас болуп
Жытташкым келет сен менен.

Өрттөнүп ичте ыр учуп,
Өмүрдө барым унутуп –
Көлкүлдөп эрип турганда
Көңүлдү койбо суутуп…

Кылымдай сезип мүнөттү
Көргөндө тартам илепти.
Муздата көрбө суз карап
Муңайым соккон жүрөктү.



Кучагың мага эң дары,
Кубана күтүп сен дагы
Кучакта. Башы айланып
Басалбай калсын жел дагы.

* * *

Чымчыктын темир канат
балапаны сыяктуу –
жалынчың миң кайталап
жакындаттың ыраакты…

Мен мындай үн укпагам,
гүл көрбөгөм мен мындай –
карачы таң калгандан
токтоп калды жел жылбай.

Күүдөн да жагымдуураак
даамдуураак балдан да –
көрбөсөм жаным куурап
күйүп кетмек арманга.

Суу туурайт каткырганын
ырдаар ырын куш ырдайт,
карашы – күйгөн жалын
бир көргөн жан унталбайт.

Булайып күлүп калса
куду булут турушу –
билбеймин күндү асманда
айылдагы күн ушу.

* * *

Ыйлаганын унтуп салып
Жарк деп күлгөн баладай –
Жамалынан нуру жанып
Жайнап турган садага ай.

Гүлдөн назик, желден жеңил
Суудан тунук, айдан ак –
Ким көрбөсүн өбөт сени
Көзү менен аймалап.

Бүл-бүл жанат түндөгү оттой
Үмүт чиркин үлбүрөп…

Жанды өзүңө жүр жолотпой
Ким кандайын ким билет?!

Эй, чымчыктар сайрагыла
Бу жаш сулуу чырайын.
Дал ушинтип ал дайыма
Турсун үчүн ылайым!

* * *

Эстеген сайын дайыма
элжирейт жүрөк, жан балкып –
бейиштин зам-зам суусуна
бетим жууп, колум малгансып,
магдырап аппак булутта
сыйкыр нур минип жүргөнсүйм,
дүрүлдөп каным оюмда
дүйнөнү жалгыз билгенсийм.

Тамылжып турган талаанын
тергенсийм кызыл гүлүнөн,
калсам да укпай кабарың
барыңды эстеп сүйүнөм.

Эстеген сайын өзүңдү
өлбөстөй болуп эрдемсийм.
Унутуп бардык дүйнөнү
Ааламдан сен деп келгенсийм.

* * *

Өптүм мен сени түшүмдө
өрөпкүп жүрөк титирей…
өбүшсөм эгер өңүмдө
өрттөнүп күйүп кетчүдөй.

Өмүрдүн бардык кызыгы
өбүшкө ушу татыбай –
кан күйүп, денем калтырап
калтырап барам капырай.



## КАТКЫРЫГЫҢ КАТЫП ЖҮРӨМ

Мен жылдардын жылганына карыбай,
Жыттарыңды жыттап жүрөм дарыдай.
Жыргай түшөм жылмайганың көргөндө
Жылдыздардан күү уккансып жарым ай.

Кайра угам деп карып калган убакта,
Каткырыгың катып жүрөм кулакка.
«Кандайсың?» – деп карап койсоң эт жүрөк
Ээ-жаа бербей туйлап турат бир апта.

Эринимди куйкалаган илебиң,
Күндөй ысык экендигин билемин.
Кандай гана бактылуубуз экөөбүз
Сен сүйөсүң, мен да сени сүйөмүн.

Бирге бассак көлөкөбүз жарашкан,
Сөз түгөнбөй, күлкү менен таң аткан.
Эки өмүрдө табылбаган жыргалды
Жымырбастан татыта тур, Жараткан!

* * *

Жыргалына эч бир жыргал тең келбес
эстегенде эзип ийген жанымды –
кайран гана балдан таттуу ошол кез
кайталанбай калганы үчүн кадырлуу.

Ойго түшсө ошол замат бошотпой
кан кызытып, кан дүргүтүп кайрадан
ошол кезде кандай болсо ошондой
отко салып ийгенине таң калам,
таң калам да, анан аста демимди
ичке катып ушунча бир сүйүнөм –
сүйүнүчүм толтургансыйт кемимди,
түгөл болуп кала түшөт бүт дүнүйөм.

* * *

Кошулушкан эки дайранын,
Кучагындай, кучак жай, жаным.
Көргүм келет аруу нур чачып
Көздөрүңдүн сырдуу жанганын.

Кайран кездин ойло убалын,
Каным кайнап кетип чыдамым –
Кут даарыган кучагыңа мен
Култ деп келет, келет кулагым.

Өчүрбөгүн азоо жалынды,
Мен мындайда колдо барымды
Аябаймын… дүйнө курусун
Бергин десең берем жанымды.

Жер караба, сүйлө, кысынба…
Эмне жетсин мындай учурга?!
Жан жашартып, жүрөк булкунткан
Бул мүнөттү колдон учурба.

Күлгүн чагың бекер коротпо,
Күйгүз жанды жалын, чоң отко…
Колдон түшсө болду табылбайт
Мындай кезди жаным жоготпо…

* * *

Оролушуп, бирин бир кубалап,
Олоң чачың буралат да буралат.
Канча жолу карегиме урунсаң
Так ошончо ыр жакшысы чубалат.

Шаркыратма сыяктанып кулаган
Чачтарыңды мүмкүн бирөө сылаган…
Сылаганды мындай койгун, жөн эле
Карап алып кайра оюмдан уялам.

Чайпалт чачты, чайпалтат чач кезинде
Чайпалышы суктангандын эсинде.
Түбөлүккө тура берсин шаң чачып
Кереметтин кереметин кетирбе…

* * *

Жолугууну тилеп Кудайдан,
жүргөн күнүм мага зор майрам…
телефон чал – жүрөк туйласын,
жан жашарсын ыр деп улгайган.



Куш кубанат канат каккаңда,
суу сүйүнөт ылдый акканда,
сени менен гана сүйлөшсөм
менин төбөм жетет асманга.

Бүгүнкүдөн эртең булаңгыр
болуп барат… жаным, улам жыл
өткөн сайын өгөйт өкүнүч
өгөттүрбөй мени кубандыр.

Болуп турат азыр гүлүң гүл,
ошенттирген менин сүйүүмдүр,
бетимдеги бырыш уялсын
«Берекем» – деп кайра сүйүндүр.

Камалгансыйм сенсиз туюкка,
сага учат менден ыр учса…
Бу дүйнөдө жалгыз сен деген
бирөө барын эркем, унутпа.

* * *

Жүрөктөгү элесиңди кагазга
түшүрүүгө болбой калды таптакыр,
ал анткени миң бир талаш талашпа
сага окшошпой пайда болот башкача ыр.

Сүрөтүңдү тартыш кыйын… сөз менен
келбетиңди так келтириш каякта?
Канча тартпа, кандай тартпа кебетең
башка болуп чыга келет заматта.

Сага деген сагынычым тыялбай
элесиңди жүрөгүмдөн чыгарбай
өөп, жыттап эркелетип улам жай –
жүрө бергим келет сактап тумардай…

* * *

Каяктан көктө из калды?
Куушуп ойноп кулашып –
көкөлөп учкан куштарды
көзүбүз менен узатып;
көйкөлгөн жашыл тулаңда

булутту тиктеп жайдары
ышкыга таппай бир арга
кумарым кайнап кандагы, –
караймын… кара көзүңдөн
көрүнөм, анан дагы ары
ак булут барат сүрүлгөн
акырын беттеп талааны;
коймолжуйт карек… Кудай ай,
кол колго тийсе куйчудой, –
өзүмө өзүм чыдабай
өзүңдү жутуп ийчүдөй –
өрөпкүп турам… бийлейт жел
кайдагы бул күч жапайы?
Көбүрүп жаткан көк шибер
көйнөгүң окшойт башайы…

* * *

Жанына жанын кошкон жапжаш ырдай,
Жалт этип жал-жал тиктеп чаарчыктай.
Жалжалым түшкө кирдиң жалгыздыкта
Жалжылдап жүрөктү эзип мурдагыңдай.

Көргөндө кандай болсоң дал ошондой
Максаттай, жаш тилектей, тунук ойдой,
Маңкайып бара жаткан келбетиңе
Мас болуп карт кыялым турду тойбой.

Жыргалы эстен кетпес жашчылыктын
Жетем деп желдей учуп, куштай сыздым.
Жылмайып өтө бердиң, жылмаюуңдан
Жылдыздан жерге түшкөн күүлөрдү уктум.

Кайрылып кайра ордуна учуп келбес
Бир элес, бир көрүнгөн ушул элес,
Ааламды дүңгүрөтүп өтүп жаткан
Дүйнөнүн жыргалына өзү теңдеш.

* * *

Кайгы билбей кайып учкан куштарча,
Катар басып каткырышып бир канча
«Кош» деймин да кайра сени сагынам
Канча кылым өтөт жолугушканча?



Жүрсөк эмне жарым мүнөт бөлүнбөй,
Калган күнүң карегиме көрүнбөй.
Кан кайнатат… Калтар чачым капыстан
Кабылганың кайра келген өмүрдөй.

Сагынычка тапкын эркем бир арга
Салааларың кош салаамдан чыгарба.
Көздөрүңдү көргөн сайын көлкүлдөп
Мен батайын жан батпаган кумарга.

Бассам-турсам ойлойм өзүң жөнүндө,
Бал-бал көзүм алыстаба, бөлүнбө…
Сагынганда сага деген ырымды
Түшүмдө ырдайм ырдагандай өңүмдө.

Кайгы билбей кайып учкан куштарча,
Катар басып каткырышып бир канча –
«Кош» деймин да кайра сени сагынам
Канча кылым өтөт жолугушканча?!

* * *

Ар бир чөптү өпкүлөгөн тамчыдай
Өбөм сени каным ысып калтырай,
Кагылайын кандай күнгө кабылттың
Кубангандан каным какпай калчудай.

Бир черткендей комуз менен кыякты,
Кулагыма кубулжуган күү акты.
Эриндериң эмне деген керемет
Аалам агып бара жаткан сыяктуу…

Жандан ысык, кандан ысык сезилген
Жалынычтар мөөр болуп бекилген, –
Жылдар бою жылбай турса аттиң ай,
Баш айланткан бакыт аттуу көз ирмем!

## КҮЛӨ КАРА

Көпөлөктөй түшүп берген жалынга,
Өзүңдү ырдайм өмүрүмдүн барында.
Анткени сен – агып турган канымсың
Анткени сен – булбулумсуң таңымда.

Гүлдөр жыттуу тоонун бийик жагында,
Сүйүү күчтүү кабылган чач агында.
Жаннат барып келген өңдүү жашарам
Жарым мүнөт бирге бассам жанында.

Көрөр көзүм, көңүлүмдү бук кылба,
Көпкө турбайт ак сарайда устун да.
Учур келсе улутунуп саргарат
Упасы жок ууз бети кыздын да.

Ал андыктан күлө кара агаңды,
Агаң аруу арзуу үчүн жаралды.
Жыттай берем жыргал жытың келет деп
Жел гана эмес чаң учурган шамалды.

* * *

Күз алып кетти куштарын.
Сен келбейт секет сыздадым.
Тиктесем жашым кылгырат
Жалгыздап айдын чыкканын.

Мүнөтүм болду жылга тең,
Сыр айтам кимге чечилип?!
Сен келчү жолду жан эркем,
Кар жатат улам өчүрүп.

Чарчадым сага ыр жазып,
Келет деп күндө күтүнүп…
Булуттай тоого чачылып
Булактай тоңду бүт үмүт.

Азапты билбе сен андай…
Өзүңдү ойлоп күндө эчен,
Өңүмдө куурап көралбай
Түшүмдө жыргап сүйлөшөм.

Угулат үнүң алыстан
Окшошуп черткен чоң күүгө.
Серпилип жүрөк, ысыйт кан
Сен келет десе ким бирөө…

* * *

Буулуккан сууну кечалбай,
Булуттай учуп өтө албай.



Өзөгүм күйүп өрт болуп
Өзүңө турам жете албай.

Дайрадай жетип деңизге
Жок болуп кеткен сыңары –
Жоголгум келет өзүңө,
Жолукчу жүрөк ынагы.

Кылыгың эстеп оштонуп,
Кыялым кызып козголуп,
Кайнаган кара көзүңө
Калгым бир келет жок болуп.

Кучактан сени чыгарбай,
Кут даарып кетип куланбай…
Жылмайып жыргап турсамчы
Жытыңдын баарын жыя албай.

* * *

Балапанын бапестеген уядай
бапестедиң, бөпөлөдүң ынак ай.
кандай жыргал кучактарга куламай,
кандай сонун саамайларды сыламай.

Сүйлөшкөндө сөз түгөнбөй уланып,
ырдап калсаң үнүңдү аста чыгарып –
кайта ырда деп кайра-кайра суранып,
турар элек жүрөк туйлап кубанып.

Жүрөктөрдүн бар экенин аныктай
көп термелди махабаттуу кайык жай…
Канча кайттык карашканга канышпай,
азыр анын ар мүнөтү тарыхтай.

Оо, Кудурет, менде башка жан барбы?
кайра келбес күн кетирди аргамды.
Өмүр күндү аз берсең да жалжалды
көп көрсөтүп көп тартуула майрамды…

## СЕН БАРСЫҢ

Сен барсың, сен бар үчүн ушул ыр бар,
каткырыгың угуп калуу кандай жыргал…
кай жакты карабайын – каректериң
агарып аткан таңдай алтын курбал –

Ак курбал, алтын курбал, аруу курбал,
артка кайтпас айгыр жалдуу ошол жылдар.
Жылмайып жылдыз болуп жыргал чачып
жүз жылдап, жүз кылымдап күйүп турар.

Ак курбал, алтын курбал, аруу курбал,
өмүрдө жок өзүңө окшош сырымды угар.
Сүйлөчү… жанып келбей жанды эзеби
жалт берип бизди жыгып кеткен кумар?

Ак курбал, алтын курбал, аруу курбал,
бу дүйнөгө түркүк болгон айтчы ким бар?!
Эч ким жок! Ошондуктан өлбөстүктө
өрт болуп өмүр сүрөт биздин жылдар…

Ак курбал, алтын курбал, аруу курбал...

* * *

Көңүлүм бүгүн күүгүмдөнүп турат тоңуп,
көл кушундай көңүлү ачык аруу селки –
дир-дир эткен жаныма жаның кошуп
жакшына бир музыка ойноп берчи.

Кайрылбас кайрылгандай – унутулган
укмуштуудай бир ачылып келсин даана.
Саргайган сагынычтан сайран курган
сары алтын кайрыктан кош кайрыгыңа.

Алоолонсун арзуу жана ышкы, кумар,
ай-ааламды көлкүлдөтсүн анын табы.
Көрүнүп турсун өмүр-өлүмү бар
жана жандын көктү чийип учкан шаңы.

Угулсун эстен чыккан эски кайрык,
жоготкондор таап алсын жоготконун.
Кайгысы махабаттын жүрөктү айрып
алыс учсун көгү менен улуу тоонун.

Ойночу, ойдогумду таап ойно,
баркын билгиз булут окшоп көчкөн күндүн.
Жылаандай ийрелеңдеп кеткен жолдо
мукам үндөн муздай эрип кетсин муңум.



* * *

Албырып оттой жанчу элек,
Айтылбас сырды айтчу элек.
Ыр болуп күйүп жолугуп
Поэма болуп кайтчу элек.

Жүздөрдү сүйүү кештелеп,
Жүрөктү бөөдө эзбелеп.
Жоодурай тиктей беришип
Жомоктой болуп кетчү элек.

Кудурет болуп жаңы ырга
Куушуп ойноп бир болуп.
Төштөгү жашыл адырга
Төгүлөр элек күү болуп.

Сан чымчык сайрап сай жактан
Саабадай канды кайнаткан.
Санат кез эле сагынып
Салааны салаа кармашкан…

* * *

Жаш кезек кайда бекинди?
Жан эрип укмуш жыргалга,
Өлбөстөй сезем өзүмдү
Өзүңдү ойлоп турганда.

Таңгансып кетем мен эстен,
Табышмак көзүң көргөндө.
Каякта кайрат жан эркем
Жаныңдан жаным бөлгөнгө?!

* * *

Көп нерсе келип оюма
көчөгө чыгып таң эртең –
булбулдун үнүн боюма
атырдай куюп алдым мен.

Жамгырдай төгүп жашымды,
шыбырап муңум мен желге –
жыттаймын ошол атырды
үнүңдү уккум келгенде.

* * *

Окшошуп булут көчүнө
Арылап барат жаш кургур.
Жалынды салып эсиме
Жаңшатчы үнүң, жаш булбул.

Сайрачы, күүң ааламдан
Агылып нурдай төгүлсүн.
Кеткен жаш ошол кайрыктан
Келгендей болуп көрүнсүн.

Кайрычы, күүң тил безеп
Кайдадыр кайгы бекинсин.
Керемет үндөн жаш кезек
Кетпеген өңдүү сезилсин.

* * *

Уу болсо да ичкен оң
Арзуунун толо кесесин.
Жаныбыз бир болгон соң
Жашымды сурап нетесиң?!

Түшүнүп ойду каректен
Түйшөлө күткөн ыңгайды,
Суйкая күлүп жан эзген
Сулуу кыз, күү черт, күү кайры.

Тагдыр бир деген болжолдо,
Тартылып турат кол колдо.
Оболоп бирге учалы
Оролуп ошол ойлорго.

* * *

Эстедим сени дегиче
жанымда кашың каккандай,
сүйүнө берем өзүмчө
Күн чыгып келе жаткандай.
Эстедим сени дегиче
элжиреп жүрөк, бүткөн бой –
эзиле берем тим эле
эритип жаным койгондой.
Эстедим сени дегиче



эс дартым эч бир тынчыбай –
кеткенде дагы келбеске
экөөбүз бирге болчудай, –
элжирейм куштай көңүлүм
канатын кагат эгизге.
Өлбөстөй болот өмүрүм
Эстедим сени дегиче.

* * *

Келбетиң көрсөм маралдай
Кебимди калам табалбай.
Өрттөнүп күйүп кетемби
Өзүңө өзүм жага албай?!

Көзүңө көздү жолотпой
Көйгөйүн күндүн тоготпой,
Көрүнө калсаң жарк этип
Көр дүйнөм болот жомоктой.

Күмүштөй шыңгыр күлкүңдү,
Унтууга менде ал кайда?!
Эртеби-кечпи, күн-түнбү
Элесиң турат маңдайда.

* * *

Сен кеттиң… асман бүркөлдү,
капилет чыккан күлкү өңдүү
күркүрөп… жарк деп чагылган,
туманга тоолор чүмкөндү.

Жетсем деп жерге батыраак,
төгүлдү жамгыр шатырап…
«Шөмтүрөп жолдо барабы
олтура турбай азыраак…»

Кейишке салып жанымды.
карадым эки жагымды,
а жамгыр кайра катуулап
кайнатып барат канымды.

Токтобойт жамгыр элене…
Куш болуп жетип эми эле.
калтырып кеткен чатырың
кармагым келет төбөңө…

* * *

Өткөнүн күндүн санабай,
Өзөндөн өзөн аралай,
Түйшүктү билбей жүрчү элек
Түшүндө күлгөн баладай.

Алтыным, мүнөт андагы
Ачылган гүлдөй таңдагы.
Эстеген сайын элжиреп
Эзилип жүрөк калбады.

Куш үнүн чубап каткырып,
Куушуп ойноп аптыгып.
Караанын калса алыстап
Каректен кетчү жаш чыгып.

Жапжашыл тоого жарашып
Жаңшасак бирге баратып,
Гүл эмес учкан куш дагы
Калчу эле бизди карашып.

Кайың, тал өңдүү буралып,
Кучакка кучак кыналып,
Кубулжуп бассак чөп эмес
Тоо турчу бизге кубанып.

Кадырын, баркын көп билбей,
Кайран күн өттү өткүндөй,
Эстеген сайын жашартып
Элеси келет эскирбей…

* * *

Чаңкаганда жуткан суудай
Кайгырганда уккан ырдай,
Кайнаалыдай кайнап турган
Карегиңди унуталбай, –
Жаным сени ойлой берем,
Жаным сени ойлой берем.
Бу дүйнөдө сенин барың,
Бактылуулук эмне деген!



* * *

Сыпсыйда дене, дабышы,
сүйлөсө сөзү бал окшоп
арзуунун ары-намысы
аял жок, сендей аял жок.

Бешенең жарык, берекем,
бейиштен келген пери окшоп
бериле… өбөм сени эчен…
өмүрдө сендей аял жок.

Салкындап кээде каласың,
сагынчың ичте бар окшоп…
Антсең да мага жагасың
дүйнөдө сендей аял жок.

Акындар ырын сага арнаар…
жалпыга жаны тең орток
алпейим, аруу, сарамжал,
ааламда сендей аял жок.

## СЕНДЕЙ ЧАНДА

Сен көрүнсөң келе калат гүл эске,
Жалт карашың жалын бүркөт жүрөккө.
Жаштыгымдын болбос кылдай арманы
Жашын жалгыз өзүңө арнап түгөтсө…

Сендей чанда акылы өңгө жарашкан,
Бир көргөндү бир өмүргө саматкан.
Көчө менен басып өтсөң көйкөлүп
Көлдөн куулар мойнун созуп карашкан.

Сендей чанда өңгө акылы төп келген,
Сактаса экен Кудай суук көздөрдөн…
Сени жинди көрсө жинин унутуп
Ошол замат акыл айтып өзгөргөн.

Көздөрүңдү көргөндөн суу тазарып
Сени өпкөндөн булут барат агарып,
Бактылуумун… бул өмүрдө сен менен
Калганыма бир катарлаш жаралып.

## УУЗ КҮЛКҮ

Сыйкырда эч эч кимге сезилбеген,
сыладым ай жүзүңдү көзүм менен,
от чачып, каалагандай каткырышып
олтурсак деген тейде өзүң менен.

Булбулдун үндөрүнө бетиң чайып
алгандай көркке келип бир ажайып –
кылыя кыйгач карап күлүп койдуң
кырдагы кызыл гүлдөй бажырайып.

Айткандан алда канча түшүнүктүү
кылыйган ууз жыттуу ушул күлкү, –
ойлогон ойлорума оюн кошуп
жыргатып койгонсуду өмүрүмдү.

## ЭХ, ЧИРКИН АЙ

Кош колумду кош канаттай созуп алып,
Кучагыма кут денеңди тосуп алып,
Көздөрүңдөн көздөрүмдү издедим мен
Көлөкөңдү көлөкөмө кошуп алып.

Көлкүлдөттүң куттай кирип кучагыма,
Көлөкөбүз бир кишидей болду мына.
Көптөн күткөн, көксөп күткөн ушул учур
Көп кылымга учпа, жылба, учпа, жылба.

* * *

Куш учкандан көк асманга калбайт из,
кайда өпкөндөн бетте белги калары?
Ушак уксам уу жуткандай тыз дейт ич,
кызганычка куйкалаба агаңы.

«Балыктардын сүзгөнүнөн көлдө из
калбайт» – дейсиң, бу сөзүңдө калет жок.
Бирөө менен кыт-кыт күлгөн күлкүңүз
сыяктанат жүрөгүмө тийген ок.

Эмне деймин? Укмак белең дегенди
ал сезимдер акыл эске көнбөгөн…
Күлкүңдү уксам… танка жанчып денемди
эчак эле өлүп калган өңдөнөм.



* * *

Кермаралдай келбетиңди жанга ынак
ырдай берем жүз миң кайрык, жүз үндө.
Жазындагы булбул ырын жалбырак,
күз болгондо түшүнгөндөй түшүнбө.

Сайрай берсе куштар конуп кайыңга
баркы болбойт деп айтышат эзелтен
Жазда алдастап аккан суудан жайында
какыраган сай каларын сез, эркем.

Ар бир нерсе убагында, кезинде,
ал андыктан аны ардагым, билип жүр.
Азыр барың анан болбойт, өкүнбө,
дайым эле кызыл болуп турбайт гүл.

* * *

Даргөйүмдө дайның билип жатчу элем,
Дайра көлгө аккан өңдүү акчу элем.
Ырахатты бу дүйнөдөн таппаган
Жалгыз сенин күлгөнүңдөн тапчу элем.

Сен күү элең уккан сайын эңсеген,
Келгин десең келбес жерден келчү элем.
Сулуулукту тирүүлүктө көрбөгөн
Сенин гана көздөрүңдөн көрчү элем.

Башкача элең, бөлөкчө элең аялдан,
Карааныңды көрүп көңүл жай алган.
Жыргал чачып жылмайганың жылт берип
Жыргал болуп кан-жаныма таралган.

Бу жашоонун сонундугун билгизип,
Сонуркатып жүр, жүрө бер сүйгүзүп.
Келбетиңди ырда десе ырдамак
Талаадагы ташка дагы тил бүтүп…

Мурдагыдай жагат мага карашың,
Мурдагыңдай жүрөккө от жагасың.
Өзүң менен мен дарылап келатам
Өмүрүмдүн өкүнүчүн, жарасын.

Мүмкүн ушу буйруганы тагдырдын
Жарк дей түштүң жамалындай жаңы ырдын.
Сен жалындап турган үчүн өмүрдө
Оттой күйүп бу дүйнөдө мен бармын…

## ЖАШАП ЖҮРӨМ

Көңүл көктө көздөрүңдү көргөндө,
Көрбөй калсам көпкө убай жеп…
Жашап келем ушул жарык дүйнөдө
Жалгыз сени таарынтпайын деп.

Уккан сайын уксам деген – күүсүң сен
Уккан сайын жүрөк дирилдеп…
Жашап жүрөм жазгы гүлдөй жан эркем,
Жалгыз сени таарынтпайын деп.

Сөз гүлдөрүн сага сактап ар дайым
Айткым келет укмуш, укмуш кеп…
Жашай берем кандай күндө калбайын
Жалгыз сени таарынтпайын деп.

* * *

Алыскы жолго чыгасың,
көңүлдүн сүйгөн сырдашы.
Өлүм, өмүр арасын
өлчөп бир аз ырдачы…
Бук болуп, жаным буулугуп,
калганда сени сагынып, –
кулакка ырың угулуп
жүрөктө турсун жаңырып…

Ырдачы өткөн күн үчүн,
жаштыкты – учкан жылдыздай, –
туйганда анын келбесин
калсак не кармап жылгызбай.

Ырдачы куса, санааны,
махабат ырын созчу бир,
армандуу бүткөн аягы
тамаша окшойт бул өмүр.

Колуңду коюп ийинге,
коңур үнүң соз жаным,
билерсиң мурун, кийин же
дүйнөнүн ушул жалганын.

Көзүңө көзүм чагылып,
карашып калган бир мүнөт
унтулбас. Минтип биз дагы
бир болор күндү ким билет?!



Чыгасың жолго алыскы,
созуп кал үнүң дагы соз.
Болжолдош кыйын тагдырды,
көргөнгө чейин кайыр кош…

Тараткан жүрөк капасын,
татынам, антип жашыба.
А мүмкүн бара жатасың
түбөлүк сүйүү жазына…

## КАБАК ТҮЙБӨ

Көрсөм көңүл көгүчкөндөй дүр эткен,
кучагыма  кут кучагың сунулуп…
Карыдык деп кабак түйбө, чак түштөн
батар күндө бар башкача сулуулук.

Жазгы гүлдөн күздөгү гүл бөлөкчө
мукам сайрайт келген куштан кетер куш.
Шербет дагы күчкө келет күн өтсө
кылым өтсө кубаттанат бир укмуш.

Жазгы суудан тунук, таза күзгү суу
карыдык деп кабак түйбө, жан эркем.
Кышта гүлүн ачкан гүлдөр сыяктуу
гүл ачабыз күлүп-жайнап дагы эртең.

* * *

Капыстан кара нөшөр жааса эгер,
кара жанды куткарбастай каптаса сел –
ал селден бир сактаса өзүм сактайм
секетим, мага гана колуңду бер.

Борошо удургутуп бир заматта
аязга жаның тоңуп бара жатса –
жылытып алып калаар бир гана мен
жыргалым, кучагың жаз жалгыз мага.

Адамзат кесирине жаза төлөп,
өрт келатса талааны өрттөп, калааны өрттөп –
өзүңдү ошол өрттөн мен куткарам
ууздайым, укта ийниме башың жөлөп…

# КАНДАГЫ КЫЙКЫРЫК

* * *

Жаамы журт жакырчылыкка
батып барат утуру –
жасаган жакшы турмушка
реформаң ушубу?

Мафияга кол эмес
малып алдың бутуңу –
дендароо элге дем берер
демократияң ушубу?

## ЭЙ, КЫРГЫЗ

Койгулап көзгө-башка
бир кыргызды дагы бирөө сабап атса
болушканды мындай кой арачалап
койгонго
жарабастан турган карап
кыргызды мен кыргыз дебейм…

Кыргыз дебейм, дебейм кыргыз
кансыз, жансыз,
улуттук намыс-арсыз
кыргыздарды кыргыз дебейм…

Уй боор болуп бирикпестен
бирик десе ирип кеткен
биринбири көргөндө жини келген,
эл болдуң эмне деген?!
Улуттук ар-намысы уктап калган…
тойдо гана бир-бирине кучак жайган
торсоңдошуп ошол тойду бүтүрбөстөн
бирбирине оро казган.
Улутташы өйдөлөсө
уу ичкендей өңдөн азган.
«Ал өскүчө жат өссүн» – деп
кырманына күкүрт жаккан…



Эй, кыргыз,
өзүңдү өзүң көралбаган
ташбоорлугуң бүткөн кайдан?
Улутташың тартып ал деп
жалдырап ордо жатса
тартып алыш ордуна сөгүп тилдеп
туз сүртөсүң көзүнө анын кайра…

…Жек көргөн эл өзүн өзү
кудуретин түгөткөнү
куурулуп бараткапы
кут, ырысы жүрөктөгү…

## КЫРГЫЗ

### I

Өз ич ара өчүн эстеп, кегин таап,
биринбири түртүп, басып, тарткылап,
оң келгенде шилисинен шылый чаап,
жат чоңойсо кошоматка жан арнап…
Кулча куп деп, жөндөл десе жөндөлмө,
туталанма биринбири көргөндө.
Мыктыларын кордоп, тилдеп тирүүндө
мындай болбойт – деп өксүшөт өлгөндө.
Өзгө орой, жатка күлүп жаркыган
жалкоолукка жаны жыргап балкыган…
Көзү барда көрпө болуп, көз жокто
уу ушакты учурушкан артынан.
Жоош, момун көп нерсени элебейт,
кеменгерди кээде өзүнө теңебейт.
Жат баласын жата калып өпкүлөп
өз баласын өңүн бузуп жемелейт.

### II

Гийена[1] иттер жапайы уйдун оюп артын,
алсыратып жыгып анан жатса талап –
калган уйлар канга кан деп качырбастан
мүйүздөрүн каркайтышып турат карап.

[1] Гийена — Африкадагы чөө сыяктуу иттердин бир түрү.

Оо, кыргыз эл, сен дагы так ушундайсың
бирөөңө бирөөң эч жардам кылбай –
жок сыяктуу улуттук бир намыс-арың
качан болсо жалдырайсың, жапайы уйдай.

«Өзүм аман болсо болду» дейсиң дагы,
эртең өзүң так ошондой жем болосуң...
Бир мүйүзү зыр эткенде баары ыйлаган,
башка элдерге деги качан тең болосуң?!

III

Тегирменден аман чыккан буудайдай,
өрт жалынга күйбөй калган көк таштай,
сансыз бороон сапырса да сары алтын
элдигиңди сактады элең талатпай...

Эми минтип Эркиндигиң алганда
күнүң түшүп куу кекиртек балдарга,
бактың тайып, кайнап кетип баратат
көзүң жашка, көкүрөгүң арманга.

Тең жарышып кулан менен, жел менен
канча кылым каска намыс бербеген
кайран кыргыз кара тоодой калдайган
өлөсүңбү келген Эркиндигиңден?

## ТӨРТ КУРСАК ЖӨНҮНДӨ

Бирбирине жалдырашат: «Күрөшүп
жыртып келбе, айрып келбе түлөтүп»...
Түшкө чейин агасына, түштөн соң
инисине кызмат кылды бир өтүк.

Жамаачысы сансыз, жалгыз купайке,
кийим болду ата менен энеге.
Иштерге иш, тиштерине нан таппай
жарманкеде үңкүйүшөт таң-кечке.

Болсо кана бай, кедейге бир курсак
бири жесе бири тоюп туруучу,



так ошондой болсо гана бир Кудай
бай, кедей деп бөлбөй муңун угуучу...

Жалгыз киши жесе тойбос тамакты
төртөө жейт. Төртөө төрт карышкыр.
Төртөө тең күндө төрт маал зар какшайт:
«Кайдан мындай кайгылуу күн жабышты?!»

Туман түшүп жакшылык күн кечтеди,
азап болду ар бир күндүн өтмөгү,
күз да кетти, кыш да кетти, а бирок
бул үйдөгү кедейчилик кетпеди.

Төрт дубалда төрт терезе, төрт курсак
таң атканча бака болот курулдап.
Ал курсакты атчу болсоң огуңду
нанга айлантып жутуп иет бир аймап...

Бул төрт курсак ажыдаардай оп тартса
заманаңы апкелчүдөй бир башка...
Ач курсакта аалам билбес кайрат бар,
касиет бар!
Оо, төрт
курсак курулда...

## ДҮЖҮР ЧАЛДАР

Акыл айтсаң угуп койбойт
куртча сойлойт.
Өлкөсүн бир ойлобой
өзүнүн камын ойлойт.

Бу чалдар,
дүжүр чалдар,
кежир чалдар,
бир кезекте бийликтин ырын ырдап
эл башкарып эл эмгегин жеген жыргап
азыр дагы
жакасы ак,
курсагы ток
түлкүдөй токойдогу
кымындай кайгысы жок...

бирак да карай берет Ак үй жакты
ким болбосун Ак үйдөгү
башкаргандын баары жакшы.
Өмүр бою ким бирөөгө
болгондуктан кошоматчы
баласынан артык көрөт кошоматты…

Ак үйгө кое берсе
кош колун төшүнө алып
кошоматтын ырын ырдап
бийликте ким болбосун
таманын күндө үч маал
жалап турмак.

Кое бербейт аларды Үйгө
бирак алар
келинжүгүн сыяктанып
эшик жыртып
жүгүнүп бара берет
бүт карыны уяткарып.
Эй, чалдар,
дүжүр чалдар,
кежир чалдар
улуулук нарк, кадыры жок
бийликтеги бийле десе
жашын унтуп
сагызгандай эткен сорок…

Силерди азыр
ак сакалын жайкалткан Бакай көрсө
– Эмне үчүн элдин ыйын көрбөйсүң – деп
көзүңөрдү чукуп оймок,
түкүрмөк жүзүңөргө –
сакалы жок,
уяты жок.
Силерди эгер көрүп калса
Манас ата
отурбай көпкө сүйлөп
жаман жорук үйрөнөт деп бала-чака
кара жерге казыктай кагып иймек.

… Көрмөк кайда силерди
Бакай абам, Манас атам



ошондуктан
оозуңарды ачып алып
кемегедей отту жуткан
куйкалап келесиңер
элди кутман…
Эй, чалдар,
дүжүр чалдар,
кежир чалдар,
кузгундай куркулдаган
үйрөтпө элге үйүттү эң бир жаман
келгиле эсиңерге –
күйпөлөктөп күл артпай өз көмөчүңө
күйгүлө элге…

## ТҮНКҮ КОБУР

– Күн эмне үчүн чыгат, Ата?
– Кайсы жерде, кандай бала
«нан» деп ыйлап таң атканча,
күн батканча –
көздөрүнөн жашы чыкпай,
үнү чыкпай каргылданса –
ошолорду бүт эсептеп
Кудайга айтыш үчүн
курсагын тойгузгун деп.
– Анда неге мени көрбөйт
Сен мактаган ошо Күн?
Экөөбүз тең
үч күн бою даам сызбай
олтурабыз үйдөн чыкпай.
– ................................
– Же Күн дагы пара менен көрөбү?
– ................................
– Чалдар тойсо Күн нуруна
балдар тоюп булут чайнап,
кудуңдашса жел жутуп –
кулун, тайдай куушуп…
– Оо, ошондой болсо кана…
Кудай таала…
– Эмне үчүн уйку качат
ачкалыкта?
– ................................
Чычкан аке суу бер десең

суусун канат дечү элең,
ач курсакты тойгузууга
айтыш керек эмне деп?
– ..................................
– Ата, менин уйкум келбей
өлгүм келет.
– Ок, антпе,
өлүш оңой баарынан
жашаш кыйын,
жашаш керек
хан калтырып корксун үчүн
каарыңан...

– Пенсияңды береби эртең?
тойгум келет бир жолу...
– Жолдо өлүп калса керек,
пенсия деген немем.
– ..................................

## КАЙЫРЧЫ

Илмийип күн көрүнгөн кулагынан,
кайырчы кайыр сурайт касапчыдан.
– Калп айтсам буйрубасын, тоноп кетти,
акчаны кечке чейин соода кылган,
а көрөк тызылдагын Тезекбайга,
пул деген саман болуп жатат анда.

Какканда каалганы чыгат бир үн,
– Сен кимсиң?
– Кайырчымын.
– Курсун түрүң,
кем насип кечээ күнү кайда жүрдүң?
же эрте келсең кана мына бүгүн,
Жөнөттүм кайырчыны жанараакта,
ишенгин, тыйыным жок андан башка.
Табыпка кесел келет күндө сансыз,
тамырды кармабайт ал пулсуз, малсыз...
Кайырчы каалгыйт ага, табып оозун
аарчыйт куу чөп менен: – Кембагалбыз,
бак качат азайганда ооругандар
ийнелеп кудук казган аалымга бар.



Үмүттө азыр ачат, анан ачат,
кайырчы каалганы такылдатат.
Тымтырстык дем чыгарбас көрүстөндөй
бир гана үн жаңырып алыс качат.
Акыркы үмүтү өлүп кайырчынын
үйүнө бозокордун илкип басат.
Бозокор бозого мас борсолоңдойт,
мазактап кайырчыны деле болбойт.
– Бардыңбы касапчыга?
– Ооба, бардым.
Тонотуп жибериптир тапкандарын...
– Тезекбай айт чыныңды, канча берди?
– Башка бир кайырчыга бергем, – деди.
– Аалымдан акчаны көп алгандырсың?
– Эшигин ачпай койду такылдаттым.
– Баарынан алып ушулардын
калжаңдап калптан эле кушшуңдайсың,
чынында куураган чал менден байсың,
а көрөк тапканыңдан кеткин таштап,
жүрөйүн өмүр бою сени мактап...

Угулуп кулагына бир күү эски,
кайырчы калч-калч этип кулап кетти.
Бозокор анын бопбош баштыгына
ойноктоп турган желден мурун жетти.

## БАЗАРДАГЫ КЫРГЫЗДАР

Моңголдун аттарындай
кыска бойлуу кыргыз балдар,
кыйшалаңдап
көз томуйтуп
биринбири алдап,
биринин мурдун кандап
чылым тиштеп узун бойлуу
жүрүшөт томураңдап...
Ананкыны көзү көрбөйт,
ай-ааламга жетишкенсип
арак ичсе өкүрөңдөйт .
Кубанат энеси эркек төрөгөндөй
арзан алып кымбат сатса...
Башында жесем, ичсем
бир ой жок андан башка.

Өлчөлүү эс, ар-намыс аз
кымтып кетет буюм көрсө…
Алам деген кызын деле сатып иет
баасы чыгып ыгы келсе.
Жалданып дунгандарга, корейлерге,
кул болуп өз жеринде
жүрүшөт
жүндөй тытып акчасы бар:
– Таманымды жала – десе
ойлонбой жалап коёт
келиштирип пулун берсе…

Базардын
башы айланган бутун басып
түшкө чейин түктөйүшүп
түштөн кийин калжаңдашып,
өзүндөй жайма соода кыздар менен
насвай атат, нашаа чегет
көкмээ койдой базарды тегеренет…
ойлонбойт тирүүлүгү
кыргызга эмне берет?

Ысык ичип, суюк чычып
ырсалаңдап дайым кызып
курбусун ойлогондон
курсагын ойлоо кызык…
Көздөрү бопбоз туман
таш куйкалайт кээде үшкүргөн үшкүрүгү…
Элине эмне берет
булардын тирүүлүгү?

Атпачудай атар таңым,
бул өмүрдө жоктой барым.
Базардагы кыргыз балдар жүзүн көрүп
жүрөгүмдү мыжыгамын…
А алар мага жооп кайтаргандай
чаң желкесин чала кашып
ичип барат
бөтөлкөнүн оозун ачып,
далбастап тачка сүйрөп бара жатып…



* * *
Таңдан кечке тачка сүйрөп базар кезген
Таалай, Бакыт, Нуржан, Ырыс жана Чыңгыз,
Аттарынын касиети чыгып эстен
Ишти иштешет адам эмес ит да кылгыс.

Ала шалбырт. Базар ичи. Ылай, чыла –
Курган балдар куп окшошуп кайырчыга,
Тачка сүйрөп таракандай чымын-куюн
Ыраазы болуп таргыл мышык тагдырына.

Жайы-кышы жарытпаган жанды базар…
Аты жакшы, бирок заты начар балдар
Барбалаңдап бактысынан башы айланат
Бир ою жок мындан дагы жакшы жашар.

Таалай, Бакыт, Нуржан, Ырыс жана Чыңгыз,
Алдыңарга өзү келбейт бакыт, ырыс.
Бай баласы батышта окуйт, сен – базарда,
Неге мындай? Ойду ойготпой жүрүү кылмыш.

* * *
Үйүт үйрөтүп казна жулмай, сарай курмай,
Үйүндө эмес четте окутту уулун бай.
Өзүбүздөй эл башкарып, эл жесин дейт,
Аны кедей балдарынан кем кыл Кудай!

Алган карыз сиңип кетип кумга суудай,
Ачка элдин айы жылбай, болду – жылдай…
Кедей акча төлөй албайт уколуна
Төлөйт десең байды тынбай оорут Кудай.

Сугунушту, бирок ага алымсынбай,
Карга болуп каркылдашат канээт кылбай…
Ал ансайын арбып барат кедей көрү
Андан көрө байдын көрүн арбыт Кудай!

## КЕМПАЙ

Кедейликтин кер кашка атын
кедең-кедең бастырып,
келет кемпай аккан жашын
аарчыбастан каткырып.

Айыл ачка, өзү да ачка
ачка үйүндө балдары,
аларды ойлоп койбой азга
ал аябай жайдары…

Жетпес турмуш – жанын жеген,
жоктук – канын кайнаткан,
ыйлар кезде күлүп кеткен,
күлүп келет ар качан.

Күлкү анын каяшасы,
каткырыгы, кайраты,
жакырлыктан чыкпай башы
дайра болгон көз жашы.

Шондон бери жүрөт күлүп
өкүрөрдө каткырат,
жүрбөйт такыр кабак түйүп
ага кара болгон ак.

Чоңду көрсө ойдон, тоодон
чокоюна теңебейт.
– Эгер кедей мен болбосом
ал байыбайт эле дейт.
Күн көралбайт бай – кедейсиз,
кедей келген жемине,
Кудай буйруп койгон дейбиз
кой туш болсо бөрүгө.
Бүлүнгөндөн бүлдүргү алба
канталамай заманда,
зыян болот келчү жанга
түркүк болбойт балаңа.
Далай заман алмашылган
алмашкандай күн түнгө.
Меникиндей сенин балаң
ач калуусу бир күндө.
Кетсе кымгуут, урган бороон
адилеттик таңы атса –
сенин деле мага окшогон
кедей болууң заматта…

Анан күлөт, күлөт ыкшып,
боорун тырмап каткырат…
Ага чоңдор жүрөт тырчып
а жакырлар жактырат.



Бир укмуштай үнүн созуп
жүрөктөгү муңду улап
каткырганы – кошок кошуп
жаткан өңдүү туюлат.

Азан айткан аты калган
ким көрүнгөн «Кемпай» дейт, –
өздөрүнүн андан жаман
кемпайлыгын билишпейт.

## СОКУР КЫЗ

Сокур кыз ырдайт базарда:
«Жок менин тууган, атам да,
калайык кайыр бере кет
кайышып өлбөй жашарга».

Сокур кыз ырдайт базарда:
«Жок менин тагам, апам да,
жегенди мындай коёюн
жерим жок эптеп жатарга…»

Сокур кыз ырдайт базарда:
«Интернаттан куулдум,
караан болор бир жан жок
кайгыга кайдан туулдум?!»

Канбазар. Чилде. Үмүттүү
калың эл тынбай агылат,
кайнатып канды кыз үнү
канкакшап улам жаңырат.

Манжасы жетпейт комузга,
чыбаштуу чачтан агат тер…
Кечкете бир ыр оозунда:
«Кайыр бер, калкым, секет бер…

Талаада ыйлап турамын,
тагдырга жетсин убалым,
отурбайт элем моминтип
көргөндө эки чырагым.

Кумсарып ыйлап турамын,
Кудайга жетсин убалым.
Боорукер элим ботоңор
болбосун мендей ылайым.

Бир жолу тоюп бир айда
келатам жашап убайда
Жер тешкен жетим көз жашы
жетсе деп тилейм Кудайга»...

Жалган түш. Жаш үн карыкты,
жемшейген аял желпилдеп
тыйынын жыйнап, а кызды
жетелеп кетти: «Жээним» – деп.

...А мүмкүн тойду, бошонду,
«Кайыр бер»... кайра ыр акты –
кайрадан магнитофонду
чоңойтуп койгон сыяктуу:
«Таалайын тилеп башымын
таңды-кеч ырдап жатырым,
талаалап жашым төккөндөй
тагдырга кайсы жазыгым?!

Кутманын тилеп башымын
куюлтуп ырдап жатырым,
куюлтуп жашым аккандай
Кудайга кайсы жазыгым?!

Таалайым кайдан ойду эле,
тагдырым татаал жол беле?!
Уч-түпсүз ушул дүйнөнү
бир көрүп өлсөм болду эле...

Көңүлгө бирөө алган жок,
көрбөгөн күнүм калган жок,
дүйнөнүн өңүн бир жолу
бир көрүп өлсөм арман жок.

Ишиңди эгем оңдосун,
илгери болсун жол-жосун.
Пендемин деген кишинин
баласы мендей болбосун»...



Чаң баскан кызды өбөт жел,
чаташкан чачын уйпалап.
Чалкалап кимдер өтпөсүн
чөнтөгүн калат сыйпалап.

Чыптама эски, көйнөк кир,
сөгүлүп кеткен колтугу,
чарчады окшойт негедир
кайталайт өткөн жолкуну.

Жамаачы байпак,
бармагы
башбагып турат бакадай –
кеткендей кыздын дарманы
басаңдайт,
бирок чарчабайт...

...Аңгырап базар калганда
жетими окшоп дүйнөнүн
жык толуп ыза, арманга
жаңырып бүттү жапжаш үн.

Тыйынды жыйнап мас жеңе
жетелеп кызды басарда –
жоолугун жулуп алпкачты
кычкачтай болгон үч бала.

Чырылдайт «тайже» чырылдайт
сокур кыз баарын түшүнүп,
комузсуз кошок ыр ырдайт
кетчүдөй өңгөч үзүлүп:

«Таалайымды жашыман
Жараткан уурдап алды эле,
айнектей эки көзүмдү
жинди апам олуп салды эле,
куйкаланып күйүткө
куу башым аман калды эле...

Алым жок өйдө туруга
муштумга муштум урууга.
Түйүнчөктө акчам бар
аны уурдабай мени уурда.

Көп уккам мурда жомокту.
Адам бир келген конокпу?
коноктугу чын болсо
мени уурдап кетип жоготчу…

Айланганбы адамзат
бир-бирин жеген жырткычка –
кылчайып келип калганбы
кыямат кайым кыргызга?!

Кайырчыны уурдаган
как жыгач болсун куураган.
Тоногондор майыпты
көрбөй калсын жарыкты.

Сокурлугум алгандын
баласына жукса экен,
эртең эле мага окшоп
ушерде ыйлап турса экен.

Уурдагандын кызына
тагдырым өтүп кетсе экен,
эртеңден баштап базарда
мага окшоп жашын төксө экен»…

Солуктап ыйлайт ал экөө
соо жандай ыргып тура албай,
көчүктөн өйдө түрүлгөн
көйнөгүн ылдый кылалбай…

* * *

Качан барба мончого
кыргыз толо
ахалашып, хахалашып
бир чоң тойго шашылгандай
жанталашып
гүү-гүү этип гүүлдөшүп
көздөрүн күлүңдөтүп
чапкылашып бири бирин
кетиришип жатышат сырткы кирин…



Бирининин колуна карга чычса
же кызматтан өйдө чыкса
таруу дагы айланбас ичтардыктан
шилекейи аралаш ыза жуткан –
өзгө балтаң, жатка жалтаң
сырты жылтыр, ичи ириң
бу кыргыздар
жоготушса
ички кирин
кандай жакшы болор эле, –
анда элге кут, ырыс конор эле
супурасы берекеге толор эле.
Кыйшаңдашкан уруу болбой
улут болуп оңор эле…

Билишеби бул акылды
же билбейби
же бардыгын урдум дейби?..
Качан барба мончодо
кыргыз толо
табышканбы таппас жолду
сырткы кирди кое туруп
ички кирди жоготконго…
Ким билет түшүп атат күжүлдөшүп
кээ бири келжеңдешип
колдорун титиретип:
– Кечээ иттей ичтик эле
тердебесем оңолбойм – деп
пардын бийик жерине чыгып кетип
түшүп атат…
Саясат, китеп жана
китепкана жөнүндө ооз ачпай
ак барактай,
дардалактай
бош жерин толтурууга
арга таппай
бөтөлкөсүн коюп алып ортого
түшүп атат кыргыздар мончого.

## «ЭЛДИН КУТУ»

Жерди ээлешип кооз, ыңгайлуу:
«Кылым жылсын биздер жылбайлы…»
деген өңдүү баары дердейет
скульптордобу, билбейм, кимде айбы?!

Эч убакта булар сынбайбы?
Ошолордун сынбаганына
кылдай кыянаттык кылбайлы…
Ким көрүптүр, бирок мындайды?
элдин куту болсо ушулар
элди Кудай урган турбайбы…

## КАНДАГЫ КЫЙКЫРЫК[1]

Кудайдын көзүнө окшоп тунук эле,
Курандын сөзүнө окшоп ыйык эле.
Атпай журт алмустактан арман ыйын,
Жыргалын көлүнө айтып туруучу эле.

Ушул көл ата мурас белек эле,
Эртеңки муундарга керек эле.
Алтынды жатка бекер берген өңдүү
Көлдү да үстөгүнө бердиңби же?!

Болбосо кырсык жайын элге-жерге,
Түшүнтүп ооз ачпайт Өкмөт неге?
Ушул жосун барабар энесине
Көз жумарда алын сурап келбегенге.

Эй, Өкмөт не жалдырап турасыңар?
Эмнеге көңүлүңөрдү бурасыңар?
Байкуш элди алдагандан башка дагы
Маанилүү кандай жумуш кыласыңар?

Ишиң иштей эмес десе урасыңар,
Айла таап түрмөңөргө тыгасыңар.
Чырмалышып элге деген кредитти
Жегенден башка не иш кыласыңар?..

[1] Түшүндүрмөнү караңыз.



Ак булут көл үстүндө айлангандай,
Бул жерден хан, бек өткөн далай-далай.
Алардын баары көлдү кийинкиге
Калтырган силерге окшоп талкалабай.

Өздөрүнүн кекиртегин ойлобостон,
Ошолор кезеңдерге оорлошкон.
Көркүнө көлүбүздүн үлүш кошкон
Силерге окшоп уун чачып соолтпостон.

Алтынды алдаттыңар жанталашып,
Силерден эмне калат айткыла ачык?!
Ооруган ушул көлбү, коррупциябы
Жергебизге жетинчи этаждан чыккан шашып?!

Же элби кедейи арбын бардарынан?
Же бийликпи бирөө жалгыз бийлеп алган?
Же аты бар, заты жок демократиябы
Пара менен колу-бутун байлап салган?

«Май кармаган бармак жалайт» деген эле
Кепке кемтик, сөзгө сөлтүк болуп элге.
Эмне дейбиз жердин жети кабатына
Жеткирип желмогуздай жегендерге?!

Көптөбөсө жер байыбайт бир, экиге
Кемпайдын кесепети тиет миңге
Жеп түгөтсүн бүт баарысын
бирок, бирок
Көлүмдү аман коюшса болот эле…

Жылдар эмес айдын алдын көрө билбей,
Жылдырып айткан акыл тилге кирбей…
Ак дегенден жалгыз ушу көл калды эле
Булгангандар булгап салды куду өзүндөй.

Булгап салды ыйык көлдү ууга чылап,
Не болот? Кандай болот? Эмне чыгат?
Эл каргышы эрип кетпей ушул уудай
Удургушуп жүрүш салып күйүп турат.

Четтен келген чекеге чертип бийлеп алды,
Бийлеткен башкаргандай куйтуланды.

Жалгандыктан элибиздин жашоосуна,
Ынтымакка куду ушундай уу чыланды.

Жатты көрсө жалактанып аккан мээри,
Эй, кыргыздын эл башкарган мыкчыгери,
Бил кайрымжы экендигин эссиз ишке
Эшиктеги суунун сели, уунун сели!

Көтөрүп жүргөндөр көп журттун жүгүн,
Кыйчалышта билдик го биз кимдин кимин.
Набыт болду суу ичкендер…
күлүп жүрөт
Ал сууну ичпей башканы ичкен министриң.

Чындыкты айталышпай мизи кайтып,
Илимпозуң айт дегенди турат айтып.
Ысыккөлдү коргоочулар, форумдарды,
Өткөргөн жатасыңар кайда чалкып?!

Ал туура бир күн кетет баскан туман,
Качан кетет тумандуу күн мээни чаккан?
Эл эсинен чыгып кетет, кырсык-кыргын,
Көл эсинен уу чыгабы уюп жаткан?

Эл ишенчин өлтүрүүдө алдоо деген,
Эл кыжырын келтирүүдө жалмоо деген.
Буну билсең айтчы Өкүмөт,
жооп бересиң,
Көлдүн, элдин убалына эмне менен?

Кайран элдин касиети качып калды,
Кайнатууда каар чачкан жүрөк канды.
Кедеринен кетирип бүт байлыкты,
Тыйпыл кылуу же силерге бурганбы?..

## КӨЛДӨН ҮРГӨН КӨК ДӨБӨТ

Укта дейсиң,
кантип уктайм жан биргем?
Көптөн бери кирпик какпай калдым мен.
Көлдөгү уу – дөбөт болду күрсүлдөп
Күнү-түнү канда үргөн…



Өзүн бизге теңебеген сыяктуу,
Түкүрбөгөн көлүбүзгө чылап уу.
«Кечиргиле!» дебей кайра керсейип
Кемсинтишти мурасты.

Кыргыз сенин жоошутугуңда күнөө бар.
Алтыныңды «ап» дегизди өкүмдар.
Элди ойлобой кекиртегин ойлогон
Ойрон өкмөт куруп кал.

Өз жеринде жаттан бетер жалтактап,
Кейийм элим жүргөнүңө жан сактап.
Титиресең кирин соруп тишиңдин
Четтен келген жыргап жүрөт алчактап.

Эй, кыргыздын жалкоо чалыш жараны,
Эсиң топтоп билгиниң ак, караны.
Канча кылым айыкпаган жараңа
Калкың дары табабы?

Көлдөн балык, көктөн өлдү карга да,
Жан кыйылды… Жашырар жол тандаба…
Жарыңарды алдагыла,
а бирок
Атпай журтту алдаба.

Келгиндерден өз элиңди пас көрбө,
«Келечеги кандай десе?» – тап бербе…
Калк эгеси кара тоодой калдайат
Бөйпөңдөбөйт башка элге.

Элди эптеп сооротууга шашылба,
«Абалы абдан кыйын десе» – таш урба.
Кыргыздыкы кырк жылда дейт
Чындыкты
Чыркыратып өз элиңден жашырба.

Калк кайгысын кабак түйүп тоо укту.
Кезеңдерге капсалаңдуу, кооптуу,
Чыныгы уул – эл-жери үчүн кул болуп
Чымчыгы эмес чырпыгына жооптуу.

Алтын, алтын канча жанды калчаган
Ошол үчүн ооруп өлгөн канча жан?
Алмустактан ай-ааламга жеткен чуу
Ушу алтындан таркаган.

Акылдуулар алыс жүрөт алтындан,
Ачкөз гана жалтыракка тартылган.
Атасына жаккан менен бул алтын
Балдарына бүтпөгөн доо калтырган.

Ай-ааламдын алтын кору жетпеген,
Көл, көл эле көргөн адам: «Эх» – деген.
Эртең бу жер чөл болобу куураган
Кумун курттар тепсеген?

А бу элдин тыйын алса сүйүнгөн,
Арак десе атын унтуп жүгүргөн.
Азыркыдай болобу укум-тукуму
Же болобу бүлүнгөн?..

Кокустукпу? Же бул ишпи пландуу?
Же келгенби Келишимден ылаңдуу?
Элде эмне кеп үркүп көнүп калышкан
Кайда айдасаң көнө берет чыдамдуу...
Кезим кайда келберсинип ырдаган?
Азыр каным кайнап ыйлап, муңданам.
Ыйык төргө, Ысыккөлгө
Чыңгызхан,
Тимурлан да мынча зыян кылбаган...

Укта дейсиң, дагы айтасың: «Тамактан»
Жүрөк менен жүз жеринен кан аккан
Кантип ичем?!
Каарыңды элге эмес
Ханга көргөз Жараткан!

## АЛАДУНКАН

Паренде эмес элге такыр тынчтык бербей
баарын жеген эт, сүт дебей, жемиш дебей,
аладункан келди айылга. Ачкөздүгүн
карап турсаң кудум эле акимдердей...

Кайдан келди? Ким апкелди? Элге, жерге
алаканат бу ачкөздүн пайдасы не?
Уясынан балапанды учурбай жеп
күйгүлтүгү күчөп барат күндөн күнгө.



Жүзү курсун – тажаал, тайбас, тойбос, ачкөз,
сыртын көрсөң бизде жүргөн куштарга өңдөш,
катаал күндүн кабарчысы сыяктанып
жакшы жакка канча сүйрө барбас, көнбөс.

Кутулбаймын жатсам турсам жалгыз ойдон:
«Калпкалабы ушул шүмшүк ушул бойдон?!
эл турмушу не болорун билбейм, бирок
куш турмушу бу кетпесе болот ойрон».

Көргөнүмдө аладункан чыйырчыкты
көргөнсүймүн элге келген жамандыкты.
Бул көрүнүш жөн эле бир көрүнүшпү
Же атайлап кудуреттен келген сырбы?

* * *

Катыгүн ай! Жетпей койду үнүбүз,
өлө-тала өкмөттүкүн жешкенге...
А биз болсо барбалактап жүрүбүз
автобустан бекер түшүп кеткенге.

Канкакшадык: «Калк мээнетин жебеңиз»...
казынаны чөнтөгүнө салганга.
А биздердин көккө жетти төбөбүз
беш айда бир маянаны алганга.

Элдин көңүлү келбей калды эч ишке,
түштү чоңдор мафиялуу чоң жолго
А биз байкуш раазы болдук кезитке
кээде аларды ачык айтып койгонго...

* * *

Кыргыз байыса катын алат деген чын,
колдоруна түк бүткөндүн баарысы –
ойлоп койбой балдарынын тагдырын
токолдорду тойгучакты алышты.

Бай оокатын байкуш аяйт деген бар,
аларды аяп эмне кылам?!
Бирак да
төш каккандан төрөлүшкөн ал балдар

даңк кошобу атпай кыргыз даңкына?
же уятка калтырабы?
Нымтырап
же жешеби элге деген оокатты?
Буйурганы болот чыгар, мен эмне
ойго батып оорутамын соо башты?!

* * *

Ботодоймун – боз туманда турган боздоп,
оор ойдон каным ысыйт, жаным ысыйт.
Арт жагымдан илип алар акылы жок,
ыйманы жок, түркөй муун келатkансыйт.

Сезгенимден, өзүм чоочуп, өзүм коркуп,
сезгенимди отко салып, сууга агызам.
Бүт бардыгын билгенсиймин, а бул жолу
эл эртеңи эмне болот, билбей турам…

Эл эртеңи эмне болот, билбей турам,
туш-тарабым капкараңгы кара туман…
Жер жайнаган жогорку окуу жайдан
жарым акыл жаштар келет жер жайнаган.

Эл намысын ойлогон бирөө барбы?
Же саттыкпы бүт бардыгын алып чыгып.
Бактым ылдый боло түшөт жаштарымды
башка элдердин жаштарына салыштырып…

## ЭЙ, КАЛКЫМ…

Эй, калкым, шайлоодо ичкен шарабыңа,
Шаңданып шалп этектей шадаңдаба.
Кимдерди, эмне үчүн шайлайсың сен?
Шайлаарда көзүңдү чоң ачып кара!

Көзүңдү ач! Сыртын эмес ичин кара,
Кашайып көрбөй калба карышкырды.
Тулпарды кара эшекке алмаштырба,
Жалганга жыгып бербе аруу чынды.



«Апаңдай сүйөмүн» – деп айтат азыр
Кан, жанга канээт кылбас ажыдаар да.
Эй, калкым, эдиреңде, мейли чачыл
А бирок шумшуктөрдү шайлап алба!

## АСМАНСЫЗ ЖЫЛДАР

Тамчылар таш өңдөнүп,
Аптабым – аяз ызгаар.
Ыйманды жандан бөлүп
Асмансыз келди жылдар.

Асмансыз келди жылдар,
Жоголду колумда бар.
Сокчудай албуут шамал
Келчүдөй жаман кабар.

Кудурет берген жанга
Төбөмдө асман кана?!
Баарын ал жапажалгыз
Асманды калтыр мага.

Жараткан барбардигер,
Баарын ал – асманым бер.
Атасыз – болот жашоо,
Асмансыз – жер эмес жер…

## АЛЛЕРГИЯ

– Мурдуман суу куюлуп?
көздөрүмдөн жаш агып:
аллергия болуп атам.
– Эмнеге?
– Эмнеге дейт… ырайы суук заманга.
– Заманга да аллергия болот бекен?
– Болгондо да эң бир жаман
жан кууратkан ит түрү экен.
Күн-түн тынбай
бырылдамай, шырылдамай
ырылдамай
ай, Кудай ай…

– Замандын эмнесине?
– Жулуңдап журт бийлеген
жулунуп журтту жеген
чоңу радио же теледен
дагы алдап жалактаса
эки эстүүнүн талмасы кармагандай
кармайт дагы аллергиям,
мурдумдан суу куюлуп
көздөрүмдөн жаш агып
каным кайнап
көзүм жайнап
аллергиям күчөй берет,
күчөй берет…
– Кайдан жукту бул оору?
– Эгер жукса аллергия
оңду-солду тантыган
жукту чоңдор калпынан.
– Болобу айыктырса?..
– Куландан соо айыкмакмын,
келсе заман калыстыкка
эл насибин жегендерди
эл сотуна алып чыкса…

## А МҮМКҮН

Жараткандын бирөөгө пейли жарды
бирөөлөргө пейили ой да кенен.
Эшекке да мингизбес акмактарды
күндө ташыйт үйүнөн «Волга» менен.

Сурдануу көп күн сайын – жылмаюу аз,
эрдемсинип эстүүнү эссиз урат.
Босогого киргизбес балдар боз баш
борс-борс күлүп төр эмес такта отурат.

Чакчелекей будуң-чаң, чамгарактар
чайпалууда –
керилди керегелер…
Үшкүрүктөн, а мүмкүн маңдай жарар
жакшы күндүн кылтыйып үрөнү өнөр.



* * *

Кач, качып кет, качып кеткин
а болбосо мойнуң бурап –
сабайм сени ал анткени
сага жиним келип турат.

Оң колумдун ачуусун мен
токтото албай сол кол менен…
Ишеничти алдаганга
ич өрттөнүп күйүп келем!

Көздөрүңдү көргүм келбейт
уккум келбейт үнүңдү да –
мындай жиним келген эмес
сен алдыман чыга калба…

## ӨРТТӨЙМҮН

Ишенбейм сенин сөзүңө,
Унуткам илим, билимди.
Жалында жалын өзүңө
Өрттөйүн кедейлигимди.

Ушунча батып жаныма
Узарткан улам муңумду, –
Жалбыртта жалын дагы да
Өрттөйүн жалкоолугумду.

Өрттөйүн көрө албаган
Ич тардык ишти кандагы, –
Жүгүнбөй жашай албаган
Тазарып калсын жан дагы.

## ТИЛЕЙ БЕРЕМ

«Дары ич, – дедиң, таң атканда ачкарын»,
таң атканда жаңы ырымды баштадым
баштадым да, даана билдим илгиртпей
кайсы жерим неден ооруп жатканын.

Жаңы ырымды жазарымда ачкарын,
ыйын угуп кайырчынын, ачканын,

туюп турдум жүз жеринен жарылып
жүрөгүмдөн шуушундөп кан акканын.

Дарымды ичпей, ырымды ичип ачкарын,
тиктеймин да кыргыздын көк асманын
тилей берем ачка тоюп, жетимдин
жашы кургап, көрдүн көрүп басканын…

* * *

Жазам деп эч ким жазбас жакшына ырды,
Мүмкүн мен өзүмө өзүм үйдүм муңду?!
Акты ак, а караны кара деген
Капырай, табалбадым дос же курбу.
Өлгөнгө көмгөн кылып заман кысып,
Аялым андан бетер тумчуктурду…

* * *

Чыгып кетсе чыгып кетсин чымын жан,
Чындык үчүн чыңырганым чыңырган.
Акындыгым сокур тыйын
Бүгүнкү
Мезгил күүсү билинбесе ырымдан.

Канча акындын калк деп көзү жумулган,
Калыстык деп жулунганым жулунган.
Баатырдыгым кокон тыйын
Эртеңки,
Кечээгилер көрүнбөсө ырымдан.

* * *

Элге боор толгоп болдум оорулуу
Башаламан базар үнү болду уу.
Кармап кетер караңгыда келгендер
Токтогулду кармап кеткен сыяктуу…

Миң кармасын, келет менин кармалгым,
Абакта да калк деп кайраттанармын.
«Жаның берсең элден азап кетет» – де
Ошо замат жан бергенге даярмын.



## АТА ОСУЯТЫ

«Кудайым кубат берсин кара жанга»…
Купшуңдап кол куушурбай өкүмдарга,
тер менен терип жеген ырыскысын
ошону мурастаган балдарына.

Эң таза эртеңкиңди сергек карап
силерге бергеним жок арам тамак.
Силер да боло турган балдарыңды
арамдан кылча кошпой өзүмдөй бак.

Маңдай тер жамгыр болуп жерге тамсын,
буудайдан буудай чыккан сыяктансын.
Өзүнөн элин өйдө кое билген
кыргызга таянч болор тукум калсын…

## БҮГҮН АЙТКЫН

Жоош калкым, момун калкым, кой калкым,
жооштукту, момундукту кой калкым.
Алдап атат азыркыңды, ананды
аңырайбай бышыгыраак бол калкым.

Бийликтеги карыздарды өңөрдү,
казынаны толбос сазга чөгөрдү.
Кимдер ойлойт бапыраткан карызды
ким төлөөрдү жана кантип төлөөрдү?!

Жер тиктеген жети атасыз жан окшоп
жетимсиреп мелтиректен пайда жок…
Айтарыңды бүгүн айткын, айт бүгүн
эртең чыгып кетпес үчүн жандан от.

Бүгүн айткын, тура бербей далдырап,
керек болсо канды күйгүз, жанды жак…
Кайсыныңа ишенесиң?! Карачы
капкараңгы түндөн жаман алды жак.

Сатты үйлөрдү, сатты сансыз заводду,
ошолордун сомун кимдер тоношту?!

Ага тойбой томполоңдоп токтобой
жер сатам деп жагып салды чоң отту.

Келечекти түк карабай, түк билбей,
жерин саткан, элин саткан бипбирдей.
Мусаапырлык муундардан муунга,
мурас болуп калабы ыя, үшкүрмөй...

* * *
Ыр жазылчу оокат эмес кол бошунда,
Акындык бул как жүрөктүн толтосунда.
Жүз үйрүсө жүрөгүн бүт сууруп берген,
Жүргүм келбейт жүгүнгөндөр ортосунда.

Кайгысы жок семиришет кара ууга,
Акындык бул как жүрөктүн жарасында.
Болполоңдоп кошоматка коюн сойгон,
Болгум келбейт кумганчылар арасында.

Мыкты балык сүзөт көлдүн тереңине,
Ырдан ырыс түшпөсө эл элегине,
Даңк күтүп, атак күтүп атпай журттун,
Арасында дардаюунун кереги не?

Кол чаппаса эл жигиттин өнөрүнө,
Жарабаса элдин намыс, керегине.
Жүрөгүнөн ширеңкенин жарыгындай,
От чыкпаса өмүр сүрүп кереги не?

Акындары эки жүздүү болгон элдин,
Эч убакта эгиздебейт болочогу.
Акын өрттөй алоолонтсун эт жүрөгүн,
Антелбаса ал акындын бардан жогу.



# ТӨРТ САПТАР

* * *
Билсем дагы бу турмуштун татаалын,
Көрсөм дагы көп көйгөйүн, азабын.
Бүгүнкүдөн эртең жакшы болот деп,
Үшүсөм да үмүт менен жашадым.

* * *
Асман бүркөө Алатоонун башы булут,
Сай-сайда сапырылат шамал улуп.
Өзгөйлөнүп өкүнүчкө өгөйм жанды,
Өрттөй өткөн өмүрүмө улутунуп.

* * *
Доңдон ылдый кое берген доңгөлөк,
Сыяктанып өмүр өтөт өңдөнөт.
Туулган күндү орден менен өлчөбөй
Элге берген эмгек менен өлчөп өт.

* * *
Пенделердин, ичер суусу ичилбей
Калабы деп корком шектүү түрүңдөн.
Акыл-эси токсон тогуз кишидей
Токсон тогуз болуп калба, Кылым сен!

* * *
«Дан береби мээнетиме жараша»...
Дыйкан сынайт үрөн сепчү талааны.
Сен да ушинтип төрт тарабың төп кара
Тамга үйрөтүп тарбиялар балаңды.

* * *
Түбөлүк турбайт Күн көктө
Чаң болот Аалам асманы.
Дүйнө жок бардык дүйнөдө
Чаппаган ажал капканы.

* * *
Док урунуп жатсаң да,
Дос болбойт жөө атчанга.
Бар болсо дагы канаты
Уча албайт балык асманга.

17—1594

* * *
Кутулуунун жолу эч бир табылбай,
Барчу жерге акыр бир күн барасың.
Көккө сиңип куш көрүнбөй калгандай
Көргө кирип сен көрүнбөй каласың.

* * *
Эсте элдик адатты
Эси жокко теңелбе.
Бош алсаң да табакты
Толтуруп бер берерде.

* * *
Жаман чыкса жан балаң
Кайгысы ата-эненин.
Жаман болсо падышаң
Бактысыз күнү эл-жердин.

* * *
Ок ойлонбойт, ок көрбөйт,
Кимге атсаң жайлайт ал аны.
Так ошондой Кудайдын
Жиберген бизге ажалы.

* * *
Ажалды балдар башкарса
Эне өлмөк эмес эч качан.
Кудурет берсе балыкка
Соолмок эмес суу сайдан.

* * *
Кыр ашсын кыргыздын кылымы,
Муундан муунга тапшырма:
Ушул жер ыйыктын ыйыгы
Укумун душманга бастырба.

* * *
Оомат деген бир келбестен миң келер
Бир кезекте бирге жүргөн курбулар:
Мен билгенди эгер силер билсеңер
Бийик болмок күлкүңөрдөн ыйыңар.



* * *
Падышанын акылы жок экенин
Эзелтеден билдирбеген бийлиги.
Бай бит сыгып, канын жалап жүргөнүн
Байыртадан байкатпаган байлыгы.

* * *
Кетмен менен жетелеп,
Келе жаткан ушул суу.
Көрдү кулап кетпелеп
Апкелаткан сыяктуу.

* * *
Майда жаан узак жаайт,
Майда киши көп жашайт.
Чоң ууруну кармаш оңой,
Майда ууру таптырбайт.

* * *
Унчукпай турганымды түшүнбөйсүң,
Сүйлөгөн сөзүм кайдан түшүнмөксүң?
Улама болуп кетпейт угуп эле
А көрөк тыңшап үйрөн өзүңдү өзүң.

* * *
Табылгандан жоголгону көбүрөөк,
Алды күлкү, арты арман дүйнө ошол.
Сыр билбести жыл жүргүчө сүйүп, өөп
Кадырыңды билген менен бир күн бол.

* * *
Сүйлөөр сөзүң күмүш болсо,
Алтын дечи турган жөн.
Сокурлардын арасында
Сокур болуп жашап көн.

* * *
Уулу жаман учуру жок картаят,
Уулу жакшы улуу тоодой заңкаят.
Келини жаман кезеги жок бөкчөйөт
Келини жакшы керме тоодой көрктөнөт.

* * *

Күн көрбөгөн күн көрсө,
Күндүз чырак жактырат.
Кайырчыга мал бүтсө
Тамак ичпейт жакшылап.

* * *

Чаңда чыгат жарандан бел байлаган
Залкар жүгүн көтөрүүгө замандын...
Сенин мойнуң галстукка жаралган
А меники арканына дарганын.

* * *

Мактоо сөздүн эң семизин мага айтты,
Мен жакшылык жасабаган бир адам.
Шылдың менен кара жаным кашайтты
Эң төрүмдө эрке талтаң жыргаган.

* * *

Кылкылдаган кылымдардан кылымга,
Бабаларым бармактайдан үйрөткөн:
«Оозуңда турган сөзгө – бийсиң да,
Оозуңдан чыккан сөзгө – кулсуң сен».

* * *

«Ким акмак?» – деп сураса акылмандан,
Ал айтыптыр: «Сулууну алып аялдыкка
Жок дегенде жарым ай жашабастан
Соода кууп кетип калган алыс жакка»...

* * *

Акылманды даана уксун
Кимдин келсе билгиси:
«Сарандык келесоолуктун
Бир жатындаш сиңдиси».

* * *

Кимде ким эгер бирөөнү
Жаман көз менен караса.
Жоопту алат ошондой
Көзүнө ошол жараша.



* * *

«Сен эмнеге алтынды тоо жыйнадың
Ажал келсе таштап кетер болгон соң?»
«Чыны алтындын алтындыгын кыйбадым,
Анан дагы өлбөймүн деп ойлогом».

* * *

Чылк туман тоонун арасы
Чокуга чыксаң күн ачык.
Биз куурап жатсак бирөөлөр
Шапар тээп жүрөт жыргашып.

* * *

Кужурашат чымчыктар,
Куп кызыкка баткандай –
Кыйылган талга кайгырып,
Куран окуп жаткандай.

* * *

Бакыт ошол таңданып
Өзүңдү билип иштерден –
Орок оруп, там салып,
Уул үйлөп, кыз берген.

* * *

Күйөөсүнө сүйбөй тийген аялдан,
Балдар туулат атасына күйүмү аз.
Патша болсо ойношунан туулган
Багы тайып болот бир күн эл жылас.

* * *

Кайгырбагын жокко сомуң,
Болот ырыс, кут дагын.
Үмүтүңдү жоготконуң
Жоготконуң бүт баарын.

* * *

Канжыгага каз байла,
Тоогун жесең бирөөнүн.
Бирөөгө көр казарда
Эсте болсун түшөрүң.

* * *

Эртеңки сырын катат.
Атыңды арзан сатпа.
Акчаны табыш азап,
Жоготуш бир заматта.

* * *

Капка катпа ийнени,
Кагазга отту оробо.
Калп айтып ушул дүйнөнү,
Ката албайсың орого.

* * *

Төбөмдөгү айым, күнүм – атам, энем,
Барарда санаам сандап… булүнөмүн.
Көздөн учкан үйүңө бир түнөп кетсем
Мекеге барып келген өңдүү сүйүнөмүн.

* * *

Туш келбейт тарткан төлгөң,
Жамандан жаа бою кач.
Баланы төрөгөндөн
Көп кыйын тарбиялаш.

* * *

Арак чил боор, тамчысына тамчыны улайт,
Бирди жутсаң экинчисин ичиң сурайт.
Эрди коркок, узду чоркок кыла берет
Бу кургурга бир чыдаса шише чыдайт.

* * *

Арабадан ат жадайт,
Аттан жадайт араба.
Бирок, бирок эки жаш
Бир бириңден жадаба.

* * *

Бүгүн айтсаң: «Куш бооңор бек болсун!»
Эртесинде бешик боону айттырган.
Эл ичинде арбыды эстүү келиндер
Келер менен төрөгөндү жактырган.



* * *

Иши үчүн болсо намыстын
Атырып октон жалтанба.
Бел болуп Манас атаңын
Арбагы турат аркаңда.

* * *

Жалынды жалын күйгүзөт,
Жүрөктү жүрөк сүйгүзөт.
Кишинин кандай экенин,
Көздөрү гана билгизет.

* * *

Жаап жаткан жамгыр окшош сууларга,
Бир бирине жылдыз окшош асманда.
Очокто от Күнгө окшош, андыктан
Чыгармага окшой берет чыгарма.

* * *

Комузда үч кыл ар түрдүү,
А бирок кайрыйт бир күүнү.
Ошентип жаным жашайлы
Жашартып жалгыз сүйүүнү.

* * *

Көлдөн чыкса сүзө албаган кайыктай,
Көлдөн чыкса жашай албас балыктай.
Мен өзүңсүз элестетсем жашоомду
Көрөр күнүм какшып калган арыктай.

* * *

Үнүң сыйкыр сыяктуу
Окшоштурбайм эч үнгө.
Өчүргөндөй отту суу
Махабатым өчүрбө.

* * *

Дарак күйөт түз бойдон
Сыртты коюп,ичти ойлон…
Боюңа жан теңебей
Калып калба күз бойдон.

* * *

Калсын, калсын карегиңде оту ырдын,
Махабатка чөгөргөн.
Карегимсиз – бар болгону сокурмун,
Карегиңсиз – өлөм мен.

* * *

Жашынып алып ырларга,
Бересиң жанга ырахат.
Өзүңдү ойлоо жыргал да,
Ойлобой коюу бир азап.

* * *

Жытыңды эстеп алып эстен тандым,
Эркетай, кайдан бачым саат жылды?!
Айлам алты куруганда жатып алдым
Жуурkандай жамындым да сагынчымды.

* * *

Сагынганда саамайыңды, жытыңды,
Ырдай аруу, ыйык, таза ысмыңды.
Чуркап кетип калгым келет өзүңө
Чала-була жаза салып ушу ырды.

* * *

Өзүңдө жаштык жылдарым,
Жакшы ырын сайрайт куш таңда.
«Жаздың – деп кимге ырыңды»…
Жаркыным, мени кызганба.

* * *

Саналуу жүрөк тынчыбай,
Сагынып сансыз жыл чыдай.
Делбетап болуп делөөрүйт
Деңизге деңиз куйчудай.

* * *

Ачкалыкка көнгөн жетим күчүктөй,
Аргасыздан көндүм көнбөс сагынчка.
Жек көрүүнүн аязына үшүтпөй,
Сүйгөндүгүң келип жаным, анықта.



* * *

Көбүртүп көккө көбүгүн,
Дайра агат кылым аккандай.
Өтпөстөй менин өмүрүм
Эстесем сени ак маңдай.

* * *

Сууга жакшы кырдан ылдый агылганы,
А жамгырга төгүлбөстөн тамылганы.
Мага жакшы жаш жүрөгүм даба таппай
Бир өзүңдү өмүр бою сагынганы.

* * *

Кезге келдим кепке бар да, ишке жок,
Кой дебестен кое берсе койкоктоп.
Акыл айткым келе берет бирөөгө,
Бирок аны уга турган киши жок.

* * *

Кайкалап катуу саан болгон уйдай,
«Арашанга» жетип бардым «сүтүм» тынбай.
Берген март эмес, алган март. Ошол сүттүн
Өмүрүнө береке берсин Кудай.

* * *

Кудайым пенде кылсаң ырсак кылба,
Бирөөгө кол кезетип сынтактырба.
Өлүм ак бу дүйнөгө жаралган соң,
Алып кет жеткирген соң бир жакшы ырга.

# СЕГИЗ САПТАР

* * *

Каткырышып кээ бир кезде муңдашып
Бир жаңылган жерди кайра миң басып,
Миң бир эки кыйналсаң да, бурадар
Бу дүйнөгө жаралганың бир бакыт.
Ошол бакыт баш аманда, эсенде
Өмүрүңдү өткөрбөстөн бекерге,
Анын ар бир саат менен мүнөтүн
Арнап салуу ыйык Ата Мекенге.

* * *

Тийгизбей пайда эч кимге,
Титиреп жыйдың көп дүйнө.
Көп дүйнө калат бир күнү
Байлыкты бакыт деп билбе.
Бийлигиң окшош өткүнгө,
Бийликке ооз көптүрбө.
Дайынсыз калар бийликтин
Даамын таалай деп жүрбө.

* * *

Саналуу күндүн буйруган сааты,
Алтындан артык байкасаң баасы.
Бөк менен чигиң анчалык эмес
Туш болсун сага алчысы, таасы.
Кайгырган жанга карашың дары,
Кабылсын сага жакшылык жаңы.
Каниет дечи, өлбөгөн жанга
Кайгырсаң күйөр курбунун бары.

* * *

Сиңген өңдүү суу талаага
Сиңсе сага айткан сөз,
Окшомоксуң океанга
Чайпалбас да төгүлбөс.
Окугандан сенсиң жорго,
Сиңсе окуган ошол сөз,
Тоо болмоксуң бороондорго
Солк этпес да кебелбес.



* * *

Кумурсканын башаламан басканы,
Булуттардын удургушуп шашканы,
Биз билбеген, бирок билген өздөрү
Бир максатты беттеп бара жатканы.
Азыркы таш адам болуп жолугар
Асман-жердин алмашылчу жолу бар.
Башканы кой, желден учкан чаңдын да
Кудай берген ишенчи бар, ою бар.

* * *

– Бакыт деген эмине?
– Жашаганың дени сак.
– Жыргал деген эмине?
– Жар сүйгөнүң жалындап.
– Бакыт деген эмине?
– Балаң жакшы болгону.
– Жыргал деген эмине?
– Кызың жакшы болгону.

* * *

Жылгада өскөн жийденин
Жыттабай жытын кимде ким –
Жашаса ойлойм ошол жан
Жыргалын билбейт дүйнөнүн.
Көрбөгөн айдын толгонун
Укпаган булбул обонун,
Жашаса дагы кылымга
Кызыгын сезбейт жашоонун.

* * *

Колун кара, апаңдын колун кара,
Күргүчтөгөн күчүн берди жалгыз сага…
Күчтөн тайып колуңа күч бүтүрдү,
Ошол колду эми иштеткин сен апаңа.
Көзүн кара, апаңдын көзүн кара,
Өзүң эмес көз жиберип тагдырыңа
Көрбөй калды. Көздөрү көрсүн үчүн
Көздөрүңдүн кубатын бер эми апаңа…

* * *

Мен турмушка шунча капа болгондо
Карай калсам касиеттүү тоолорго,
Кайгым бачым каяккадыр жоголуп
Кан дүргүткөн ойлор келет ойлорго.
Кайгы мени как чокуга урганда
Тиктей берем тунуп аккан сууларга, –
Анан кайгым агып кетип суу менен
Айланышат аккуу канат ырларга.

* * *

«Түбүмдө менин кут бардан»…
Уругун бирөө мактайт көп.
Мактанчы анын курттардан
Учкандай көккө көпөлөк.
«Жакшыдан – мөөн, жамандан –
жаан» – деп айтат. Ук кандай…
Жалбырак жеген курттардан
Жаркырап жибек чыккандай.

* * *

Обону кыйкырган, кошкурган
Аны да аңкилдеп создурган,
Обончу аттуулар жайнады
Обондон обонду жок кылган.
Ырлары сыяктуу жин тийген,
Акылы ачууну келтирген.
Акынмын дегендер арбыды
Ырлары ырларды өлтүргөн.

* * *

Баары бирдей эрте, күн кечи,
Көрбөсө да күрс-күрс күрсүлдөп –
Үрүп туруу иттин милдети
Кантип айтам аны үрбө – деп?!
Эмне гана болбойт тагдырда,
Каткырышмай, кайра кейишмей
Кандай күнгө курбум, кабылба
Боло көрбө, бирок сен иттей.



* * *

Каратаман калкка жигин билдирбей,
Казынаны кайсап баарын бүлдүрдү эй…
Билгендерге бакыттан чоң зор эрдик,
Кор заманда жашап өтүш кишидей.
Кара курсак камын ойлоп жаланбай,
Кор заманда жашап келдим адамдай.
Саткан жокмун адамдык ар-намысты
Калсам дагы жээрге нан табалбай.

* * *

Туура айтасың менде кылдай акыл жок
Акыл болсо кошоматка колоктоп
Койду союп, кол куушуруп,
жагынып
Жүрбөйт белем мындан барктуу, мындан ток.
Ар ким жашайт ар кыл коюп максатты,
Кемпай болот кошоматтан жакшы аттуу.
А мен үчүн тараса да тамырым
Арды сатып ток жүргөндөн ач жакшы.

* * *

Бакырларга башкаргандар дем бербей,
Балдар, кыздар базарларда сенделди эй.
Ош базарга барып калсам кыйналам
Орто кылымга барып кайра келгендей.
Аккан суулар бир акпастан миң акты,
Суулар эмес сууларга окшоп муң акты.
Айыл барсам каным түтөп кайгырам
Калмак доорун кайра көргөн сыяктуу.

* * *

Жыргал кез ээ, жүз граммга жүрөк жибип
Көбүгү аткан көк кесеге жетип ылдам –
Биринчисин бир токтолбой тартып ийип
Экинчисин колго куштай кармап турган.
Чиркин турмуш чиркиндиги ушундабы?!
Опурулуп ошол тынбай жутуудагы
Ар бир ирмем, ар мүнөтү эсте калган
Кайран учур кайталанып турса дагы.

* * *

Уу кошуп берип койгондой
Уктайсың неге ойгонбой.
Укумдан ушу тукумуң
Уйкуга талгак болгонбу ой?!
Жасаган ишиң оң болбой,
Кош колуң кыйшык колжондой.
Жалкоолук сенин жүрөгүң
Жүгөндөп байлап койгонбу ой?!

* * *

Соолутчудай чыгарып ачуу үнүн,
Соймоңдоткон жыланча уулуу тилин,
Жаман аял алганча жаның кыйнап,
Эй, боз жигит боюң түзөп бойдок жүргүн.
Куттуу үйүңдө күн сайын ичип тойлой,
Кетеринде бир жамандык кеткен ойлой.
Ашың ичип кадырың уруп койбос,
Акмак жолдош күткөнүңчө күтпөй ак кой.

* * *

Калт-калт басам көчөсүнөн үмүттүн
Көзүн таңып зымда баскан дарчыдай,
Уусун үч маал ичсем дагы күйүттүн
Бу жашоонун маңызына жалчыбай,
Басып келем тикенекти жыңайлак
Тирүүлүккө таазим этип тирүүдөй,
Кайгы минип алса дагы жыл, айлар
Бу тирликтин эртеңинен түңүлбөй…

* * *

Оо, бурадар өмүрдө
Күнү калса жашооңун,
Анда сүйүү жөнүндө
Түшкө чейин күү уккун.
Бул дүйнөнүн жалганын,
Сен ошондо сезесиң.
Калбай ичте арманың,
Кетсең жыргап кетесиң.

* * *

Кызыкпаймын кымыз даамына,
Көзүм түшпөйт кыздын баарына.



Башка болот акын сүйөр кыз,
Кончу гүлгө конот аары да.
Кыпкызыл нан бышат тандырга,
Ушак айтып жорго салдырба…
Тийчү жерге тиет улуу Күн,
Жаачу жерге жаайт Жамгыр да.

* * *

Алоолоп күйүп бүт денем,
Арбалып тилсиз тиктегем.
Жайлоодо гүлдөй жалжал көз
Жаралган күндөн издегем.
Ашыктар өткөн из менен,
Жалынга түштүм күтпөгөн.
Өрүктөй болгон жаш кыял
Өмүрдө сени издегем.

* * *

Бир көргөндөн миң уккан,
Ойлогом жарам жеңилдейт.
Дүйнөдө сансыз кыздардан
Бирөө да сендей көрүнбөйт.
Жүрөктү жаным карагын,
Өзгөгө мынча эзилбейт.
Өзүңдөн башка аялдын
Бар, жогу мага сезилбейт.

* * *

Сага арнаймын колумдагы барымды,
«Садагага чап де» чабам жанымды.
Катарыңда турсам болду каткырып
Карегиңден туюп каалаганыңды.
Кан дүүлүгөт кармаганда колуңду,
Билдим сенден билелек көп сонунду.
Күлүп-жайнап жүрсөм болду жаныңда,
Күлгөнүңдөн билип ойлогонуңду.

* * *

Кылым мисал –
күндөр көрбөй калышкан,
Жүрөктү эзет эстемей да, берилмей…
Айдай, Күндөй бу дүйнөнү жарыткан
Кел жүрөлү түбөлүккө бөлүнбөй.

Бир басалы көңүлдөрдөн от чачып,
Сүйүү чачып, кубат берип, дем берип,
Ажеп эмес туулган жерге мөлт этип
Таамп кетсек өлбөс тамчы өңдөнүп…

* * *

Кеп дебейм кээде кепти ыйык…
Эликке окшоп этип селт –
Чечекейим чеч кылып
Чертмекти чертпей мени черт.
Кайрылып келбес жыргал ай…
Ырыстай болгон садага –
Ыргалып ырды ырдабай
Ыр болуп турган маа кара.

* * *

Ойлосом сени дердеңдейм,
Кар жаап ичте турса да.
Эмнени гана мен бербейм,
Жолугуш үчүн бир сага.
Аялсың жүрөк дегдеген,
Айттырбай баарын түшүнгөн…
Каяктан гана мен келбейм
Карегиң караш үчүн мен.

* * *

Өзүңө карек талыткам,
Күнүмсүң түнүм жарыткан.
Оорудан өлбөйм, мен өлсөм
Өлөмүн сен деп сагынчтан.
Көргөндө сени сүйүнөм…
Дүйнөдөн өтүп бири кем.
Тирилсем, мүмкүн, сен деген
Кусадан гана тирилем.

* * *

Карегиң келбейт жаңырып
Караба – дедиң сен Күндү,
Заматта көзүң карыгып
Каласың таппай үйүңдү.
Карадым Күнгө тең келген
Керемет, сыйкыр көзүңдү
Үйүмдү эмес азыр мен
Табалбай турам өзүмдү.



* * *

Аялдан бөлөк аксаамай
Айткандын ойлор жагы бар.
Акылга аны калчабай
Жүрөгүң менен кабыл ал.
Жалындап турган кезимди,
Ойлорго салба үшкүргөн…
Жайлоодо гүлдөй өзүңдү
Жалооруй карап бүттүм мен.

* * *

Өмүрүмө сенсиң белек
Өзүң үчүн өрттөй жанып,
Серпилип бир учкум келет
Сени ырыма ороп алып.
Сенсиң, сенсиң өзгөчө гүл
Өңчөй гүлдөр арасында, –
Сен дегенде көктө көңүл
Гөзол көркүн калат ырда…

* * *

Уйкумду умачтай ачырдың,
Буулуккан булуттай чачылдым.
Өзүмдү сүйгөндөй бирөөнү
Сүйгөнүң эмне үчүн жашырдың?
Сагынчты самандай сапырдым,
Тоо кулап кетчүдөй бакырдым.
Асманга мылтыктай атылдым…
Айт, жаным, эмне үчүн жашырдың?

* * *

Көзүңдөн киши көрдүм,
Көзүмдөн өлдү киши.
Өңгүрөп жөнөй бердим
Кимдерде кимдин иши?!
Күлкүңө жашырынган
Күйүттүн уктум үнүн.
Ылдыйга жашың улам
Кулады. Кош бол, сүйүүм!

* * *

Агарган тоонун алдында
Адыр, дөң жашыл, көл жашыл.
Байланып көңүл калды ырга

Байкелеп басып келбе азыр.
Антпеске менде ал кайда,
Кайрылбайт мүнөт кайрадан.
Сен эмес укпайм мындайда
Булбулдун үнүн сайраган.

* * *

Жолукпастай эч убакта эч качан
Айтылбаган сөзүң кетти айтылып,
Ошол сөзүң болду октой атылган
Жүрөгүмдөн турду дир-дир кан чыгып.
Мен өлсөм да сендик сүйүүм өлбөсүн
Ачууга улам алдырбастан байыс кыл.
Алып чыгып өзүң аткан окту өзүң
Өзүң ошол жүрөгүмдү айыктыр.

* * *

Шашылгандай колүнө албуут дайра,
Келбеймин деп өзүңө келем кайра.
Ойлобойм деп ойлоймун мүнөт сайын
Унутууга дарыны тапчы мага...
Барбаймын деп өзүңө бара жатам,
Сүйлөшпөйм деп өзүңө ырлар жазам.
Сары оорудай саргайдым...
келчи мага
Сапырылып кетпейин сагынычтан.

* * *

Кумурскалар бара жаткан жем ташып
Учурашат бир бирине жытташып, –
Ай, курбум ай, кумурскача жоксуңбу
Кадыр кана жүргөн ай, жыл бир басып?
Андай кезде байкамаксан болбостон
Ал-жай сурап амандашып жүргөн оң, –
Акыр бир күн – ушул жарык дүйнөдөн
«Кош» айтышып кетер анык болгон соң...

* * *

Дөңдөн түшүп келаткан
Демек кайда: «Жүр дөңгө»...
Баары өлчөлүү жаралган
Күн кеч ойноп күлгөнгө.
Сен да ушундай абалга
Туш болосуң аз аздан,
Акыл менен алаңда
Дөңгө чыгып бараткан.



# ТЕРМЕЛЕР

*Балама келген балаага,*
*Бар байлыгым садага.*
*Калкыма келген балаага,*
*Кара жаным садага.*
(Ырдан)

Тарых деген электен
Аты калып өзү жок
Далай-далай эл өткөн.
Түктөй кылым түгөтүп
Кыргызым, туптүүлөр менен тең өскөн.
Алдуу элге ар качан
Атагы менен теңешкен.
Жоргосун жолго салдырган
Жомокко суусун кандырган.
Кызылын чештеп кырдаган
Кылымда сөздөн сынбаган.
Желегин желге ыргаган
Жетиктерди сындаган.
Сан жетпеген жылдызды
Санаты менен санаган,
Ай менен Күндүн ар жагын
Акылы менен караган.
Жаралгандан жарыкка
Аты калган тарыхта.
Жамандык ишке жолобос
Жакшынын жолун торобос,
Ак ниет менен дайыма,
Короолош да оролош.
Сууга жолдош, тоого дос
Дүйнөдө сендей эл болбос.
Шамалга тууган, жерге дос
Жалганда сендей эл болбос
Деп жүргөн демим басылды.
«Демократия» келгени
Демейки байлык чачылды
Рынок деген эл-журтка
Кутурган иттей асылды.
Тоодой болгон токчулук
Тогуз жылда жашынды.
Толкуган элди томсортуп

Ток курсакты ачырды.
Жылмайып келген Эркиндик
Жыргатпай элди куураттты.
Жегендин иши жеген деп
Жегенден бөлүш деген деп,
Жетекчилер дуулашты.
Байдын жолун шар кылды,
Байкуштун жолун тар кылды.
Эл эртеңин ойлогон
Эстүүнү эстен тандырды.
Байга жоктон бар кылды,
Байкушту нанга зар кылды.
Калк дегенди каматып
Өз табасын кандырды.
Журт бийлеген шаттанды,
Жумурай журт ач калды.
Калк бийлеген шаттанды,
Калдайган калк ач калды.
Эл бийлеген шаттанды
Эңгиреп эл ач калды.
Калкты баккан кечээги
Колхоз-совхоз жоголду.
Менчик деген шылтоодо
Элдин мүлкү тонолду.
Айдалбай батман жер калды
Коомдун малы таралды.
Жоболоңдуу шаңданды
Жоош-жолпу сандалды.
Тумагын кийип бутуна
Өтүгүн кийип башына
Башаламандык даң салды.
Карганы кара шумкар деп
Качырды кара тулпар деп
Калк башына капканды
Сындыргандар тандалды.
Түйүшүктө элим ыйлады,
Дүкөнчүлөр жыргады.
Зөөкүрлүктү койгун деп
Жогортон бирөө тыйбады.
Байкуш элим ыйлады
Башкаргандар жыргады.
Казына жеген түрмөгө
Камалган жок бир дагы.



Эл жегендер жыргады
Эл дегендер ыйлады.
Эгемен деген ат менен
Элди чоңдор кыйнады.
Жетесиз урган максатын
Жеп ичкенге арнады.
Жети атабыз жекжаат деп
Желтамандар желпилдеп
Жел тийгизбей жанданды.
Жемсоосу жок тууганы
Жегенден эч талбады.
Жетимиш жылда жыйганды
Жети жылга жеткизбей
Желмогуздай жалмады.
Жергелүү журттун ордосун
Жети жылда паңдады.
Кайран кыргыз өзүңдү
Шайлаганда жаңылган.
Кут келет деп кубанып
Кутулбас шорго кабылган.
Реформа аркылуу
Ар үйгө түштү чагылган.
Суу кулагын бургандай
Бурулду бакыт агылган.
Кайсы жакты караба
Бардык жак болду будуң чаң.
Калыстык деген өзгөрүп
Карышкыр болду кутурган.
Калк башкарды кадрлар
Беш өрдөгүн учурган.
Желмогуз болду аларың
Жеген сайын жутунган.
Өз кишиден таралган
Өзүң түзгөн командаң
Кайын журтуң, таякең
Бөлөң, жээниң, кайнагаң,
Малаңдап баары мардемсип
Майлуу жерди кармаган.
Башчыларды башы эмес
Чөнтөгү менен тандаган.
Жетекчи сөрөй ошолор
Жетим, жесир, карыпка
Жез тыйынын бербеди.

Кредит келсе килеңдеп
Жеткен жерден сермеди.
Өзүңдөй сөздө элим деп
Иш жүзүндө мен деди.
Пара берген себептүү
Дарексиз болду даректүү
Керексиз болду керектүү
Жалакташты жанында
Жагымпоздор эң эптүү.
Бийлигиңден билинбей
Билимдүүлөр четтелди,
Кадыры бийик калкыңа
Калдаңдактар сес берди.
Ылжаңдаган акимдер
Ыйманын сатып өзгөрдү.
Тогуз жылда топурап
Тоону дагы жеп берди.
Убалдан коркпой тартынбай
Элге эчтеке калтырбай
Алтынды алды алтындай.
Салыгына бир берип
Милицияга миң берип,
Өзүнө ныпым калтырбай
Эл ач калды иштеген
Эртеден кечке жан тынбай.

Жаралыпсың кыргыздын
Багына эмес шоруна.
Иштериңдин бири да
Жүргөнү жок оңуна.
Камап салдың калкыңды
Карыздын чыкпас торуна.
Эки миллиарддан анча көп
Кредитти ар кимдин
Берген болсоң колуна,
Эчак эле эл түшмөк
Оңолуунун жолуна.
Чын сөзүңдөн калпың көп
Чыдагын бир аз калкым деп,
Шымаландың бир кезде
Швецария курам деп,



Жапанга барып каткырдың
Жасаган ишин жактырдың.
Киребиз буга бүгүн деп
Түрктөрдө жүрдүң күлүңдөп.
Дүйнөлүк банк апкелген
Жарыгы жок туюкта,
Жогжоңдоп барып токтодуң
Жол табалбай кыргызча.
Карыз алсаң сүйүндүң,
Командаң аны жеп койсо
Арбагына Манастын
Коюп калптан күйүндүң.
Элдин болчу эртеңге
Үмүтү күйүп кулады.
Өмүрлөрүн жарыткан
Өчкөндөй болду чырагы.
Кирген, чыккан кишиден
Кичилеп нан сурады.
Кайран элим чок басып
Чыдабаска чыдады.
Кудайды да уктатпас
Кутман элдин убалы.
Казакмын дейсиң казак да
Кыргызга шунча кылабы?!

Командаң баары чогулуп
Бир жакка көчүп кетчүдөй,
Көр дүйнө менен көксөгөн
Максатына жетчүдөй,
Чыркыраган элине
Чыпалагы күйүшпөй,
Тоюп түшүп жатышат
Канга тойгон сүлүктөй.
Элдин мүлкүн жегендер
Соттолуп кетет дечү эле,
Тийгизбей зыян коомго
Жок болуп кетет дечү эле.
Жок болбой алар көбөйдү
Жол тиктеп элим элейди.
Пара жемей кеңейди.
Башчылар элге керейди.
Үйү күйүп теңдиктин

Үмүттөр муздай селейди.
Кайрымы жок элге бир,
Командаң менен жерге кир.
Пайдасы жок элге бир
Партияң менен жерге кир.
Чыңгыз хандан кем эмес
Чыгарып алдың бийликти.
Бирок ошол бийлигиң
Иш апкелбей элге ийги
Ырыскысын калкыңдын
Ырсаңдактар жеп, ичти.
Пенсия менен айлыгын
Алты айдан бери алалбай,
Кара нан сатып жегенге
Карызга тыйын табалбай.
Кайран калкым каржалды
Кара суу ичип карандай.
Чоңдору ток эли ачка
Күн апкелдиң бир башка.
Жергелүү эл жер тытып
Жетпей калды жармага.
Иштейин десе иши жок
Ичейин десе ашы жок.
Ит көрбөгөн күн көрүп
Ооруп жатат эл онтоп.
Эч нерсени сатпаган
Эл сатты коюн, уй, атын.
Анан жылга жеткирбей
Абийирин, арын, уятын.
Батпай кетти көчөгө
Бака баштууургандар,
Эмчегинде энеңдин
Акча бар десе ойлонбой
Кесип кете тургандар.
Ырахаты дүйнөнүн
Алтында деп сезчүлөр.
Атаңдын көзү алтындан
Десе чукуп кетчүлөр.
Коога менен таң атып
Санаа менен кеч кирди.
Карегинен кан атып



Кайран калкым эчкирди.
Кыйын эл элек кыйылдык,
Кыян сел элек тыйылдык.
Кылымда каргыш жетсин деп
Кыйналып ыйлап чыңырдык.
Кырчын тал элек жыгылдык,
Кыяматка тыгылдык.
Кут даарыган эл элек
Кунубуз болду тыйындык.
Чогулган дүйнө кашыктап
Чакалап азыр чачылды.
Кен байлык эмес, үй эмес
Кызматтын орду сатылды.
Ченеми жок дүнүйө
Чет өлкөгө ташылды.
Жооштун жону жукарып
Момундун ичи ачынды.
Чайкоочулук ашынды
Кадемин калктын катырды.
Жер менен кошо балдардын
Келечеги сатылды.
Сатылбаган ким калды?
Жетпеген үчүн колдору
Асмандагы күн калды.
Көздөрүнө көрүнбөй
Түндө чыккан үн калды.
Көрмөк беле үшүнтүп
Көсөм журтум кууралды?!

Бий тукуму хан болсо
Элин жыйнайт дечү эле.
Кара таман хан болсо
Эгин жыйнайт дечү эле.
Кайраттуу адам хан болсо
Калкын жыйнайт дечү эле.
Арамза жан хан болсо
Алтын жыйнайт дечү эле.
Падышанын жакшысы
Жашоонун болуп ачкычы,
Жыгылганды тургузуп
Кыйшайсаң түзөйт дечү эле.
Ыйлаганды сооротуп
Жыртылсаң бүтөйт дечү эле.
Карыптын көз жашына

Кайгырып түтөйт дечү эле.
Командаң антпей аларга
Максаты болуп жеш эле.
Кайырчыларга теңеди
Каадалуу калкты тез эле.

Карыздын арбып азабы,
Карыздын күчөп чатагы.
Түмөн журт ага тушалып
Түрүлүп Кытай качабы?
Жан эзди жашоо бүркөгү,
Хан элин жарга түртөбү?
Карыздан качып кайран эл
Кайрадан Кытай үркөбү?
Реформаң кыргыздын
Кыйындарын кыруубу?
Максатына мык кагып
Мыкчыйып карап туруубу?
Акыры тукулжуратып
Тукум курут кылуубу?..

## НАСЫЯТ-ТЕРМЕ

### I

Билбегенге бир терме,
Билгендерге миң терме.
Ыраттуу учкан аккуудай
Ырларым келгин ийкемге.
Түшүнбөскө бир терме,
Түшүнгөнгө миң терме.
Казып алган алтындай
Казалым келгин ийкемге.
Мезгил деген мерез күү
Ач шамалдай арылдайт.
Азыркы анан табылбайт
Бүгүнкү эртең жаңырбайт.
Эзелкинин ырларын
Эртеңкилер жаңы ырдайт,
Суудай тунук сулууга
Суктанып жаның жалындайт.
Жүрөктө сүйүү болбосо



Кыз жигитти сагынбайт.
Жакшыга жакшы кабылбайт.
Бийликтен бийлик болмоюн
Бирөөгө бирөө жагынбайт.
Жоо келбей баатыр чамынбайт,
Капканга калтар чалынбайт.
Тер албай күлүк чабылбайт,
Тил ырдабайт жан ырдайт
Колдо жок болбой жалынбайт.
Чалкыган журтуң душманга
Чачырабай багынбайт.

Кишенди салсаң кулангa,
Калганың ошол убалга...
Байымдуу ойлон башатты
Башка жакка бурарда.
Түшөрүңдү ойлогун
Там башына чыгарда.
Эл башына күн түшсө
Эр жигит табат бир арга.
Мергенден болот шыралга,
Мээнеттен болот чыгарма.
Тамырынан тартсаң да
Тал-терек жетпейт чынарга.

Айкырып эшек ат болбойт,
Чырылдап чымчык куш болбойт.
Өсөр бала журтту ойлойт,
Эсер бала кызды ойлойт.
Падыша болбой так болбойт,
Ак бата болбой бак болбойт.
Салпылдак жору тарпты ойлойт,
Сабаттуу киши катты ойлойт.
Салабаттуу салтты ойлойт,
Санжыралуу наркты ойлойт.
Суулары болбой көл болбойт,
Сулуусу болбой эл болбойт.
Чобур аттар жемди ойлойт.
Чортамандар теңди ойлойт.
Түбү жаман баш болбойт,
Түбү жаман баш болсо
Түмөн журтка бак конбойт,

Түйшүгү элдин аз болбойт.
Эне кызы күң болбойт
Ата уулу кул болбойт.
Боёкчу болбой сыр болбойт,
Боздогон болбой ыр болбойт.
Бабырган болбой түн болбойт,
Бакырган болбой чыр болбойт.
Өлгөн болбой чым болбойт,
Өтүрүк болбой чын болбойт.

Акындын көркү казалда,
Арген үн көркү азанда.
Борумун таап келтирсе
Боз үйдүн көркү жасалга.
Кемеге көркү казанда,
Кең дүйнө көркү татаалда.
Күндүн көркү батарда,
Мылтыктын көркү атарда,
Карынын көркү сакалда,
Каранын көркү чапанда,
Жолоочу көркү сапарда,
Куунун көркү дайрада,
Куулуктун көркү айлада.
Базардын көркү жаймада,
Сооданын көркү пайдада,
Туш кийиз көркү саймада,
Өтүп кеткен иш үчүн
Өкүнүп тишиң кайраба.

Жаралган соң жарыкка,
Жардамдаш болгун карыпка.
Бечарага бererде
Пейилиңди тарытпа.
Жаамы журтка жасарың
Жаш күнүңдөн аныкта.
Изги иштин түшүп артынан
Изиңди калтыр тарыхка.
Эсиң болсо жолобо
Энеси акмак чалышка.
Адепсиз жүрүп жаш балдар
Ата-энеңди карытпа.
Кайраттын көркү сайышта,
Камчынын көркү кайышта.



Күлүктүн көркү жарышта.
Суунун көркү агышта.
Дайранын көркү балыкта.
Данектин көркү чагышта
Дарынын көркү табыпта.

Буудайдын көркү оргондо,
Буудайык көркү конгондо.
Ак бейит көркү коргондо
Ай-жылдыз көркү толгондо.
Акылы зирек жаш жигит
Ал жетпес ишке зордонбо.
Кырааттын көркү молдодо
Кызыктын көркү жоргодо.
Элди бузар иш болсо
Энеңдин жолун жолдобо.
Айылыңа жакпаса
Атаңдын ишин колдобо.
Алы күчүм жетет деп
Алсызды барып кордобо.
Эстүүгө эстүү кишинин
Эки ооз сөзү жол-жобо.

Адыр, адыр, адыр тоо
Адыр тоодон алкынбай
Алда-жалда ашканың,
Үкүнүн балапанындай
Атпай журттун тапканын
Кайрыбай апылдатканың,
Качандан жыйган калкыңдын
Казынасын чачканың.
Белес, белес, белес тоо
Белес тоодон белсенбей
Бежиреп басып өткөнүң,
Берекелүү элиңдин
Бек чабышпай кетменин,
Бергениң тойбой жешкениң
Белгилеп айтар эртеңге
Белек бербей кеткениң.

Жолдо жаткан тыйынды
Таап алсаң сүйүнбө.

Алгандын колу сынсын деп
Айткандыр ээси үйүндө.
Эрин чанган аялды
Алганыңа кубанба.
Арзуу болбойт айтарлык
Алганын чанган жубанда.
Туйгунду тууп beралбайт
Тукумуңду уларга.

Атаңды десең атаңды,
Унутканың батаңды.
Өз баласын унуткан
Элине кайдан баталды?!
Ийнени капка катарбы
Жаман иш жерге жатарбы?!
Энеңди десең иниңди,
Өрттөгөнүң үйүңдү,
Күйгүзгөнүң жүлүңдү.
Жоготконуң сүрүңдү.
Күбүлткөнүң бүрүңдү.
Батырганың күнүңдү.
Көөнөнү көргөн көөнө журт
Көргүсү келбейт түрүңдү.
Энеңди десең жарыңды
Качырганың багыңды.
Укумдан укум тукумга
Ураткандың тамыңды.
Өчүргөнүң жалыңды,
Жоготконуң барыңды.
Келечекте керемет
Көрбөгөнүң камыңды.

Ыр жазган аз, сынчы көп,
Ырсалактап турчу көп.
Кара жанды кашайтып
Калпы менен урчу көп.
Аксагы менен коюң миң
Эмне дейсиң өпкөлөп.
Аман болсо жаш башың
Алдыдан кызык көп көрөт.
Жамандын мээси бөксөрөөк,
Жаманга акыл кеч келет.
Өмүрүнүн жарымын



Өкүнүч менен өткөрөт.
Өкүрөңдөйт чоңойсо
Өтүнсөң болбойт көппө деп.
Ар заманга жараша
Адамзат өзгөрөт,
Өзгөргөнүн көз көрөт.
Элим деген жигиттер
Элсизде жүрүп өкчөлөт.
Түлкү качса бөксөлөп
Куш закымдайт өкчөлөп.
Жакшы иштерден адамзат
Жаман ишке тез көнөт.
Өлчөөсүздөй өмүрүң
Өлүм менен чектелет.
Соол кылган ишиңер
Соолуп дайра калса да
Соңунда бир күн эстелет.

Буулугуп учкан булуттан
Буюгуп түшөт чагылган.
Кыйырың жарк дей түшкөндөй
Кылымда пенде жаңырган.
Тар дүйнөдө аз болот
Талантка талант табылган.
Куттуу, кутсуз болгонуң
Кудай берген багыңдан.
Ыр чекени жылытпайт
Чыкпаса кайнап каныңдан.
Албасаң бата карыңдан
Акпайт сууң сайыңдан.
Күлүктө сын бир башка
Күндүк жерге чабылган.
Очорулуп туралбайт
Оозунан чалынган.
Эр жигитке эл иши
Мык жүрөккө кагылган.

Жаман аял курусун,
Жакшынын чачып ырысын
Алтысын кайра бир кылат,
Ак жакасын кир кылат,
Көпчүлүктүн көзүнчө
Эр көңүлүн сындырат.

Улуулардан уялбай
Уу ушагын жылдырат.
Андай аял жанында,
Күн батпайт да, таң атпайт
Кандай сөздү айтпагын
Кабак түйүп жаратпайт.

Анын караганы каардай,
Каткырганы заардай.
Такылдаса таңдайы,
Ачка калган таандай.
Тиктегени ургандай
Тирмейгени тим эле,
Жанды жинди кылгандай.

Төркүнүн күндө конoктойт,
Күйөөсүн эрдей тоготпойт.
Кайын журттан карга эмес,
Чымчыкты да жолотпойт.
Какшыкташы сокконддой
Тамашасы тепкендей.
Коюу тартып турганы,
Колтукка суу сепкендей.
Кыйкырса жаның кыйналат,
Кыян уруп кеткендей.
Бакырса башың айланат
Байды кедей эзгендей.

Керемет жашоо күнүндө
Келесоо болсо алганың
Кем акыл чыгат балдарың,
Кесе тиштеп бармагың
Кейиште жаның калганың.
Алаамат жашоо айында
Акмак болсо алганың
Аз акыл болот балдарың,
Аз акыл болсо балдарың,
Айра тиштеп бармагың
Арманга күйүп калганың…

Жакшы аялдын күлгөнү
Караңгыда жарыктай.
Көңүлүңдү шай кылат



Көк деңизде кайыктай.
Айтса акылы тереңдейт
Адам Ата тарыхтай.
Ай өткөн сайын алпештейт
Арзыганын карытпай.
Ургаачынын жакшысы
Эр жигиттин бактысы.
Төрөп берсе баласы,
Төгөрөктү билгендей.
Түгү тирүү, көздөрү
Түндөсү от күйгөндөй.
Жаамы журттун арбагы
Жаалап коштоп жүргөндөй.
Кайсы жерде болбосун
Калкыма дейт ийменбей.
Уруу дебей улут дейт,
Улутуна күйбөгөн
Ургандарды курут дейт.
Өпкө кагып теминбейт
Өзүм эмес элим дейт.
Элине каршы иштерге,
Эч убакта берилбейт.
Ушулар улут намысы
Келечектин дарысы.
Эл эч качан оңолбойт
Эл дебесе жаңысы.
Бапестелген уядан
Балапан башын чыгарат
Баралына келгенде
Балам дебе балаңды
Кылбаса кызмат эл жерге.
Эл ичпеген башаттын
Барынан да жогу ийги.
Элге эмгек этпеген
Ини дебе иниңди.
Уулдарым, кыздарым,
Кыйын ишти чечерде
Кыргызды уят кылбагын.
Кымтыланып жер карап,
Дайраны кечсең шартылдат,
Байлансаң кылыч жаркылдат,
Мылтык атсаң тарсылдат,

Ырдасаң үнүң шаңкылдат
Сүйлөсөң жанды балкылдат.
Аталашсаң атаң тең,
Баталашсаң батаң тең,
Башыңды ылдый кылгыдай
Сен байпастап тургудай
Касиеттүү бул кыргыз
Кайсы улуттан кем экен?!
Күйбөсө тууган апага,
Күрс-күрс этсе атага
Уулдуу болуп не пайда?!
Кылбаса кызмат элине
Кылчайбаса жерине
Кыздуу болуп не пайда?!
Жоо келсе атып чыкпаса
Жорудай тоюп уктаса
Баатырдыктан не пайда?!
Чындыкты бетке айтпаса
Чымын жанын сактаса
Акындыктан не пайда?!
Кылганды кылбай күн кечке
Айтканды кыл деп үйрөтсө
Кожолуктан не пайда?!
Калптан кошуп сүйлөсө
Калкына жаны күйбөсө
Ажоолуктан не пайда?!
Ушул жарык дүйнөдө
Жардамы тийбей эч кимге
Жаралгандан не пайда?!
Ичинен таруу айланбай
Жакшыны дайым жамандай
Карагандан не пайда?!

Кудайы болот куюндун,
Чырайы болот кулундун.
Зыйнаты болот сыйыңдын,
Урматы болот жыйындын.
Пайдасы болот тыйындын,
Айласы болот кылымдын.
Атажурт деп эр жигит
Ай-ааламга угулгун,
Атажурт деп жулунгун,
Атажуртка сыйынгын.



# КҮКҮК

*поэма*

*Малым – жанымдын садагасы,*
*Жаным – арымдын садагасы.*
*Макал.*

Алачыгы жалбыр-жулбур жамаачылуу
жашап жаткан элге тоонун көбөөлүндө, –
түн уясын чагылгандай бузуп уу-чуу
өрт каптатып жибергендей болду мүлдө.

Ач кыйкырык ай-асманды жара тилип,
от чартылдайт ташты жанчып ат туягы.
Кылыч жарк-журк, найза күрс-күрс, көбөөл күйүп
жапырган жоо жамгырлатып тартты жааны…

…Кылдай чөпкө кыңырыктай көк муз тоңуп
кыш кычырап кыбаң-кыбаң кар жаап жаткан.
Кан кайната бир үшкүрүп, кароолонуп
кан сасыган капсалаңды карады Асман.

Жашаш үчүн көп азды жеп эзген, жанчкан
тааныш мыйзам ташыркабай алмустактан –
теске көнбөс тебелешкен теке тиреш
тең болом деп күнү чыкпай, айы баткан.

Жайлуу конуш, тынч мекенде жөн жатпаган,
бөрү талаш, ит караштан насип тапкан.
Адатыңдан жадагандай көрүнбөйсүң
эй, адамзат, жолуң кайсы бара жаткан?!

Бир бирине жебе кезеп, кылыч чапкан,
жумшактан күл, катуусунан тулга калган.
Өмүргө эмес, не өлүмгө жан тартасың
эй, жашоо күн, эмнең чын да, эмнең жалган?!

«…Ал эле ал!», «Жул эле жул!», «Өлтүр, куу жет…»
«Айхай» үндөр Алатоону титиретип,
уйлар мөөрөп, койлор маарап, ат кишенеп
иттер улуйт шиш тумшугун көккө тигип.

«Жоо келдилеп!..» каар чачып калч-калч эткен
кылыч шилтейт кызыл уук керегеден.
Кылчайнашта кыйылган баш: «Канга кан» – деп
кыйкырыгын басаңдатпай тегеренген.

Бешиктерин өңөрүшүп байбичелер
чаап барат кара аскага бекиткени:
«Эл-жериңдин намысы үчүн жаныңды бер,
бералбасаң кийбе экинчи тебетейди!..»

«Бала эмес эрим аман болсун мага,
эрим болсо ал баланын төрөйм онун»...
Колу ийинде, сынган буту канжыгада,
кармап кайра атканга атат жаанын огун.

Ал ансайын балдар үнү түндү чиет,
жикийген чал колу-буту куу арчадай
ындыны өчүп ыйлайын деп ыйлай албай,
дирт-дирт этип дамбалы ылдый сийип иет.

Эркек-эркек, а катындар калайманда
кээси дырдай, кээ көйнөгү алба-далба.
Найза сунуп, кылыч шилтеп, айкырганда
канжар кармап келүүчүдөй өлгөн кайра...

«Ар-намысты алдырганча кара башым,
жексен болуп жер астында чирип жатсын!..»
Теңиринде теңдеши жок ушул кармаш
тебишкендей шумкар менен көктө ылаачын.

Эр айыгыш – жер титиреп, ай калчылдап,
эски өчү бар эки арстан алышкандай...
Ач кыйкырык улам аздап жаңырыктап
анан айыл дымый түштү дем чыгарбай.

Дүңгүрөгөн ат алыстап... жанын тиштеп
жаткандардан кан шуушундөйт, найза батып
тил оозу жок алайган көз Айды тиктеп
тили бары: «Суу, суу...» – дешет жанталашып...

Кан каңырсыйт караңгынын үйшүн алып,
канабайран каптагандай дүйнө жүзүн.



Мемиретип күндөгүдөй күүгө салып
кыйсыпыры түшкөн журтту терметет түн.

... Күн кареги каканактап канагандай
кара жерди күндөгүдөй карай албай,
кайсалактап ала качат чечекейин
кыйсыпырга күнөө кылып койгон жандай.

Чылк туманда чычаласы кызыл кандай,
чыгышында жан чыдагыс муң, зар бардай,
кенен уктап, кенен баскан кербез элди
кең конуштан кезере издеп келет таппай.

Көзү алактап, анан уюп токтой калат
токтой калса кар жаап салган өлүк жатат.
Кок куш болгон журт башчысы кызыл дүмбөк
алсыз эрдин үнсүз ачып кыбыратат.

Баары кайыл башка салган тагдырына,
мүрзө эсепсиз ар бири кан кызыл-ала.
Шиште отурган жан серек жан колун сермейт,
жаны бардай онтоп жатат жапжаш бала.

Чакырттырбай чарк айланып кузгун заардан,
сын сөөк жору сулк денени чокуп салган.
Түн кыргынын муңга айлантып ызгаар согот
муун-жүүн, сай сөөгүңдү зыркыраткан.

Жарандарга жакшы ойлорду ойлоттурбай,
кокту ичинде бир коркунуч жойлойт тынбай.
Тизе бүкпөй тике туруп ээк каккан
эл селейет ар кай жерде сай ташындай.

Сай ташындай жаткандарды санай албай,
Күн кирпигин кыбыңдатып ыйлагандай,
бака баскан кулаалыдай тоону өбөктөп
ичиркенте аяз чачып турду жылбай...

... Кадимки Күн – каш, кирпиктен кабары жок
карачыгын ачып-ачпай жылып аста,
жокчулукта күүдөн тайган жолборс окшоп
жондон ылдый көз жиберет айланага.

Өстөн толо өрөөлөнүп байланган ат,
каны качкан калк сөз козгойт казганактап:
«Такалуудан тай калтырбай алды дейби?»,
«Алтын аз деп… келин-кыздан алган жатат»…

Тоо суусундай кыш чилдеде кузгундаган,
толкундайт эл: «Бир өлүм деп нокто башта»…
Туюктан жол, туңгуюктан амал таппай
көздөрүнөн кан чачырап турган чакта,
мөөндүн туюк учу мисал тасырайган
бети тултук болгон менен өңү жылма,
муңкангансып мулуң этти муздак көз хан:
«Тушуктук биз жер караган ит тагдырга,
Ажал айдап, өлүм мына тизгиндеди,
айы оң тууп, калмак кайра бизди жеңди,
алды катуу, бирок арты жумшак болду,
кулчулуктан куткаралы элди-жерди…
Кескен бармак оорубайт дейт кеңешели.
Чүштөйсө да чүкөлөрдө болот сака,
элге дагы эне керек, керек ата,
эл дегенде эрте уктабай, ичкен ашын
жерге койгон хан деген бар. Жараткан да
так ушундай жаратыптыр. Калыс. Кара.
Башчы болбой эл байыбайт, жан жарыбайт,
жүгүргөндөр очок башы, от кашында,
көлдүн жээги, бадал ичи, кой артында
оюңду айт, акылың кош айтканыма…
Канатыбыз кайрылган соң, мүр сынган соң:
тирүүдөн – өлүү, жарадары – арбын соодон
кайрат кайда кайра дагы тирешүүгө
кошуун кыйрап, талкаланды алтын коргон,
алам десе алаканда, жесе оозунда
туруп турбуз… Алтын аз дейт, кыз берели,
ошо менен оопай-тоопай күн көрөлү...»
Жолбун иттин жоргосундай сүлкүлдөгөн
калкын алдап калп каткырган күлкү менен,
Жатка – жалтак, өз элине – өрттөй тийип
башың менен көр казгын деп зиркилдеген.
Каарын чачып, кан түтөтүп жоо келгенде
жанын тиштеп бир чыкпаган жекме жекке.
Колду өөп, бутту жалайт керек кезде,



жаны – арамза, каны – коркок, мүнөзү – эзме.
Эл деп коюп элин эзген кытмыр, кексе
куюп алган калк насибин кесесине,
калп – боорукер, калп – унутчаак, калп – берешен,
сыртында хан, сыйрып салса сайпана эле…

«Шордуу элдин шору кайнап, көзү жайнап
кайсы көргө тыгар экен тагдыр айдап?..
Эстен танган элди ойлоп эмне кылам
турган кезде колдо бийлик, башымда бак.
Жеңген элдин жасаары ошо, бергин десе
бериш керек малды айдап, кызды байлап.
Чыдабаска айласы таш. Бу калк – кайык,
өзүм – калак! Кудай ага берсин кайрат.
Тобо ошого, тоого каткан казына аман,
тоодак төштүү токол эсен, башы аман.
Бу дүйнөдө дүйнө барбы жоболоңдуу
жоо чапканда сапырылып чачылбаган?»

Оюу ушу эле. Селт дей түштү. Итейген чал
кол жаңсады. «Менде кеп бар. Оо, алдияр,
казына аман калды дешет, андан бир ар
берген оң го. Түшүнгөнгө бу дүйнөнүн
түбүн түптөп кармап турган түркүгү аял.
Дайра башы – булак болсо, журттун – учу,
улут уңгусу – ургаачы дейт. Өспөйт буудай
урук өнөр дың жок болсо. Ал андыктан
алтынды аяп кызды берген
улутуна

балта чапкан. Өз кабырын – өзү казган.
Карып-мискин кан жөткүрүп, эл зар какшап
тукулжурап турган кезде элди баштап,
көсөм гана көөнө эл күткөн үмүттү актап
кетээр эле
…Чарр дей түшүп чакчырылды
чака туяк, чагыр көздүү, бир чаар баш:
«Жаа тарткан – аз, акылдуу – көп, кебиң кебек
кур сөзүңдү куюштуруп кутурба таз!
Ит кутурса талга чычат. Жетеси жок
Хан атанын жети агасы хандыкта өткөн,
Кудай жалгап, дөөтү колдоп, дөөлөтү артып
касиети кан кууп барып буга көчкөн.
Кудайыңды таанымбайсың куучуйган кул
кыз-ажатка! Тарт кыздарды! Буйрук ушул!»

Шамдай жигит шарак-шурак тура калып
шамшаар сууруп, үн чыгарбай кайра салып,
ноолуланган эти тумсак, бети жумшак
кыз-келинди жетеледи маашырланып.
Устаранын илебиндей жалт-жулт этип
жалтылдаган курч карегин ачып-жабып
калмак башы – турду унчукпай алчыланып.

Турган кыздар тоону карап,элди карап
ыр ырдашты жолборс айбат, туйгун канат:

*БИРИНЧИ КЫЗДЫН ЫРЫ*

Чучуктай чыңырып,
Чабактай туйладык.
Кудайга үн угулуп,
«Кыргыз» – деп ыйладык.

Шамалдай ышкырып,
Бороондой учурдук.
Кудай не кыз кылып
Жаратты?! Тутулдук…

Бөкөндөй тебишип,
Бөрүдөй чайнаштык.
Калк деп жан эритип
Калк деп кан кайнаттык.

Эркек деп энеден,
Төрөлүп элге бир.
Кымындай күйбөгөн
Эр болбой жерге кир…

*ЭКИНЧИ КЫЗДЫН ЫРЫ*

Карарып күн чыкса, агарып ай батар,
Коңулга киргендер коёндой тим жатар.
Ай өтөр, жыл өтөр, сааты чыкканда
Жутаткан теңирим, журтумду жубатар.



Арбактар жар болуп бир баатыр туулар,
Эл деген эрдиги эченге угулар.
Кажыган көңүлгө кубаныч уялап
Кут келип эл-журтка, кунубуз куулар…

*ҮЧҮНЧҮ КЫЗДЫН ЫРЫ*

Ээ болуп жаткан төрүнө,
Кожоюн болгон жерине.
Тагдыры тайкы кыз болбой
Таш болуп калсам эмине?!

Убайга толду уучум,
Улуттун кыйып ырысын.
Ургаачысын узаткан
Улугуң иттей улусун.

Өзүң деп мүмкүн өлөрмүн…
Жээгин жырткан желеңдин,
Суу болуп калсам жамгырга
Айланып бир күн келермин.

Күйүткө күйүп, бук толуп,
Жүргөндө жүрөк муз болуп.
Ак булут көчкөн атпай журт
Айлыңа келем куш болуп.

*ТӨРТҮНЧҮ КЫЗДЫН ЫРЫ*

Кыз – күң кетсе, кызыл отуң кызыр калар,
Кыянаттык кылганы үчүн кыдыр чанар.
Торгой дагы балапанын жыландан коргойт
Кызын коргоп калар эркек каякта бар?!

Таш эмчегим, тоң көөдөнүм, таштай эрден
Тагдыр буйруп коргошундай эрийт дегем.
Эй, эшейип жер караган ылдый баштар
Айланып кет, эркек кийген тебетейден!

Эй, ылдый баш, көөдөнү көр, көтөр башты,
Кудай сага көтөрсүн деп берген башты.
Силерден мен сирке канат төрөгөнчө
Бу турмуштан туубай туна чөккөн жакшы.

Шакек эмес кишен салып кыз колуна
Турасыңар жана чыдап бу кордукка...
Бизге кылдай жакшылыкты жасабаган
Жакшылыкты жасай албайт Атажуртка!

*КЫЗ-КЕЛИНДЕР ЫРЫ*

Суу өйдө агып баралышпайт башатына,
Биз булутсуз көнгөн шамал кайда айдаса...
Келин-кыз күңгө кетет, келберсинген
Калктан касиет, кара жерден кут качканда.

Атса – жебе, чапса – кылыч, сунса – найза,
Тулпар минип, туулга кийген туйгун бала.
Не буйрубайт? Неге келбейт?! Тайкы маңдай
Тайыз акыл, таштан бүткөн бу тагдырга?!

Алдынан ат, үстүнөн тон, ооздон сөзүн,
Алдыргандар кантип адам сезет өзүн?..
Төрөлсө да сокур, мунжу жана дүлөй
Эл, жер сатчу ушулардай төрөлбөсүн.

Өчкөн урпак бир күн өнүп, өсүп чыгар,
Тозгон тукум салам айтып күлүп турар.
Буйруп койсо айла барбы, балтырдагы
Бит жөргөлөп башка чыгып буйрук кылар...

Баш батырып, балтыр сыяр жер табылар,
Өлбөгөн жан өскөн чөптөй баш кылтыйтар.
Төшү кыштоо, төрү жайлоо, жылаңайлак
Жылгадан гүл терген жерлер эсте турар...

* * *

... Алды – куюн, арты – бороон, сыркаар боздоп...
Чыйбыл кыздар апжип болуп азган, тозгон.



Мунар түнөп, булут көчкөн тууган жер жок,
Тууган эл жок – боор толгоп, жанын кошкон.

Булуттары уюйт окшоп коргошунга
Иттери да бөлөкчө үрүп, башкача улуйт.
Бу күндөрдүн сурары жок, жок буларда
Арка болор, калка болор, канат-куйрук.

Баштан токмок, тепки кетпей кабыргадан,
Шилби шыйрак шимеңдешет таң заардан...
Аккуу мээрим карыптарга кабылуучу
Качанкыга жол каратат? Келет кайдан?

Күү, күү эмес – күйүк күйүт, обон – өксүк,
кошок – даба, болду жанга суру качкан.
Чаң ызгытып кай тарапка баратасың
чабалай баш, чааралакей чакар заман?..

Ар-ар кимде. Аларды ар ким каалагандай
ишти иштетет. Иттей көрөт эшиктеги...
Күндөр үчүн табылбаган таалайындай
Уурданышып бир бирине кезиккени.

Тышта – кири, ичте – зили, баары бүтүп
Калган мисал кыргызча ырдап түн жаркытып,
Барып келген сыяктана сүйүнүшүп
Өңдөрүнө кызыл чуркайт эл-журтту айтып...

Эл-журтту айтып... көзүнөн – жаш,
көңүлдөн – муң,
жүрөктөн – зил, боорду эзип, жанды жанчып...
Көңүлүндө көркүн көрүп тоолорунун
Анан ыйлап түн жарымында келет кайтып...

«Төтөгөлүү боз үйүбүз төшкө тиккен
кетпей жүрөт күндүз – ойдон, түндө – түштөн»...
«Сындим жарым жандуу эле... Не болду экен?..»
«Кызыл уук кыйраган журт эсен бекен?...»
«Алам деген ат кара тил болгон кезде
мени күтүп жүрдү бекен эмдигиче?..»

«Жапкак бадал, жапалак арча турат эсте
очор-бачар болмокпуз биз шейит кетпесе...»
«Эй, күң кыздар, коздорүнон үмүт жанган
эң эңилип сурарың не Жараткандан?»
Чурр дей түштү. «Бир жолу эле тууган жерди,
көрүп алып өлсөк мейли, өлсөк мейли...»
«Бу дүйнөдө өлүм ак дейт, оңго жалган,
эң бир изги, тилек тиле Жараткандан...
Ушу бойдон калмак бизди жөн кой бербейт,
кушка айланып кетсек кантет таң азандан»...
«Кушка айланып кетсек кана, кетели бат...
тууган жерге тез апарсын учкул канат»...
«Сагынч, куса сары тумандай кетсин тарап
саясында тууган жердин тынбай сайрап,
турсак кана». «... Оо, Жараткан, айлант кушка,
ыраазымын тууган жерден жаным чыкса»...
Жүрөт күндөр тилек тилеп күн-түн тынбай:
«Оо, Жараткан, айлант кушка, айлант кушка,
туш бололу өчкөн отту жандыргандай,
өлгөн жанды тирилткендей тири укмушка».
«Бир тамшам суу, бир чачырам жарык өңдүү
кыска өмүрдөн дагы кыска, эң бир кыска
көз ирмем бер. Көздөн учкан тууган жерди
бир көрөлү...» «Айлант кушка, айлант кушка»...

«Айлант кушка, айлант кушка»... Кудайга үнү
угулгандай... Жүргөндөрүн көктөн тилеп
жерден берип салган өңдүү күң жүрөгү
жакшылыкты жанга айтышпай туюп жүрөт.

Аккуу канат аруу нуру Ай асмандан
үлбүрөткөн уудай ак үнсүз түндө,
көздөн куса, сагыныч таамп канатынан
күңдүн баары кушка айланып кетти мүлдө.

Түн түн болбой агарган ак таңга айланды,
түбөлүктүү күү кайрыган шаңга айланды.
Куш канаты нурду суудай чачыратып
бир заматта зуу-зуу учуп кетип калды...



...Келишти алар кереметтүү Мекенине,
учурашып жатамын деп ар-ар кимге,
болуп тынбай тил безешти күндүз-түндө.
Кубулжутту көңүлдөгү койгой зарын,
мөңгү болуп калыңданган муң, кайгысын,
жүрөктөгү жүлүндү эзип дилдиреткен
сагынычын, сары санаасын, кубанычын...
«Баскынчыдан бала бакпайм, эч убакта»...
Күкүк гана чыдай албай ызасына,
бойго бүткөн жумурткасын жашырынып
башка куштун сала коёт уясына...

*2000-жыл.*
*«Арашан» чыгармачылык үйү.*

## МАЗМУНУ

**«КҮНДӨГҮ ТАК»** **ырлар жыйнагынан** .......... 3

ТАРЫХЫЙ ЫРЛАР .......... 44
ЖҮРӨК КҮҮСҮ .......... 54
АРЗУУ ЫРЛАРЫ .......... 87
АК МАКТЫМ *(поэма)* .......... 114
ТӨРТ САПТАР .......... 128

**«АСМАНСЫЗ ЖЫЛДАР»** **ырлар жыйнагынан** .......... 137

ЭНЕ, ТУУГАН ЖЕР ЫР ТҮРМӨГҮ .......... 137
СОҢКӨЛ КАЙРЫКТАРЫ .......... 151
ЖАЛАЛАБАТ ЫР ТҮРМӨГҮ .......... 156
ДҮЙНӨ — ӨМҮР ЫР ТҮРМӨГҮ .......... 160
МИҢ КАЙРЫК ЫР ТҮРМӨГҮ .......... 169
ТАБИЯТ ЫРЛАРЫ .......... 183
АРНООЛОР .......... 193
ЖАШАРТКАН СЕНСИҢ, МАХАБАТ .......... 202
КАНДАГЫ КЫЙКЫРЫК .......... 228
ТӨРТ САПТАР .......... 257
СЕГИЗ САПТАР .......... 266
ТЕРМЕЛЕР .......... 275
КҮКҮК *(поэма)* .......... 291

**Адабий-көркөм басылма**

***Өмүрканов Анатай***

**ТАНДАЛМА**

**Экинчи том**

Редактору *Ж. Медералиев,* Сүрөт редактору *К. Коёналиев,*
Техникалык редактору *Ж. Сооронкулова*
Корректорлору *Ж. Мундузбаева, Ж. Теңирбергенова*
Компьютердик калыпка салган *Р. Мукамбетова*

Терүүгө 16.01.05. берилди. Басууга 20.02.05. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 84×108 $^{1}/_{32}$. «Ариал» ариби.
Жөнкөй ыкма менен басылды. 9,5 физ. басма табак, +0,125 вкл.
15,96 шарттуу басма табак + 0,21 вкл. Нускасы 1000.
Заказ № 1589. Келишим баада

«Бийиктик» басмасы

15Dc